# Чындык деп жанган өмүр

Уланбек Эгизбаев



**Уланбек Эгизбаев**

# ЧЫНДЫК ДЕП ЖАНГАН ӨМҮР

Бишкек – 2018

УДК 821.51.
ББК 84 Ки 7-4
Э 17

Эгизбаев У.
Э 17 Чындык деп жанган өмүр. - Б.: 2018. - 367 б.
ISBN 978-9967-9115-1-2

Э 4702300400-18 УДК 821.51
ISBN 978-9967-9115-1-2 ББК 84 Ки 7-4

Мукабаны жасалгалаган: Ларс Гутйу (Lars Gutiu)
Корректору: Жетиген Асанбек кызы

Egizbayev, Ulan. The Life Which Illuminated Truth. - Bishkek, 2018. - 437 pages, ill. - In Kyrgyz language. - RFE/RL Kyrgyz Service (Azattyk ünalgysy). - Soros Kyrgyzstan Foundation

| | |
|---|---|
| Редакциялык топ: | Венера Жуматаева, Бурулкан Сарыгулова, Заирбек Бактыбаев, Мирлан Токталиев, Улан Асаналиев, Каарманбек Кулуев |
| Текст редактору: | Жолдош Турдубаев |
| Компьютердик калыпка салган: | Марлис Эсенакунов |

Бул китеп Creative Commons Attribution 4.0 ачык лицензиясы менен чыгарылып жатат. Үчүнчү жактарга аны авторлордун ысымын милдеттүү түрдө шилтеме берүү менен эркин жайылтууга, туунду чыгармаларды (котормолорду) түзүүгө, анын ичинде коммерциялык максаттарда пайдаланууга да мүмкүндүк берилет.

Бул китеп “Сорос-Кыргызстан” фондунун колдоосу менен даярдалды, китептин мазмуну үчүн “Азаттык Медиа” мекемеси жооп берет жана китепте айтылгандарды “Сорос-Кыргызстан” фондунун пикири деп эсептебеш керек.

Азаттык Үналгысы

25 жыл·years·лет

soros.kg

## *Уланбектин кесиби тууралуу айткандары:*

*“Бир көйгөйлүү маселени ийне-жибине чейин иликтеп чыгыш үчүн тергөөчү, прокурор бербеген суроолорду берүүгө туура келет. Ошондуктан мен иликтөөчү журналисттердин кесибин прокурордун, тергөөчүнүн кесибине окшоштурам”.*

*“Коркутуп-үркүтүү буга чейин деле болуп келген, азыр деле болуп атат, мындан кийин да боло берет. Күчтүү, өзүнө ишенген адамдар эч кимди коркутпайт, бул алсыздардын иши. Бизди андай коркутуп-үркүтүү эч убакта токтото албайт. Колдон келишинче чындыкты таап чыгып, элдин көңүлүндөгү көйгөйлөрдү көтөрө беребиз”.*

*“Журналистика кесиби аркылуу элге кызмат кылып атабыз. “Төртүнчү бийлик” деп бекер айтылбаса керек. Ошол бийлигибизден пайдаланып, элге, мамлекетке пайдалуу кызмат кылып атабыз деп ишенебиз”.*

*“Журналист биринчи кезекте чынчыл, анан өткүр адам болушу керек”.*

# ЧЫНЧЫЛ ЖУРНАЛИСТИКАНЫН СИМВОЛУ

Колуңуздагы китепке журналисттик кесипти Кыргызстанда чыныгы коомдук, элдик кесипке айландыра алган Уланбек Эгизбаевдин эмгектерин топтодук. Анын жазгандарын, программаларын эл күтүп окучу, укчу, интернеттен издеп, таап көрчү. Баардык жасаган эмгектерин, жазган макалаларын, теле, радиоберүүлөрүн киргизсек көп томдук болуп калчудай. Бул жыйнак – Уландын жасаган жалпы журналисттик ишинин чакан гана үзүмү. Жаштарга, студенттерге, журналисттик кесипке кызыккандардын баарына пайдалуу китеп болуп калабы деп, “Сорос-Кыргызстан” фонду менен биргелешип даярдадык.

“Азаттык” радиосунда иштеген туптуура беш жыл ичинде Уланбек Эгизбаев Кыргызстандын булуң-бурчун түрө кыдырып, эң аярлуу, чукул жардамга, колдоого муктаж, же тегерегиндеги элден башкача жашаган, кандайдыр ички терең баалуулуктарды аздектеген каармандарды таап, аларды видеого тартып, радио, телеге алып чыгып, баарыбызды таң калтырып келди. Элдин баары сөз кылган, бирок эч ким даап казып чыкпаган коррупциялык иштердин бетин ачып, ондогон иликтөө программаларын даярдады. Кыргыз тилиндеги журналисттик иликтөөнүн деңгээлин көтөрдү. Жалпы эле Кыргызстандагы эр жүрөк, чынчыл журналистиканын символуна айланды.

Уланбек студент кезинде эле “Азаттык” радиосу жарыялаган онлайн сынакка катышып, “Келечек колубузда...” деген баардык сөздөрү жалаң “к” тамгасынан башталган узун блог жазган. Ошондо эле Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин студенти эне тилин кадырлап кастарлаган, көркөм адабиятты казып окуган, кыргыз тилинин чыныгы күйөрманы, патриоту экенин далилдей алган. Ал бала чагынан эле активдүү, мектеп, университеттеги коомдук иштерге үзбөй катышкан, саясатка кызыгып, адилеттүүлүк менен калыстыкка умтулган бала болгон экен.

“Азаттык” радиосундагы беш жыл ичинде ал жашоодо кыйналып, оор күндөргө кабылган адамдарга колдоо көргөзгөн укук коргоочулар менен эриш-аркак иштешип, Өндүрүш Токтонасыров, Азиза Абдирасулова жана башкалар менен бир туугандай мамиледе болду. Бул дагы анын активдүү жарандык позициясын айгинелейт. Фейсбукта “Кыпкыргызча” деген баракты түптөшүп, мекендештерин эне тилин бузбай, жерибей, мекенчил болууга үндөп келди. Нукура кыргызча жазуу, ойлонуу улут келечеги үчүн канчалык маанилүү экенине басым жасап жашап келди. Ошол ойду туу тутту.

Уланбек алган темасын ар тараптан изилдеп ийине жеткире жазмайынча, каарманын өзү жүрөгүнөн өткөрүп кабыл алмайынча, коррупциялык же башка кылмыш иштерин абдан кылдат казмайынча ыраазы болчу эмес. Мээнеткеч, эмгекчил жана өжөр мүнөзү аны тандаган кесибинин өтөсүнө чыгарды. Баарынан да анда журналисттик кесиптеги эң башкы касиеттердин бири – тегерегиндеги жашоо-турмушка, адамдарга жан дили менен кызыгуу, эч нерсеге кайдыгер карабаган ынтызарлык, тынымсыз изденүүчүлүк, анализдөө, ойлонуу жөндөмү абдан күчтүү өнүккөн эле.

Биз Уланбектин талантын баалап, Киев, Прагадагы журналисттик тренингдерге жиберип, ал Интернет-Оскар аталып калган Webby People’s Voice сыйлыгын Нью-Йоркто алыш үчүн барып, Американы кыдырып келди. Оператор-продюсер Уланбек Асаналиев экөө тарткан дагы бир видеобаян кийинки жылы Нью-Йорк телефестивалында күмүш медалды жеңди. Берлиндеги европалык

кыргыздардын футбол боюнча мелдешин, Швециядагы иштерман кыргыздарды, Украинадагы мекендештерди атайын барып тартып келди.

28 гана жашында баарыбызды кайгыга салып түбөлүк сапарга кете берген Уланбек Эгизбаев кыска өмүрүндө баарыбызга өрнөк болгудай далай сабак калтырды. "Азаттык" радиосу Уланбектин атын өчүрбөй, чыгаан кесиптешибиздин ишин улантууга, анын жасаган иштерин мындан ары да эске салып жайылтууга аракет кыла беребиз.

Жаш таланттар, дал ушул Уланбек Эгизбаевдей элдик журналист болот элем деп кыялдангандар бул китептен өзүлөрүнө көп пайдалуу акыл, кеңеш табышат деп үмүттөнөбүз. Эң башкысы – эне тилиңерди Уланбектей жан дилиңерден сүйүп, ага чын дилиңерден кызмат кылгыла, кыргыз тилин байыткыла, баккыла, өстүргүлө! Чынчыл, ак ниет жана өжөр болгула. Кесибиңерди элдин, коомдун өсүп өнүгүүсүнө пайдалангыла, кыргыз журналистикасын Уланбек чыгарган середен бийиктетип алып кеткиле!

**"Азаттык" радиосунун жетекчиси Венера Сагындык кызы.**

**Редакциядан:**

Уланбек Эгизбаевдин тасмаларынын мазмунун текст түрүнө келтиргенде, төмөндөгүдөй кыскартуулар колдонулду:

СТП (стенд ап) – кабарчынын камера алдындагы тексти.

КСТ – кадр сыртындагы текст.

СНХ (синхрон) – маек берген адамдын жооптору.

Көп учурларда Эгизбаевдин ысымы паспортундагыдай Уланбек эмес, жакын адамдары чакыргандай Улан эле деп айтылып, жазылып жүргөн. Ошондуктан бул китепте да эки башка жазылышы кездешет.

# УЛАНБЕКТЕН УҢГУЛУУ САБАК

Адам баласынын бактылуу болушунун эң зарыл шарттарынын бири – ден соолук, жакшы үй-бүлө менен катар эле кесипти туура тандоо мүмкүнчүлүгү экендиги көбүнчө эске алынбай калат. Бир келген өмүрдү майнаптуу жашап өтүүнү максат кылган адам өз ишине жоопкерчиликтүү карап, элге чоң пайдасы тийбесе да, жок дегенде башкаларга зыян келтирбешти (мителик кылбашты) ойлоого тийиш. Ушул ыңгайдан алганда Уланбек Эгизбаевдин тажрыйбасы, журналистикада калтырган изи жаштардын үйрөнүшү үчүн үлгү, улуулардын намыстана түздөнүшү үчүн бийик адептик, нукура ыймандык өрнөк болот деп ойлойм.

### Өмүр өтөлгөсү

Жигитке жетимиш өнөр аз дегендей, Уланбек калайык менен иш жүргүзүүгө байланышкан бөлөк кесипти (мисалы, башкаруу, уюштуруу, сот, окутуу ж. б.) тандаса деле сөзсүз өтөсүнөн чыгып, зор ийгиликтерге жетишмек. Бирок дал ушул Сөз менен иштеген журналистика чөйрөсүнө келгендиги абдан жакшы болгон экен. Айрыкча анын утурумдук азгырыктарга алдырбай бекем карманган жарандык позициясы, коом турмушундагы эң орчундуу маселелерге кайдыгер карай албаган дилгирлиги, түркүн тосколдуктардан, кооптуу жагдайлардан жалтанбаган курч мүнөзү ушул кесипти тандашына, мунун ичинен иликтөө багытында көбүрөөк иштешине себеп болгон окшойт.

Жакынкы күндөрдө мен Уланбек тарткан тасмалардан жыйырмадайын карап чыктым: көпчүлүгү жашоого шоола чачкан таасир алуу үчүн да кайталап көрүүгө арзыйт.

Уланбек сөзгө алган ар бир окуяга, кырдаалга баш оту менен кирип, өзү даярдаган берүүнүн күйүп-бышкан кейипкерлери менен ушунчалык жакындашып кетчү. Мисалы, ден соолугу жагынан мүмкүнчүлүгү чектелген Нургазынын Нью-Йоркко чейин жетип, дүйнөлүк атактуу адамдар менен чогуу зор салтанатка катышуусу менен жүзөгө ашырылган кыялы ал жөнүндө мыкты берүүлөрдү тарткан Уланбек Эгизбаевдин жана анын командасынын да ажайып жеңиши эле! Он чакырымдай аралыкка атчан каттап сабак берген аксакал агайдын, эки колу жоктугуна карабастан өжөрлүк менен үйрөнүп, компьютерде иштеген Самат, көзү азиз болсо да банкта иштеген Назгүл сыяктуу замандаштарыбыздын нурлуу бейнесин элге эң сонун таанытты. “Мекен чегиндеги баатыр эне”, “Швецияда үй курган кыргыздар”, “Жайдак жерди гүлдөткөн жазуучу”... Санай берсе дагы канчасы бар! Булардын баары биздин азыркы карама-каршылыгы оркоюп турган татаал турмуштун жаркын жагын дааналанта чагылдырып турат.

Коомубуздагы Уланбек Эгизбаев сөз кылган көрүнүштөрдүн баары абдан орчундуу. Ошого жараша маселенин коюлуш ыңгайы, өзөк маанисине басым жасалышы, баяндын ырааты эң алгылыктуу болгондуктан, угармандын, көрүүчүнүн эсине кайра-кайра түшкүдөй, аны кайдыгерликтен ойготкудай маанай сезилип турат. “Майлуу-Суу: көрүнбөгөн коркунуч” (дүйнөдөгү эң булганч төрт шаардын катарына кирген бул шаарда уран калдыктарынын кесепетинен соңку чейрек кылым аралыгында тубаса майып төрөлгөндөрдүн саны миңге жеткендиги жөнүндө жан кейиткен тасма), “Ышталган Бишкек” (“борбордун бир жылдык зыяндуу заттарынан 4 килограммдык 60 миллион кирпич жасаса болот”); ““Ата-Бейитти” ачкан Бүбүйра апанын арманы”, “Унутта калган репрессия курмандыктары”, “Бир койго сатылган Азамат”, “Сириядан “бейиш” издегендер...” жана башка тасмалар ар бир адамды ойлонууга, түздөн-түз жооптуу жактарды түрткүлөп иштеткенге,

жалпыбызды туюктан чыгар жол издегенге чакырып турат. Уланбек сабыр тута өзүн бекем кармаганы менен, кейипкерлеринин жан маанайына канчалык аралашып кеткендиги, алардын кубаныч-кайгысын өзүнүкүндөй кабылдагандыгы көбүнчө сезилип турчу.

**Күрөө тамырдын кагышын ким угузат?**

Журналисттик иликтөө өтө кылдат, ошол эле учурда ыкчам, чечкиндүү иштөөнү талап кылган эң опурталдуу, жоопкерчиликтүү жанр экендиги белгилүү. Кесипкөй журналист иликтөөгө алына турган маселенин себептерин, учурдагы жагдайын жана ыктымал кесепеттерин мыкты билген, көбүнчө атайылап жашырылуучу, бирок коомчулук үчүн өтө зарыл маалыматтарды, документтерди таап, фактыларды ырастай, далилдей алгыдай адамдарды көндүрүп, окурманга, угарманга, көрөрманга мүмкүн болушунча таасирдүү түрдө жеткирет. Жапжаш курагында арабыздан кеткен Уланбек Эгизбаев дал ушундай адис эле.

"Саясатташкан сауналар", "Тамырлаган паспорт жасоо кылмышы" (чет өлкөлүктөргө кыргыз паспортун сатканадар жоопко тартылбай жаткандыгы жөнүндө), "Кандуу жүк кимдики?", "Бажыдагы миллиондор", "Карыздар кайда короду?", "Бакиевдин байлыгы: кимден кимге?", "Багы ачылбаган ГЭСтер", "Музейге сарпталган миллиондор", "386 миллион доллар кайда короду?" (ЖЭБди реконструкциялоого жумшалды делген насыя жөнүндө), "Темир жолдогу жемкордук" … "Көрүстөндөгү коррупция". Анын Уланбек Асаналиев, Айбек Кулчумановдой талантту операторлор менен биргеликте даярдаган мыкты берүүлөрүнүн тизмеси эле бир нече бетке созулат! Булардын ар бирин өзүнчө талдап, журналистика факультетинде окуган студенттердин теориялык билимдерин бышыктоо үчүн окуу материалдары катары колдонуу керек.

Мындай темаларды элге алып чыкканга ар ким эле батына бербейт, сөз баштаса да Уланбек келтиргенчелик ынанымдуу фактыларды таап, далилдер менен бекемдеп, таасирин мынчалык

күчтүү кылып бере албайт. Даяр берүүнү эфирден угуп же сайттан видеосу менен кошо көрүп, окуп койгонго бир саат, жарым саат, айрымдарына 5-10 мүнөт эле жетет. Бирок түркүн булактар менен иштиктүү катышып, керектүү фактыларды айта турган, далил документтерди көрсөтө турган жактарды таап, көндүрүп, расмий маалымат бергиси келбей, чындыкты жаап-жашырууга далбаса кылгандарды "агынан жарылтып", такыр эле болбой койгондорду ашкерелеп, ар кандай каршылыктарды, тоскоолдуктарды жеңип өтүү канчалык кыйын, атүгүл кооптуу да экендигин иликтөө багытында иштеген журналисттер жакшы билет.

Ырас, Уландын кесипкөй журналист катары такшалып, өз стилин өнүктүрүшүнө "Азаттык" үналгысындагы санаалаштык маанай, иштиктүү чөйрө, соңку чейрек кылымда калыптанып калган ыкчамдык, ошол эле учурда эмоцияга алдырбаган токтоолук, талаштуу маселелерди козгогондо ар башка маалымат булактарына таянуу, калыстыкка шарт түзүү сыяктуу принциптери, азыркы турмуштун түркүн түспөлүн, ар кайсы кырын таасын чагылдырууга, коомдук, мамлекеттик маселелерди тереңдете талдоого, эл менен колдон келишинче тыгыз алакада болууга умтулган мүдөөсү жакшы өбөлгө түзгөндүгү талашсыз чындык. Ушул ыңгайдан алганда, Тынчтыкбек Чоротегиндин "Уланбек жалгыз эмес" деген жүйөсү абдан орундуу. Бирок ар тараптан салмактап, ойлонуп көрсөк, У. Эгизбаевге Баатыр наамын ыйгаруу эң калыс чечим болмок (бул тууралуу "Уланбек – улуттук баатыр" деп макала да жазганмын).

## Мор тазалагычтарга ким күйөт?

Революциялык кыймылдын шаңы менен 20-кылымдын биринчи жарымында дүйнөгө атагы чыккан жазуучу Максим Горькийдин айтканы бар: "Россияда чынчыл адам мор тазалагычка окшойт – көө жугузуп албайын дегенсип, баары эле андан алыс качат".

Чынчыл журналисттерди жаман көргөндөр түтөсө да, бықшыса да морун тазалаганга чыгынбай мештин түбүндө ныксырап

отура берген жалкоого окшойт. Түтүнгө уугуп жатканын, тим койсо эртең үйү өрттөнүп кетиши толук ыктымалдыгын ойлогусу, көзүнө сая көргөзсөң да карагысы келбеген кайдыгерлер, жактырбаган терсаяктар четтен чыгат. Ушул жагдайды эске алсак, азыркы мезгилде ар кайсы кесиптерди аркалап, өз ишин таза аткарган инсандардын өрнөгүн колдон келишинче кеңири таанытып, элге, айрыкча жаштарга жеткирип турушубуз керек.

**Жолдош Турдубаев, публицист**

## I БӨЛҮМ

# ДИЛГИРЛИК



*“Азаттыктын” фотоархивинен*

*“Мен дагы жолго чыгам таңды тосо,*
*Кучактайм ой-кырларын нурга кошо”.*

А. Жайнаковдун “Кыргыз жери” ырынан,
сөзү Т. Байзаковдуку

# КЕЛЕЧЕК КОЛУБУЗДА...[1]

2011-жыл, 24-сентябрь

Кыргыз калкы кылымдардын кыйырында көөнөрбөй, канчалаган кылымдарды карытып келет. Көөнөрбөс комузун күүгө келтирип колго кармап, калпактарын калтырбай кийишип, кыргыз каадасын кадырлашкан. Коктудан кокту которуп, кыр-кырларды кыдырып, көчүп-конуп күн кечиришкен.

Кыргыз калкы капыстан келген кастарга камбылдыгын көрсөтүшүп, катылгандын катыгын колуна карматышкан. Кээде кандуу көтөрүлүштөрдө кереге кыйрап, күлү көккө көтөрүлүп, кыз-келиндер кыйналып, кары-картаңдардын капталдагы кара кабыргасы кайышып, катындар кара кийинишип, кыйын кезеңдерди көп көрүштү.

Кезектеги кандуу коогалаңда кыргыздар карагайлуу калаалыктардын куралдуу кордугунан кийин Кытайды көздөй качышкан. Кыйчалышта кыстаган калабада калайыктын көбүнүн көрөөр күнү куруп, кайра кайрылбай калышкан. Кырылгандан калганы кара курсактын камын көрүшүп, кытайлык көпкөн көпөстөргө кул, күң кызматын кылышып күн көрүшкөн.

Кудурети күчтүү Кудай карапайым кыргыздарга күлүмсүрөй карап, колдоо көрсөтүп, караламан калк кырылганына карабай

[1] Уланбектин студент кезинде "Азаттык" радиосу жарыялаган онлайн сынакка жазган эссеси жалаң "к" тамгасынан башталган сөздөрдөн куралган.



Улан Эгизбаевге башкы сыйлык – нетбук. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

кайрадан Кыргызстанга кайтып келишкен. Конушуна кайтып келген кыргыздарды коркунучтуу кеселдер каптап кыйнаган. Көз карандылыкты каалабаган каратаман кыргыздар көтөрүлүш, коогалаңдардын кедерги-кесепеттерин көп көрүшкөн.

Кыскасы, кыргыз калкы көптөн-көп көшөрүп күткөн, кучагына көп кыйынчылыктарды камтыган көз карандысыздык кези келди. Кыргызстан көз карандысыз күнөстүү кагандыктардын катарына кошулду. Көз карандысыз Кыргызстандын кагандыгына Кеминдин “калың каш” кибернетигинин кандидатурасы көрсөтүлүп, калайык калктын көпчүлүгү кош колдоп кубатташкан.

Кеминдик каган кыргыз калкына кыпындай кызмат кылдыбы, көп кызмат кылдыбы, кыязы, көптүн көзү көрөгөч. Каганыбыздын көзгө көрүнгөн кылыктарына кайрыла кетсем. Кеминдик каган кызматына катуу киришкендей көрүнгөнүнө карабастан, кыйраткан кызматы көзгө көрүнбөдү. Калайык кендирди кескен кедейчиликке кептелип, “кыйратчу” каган көчүгүнөн кетти. Кибернетик Кууш-Үзөңгүнү кытайлыктарга кудалады. Коңшу кагандыктарга карызыбыз күндөн күнгө көбөйүп, кредиттин келгенине кубанган кагандык карызды кайтараттан кабарсыз калган.

Кыргызстандын казынасынын көпчүлүгүн камсыз кылган кыргыздын кемибеген кени Кумтөрдү Канаданын “Камеко” компаниясынын колуна карматып, кенибиз кемигенден кемип, Кумтөрдүн көркү кетип, куту качты. Кымындаган канадалыктар кирешеден куру калтырды. Конституцияны каалагандай калчап, “канституция” кылып кайра кабылдады.

Көрсө, кытмыр күлгөн Кеминдин кыраанбайы канайымдын кебине кирип, Кыргызстандын каржы каражаттарын коколой кызыкчылыкты көздөп коротуптур. Кийинки күндөрү коомубузда карама-каршылыктар көбөйүп, калайыктын кыжыры кайнады. Кыраакы кыргыздар кансыз көтөрүлүш кылышып, кабинетиндеги килем капталган калың креслодон кулатып, карагайлуу калааны көздөй кубалашты. Каганыбыз Кыргызстандын калкын кароосуз калтырып, кадыресе качкын катары качып кетти.

Көтөрүлүшчүл кыргыздар Кыргызстандын кийинки кагандыгына “кудуңдаган” Курманбекти коюшту. Каалоого каршы, “Кулов+Курманбек” командасынын көмөкчүсү кызматсыз куру калды. Кудуңдаган Курманбек кызматка келгенден кийин качып кеткен кагандын кызматын кайталообону көздөп катуу киришкендей көрүнгөн. Каалоого каршы, кийинки каган кызматка келгенден кийин Кыргызстанда криминалдар көбөйүп, “крутой” кызматчыларыбыз кырсыкка кабылды. Калайык калк Конституцияны кайра карап компромисстик Конституцияны каалаган. Карама-каршысынча, кагандын кызыкчылыктарын канааттандырган Конституцяга каган кол койду.

Кедейчиликти кыскартаарын, коррупцияга каршы кашык каны калганча күрөшөөрүн, кеминдик кагандан керээз катары калган коңшулардагы карыздардан кутултаарын кулак кагыш кылгандай көрүнгөн. Кыязы, калптын казаны кайнабай калды көрүнөт. Коомдо күндөн күнгө каганатка каршы кыжырдануу көбөйүп, каатчылык кырдаал каптаган. Кедейчилик, коррупция кайра күчүнө кирди.

Карапайым кыргызстандыктардын кабыргасы кайышып, кризистин кедергисин көп көрүп, кыйналып-кысталып күн кечириш-




“Баарыбыз балалыктын айылынанбыз” *А. де Сент-Экзюпери*

ти. Кыргыздын күлгүн курактагы кыздары, караламан кишилери кара курсактын камын көрүп, Казакстанды, карагайлуу калааны көздөй кара курттай каптады. Коомдун кыймылдаткыч күчү коңшу каганаттарга көчүп кетти. Кыштактарда кары-картаңдар кароосуз калды. Күнүбүздө кендирди кескен көйгөй кымбатчылык, калаада кыргызча кобурашкандар калбады, “киргизче” кобурашышат. Кыргызчаны колдонгондорго күлүшөт, келекелеп кемчонтой катары карашат.

Кийинки кагандын кезеңинде Камбар-Ата-1, Камбар-Ата-2ни курмандык кылышып, коңшуларыбыз кредиттерди килтейтип кызыктырып, Кыргызстанды көз каранды кылууга күчтөп киришти. Кыргыздын керемети Каркыраны коңшу казактарга кудалап, көз көрүнөө Каркыраны колдон качырдык.

Курманбектин кезеңи криминал коомуна коюн-колтукташ күндөрдү коштоду. Курмаштын кагандыктан кетишин кандуу коогалаңдар коштоп, кыргыздын кырктын кабатындагы кырчын курактагы кишилери кырсыкка кабылды. Канкорлор кагандыкка каршы көтөрүлгөн караламан калкты көзүнө карабай кырды. Каарман кыргыздар канкорлордун көрсөткөн каршылыгына карабай, Курманбекти кандыктан кулатууну көксөштү. Кан күйгөн калабада канкорлордун командасына куралчан көзгө атарлар көмөктөшүп, Курманбектин коопсуздугу Кыргызстандын коопсуздугунан күчтүүлүгүн көрсөтүп койду.

Кыргызстандын кезектеги кагандыгына капилеттен "кыз киши" келди. Канайым Кыргызстандын качууга куштар кагандарына караганда кыйла кызмат көрсөтүүдө.

Күнүбүздө Кыргызстандын кагандыгын көксөгөндөр кырктын кырында. Кыргызстанды катуу кыйчалыш кырдаал күтүүдө...

Кырылганына карабай көбөйгөн кыргыздардын көз карандысыздыгы кайда кетти? Көөнөрбөгөн кыргыз тилинин, кылыгы кымбат кыздарынын кадыры кайда кетти? Ким, качан, кантип Кыргызстанды коңшу каганаттардын катарына кошот? Ким келсе кыргыздын кемибеген кендеринен Кумтөрдөн кирчү кирешелерди Кутуйдун кунундай кууп, криминалдарга, коррупцияга каршы кашык каны калганча күрөшөт? Кыргызстандын кагандыгына көсөм, кеменгер каган келсе кең келечектен калайыктын күдөрү көп...

Келгиле, кыргызстандыктар келечегинен көптү күттүргөн күнөстүү Кыргызстанды кош колдоп, коколой кызыкчылыкты көздөбөй, консенсуска келели! Кыргызстандын келечеги кыргызстандыктарга көз каранды. Келечек колубузда...

**Уланбек Эгизбаев,**
**Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин журналистика бөлүмүнүн 3-курсунун студенти.**

# "КЫПКЫРГЫЗЧАНЫН" КАТУУ ТАСКАГЫ

2013-жыл, 25-сентябрь

**Социалдык тармактарда кыргыз тилин өнүктүрүүнү көздөгөн топтордун саны күн санап өсүп барат.**

*Гриль – какталган тоок, сдача – кайтарым, помидор – кызанак, сувенир – асембелек, конверт – каттыш, шуруп – буроомык, душ – чайынма...* – булар Фейсбук социалдык тармагындагы "Кыпкыргызча" деп аталган топтун колдонуучулары тарабынан сунушталган котормолордун айрымдары гана.

"Кыпкыргызча" тобу Фейсбукта мындан 2 жыл мурда түзүлгөн[2].

Уюштуруучулардын айтымында, "Кыпкыргызча" интернет аркылуу кыргыз тилин өнүктүрүүнү көздөйт. Учурда колдонуучуларынын саны 6,5 миңге жеткен. Аталган топту жетектегендердин бири Жумгалбек Өмүрканов "Кыпкыргызчаны" депутаттардан баштап мектеп окуучуларына чейин жигердүү колдонорун айтат.

Юдахиндин, Карасаевдин сөздүктөрү мазмун жагынан эскиргенин айткан **Ж. Өмүрканов** топтун өзгөчөлүгү катары чет тилден жаңы кирген сөздөрдүн онлайн которулушун белгиледи:

*– Баарыбыз эле Юдахиндин сөздүгүн колдонуп келебиз. Бирок ал сөздүктө илимдин, техниканын өнүгүшү менен кирген жаңы сөздөрдүн котормосу жок. Биз ошол жаңы кирген терминдерди колдонуучулар ме-*

2 Фейсбук социалдык тармагындагы "Кыпкыргызча" деп аталган топтун негиздөөчүлөрүнүн бири Уланбек Эгизбаев өзү болчу.

“Кыпкыргызчанын” логини. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

*нен бирге которгонго аракет кылабыз. Мисалы, “акционер” деген сөздү “үлүшкер” деп алдык. Интернет колдонуучулардын көбү бул котормону жакшы кабыл алышты. Мындан тышкары “запас камдык”, “вилка – ашайры”, “коньки – бутчана”, “наушник – кулакчын” деген сыяктуу сунуштар да көп.*

Топтун уюштуруучулары “Кыпкыргызчада” сунушталган котормолорду илимий калыпка сала турчу тилчи-окумуштуулардан эксперттик топ түзүлгөнү жатканын кошумчалашты. Жаңы которулган терминдерди ким бекитип, колдонууга ким сунуштайт деген суроо менен Мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрага орун басары **Чолпон Түмөнбаева**га кайрылдык.

*– Азыр бирдиктүү терминком жок. Жогорку Кеңештин, өкмөттүн өзүнчө терминкому бар. Ар бири өзүнүкүн туура деп таңуулай беришет. Анын үстүнө биздин “Мамлекеттик тил жөнүндө” мыйзамда терминдерди ким бекитери жазылган эмес. Президент бекитеби, же Жогорку Кеңеш бекитеби – дагы деле белгисиз. Ошондуктан терминдер чаржайыт которулуп жатат.*

“Кыпкыргызча” тобунун жигердүү колдонуучуларынын арасында 66 жаштагы аксакал **Айтмырза Абылкасымов** да бар. Тилчи адис Абылкасымов кээде топ мүчөлөрү эл аралык, медициналык терминдерди да которобуз деп аша чаап кеткенин жактырбайт:

*– Чет тилден келген айрым сөздөр которулбайт. Аларды болгону кыргыз тилинин ички мыйзамдарына ыңгайлаштырып алыш керек. Ал эми которууга ылайык сөздөрдү которгонго эмнеге болбосун? Мисалы,*

Кыпкыргызча
Келгиле, эне тилибизди бирге өнүктүрөлү!

“Кыпкыргызчанын” дагы бир логини. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

*“самолёт” деген сөздү убагында Түгөлбай Сыдыкбеков “учак” деп алалы деп сунуштаган эле. Айрымдар дагы деле тили келсе да, келбесе да самолёт деп тантып жүрүшөт.*

**Өмер Фарук Караман** түрк улутунан. Кыргыз тилинде түш жоруган Өмер кыргыз тилин өнүктүрөбүз деген топторго чет өлкөлүк жарандарды көбүрөөк тартыш керек деген пикирде:

*– “Кыпкыргызча” тобу кыргыз тилин үйрөнүп жаткан чет өлкөлүктөргө жакшы эле жардамчы болот. Мисалы, жеке мага пайдасы чоң эле болуп жатат. Мурда үйрөнгөн сөздөрдү ушул топ аркылуу эске салам. Мындан тышкары көптөгөн жаңы сөздөрдү үйрөнүп жатам. Негизи бул топто чет элдиктер аз. Ошондуктан аларды көбүрөөк тартыш керек деп ойлойм.*

Медиа эксперт **Жыргалбек Касаболотов** кыргыз тилин өнүктүрөбүз деген жарандык топтордун демилгелерин Мамлекеттик тил боюнча комиссия пайдаланып калса жакшы болмок деген ойдо:

*– Эл ичинен тил үчүн күйгөн демилгелүү топтордун чыгып жатышы жакшы жышаан. Бирок Мамлекеттик тил комиссиясы өзүнүн казанында кайнабай, демилгени колго алыш керек. Алар топ мүчөлөрү менен дайыма жолугуп турса, өздөрүнүн ишине эле жеңил болмок. Тилди өнүктүрүү боюнча жакшы сунуштардын баары элден чыгат.*

Кыргыз тили боюнча жаңы мыйзам долбоорун демилгелеген депутаттардын бири **Урмат Аманбаева** интернет колдонуучулардын сунушу айтылган жерде эле калып жатат деп эсептейт:




Тил комиссиясынын кружкасы. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*– Интернет колдонуучулардын сунуштарын ишке ашырыш үчүн адегенде каражат керек. Экинчиден, аларды колдогон мыйзам керек. Биз интернеттеги жарандардын сунуштарын мыйзамга кошконбуз, бирок президент кол койгон жок. Ошол мыйзам долбоору кабыл алынса, алардын сунуштары ишке ашкан болор эле.*

"Кыпкыргызча" тобу жарнамалардагы одоно каталарды да кызуу талкууга алып келет. Баракчанын акыркы талкууларынын биринде орусча жарнамадагы "Живи. Учись. Люби" сөздөрүнүн кыргызчага "Жашоо. Окуу. Сүйүү" деп которулгандыгы катуу сынга кабылды.

Кыргызстанда Фейсбук колдонуучуларынын саны жүз миңден ашат. Фейсбукта "Кыпкыргызча" сыяктуу "Кыргыз көчү", "Макал-лакаптар", "Кыргызча табышмактар" сыяктуу бир катар топтор кыргызча талкуу аянтчасына айланды.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**


# КЫРГЫЗ ТИЛИ GOOGLE КОТОРМОГО КИРДИ

2016-жыл, 18-февраль.

**Google Translate электрондук котормо системасына расмий түрдө кыргыз тили да кошулду. Бул үчүн 700гө жакын ыктыярчы беш жылдык эмгек сарптаган.**

Google котормодо жүзгө жакын тил бар. Кыргыз тилин бул системага киргизүү аракети 2011-жылдын июль айында башталган. Атай Жунушов, Рахат Сабырбеков, Данияр Үсөнов баш болгон активисттер "Айсок Кыргызстан" коомдук фондун түзүп, Google компаниясында иштеген кыргызстандык Тилек Мамутовдун жардамы менен электрондук сөздүктү кыргызчалап баштактан. Кийинчерээк бул ишти "Биздин мурас" фонду улантып, 700дөй ыктыярчынын жардамы менен миллионго жакын кыргызча сөз системага киргизилген. Фонд жетекчиси **Чоробек Саадандбеков** кыргыз тилин Google Translate системасында байытуу үчүн көп эмгек талап кылынарын айтууда:

*– Бул алгачкы эле баскыч. Анткени миллион сөз – бул системадагы эң минималдык көрсөткүч. Google котормосуна кыргызчаны кошкондо дагы жаңы 13 тил кошулду. Котормонун сапатын көтөрүш үчүн ар бирибиз салым кошуубуз керек. Жаштарыбыз баары шыктанып калышты. Жигердүүлүк көрсөтүп жатышат. Бирок демөөрчүлөрдөн тапкан каражат чектелүү болууда.*




GOOGLE'деги кыргызча котормонун шилтемеси. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Сааданбеков кошумчалагандай, сөздүктөгү 500 миң чамалуу сөздү Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин студенттери, мугалимдери киргизген.

**Акча толтура, иштеткен киши жокпу?**

Буга чейин кыргыз тилин электрондук котормого киргизүү аракетин "Сорос" баштаган эл аралык уюмдар каржылап келген. 2014-жылы гана мамлекет бул үчүн 1,3 миллион сом бөлгөн.

Ал эми 2015-жылы кыргыз тилин өнүктүрүү үчүн деп 243 миллион сом каралган. Бирок мамлекеттик тил боюнча улуттук комиссиянын төрагасы **Эгемберди Эрматов** аталган каражаттын 30-40 пайызы гана иштетилгенин айтууда:

*- Тилди өнүктүрүү боюнча улуттук программанын негизинде 2015-жылы 243 миллион сом бөлүнгөн. Бул каражатты мамлекеттик органдар иштетмек. Маселен, Билим берүү министрлиги окуу китептерин чыгарууга бөлүнгөн 100 миллиондун 30 пайызга жакынын гана өздөштүргөн. Ал эми Улуттук илимдер академиясында да ушундай эле көрүнүш. Ар кандай бюрократиялык тоскоолдуктардан улам бөлүнгөн каражаттар убагында иштетилбей калды. Бирок кийинки жылы иштетиле берет. Быйыл дагы кошумча 186 млн сом бөлүнөт.*

Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча улуттук программаны көзөмөлдөө үчүн түзүлгөн жумушчу топтун мүчөсү **Замира Дербишева** буга чейин кыргыз тилин өнүктүрүүдө акча башкы маселе болуп келсе, эми адамдык ресурс жетпей жатканын айтты:

*– Каражаттын жоктугу чоң көйгөй жаратып келген. Китептерди басып чыгарууга, котормолорду даярдоого акча жок деген шылтоо бар болчу. Бирок каражат бөлүнсө деле бул иштер алдыга жылган жок. Анткени ошол акчаны иштете билген адистер жетишпейт. Маселен, Билим берүү министрлигинде тил боюнча 3–4 гана адис иштейт.*

Айтмакчы, Мамлекеттик тилди өнүктүрүү боюнча улуттук программаны көзөмөлдөө үчүн түзүлгөн жумушчу топту КСДП фракциясынын лидери Чыныбай Турсунбеков жетектейт. Президент Алмазбек Атамбаев кыргыз тилин 2014–2020-жылдар аралыгында өнүктүрүүгө бюджеттен 480 миллион сомго жакын каражат бөлүнөрүн билдирген. Талдоочулар каралган акча иш билги адистердин жоктугунан максатсыз пайдаланылып жатканын айтып келишет.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# КЫРГЫЗСТАНДА АЯЛДЫН УКУГУ ДА, АЙЛЫГЫ ДА АЗ

2016-жыл, 8-март.

**Эл аралык изилдөөлөргө караганда, аялдар эркектерге салыштырмалуу 20 пайызга аз айлык алат. Кыргызстанда да маянасы аз мугалим, дарыгер, тикмечилик сыяктуу кесиптерди кыз-келиндер аркалашат.**

Евробиримдикке кирген өлкөлөрдө аялдар эркектерге салыштырмалуу 20 пайызга аз айлык алат. Кыргызстанда бул айырмачылык боюнча так маалымат жок. Байкоочулардын баамында, айрым тармактарда бул көрсөткүч 30 пайызга чейин жетиши мүмкүн. Жаш ишкерлер бирлигинин мүчөсү **Элдар Абакиров** иш берүүчүлөр жумушчуларды аял-эркек деп бөлбөй, кесиптик чеберчилигине карашы керек деген ойдо. Ошентсе да ал аялдардын үй-бүлөлүк шарты ишке орношууда тоскоолдук жаратарын жокко чыгарбайт:

*- Бизде иштегендердин көбү жаш кыздар. Үй-бүлөлүүлөрдүн көбү декретке чыгып кетет. Айрымдары кайтып келип ишин улантышат. Бирок кесиптер бөлүнөт да. Мисалы, курулуш сыяктуу оор иштерде көбүнчө эркектер иштейт. Ал эми кеңсе кызматтарында көбүнчө аялдар. Эгер аял-эркек бирдей эле функция аткарса, бирдей эле айлык алат.*




Ала качуу адатын айыптаган жүрүш. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

Кыргызстанда аял менен эркектин саны дээрлик теңме-тең. Расмий маалымат боюнча өлкөдөгү 205 миңдей ишсиздин жарымы аялдар экени айтылат. Кыргыз мыйзамдары боюнча парламент депутаттарынын кеминде 30 пайызы аял болушу шарт болсо, учурда алар 19 пайызды гана түзөт. Башка бийлик бутактарында деле ушундай эле көрүнүш, жетекчи кызматтарда өңчөй эркектер.

Жогорку Кеңештин депутаты **Чолпон Жакупова** гендерлик теңдик урааны кагаз беттеринде гана калып жатканын айтууда:

*- Бизде формалдуу түрдө аял менен эркек тең укуктуу деп эсептелсе да, иш жүзүндө андай эмес. Үй жумуштарынын көбүн аялдар жасайт, бирок бааланбайт. Экинчиден, салт боюнча эркектер көп учурда аялды кемсинтип коёт.*



Зомбулукка кабылган келин.
*“Азаттыктын” фотоархивинен.*



Жан соогалаган аял.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Зөөкүр эркектин муштуму.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*Менталитетти өзгөртүшүбүз керек. Биз, аялдар, өз укугубузду өзүбүз коргобосок, бизди эч ким баалабайт.*

Деген менен укук коргоочу **Азиза Абдирасулова** Кыргызстанда аял-эркек теңсиздигин олуттуу маселе санагандарга кошулбайт. Анын оюнча, айрым учурларда эркектердин да укугу бузулат:

– *Бир эле аялдардын эмес, эркектердин укугу да көп бузулат. Бишкекти карасаңар, кул базарда дээрлик жалаң эркектер турат. Эмгек укугу жынысына карабай эле бузулуп жатат. Негизи кыргыздарда теңсиздик деген болгон эмес. Үй-бүлөдө аялдын да, эркектин да өз орду бар. Кыргыздар эч убакта аялды басынткан эмес. Тарыхка көз чаптырсак, Курманжан датка сыяктуу эл баштаган аялдар да чыккан.*

Кыргызстан аялдардын саясий укугу жана мүмкүнчүлүктөрү боюнча глобалдык индексте[3] 145 өлкөнүн ичинде 75-орунда турат. ЕАЭБге кирген өлкөлөрдүн ичинен Беларус 34, Казакстан 47, Орусия 76-орунду ээлесе, Армения 105-орунга араң илинген.

Алгачкы рейтинг 2006-жылы дүйнөлүк экономикалык форумда жарыяланган. Индекс аялдардын саясий, экономикалык, билим берүү, саламаттыкты сактоо жана эмгек тармагындагы укуктарынын сакталышына карай чыгарылат.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

[3] Гендердик ажырым индекси (The Global Gender Gap Index) – аял менен эркектин тең укуктуулук рейтингин аныктаган дүйнөлүк изилдөө.

# ДҮЙНӨ АЙТМАТОВДУ ЭСКЕРҮҮДӨ

2013-жыл, 12-декабрь.

**Залкар жазуучунун 85 жылдыгына карата Кыргызстанда жана дүйнөнүн бир катар өлкөлөрүндө эскерүү иш-чаралары өткөрүлдү.**

**Бишкектеги эскерүү аземи "Ата-Бейит" мемориалдык комплексинде залкардын эстелигине гүлчамбар коюп, куран окуу менен башталды. Айтматовду эскерүүгө премьер-министр Жантөрө Сатыбалдиев баштаган бийлик адамдары, экс-президент Роза Отунбаева, Чыңгыз Айтматовдун бала-чакасы, коомдук ишмерлер жана жазуучунун көптөгөн замандаштары катышты. Күндүн суугуна карабай улуу жазуучунун эстелигине гүл коюп, аны эскергендер көп болду.**



Чыңгыз Айтматов.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Кыргызстандын мурдагы президенти **Роза Отунбаева** эскерүү сөзүндө Айтматов кыргыз эли үчүн таянар тоо экенин айтты:

*– Кыргызды дүйнөгө тааныткан эң улуу адамыбыздан айрылып отурабыз. Кыргызстан азыркы учурда оор күндөрдү башынан өткөрүп жатат. Кыргыз эли баардык оорчулуктардан Манас сыяктуу, Айтматов сыяктуу чокуларыбыздын арбагына таянып чыгарыбызга ишенели. Биз колубузда бар нерсени убагында баалабайт экенбиз. Баркына жетпейт экенбиз...*

Чыңгыз Айтматовдун жубайы Мария, карындашы Роза, иниси Илгиз, уулдары Аскар жана Элдар Айтматовдор маркумдун күмбөзүнө гүл коюп, көздөрүнө жаш алып эскеришти.

**Аскар Айтматов** атасынын эстелиги 5 жылдан кийин тургузулганын баса белгилеп, курулушка кол кабыш кылгандарга ыраазычылык билдирди. Ал биздин сурообузга жооп берип жатып, атасын ойлогондо дайыма бала кези көз алдына келээрин эскерди:

*– Атабыз азыр жаныбызда болсо жакшы болмок. Бала кезимде атам менен тоодо жүргөнүмдү көп эстейм. Ал мага өз колу менен чопо чоор жасап берген.*

Ушу эле күнү жазуучуну эскерүүгө чогулгандар үчүн “Ала-Арча” мамлекеттик резиденциясындагы Айтматов жашаган үйгө саякат уюштурулду. Айтматов аталган үйдө Бишкекте жүргөн учурунда жашаган.

Жазуучунун карындашы **Роза Айтматова** келгендерге маркумдун иш бөлмөсүн тааныштырып жатты:



Жазуучунун карындашы Роза Айтматова жана башка жакындары, замандаштары. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*



Ата-Бейиттеги эскерүү, 2013-жыл. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

*– Ал киши төргө, биз аны тегеректеп отурчубуз. Бул жерде чай ичээр элек. Иш бөлмөсү жанаша бөлмөдө. Уктоочу бөлмө болсо экинчи кабатта жайгашкан.*

Айлана-тегереги бак-дарак менен курчалган эки кабат чоң үй Айтматовдун колдонгон буюм-тайымдары, сүрөттөрү, сыйлыктары менен толтурулса да, азырынча музей деген расмий статус ала элек.

Айтматовдун туулган күнү бир гана Кыргызстанда эмес, дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө чоң салтанат менен белгиленип жатканын "Азаттыкка" Тышкы иштер министрлигинин маалымат катчысы **Турдакун Сыдыков** билдирди:

*– Айтматовдун 85 жылдыгы Орусиянын Москва, Екатеринбург, Казань, Тюмень, Казакстандын Алматы, Астана шаарларында белгиленди. Мындан сырткары жазуучуга арналган ар кандай иш-чаралар Украина, Түркия, Бельгия, Түркмөнстан, Тажикстан, Жапония, Британия, Германия мамлекеттеринде жана Араб Эмираттарында өтүп жатат.*

Дүйнөлүк жазуучунун 85 жылдык маарекеси жыл жаңырганда Малайзия, Иран, Сауд Арабиясы, АКШ, Кытай, Пакистан, Индия жана Австрия өлкөлөрүндө да белгиленет.

Улуу жазуучу 2008-жылы 10-июнда, Германияда дарыланып жаткан жеринен көз жумган. Айтматовдун туулган күнүнүн урматына 12-декабрь Кыргызстанда улуттук адабият күнү деп жарыяланган.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# НУРГАЗЫНЫН КЫЯЛЫ ОРУНДАЛДЫ

2015-жыл, 5-октябрь.

**"Азаттыктын" сайтынан же биздин Фейсбуктагы баракчалардан кочкорлук майып окуучу Нургазы тууралуу видеотасманы көрсөңүз керек. Ал өз алдынча баса албагандыктан квадроцикл сатып алуу кыялын билдирген. Биз окуучунун кыялын бирге орундаталы деп коомчулукка кайрылганбыз. Андан бери эки айдан ашык убакыт өттү.**

Бул аралыкта Нургазынын кыялын орундатуу сунушу менен айрым капчыктуу адамдарга да кайрылдык, бирок негедир көңүлдөнүшкөн жок. Жадагалса шайлоого аттанган 14 партиянын бири да добуш берүү укугуна ээ боло элек майып окуучуга кызыгып койбоду. Ошентип, "Элим, барсыңбы?" фондунун башчысы **Хабиб Арзыкуловдун** көмөгү менен "белгисиз демөөрчү" табылды.

Белгисиз дегенимдин да жөндүү себеби бар. Анткени 23 жаштагы атын атагысы келбеген кыз өткөндө 150гө жакын жетим баланы бир жума Ысык-Көлдө жеке каражатына эс алдырып келгенине өзүм күбө болгом. 23 жаштагы кыз кантип эле 700 миң сомун жанынан чыгарып жетимдерди эс алдырып жатат? Артында бир кызыкчылыгы болсо керек деген "журналисттик жаман ой" менен ал кызга жолугууга шаштым. Ошентип, бет келише сүйлөшүп калдык. Хижаб салынган арык чырай кыз экен. Дароо маек алууга



Нургазыны бийик кыялына жеткиргендердин бири – Уланбек Эгизбаев.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

аракет кылганымда: "Мен кайрымдуулук иштерди бирөө көрсүн деп эмес, чын жүрөгүмдөн жасайм. Балдардын кубанганын көрүп кудай ыраазы болсо, ошол жетет", - деп жылмайып тим болду.

Демейде аз жардамын саз кылып айтып бүтпөс шекер тилдүүлөргө көнүп алгандыктанбы, айтор, ишене албай көпкө жүрдүм. Кийин уксам, ошондон көп өтпөй жардамга муктаждар үчүн Европадан келген кийим-кеченин 3 миң евролук чыгымын да төлөп бериптир.

Мына ушул чүкөдөй кыз тоодой болгон кайрымдуулук иштерди жасап жатат. Ал мактоого же атын чыгарууга деле муктаж эмес, тескерисинче, караманча каршы. Мен бул блог аркылуу унчукпай эле муктаждарга жардам берип жүргөн адамдарды даңазалоо үчүн жаздым. Болбосо бир сомдук жардам берип коюп, он сомун өзүн пиар кылууга жумшагандар четтен чыгып жатпайбы.

Кайрымдуулукту же бирөөгө жардам берүүнү саясий упай топтоого айланткандар аман эле болсун, биз Нургазыга кайталы.



*“Аргымак минген баатыр бол,*
*Алсыздарга жакын бол”.*

Арстанбек, XIX кылым.
*“Азаттыктын” фотоархивинен.*

**Белгисиз кыз Нургазынын кыялын орундатууга чоң салым кошту**. (Ага чейин майып окуучунун тагдырына кайдыгер карабаган мекендештерибизден да акчалай жардамдар топтолгон)

Ошентип, Нургазынын “кыялын” жүктөп алып, Кочкорго бет алдык. Нургазы баратабыз дегенди угуп алып, биз жеткиче кудуңдап кайра-кайра чалып жатты. Көрсө ал досторун, туугандарын чогултуп, баары бизди чыдамсыздык менен күтүп жатышыптыр. Эми квадроциклди көргөндө, Нургазынын көздөрү кандай жайнаганын сөз менен жеткирүү мүмкүн эмес. Энеси эркек төрөгөндөй эле сүйүндү! Ага квадроцикл абдан жакты. Ал кыялын орундатууга салым кошкондорго ыраазы болуп, сабактан калбай барам деп убада берди.

Баса, былтыр Нургазы тууралуу тасма тартып жатканымда, атасы бар болчу. Тилекке каршы, 21-мартта автокырсыктан каза болгон экен. Мындан улам Нургазынын аталаш туугандары да квадроциклди көрүп жетине албай калышты. Анан да Нургазыны 9-класска чейин мектепке коляска менен сүйрөп барган иниси Дастанга боорум ооручу. Эми Дастандын да колу бошоду.

14 партияга окшоп элди куру кыялдарга семирте албасак да, майып окуучунун көксөгөнүн орундатып, билим алуусуна кичине болсо да шарт түзгөнүбүзгө кудуңдап жолго чыктык...

**Автор, оператор: Уланбек Эгизбаев**
**Монтаждаган: Уланбек Асаналиев**

# КЫЯЛДАГЫ АМЕРИКА

2016-жыл, 11-июнь.

**"Азаттык+" бул чыгарылышында Нургазынын Америкага болгон сапары тууралуу көрсөтөт. Океан ары жагына жетелеген кыял, Интернет-Оскар жана ал жактагы мекендештер жашоосу – ушулардын баары бир программада.**



Улан Эгизбаев, Нургазы жана Хабиб Арзыкулов Атлантика океанынын жээгинде.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Тасма 2015-жылдын март айында тартылган. Буга Нургазынын апасынын "Азаттыктан" жардам сурап келиши түрткү болгон.

Нургазы арабасы улам бузула бергендиктен, өзү жүргөн квадроциклди кыялданчу. Ошентип, 23 жаштагы атын жашыруун калтырууну каалаган кыз квадроцикл сатып берген. Каармандыбыздын кыялына жеткендеги кубанычы миллиондогон көрүүчүнүн жүрөгүн жылытты.

**Айтор, тасмабыз дүйнөлүк Webby Awards, башкача айтканда, Интернет-Оскар сыйлыгынын "Элдик добуш" номинациясын жеңди. "Азаттыктын" эмгеги 65 өлкөнүн 13 миң тасмасынын ичинен тандалып, 2 млн 300 миң адамдын миллиондоюнун добушуна татыды.**

Ошентип, Нью-Йорктогу сыйлык тапшыруу аземине Нургазы жана "Элим барсыңбы" кайрымдуулук фондунун жетекчиси Хабиб Арзыкулов болуп чогуу бардык. Бул фонд Нургазынын баардык кыялдарын орундатууга демөөрчүлүк кылып келет. Америка сапары Нургазы үчүн түшкө кирбес жомок болду. Бул анын учакка да алгач ирет отурушу эле.

Нью-Йорк Нургазынын Бишкектен кийин көргөн шаары болду. 16-майдагы сыйлык тапшыруу аземи дүйнөлүк атактуулардын катышуусунда өттү. Биз алган сыйлык киноактриса Жессика Альбага, реалити-шоулордун жылдызы Ким Кардашьянга, Оскар сыйлыгынын лауреаты Майкл Мур ж. б. белгилүү кинорежиссерлорго да тапшырылды. Нургазы жана тасманы англисче которгон прагалык кесиптешибиз Микола болуп алар менен катар кызыл килемден өтүп, жеңишибиздин ураанын айттык. Эреже боюнча ураан беш сөздөн ашпашы керек. Албетте, "АР БИР АДАМ КЫЯЛДАНАТ ЖАНА ЖЕҢЕТ". Бирок дүйнө атактуулары менен бир аземде болуу Нургазы экөөбүздү кыйла толкундатты.

АКШга болгон 12 күндүк сапарда Нью-Йорк, Вашингтон, Чикаго жана Огайо шаарларында болдук. Ал жактагы журтташтарыбыз бизди жылуу тосуп алып, Нургазыдан керек болсо колундагы телефон, саатын да аяшкан жок.



Улан жана Нургазы. Вашингтон.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Улан жана Нургазы. Чикаго.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Кыялдагы Америка Нургазы үчүн жаңы дем, жаңы пландарды берди. Англис тил менен компьютерге болгон кызыгуусун арттырды. Эң башкысы, Америкадагы майыптар үчүн чектелбеген мүмкүнчүлүктөр, аларга түзүлгөн артыкчылыктар анын көзүн ачты. Өз алдынчалыкка, тосмолорду жиреп өтүүгө шыктандырды.

Ошентип, Америкага болгон сапарыбыз да аяктады. Нургазыны ар тараптан колдогон "Элим барсыңбы" фондунун жетекчиси Хабиб Арзыкуловго, 23 жаштагы чоң кызга, Нургазынын жол чыгымдарын көтөргөн КСДП депутаты Абдувахаб Нурбаевге жана бизди бөпөлөп сыйлаган АКШдагы мекендештерибизге "Азаттыктын" атынан ыраазычылык билдиребиз. Кыялдар орундалат...

**Автор, оператор: Уланбек Эгизбаев**
**Монтаждаган: Уланбек Асаналиев**

# "АТА-БЕЙИТТИ" АЧКАН БҮБҮЙРА АПАНЫН АРМАНЫ

2014-жыл, 18-январь.

**87 жаштагы Бүбүйра Кыдыралиеванын сай-сөөктү сыздаткан сөздөрү, каректеринен сызылып чыккан көз жашы намысымды ойготуп, ушул блогду жазууга аргасыз кылды...**


**"Бүбүйрасы ким эле?" дегендерге...**

Бүбүйра Кыдыралиева 1937-38-жылдардагы сталиндик катаал репрессиянын курмандыктары болгон кыргыз элинин чыгаан уулдары Жусуп Абдрахманов, Төрөкул Айтматов, Касым Тыныстанов жана Баялы Исакеев баштаган 137 кишинин сөөгү көмүлгөн "Ата-Бейитти" ачкан адам. Ал атасынын керээзин 17 жыл бою унутпай сактап, 1990-жылы улуттук сырды шардана кылганда, кыргыздын чыныгы мекенчил уулдарынын сөөгү ак кепинделип жерге берилген. Кийин "Ата-Бейит" мемориалдык комплексине Чыңгыз Айтматовдун жана Апрель баатырларынын да сөөгү коюлган.

Мына ушул Бүбүйра апа менен көптөн бери жолуксам деп дегдеп жүрдүм эле, акыры бул тилегим да орундалды. Бир чети, тарыхый чындыкты каармандын өз оозунан эшиткениме кубансам, экинчи чети, Бүбүйра апанын унутта калган эрдиги жана азыркы оор тагдыры мени терең ойго салды.



“Ата Бейиттеги” сталиндик репрессия курмандыктарына арналган айкел. Чоң-Таш айылынын түштүгү.




Ата-Бейит.
*“Азаттыктын” фотоархивинен.*

Бүбүйра апа 87нин ашын ичип жатса да, мындан 41 жыл мурунку Чоң-Таш сырын кечээ болуп өткөндөй даана айтып отурду. Ашказан дартына чалдыккан апа улам-улам чайдан ууртап, бирде көз жашын көлдөтсө, бирде кайраттанып, тарыхый чындыкты баяндай берди. Угуп отуруп, 3 саат кантип өткөнүн байкабай калыпмын...

Бирок ушул чүкөдөй болгон Бүбүйра апанын бүгүнкү жашоосу жан кейитет. Анын кыргыз эли үчүн жасаган эрдиги дагы деле татыктуу бааланбай келгени мени катуу ардантты. Перзент көрбөсө да, балдар үйүнөн алганына туугандарынын чүрпөлөрүн кошкондо, 14 баланы багып өстүргөн. Алар апасын бакмак тургай өздөрү эптеп күн көрүп келишет. Ал азыр инисинин кызынын үйүндө жашайт. Ал да турмуштан жолу болбой, 18 жаштагы кызын жалгыз тарбиялап жаткан экен. “Кызы бой жетти, өзү да бирөөнүн колун кармап кетсе жакшы болот эле. Антейин десем, менден айбыгып жатышса керек. Бир бөлмөлүү жатакана болсо деле буларга оорум тийбей, өзүмчө жашап кетет элем”, - деп ыймандай сырын төгүп жиберди. Бүбүйра апа болгону 6 миң сом пенсия алат экен. Анысы же дары-дармекке, же тамак-ашка жетпейт. Өзү да ашказан жарасы деген оору менен көптөн бери алпурушуп келет.



Бүбүйра Кыдыралиева. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

## "Эрдик" менен алдаган Акаев

Бүбүйра апанын улуу сырды ачып, мекенге кылган бийик эмгеги үчүн 2000-жылы ошол кездеги президент "Эрдик" медалы менен сыйлап, балага упчу бергендей алаксытып коёт. Бул медаль сууга түшүп кеткендерди куткарган жаш балдарга деле берилип жатпайбы. Мына мамлекеттик бийликтин тарыхты түшүнүү деңгээли, аталардын арбагына "таазими"! Аталган медалдын аты эле болбосо, эч кандай пайда-батасы жок.

Бийлик башындагыларга караганда карапайым студенттер чоң жардам кылышыптыр. Мындан эки жыл мурун жогорку окуу жайларынын биринен жоон топ студент апага эки мүшөк ун, бир-эки баштык тамак-аш азыктарын үйүнө берип кетишет. Апа сүйүнгөнүнөн алардын аттарын да сурабай калат. Эрдигиңиз үчүн мамлекет тарабынан кандай жардам болду десем, апа көпкө ойлонуп ушул окуяны эстеди. И-и баса, акыйкаттык үчүн айтып коёлу.

Кесиптешим Абдыбек Казиев жаш болсо да бул маселеге кайрылып жүрөт. Апаны Ишенаалы Арабаев атындагы окуу жайдын ардактуу профессору кылыптыр. Ошол дипломду сыймыктануу менен көрсөттү. (Мен билгенден ардактуу профессорлорго бир аз тыйын төлөнчү эле. Бирок Бүбүйра апа андан да куру калгандай).

**Ата арбагына "оозеки" сыйынгандар...**

Мен ачууга алдырып катуу кетишим мүмкүн, бирок эмоциясыз чындыкты айтуу мүмкүн эмес деп ойлойм. Көрсө, шордуу кыргыз эли жарма патриоттордун мекенине айланганын өзүбүз да сезбей калган заманга жетиптирбиз. Калп эле төштү кагып, репрессия курмандыктары эч качан унутулбайт, арбактардын алдында ар дайым таазим этебиз деп кооз сөздөрдү президент баш болуп баары эле сайрап келишет. Кыйраткансып, 7-ноябрды репрессия курмандыктарын "оозеки" эскерүү күнү деп жарыялап коюшту. Чын-чынына келгенде, эли үчүн жанын бергендердин сөөгү көмүлгөн жайдын кайда экенин таап берген апабыздын эрдигин эмнеге баалабайбыз ушу кезге чейин? Эмнеге Бүбүйра апаны эстебейбиз? Анан да мамлекеттик идеология жок деп шылтоолойбуз. Балким Бүбүйра апанын тарыхты тактоого кошкон салымы жаштарга жетсе, эл жакшылары эмне үчүн "эл душманы" аталганын туура түшүндүрсөк, ушул деле идеология болуп жүрбөсүн?!

Мамлекет үй же машине берүүгө милдеттүү эмес да деп мурдуңузду чүйрүшүңүз мүмкүн. Бирок кыргыз үчүн кылымдык ачылыштын баасы керек болсо үйдөн да жогору турушу керек да. Же мындай эмеспи?

Байкуш киши буга чейин үй бербесеңер өрттөнүп өлөм деп эч кимге деле доомат артпаптыр, жарма патриоттордун эшигин да какпаптыр. Бирок президент Атамбаевге, премьер-министр Сатыбалдиевге, спикер Жээнбековго жазган каттары жоопсуз калганы шагын сындырып, апанын бүгүнкү бийликтен болгон үмүтүн түбөлүккө үзүп койгондой[4]...

[4] 2018-жылы 19-апрелде сталиндик репрессиянын 80, Айтматовдун 90 жылдыгына карата Өкмөттүн чечими менен Бүбүйра апага Туңгуч кичи районунан бир бөлмөлүү үй берилди. Буга Уланбектин ушул

### Айтматовдор неге тымпыят?

Дүйнөгө аттын кашкасындай таанымал жазуучубуз Чыңгыз Айтматовдун арбагына шек келтиргим келбейт. Бирок ал киши атасынын арбагы үчүн Бүбүйра апаны ыраазы кылып койсо болот беле? Бейажал өлгөн атасынын сөөгүн таап берген кишини ыраазы кылуу ар бир ата уулунун парзы деп билем. (Түф-түф, кудай мындайды бербесин!) Айтматов үчүн ошо кезде үй болобу, каражат болобу, калем учу менен чечилер маселе эле да.

Бирок муну Чыңгыз Айтматов өзү да, башкасы да жасаган жок, тилекке каршы. Айтматов жасабаган ишти анын балдары жасаа-рына деле ишенбейм. Тарыхка, ата-бабабыздын өтмүшүнө болгон кайдыгерлик, кенебестик эмнеден кабар берет? Же биз көзүбүз өткөндөн кийин сөөгүбүз эмне болорун алдын-ала билебизби? Келгиле, кыргыздын жарма патриоттору, маркумдар даңкталмайын тирүүлөр баркталбасын эске салалы. Өмүрү кийбеген калпакты баса кийип, калп эле элге күйүмдүү киши болуп куран окуп, алакан жаюудан мурда. "Ата-Бейитке" гүл коюудан мурда "Чоң-Таш" сырын эске салып, төрүнөн көрү жакын калган Бүбүйра апаны ыраазы кылсак кантет?!

### "Өкмөт акеге" кыстырма

(Мен Бүбүйра апа менен сүйлөшүп отурганда, башбакан түш көргөнбү, айтор Жантөрө Сатыбалдиев жөнөттү деп өкмөттөн эки кызматкер келип, ападан кабар алып кетишти. Жантөрө Жолдошевичке кайрылар элем: кызматкерлериңизди кабыл алуудан мурда ушул блогума да көз жүгүртүп койсоңуз, ашыкча болбос...)

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

---

курч макаласы да кайсы бир деңгээлде таасир эткен болушу ыктымал.

# МУКТАЖДЫК БОЛБОСО, ТИЛ ӨНҮКПӨЙТ

2014-жыл, 23-сентябрь.

**Мамлекеттик тил боюнча мыйзамдын кабыл алынганына чейрек кылым болсо да, ага жетиштүү деңгээлде көңүл бурулбаганы сындалып келет.**

Кыргыз тилинин мамлекеттик макам алышынын 25 жылдыгы жер-жерлерде майрамдык иш-чаралар менен белгиленди. Жыл сайын 23-сентябрь ыр-бийдин коштоосунда өткөнү менен, кыргыз тилине мамлекеттик деңгээлде көңүл бурулбай келет. Мындай пикирин 1989-жылы Мамлекеттик тил боюнча мыйзамды кабыл алган Кыргыз ССР Жогорку Советинин төрагасы **Таштанбек Акматов** билдирди:

*– Мыйзам кабыл алынган кезде кыргыз интеллигенциясы кыргыз тилин мамлекеттик деңгээлге көтөрүү боюнча демилге көтөргөн. Азыр ошол демилге басаңдап калды. Арадан 25 жыл өтүп кетти. Учурда кыргыз тилинин көйгөйлөрү аз эмес. Мунун баарын мамлекеттик деңгээлде чечүү керек.*

Кыргыз эл баатыры, жазуучу **Бексултан Жакиев** кыргыз тилин мыйзам аркылуу мажбурлоо менен эмес, ага болгон муктаждыкты арттыруу аркылуу өнүктүрүү керек деген ойдо. Бул үчүн Улуттук тил комиссиясы сыяктуу уюмдар өз ишин так аткарышы керек.

*– Тил комиссиясы көп жылдардан бери эле иштебей келген. Эми президент жарлык чыгарып, каражат бөлдү. Президент өзү баш болуп кыргыз тилин өнүктүрөлү деп жатат. Эми ошол комиссия бөлүнгөн каражаттарды орду менен жумшоосу керек. Маселе бөлүнгөн акчалардын ишке эмес, кулкунга кеткенинде болуп жатат.*

Б. Жакиев айтып жаткан Мамлекеттик тил боюнча комиссия алгылыктуу иш жасабаганы менен кыргыз тилинин өнүгүшүнө өз алдынча салым кошкон жарандар да жок эмес. Алардын бири "Биздин мурас" коомдук фондунун башчысы **Чоробек Сааданбеков**. Ал 250 миңден ашуун сөздөн турган электрондук сөздүк түзүп, кыргыз тилиндеги колдонмолорду интернет аркылуу жайылтып келет. Анын айтымында, кыргыз тилин интернеттин жардамы менен үйрөнүүгө толук шарт бар, болгону аракет гана кылуу керек:

*– Бүгүнкү күндө мурдагыдай мугалим издөөнүн зарылдыгы жок. Кыргыз тилин үйрөнөм деген киши интернет аркылуу керектүү материалдарды оңой эле табат. Усулдук колдонмолор, электрондук сөздүктөр, кыргызча адабияттар – мунун баарын интернеттен көчүрүп алса болот. Эгер аракеттенсе, тилди бат эле өздөштүрсө болот. Материал жок деген жөн гана шылтоо.*

## Аткаминер неге кыргызча сүйлөбөйт?

Мамлекеттик жогорку кызматтагы адамдар кыргызча сүйлөп, кыргызча иш алып баруусу керектиги айтылганы менен, иш жүзүндө мындай эмес. Маселен, буга чейин Феликс Кулов баштаган айрым саясатчылар кыргызча билбейт деп сынга кабылып келсе, бүгүнкү күндө да кыргызча эки сөздүн башын кошо албаган аткаминерлердин саны аз эмес. Адистер мындай көрүнүштү мамлекеттик кызматкерлерге кыргыз тилин билүүсүн милдеттендирген мыйзамдын жоктугу менен түшүндүрүшөт. Кыргызча түшүнгөн, бирок сүйлөй албаган парламент депутаттарынын бири **Олег Домшенко** кыргызча үйрөнүү кыйын экенин айтууда:

*– Кыргыз тилин үйрөнүү кыйын. Анткени биз бала бакчада, мектепте орус тилинде билим алганбыз. Анын үстүнө 40 жаштан кийин тил*

*үйрөнүү оңой эмес экен. Мен кыргызча курстарга барып аракет кылып жатам, бирок керектүү материалдар жетишсиз. Шаарды кыдырып, кыргыз тилине үйрөтө турган колдонмолорду таба алган жокмун. Кыргызча үйрөтүүнүн методикасы иштелип чыга элек.*

Бишкекте 80ге жакын бала бакчада жана жүзгө жакын мектепте тарбиялануучулардын 80 пайызга жакыны орус тилинде билим алышат. Бала кезинен расмий тилде билим алгандарга 11-классты бүткөндөн кийин мамлекеттик тилди үйрөтүү майнапсыз экенин адистер баса белгилешет.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# АТАЙ НЕМИСТЕРДИ ЫЙЛАТТЫ

2014-жыл, 2-октябрь.

**Робот бийи менен таанылган бийчи Атай Өмүрзаков жана "Тумар КР" бийчилер тобу Германиянын Франкфурт шаарында өткөн Das Supertalent-2014 телесынагында финалга чыкты.**
**Кыргызстандык бийчилер көрүүчүлөрдүн оозун ачырып, калыстар тобун ыйлатты. Аталган телесынак Германиянын белгилүү RTL телеканалында көрсөтүлүп, калыстар тобунда атактуу Modern Talking тобунун ырчысы Дитер Болен баштаган адамдар отурат. Атай жана аны коштогон бийчилер эми финалда баш байге 100 миң евро үчүн ат салышат. Финалга кызуу даярдык көрүп жаткан бийчи Атай Өмүрзаков менен маектештик.**

– Атай, силердин финалга өтүшүңөрдү интернеттен, теледен көргөн кыргызстандыктардын кубанычында чек жок. Германиядан качан келдиңер?

– *Бул телесынак Франкфурт шаарында августтун ортосунда эле тартылган. Ошентсе да эфирге 27-сентябрда чыкты. Бирок долбоордун шарты боюнча конкурс жөнүндө эч кандай маалымат айтылбашы керек болчу. Ошондуктан эфирге чыкканга чейин чыдамсыздык менен күтүп жатканбыз.*



Атай Өмүрзаков "Тумар тобу" менен. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

**– Буга чейинки эл аралык сынактарга өзүң жалгыз катышып келдиң эле. "Тумар" тобу менен бирге чыгуу оордук жараткан жокпу?**

– *Биз биринчи жолу чогуу бийлеп жаткан жокпуз. Алгач Орусиянын "Минута славы" сынагында бирге чыкканбыз. Андан кийин "Тумар" тобу ушул эле бий менен Чехиядагы конкурска да катышты. Тактап айтканда, биз Франкфуртта аткарган номур жаңы эмес болчу. Бирок бу жолу төртөөбүз аткардык. Номурду долбоордун режиссёрлору өздөрү тандашты.*

**– Эң кызыгы, сен калыстар тобундагы адамдарга кыргызча кайрылганың болду. Атайын эле ушундай кылдыңбы же кандай?**

– *Чындыгында биз англисче сүйлөйбүз деп макулдашып алганбыз. Бирок жеке өзүм англисче же орусча сүйлөгүм келген жок. Аларга орусча сүйлөсөм деле түшүнбөйт болчу. Анын үстүнө буга чейинки эл аралык сынактарда жалаң орусча сүйлөп келгем. Бирок бу жолу алдыма эл аралык сахнада кыргызча сүйлөйм деп план койгом. Ошентип, немистердин алдында атайын эле кыргызча сүйлөдүм.*



Калыстар тобунун суроолоруна жооп. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*Биз алардын сөздөрүн түшүнүп жаттык. Бирок алар менин айткандарымды түшүнүшкөн жок. Негизи котормочу бий бүткөндөн кийин гана чыгышы керек болчу. Режиссёрлор ушундай эреже коюшкан.*

**– Силердин бийиңерден кийин калыстар тобунун мүчөлөрү баш болуп көзүнө жаш алышты. Алар сынак бүткөндөн кийин да пикир айтыштыбы?**

– *Алар бизге абдан таң калышты. Modern Talking тобунун мүчөсү Дитер Болен "бул бий ааламдык бий, дүйнөдө жок талант" деп мактады. Дитер Болендей дүйнө кыдырып, көптөгөн иш-чараларга катышып жүргөн кишинин ушундай мактоосу бизди абдан кубантып, дем берди. Калыстар тобунун бир мүчөсүнүн ыйлап жибериши биз үчүн чоң комплимент болду.*

**– Калыстар тобу силердин бийиңерден кийин тамаша-чыны аралаш баш байге 100 миң еврону дароо берип салбайлыбы дегендей кылышты. Бул жеңиш колдо дегенден кабар бербейби?**

*Ооба, алар баш байгени дароо бизге ыйгаруу сунушун айтышты. Бирок жарыш деген жарыш. Менимче, баары эреже боюнча болушу керек. Ырас баары эле жеңишке мүмкүнчүлүгүңөр жогору деп жатышат. Буюрса, финал декабрдын ортосунда болот. Жеңүүчү элдин добушу менен аныкталат.*

**– Финалга даярдык кандай болуп жатат анан?**

– *Кызуу даярданып жатабыз. Убакыт да аз калды аябай. Бирок кандай номур аткарарыбыз азырынча сюрприз. Буюрса, философиялык чыгарма болот. Ар бир бийди үч ай даярдайбыз.*

**– Германияга барып-келүүгө деле бир топ каражат кетери талашсыз. Силерди каржылык жактан кимдер колдоого алды? Маданият министрлигинен жок дегенде моралдык колдоо болуп жатабы?**

– *Эми эч кимден деле акча сураган жокпуз. Өз каражатыбыз менен эле барып келдик. Бийлик өкүлдөрүнөн жардам деле күтпөйбүз. Эл алкыш айтып жатат.*

**– Алдыда кандай пландар бар?**

– *Кудай буюрса, 8-октябрда Стамбул шаарына конкурска барабыз. Ал жерде Yetenek sizsiniz деген эл аралык сынак болот. Буга чейин Кыргызстандан Азамат деген жигит биздин бийди бийлеп, жарым финалга чейин чыккан. Эми алар бизди чакырды. Буюрса "Тумар" тобу менен ошол сынакка да даярданып жатабыз.*

**– Маегиң үчүн рахмат! Талантың менен Кыргызстанды дүйнөгө дүңгүрөтүп жүрө бер!**

– *Сиздерге да чоң рахмат!*

**Маектешкен: Уланбек Эгизбаев**

# БОСТОНДОГУ "ТАЙТОРУНУН" ЭЭСИ АДИЛЕТ

2016-жыл, 3-ноябрь.

**26 жаштагы Адилет Тынарбек Американын Бостон шаарында такси кызматын көрсөткөн "Тайтору" деген ишкана ачкан. Журтташыбыздын колунда он киши иштейт.**

– Америкага кандайча барып калдың? Азыр эмне иш менен алексиң?

– *Американын Массачусетс штатынын борбору Бостон шаарында беш жылдан бери жашайм. Эл катары сыртты көрөйүн деп студент кезимде келгем. Транспорт тармагында чакан ишкана ачканыма бир жылга жакындап калды. Атын "Тайтору транспортэйшн" деп койгом. Жөнөкөй тил менен айтканда биздин компания такси кызматын көрсөтөт. Чет өлкөлүк конокторду аэропорттон мейманканаларга ташыйбыз. Бул жакта car service же limo service деп коюшат. Учурда онго жакын айдоочуга иш берем. Башка чоң компаниялар менен да кызматташып турабыз.*

– Жеке ишкана ачуу оңойго турбаса керек. Дегеле Америкада жеке ишкерлик кылуунун жолдору кандай?

– *Мен өзүмдү бизнесмен деп айтууга эртелик кылат. Анткени бул тармакта жаңыдан гана иш баштап жатам. Америкада бизнес ачуу абдан оңой. Ашып кетсе бир саатка деле жетпейт. Сен өзүң жашаган аймактын администрациясынын веб-сайтына кирип, керектүү доку-*



Адилет Тынарбек: "Алыста жашасак да, жүрөгүбүздө – Кыргызстан".
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*менттерди толтурасың. Белгилүү өлчөмдө төлөм төлөйсүң. Анан ишкер деген лицензияны сайттан эле же почта аркылуу колго алса болот. Негизги маселе бизнести андан ары алдыга жылдыруу, атаандаштыкка туруштук берүү. Анткени бул жакта атаандаштык аябай күч. Мен сыяктуу ишкерлик кылгандар миңдеп саналат. Жарнаманын түрүн колдонуу менен өз кардарларын көбөйтүшөт. Кичине эле чабалдай түшсөң, атаандаштар басып кетет. Атаандаштыкка туруштук берүүнү америкалыктардан үйрөнүшүбүз керек. Балким, бул шарт Кыргызстанда жеке сектор өнүккөндө оңолор. Кыргызстанда бизнес ачуу машакатын жеңилдетүү керек. Мамлекеттин карамагындагы айрым ишканаларды жеке колдорго бериш керек.*

**– АКШга кеткениңе беш жыл болуп калыптыр. Сенин байкооң боюнча, америкалыктар кыргызстандыктарга эмнеси менен үлгү боло алат?**

*– Америкалыктардан үйрөнөрүбүз абдан эле көп. Менимче, эң башкысы – мыйзам үстөмдүгүн сыйлоо. Карапайым америкалыктардын*



“Тайторунун” таксилери.
*“Азаттыктын” фотоархивинен.*




“Тайторунун” эн белгиси.
*“Азаттыктын” фотоархивинен.*

*саясат менен иши деле жок. Ар ким өз иши менен жана салык төлөө менен алек. Кыргызстандын өнүкпөй жатышы да ар ким өз ишин кылбай, мыйзамга баш ийүүнү билбегендигинде деп ойлойм.*

**– Кошмо Штаттарга барууну дегдеп жаткандарга кандай кеңеш бересиң?**

– *АКШга келерден мурда англис тилин мыкты билиш керек. Бул жакта тил билбесең, иш табуу кыйын. Эгер орусча билсең, орустар менен гана иштешүүгө туура келет. Мындайча айтканда, мүмкүнчүлүктөр чектелүү болуп калат. Бизге Америкага келүүнү каалагандар көп кайрылышат. Көбү англисчени келгенде үйрөнүп алабыз деп ойлошот. Бул жактан эч ким үйрөтпөйт. Эч кимдин ашык убактысы жок. Тил курстары абдан кымбат, бери дегенде эле 650 доллардан миң долларга чейин.*

**– Кыргызстанга кайтайын деген ой барбы?**


– *Жакынкы беш жылда, буюрса, бизнесте тажрыйбамды көбөйтөм деген ой бар. Кудай буюрса, тажрыйба топтогон соң Кыргызстанга кайтып, өз өлкөмдүн өнүгүшүнө салым кошом.*

**Маектешкен: Уланбек Эгизбаев**

# САМАТ – КЫРГЫЗДЫН НИК ВУЙЧИЧИ

2017-жыл, 11-январь.

**"Азаттык" токко урунуп эки колунан ажыраган Самат тууралуу 2011-жылы атайын берүү даярдаган. Анда ал чоңойгондо жасалма кол салдырып, машине айдагысы келерин айткан эле. Ал азыр Мамлекеттик каттоо кызматына жумушка кирген, буту менен компьютер терип иштеп жатат. Анын дагы бир максаты – австриялык тубаса мунжу Ник Вуйчич менен жолугуу. Каармандыбыздын жасалма болсо да колдуу болуу кыялы дале күчүндө.**



Компьютерди бут менен иштетет.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Кесиптеши менен.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Бийик мүдөөлүү Самат.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

**Самат Асылбек уулу:** – *Мен өзүмдү кадимкидей эле сезем, эл катары эле иштеп жүрөм, окуйм. Алты саны аман адамдардай эле, алар эмне кылса, мен деле ошону кылып жүрөм. Өкүнгөндө айла жок, андан көрө алдыга умтулуш керек.*

**Айнура Темирова**, Мамлекеттик каттоо кызматынын адиси: – *Мүмкүнчүлүгү чектелген, эки колу жок болсо, биз кандай иштешебиз деп ойлонуп калдык. Совет доорунан бери мүмкүнчүлүгү чектелген жарандар мамлекеттин каржылоосунда, көзөмөлүндө болуп, төрт дубалда эле калыш керек деген көз караш калган да. "Компьютер менен иштегенди билесиңби?" – деп, Самат менен сүйлөшүп көрдүк. Себеби биздин ишибиз компьютер менен байланыштуу, документтерди иштеп чыгып, компьютерге киргизиш керек. "Иштей алам!" - деди. "Кантип сага иш орун түзөбүз?" - дедик. Анткени операторлор ноутбукту астына коюп алып иштешет. "Мага клавиатура менен эле мышка коюп бергиле жерге, бутум менен иштейм", - деди. Элестетип көрсөңөр, өзү жапжакшынакай бала, билим алып жатат. Ал дагы коомго аралашып, чөйрөдө жүрүш керек да. Эмне үчүн анын чөйрөсү сабак жана апасы менен эле чектелиши керек?*

**КСТ**. Самат мындан жети жыл мурда токко урунуп эки колунан ажыраган. Тагдыр сыноосуна сынбаган Самат кыялдарын четинен ишке ашырып келет.

**Самат Асылбек уулу**: – *Мен иштей турган, сезимдери бар кол салдыргым келет. Кол салынып калса, машине айдайм.*

Саматтын апасы **Курманбү Султаналиева**: – *Чоңойду, жогорку окуу жайына өттү, университетте окуп жатат азыр. Иштеп алды. Машина алды эле, айдап жүрөт. Балам "мен ушундаймын" деп басынып калат го деп ойлогом. Андай болгон жок, жакшы. Кайраттуу.*

**КСТ**. Англис тилин өздөштүрүп, котормочу кесибин аркалоо – Саматтын бала кезинен алдына койгон негизги максаты. Анын дагы бир кыялы – тубаса мунжу Ник Вуйчич менен жолугуу.

**Самат Асылбек уулу:** – *Колу-буту жок болсо да, бизге, башкаларга караганда кайраттуу, көпчүлүккө дем-күч берген адам деп ойлойм. Мен деле көп адамга дем берип жатсам керек, бирок Ник Вуйчич мени да шыктандырат. Аны менен жолугуп, кучакташып учурашканды каалайм.*

**Автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Уланбек Асаналиев**

# БИР КОЙГО САТЫЛГАН АЗАМАТ...

2018-жыл, 30-январь.

**Өзүн Азамат деп тааныштырган жигит Жети-Өгүз району-нун Саруу айылында жашайт. Анын тек-жайын тастыктаган эч кандай документи жок. Жашы болжол менен 28-29дарда. Өзүнүн айтымында бир койго сатылып, дээрлик 25 жылдан бери ар кимдин колунда малай болуп келет...**

**Азамат**: – *Темир камчы менен сабачу. Башымдын баары тырык. Жарылган да бүт эле. Балтабай айылынан багып алып, сабап-кордогон мени. Ар кайсы жерге жатып-түнөдүм. Ачка камап койчу, эч нерсе бербей... Эртең менен туруп, койлорду чыгарып, кой кайтарып кетем. Түштөнүү маалында эч нерсе берчү эмес. Кургак нан эле берчү. Ат үстүндө, тоодо эле жүрө берчүмүн. Рентгенге барсам, жарык мындайынан деди.*

**Улан**: – Ошол киши сабаганбы?

**Азамат**: – *Ошол киши сабаганда ооругам.*

**Уланбек Эгизбаев**: – Башыңда да бар, ээ?

**Азамат**: – *Ии, баш жагымда да бар. Мурдумду да талкалаган. Мобул жакта домпойгон без бар болчу. Камчы менен чапканда жарылып кеткен. Кичинемде баласы сарайга камап алып кочкор менен сүздүрүп ойночу.*



Малканадагы жумуш. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

**КСТ**. Аянычтуу тагдырын айтып жаткан жигит өзүн Азамат деп тааныштырат. Бирок анын аты-жөнүн, туулган жылын, тек-жайын тастыктаган бир да күбөлүгү жок. Жашы болжол менен 28-29да. Ал дээрлик 20 жыл мурда Дайырбек Эсеналиев деген кишиден көргөн кордуктарын айтып жатат.

**Азамат**: – *Кечинде келгенде койду санап, анан бир кой жок деп мени сабап эле жатып калчу. Койду каякка саттың, кимдер менен каякка барып келдиң дечү. Ошентип, сабаганда чыдабай качып кеткем. Анда деле эс тартып калганымда качкам. Ар кайсы жерде жүрдүм. Жети-Өгүз айылында, анан кайра биякка келдим. Тоого барып кайра келип иштеп жүрдүм.*

**КСТ**. Азамат учурда Жети-Өгүз районунун Саруу айылында Муханбетовдордун мал-келине каралашып, убактылуу жан багып жүрөт. Бул үй-бүлөгө алгач мындан 15 жыл мурда Эсеналиевдерден качып жүрүп туш болгон.




Арманын айтса түгөнгүс... *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

**Жамийла**: – *Менчик мал багып тоого бардык. Анан ошол жакта да бир Кенже деген уулум бар. Мал багат. Ошол ээрчитип барыптыр. Менин билишимче, 13 жашта болсо керек. Же 14 жашта. 14-13түн ортосунда болгон. Анан: “Мен ушуну таап келатам, эне”, - деп күлүп калды. “Эми муну кайдан таап алдың, айланайын, кимдин баласы?” - десем: “Ушинтип жүрүптүр шаарда, балдарымдын жанына караан болот”, - деп ээрчитип келиптир тоого. Ошону менен 5-6 жыл биздин колубузда жүрдү. Тоого барат, балдар менен жүрөт. Анан орто жерден бирөөлөр бузуп алып кетти. Анан кайра былтыр бир келип кеткен. Былтыр келдиң беле же мурдагы жылы келдиң беле?*

**Азамат**: – *Былтыр...*

**Жамийла**: – *Былтыр келип, картошкага жардам берип бир аз күн жүрүп, анан кеткен. Анан быйыл келди. Ошо...*

**КСТ**. Азамат ортодо көлдүн башка айылдарында, Нарында, Казакстанда ар кимдин колунда малай болуп күн көрөт. Малай деп айтууга аргасызбыз. Анткени убактылуу кожоюндардын бири да

жарытылуу эмгек акы төлөгөн эмес. Ал ушул күздөн тарта кайрадан Муканбетовдорго кайтып келген.

Азамат жанагынча жарааты менен ушул жашка келгени бир да жолу медициналык жардам көргөн эмес. Мектеп ал үчүн дале бейтааныш мекеме. Тамга окуганды ар кимден үйрөнгөнү менен, жаза албайт.

Азаматтын балалык изи бизди Жети-Өгүздүн Ырдык айылына алып барды. Аны 1993-94-жылдары белгисиз кишилер дунгандар көп жашаган Дышын айылындагы Дивазовдордун үйүнө таштап кетишкен экен. Бул окуяны жакшы билген саналуу айылдыктардын бири **Зулайка Тагаева** буларды айтты:

– *Бул жерге таштап кеткенден кийин бияккa, бизге келген. Бизге келгенде албайбыз дедик. Бизде бала бар, баланын кереги жок дедик. Анан абышка-кемпир тияккa, Балтабайга берди. Анан балтабайлыктар алып кеткен бул жерден. Ошол учурда 5-6 жашар бала болуш керек эле. Тим эле такылдап баарын сүйлөп турчу. Ыр ырдап, бул кызым менен ойногондо такылдап турчу. Анан бул жерге келип, бизге айткандан кийин, мен тияккa ушундай баланы абышка-кемпирдин короосуна таштап кетиптир деп айткам. Анан биз албайбыз дегем. "Эркек бекен?" - деди, ооба дедим. "Канчада экен?" - деди, билбейм, менин кызым менен ойноп кетти дедим.*

**КСТ**. Кыскасы, ошол кездердеги 4-5 жашар наристе Дивазовдордон балтабайлык Дайырбек Эсеналиевдердин колуна өтөт. Таштанды баланын баасы бир кой деп бычылат.

**Зулайка Тагаева**: – *Бир кой алып келиптир. Аны мен көргөн эмесмин. Бияккa алып келиптир. Ат араба менен бир койду алып келип түшүрүп, анан бул Келдибекти салып кетиптир.*

**КСТ**. Дивазовдордун көзү эчак өтүп кеткендиктен, бул маалыматты өздөрүнөн тастыктай алганыбыз жок. Азамат ташталган үйдө учурда **Дивазовдун** ошол кезде аскерде жүргөн уулу жашайт жана алардын бул окуядан кабары болгон эмес.

**Уланбек Эгизбаев**: – Саламатсызбы? Помните его, нет? Азамата?

**Азамат**: – *Келдибек...*

**Уланбек Эгизбаев**: – Келдибека?

*– Ну он был. Приходил.*

– Раньше приходил?

*– Да. Один раз с участковым приходил.*

– А вы про него ничего не знаете?

*– Нет.*

**КСТ**. Азаматтын оор тагдыгы тууралуу жергиликтүү бийлик кабардар болгону менен, ага эч кандай жардам болгон эмес. Бирок алар айылдыктардын түшүнүк каттары менен Эсеналиевдердин Азаматка көрсөткөн кордуктарын тастыкташкан.

**Мира**: – *Биз кошуналардан, билген айылдаштардан, кээ бир кишилерден түшүнүк кат алдык. Алар бул баланы кул катары колдонуп, уруп-сабап мал кайтартып, орой мамиле кылышчу деп айткан.*

**КСТ**. Айыл бийлиги Акыйкатчынын өкүлү менен биргеликте Эсеналиевдерди Азаматка өз фамилиясын берип, документ жасаттырууга көндүрүшөт. Алар бул үчүн адвокат жалдашат. Бирок көп өтпөй бул аракеттен баш тартышат.

**Мира**: – *Эсеналиев Дайырбек абанын кызы чогултуп аткан документтердин баарын алып алды деди. Эмне үчүн алып алды десек, алар: "Бул Азамат фамилиябызды алса, бизге мураскер катары атаандаш болуп калат," – деп айтышты. Мүлктү биз менен бөлүшүп калат деп коркушуптур.*

**КСТ**. Бул маалыматты адвокат Муханбет Борбаев да бышыктайт. Айтылган дооматтарга жооп алуу үчүн Балтабай айылындагы Дайырбек Эсеналиевге бардык. Тилекке каршы, Азаматты асырап алууга эң көп кызыккан байбичеси дүйнөдөн өтүп кетиптир. Үй ээси Дайырбек кептин баарын төгүндөп, такыр башка жүйөлөрдү айтууда. Анын ишендиришинче, Азаматты тогуз жашында, айылда тентип жүргөндө багып алган. Бир койго сатып алды, кордоду деген сөздөр калп, тескерисинче, колу туткак деп Азаматты күнөөлөп жатат.

**Дайырбек**: – *Ошондо мага 9 жашында келген.*

**Уланбек Эгизбаев**: – Өзү эле келдиби? Же бирөө алып келип бердиби?




“Мен да окугум келет...”. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

**Дайырбек**: – *Бирөө берген, сатпай-этпей эле. Кышында, март айында талаада калыптыр деп кемпирим ээрчитип келди. Анан чай бердик, эметтик. Үч күн ойноп жүрүп эле чөптү өрттөп ийди. Ээрди бул Ичке-Булуңга сатып ийиптир. Атты да сатыптыр...*

**Уланбек Эгизбаев**: – .. ата, ата, уксаңыз мени...

**Дайырбек**: – *...Анан ошону айтпай, кайра мени... Менде эмне күнөө? 4,5 жыл тамак бердим. Анан кийин кичине чоңоюп, 13көбү, канчага чыкканда качып кетпедиби. Азапты берет жөн эле... Шайтан... Ой, келгенде кулагың эмне болгон, колдоруң мыйрык. Дунганга окшош, мурду момундай. Чечинтип карап, боорум ооруйт, ту-уй...*

**КСТ**. Эсеналиевдин өз версиясы боюнча Азаматты энеси 9 жашында Балыкчыдан автобуска салып жөнөтөт. Чөнтөгүндө: “Атаң Дышын айылында. Таап ал”, - деген кат болот. Бирок бул маалыматты башка бир да булактан уга алганыбыз жок. Эң кызыгы, Эсеналиев эмне үчүн асыранды бала тууралуу тиешелүү органдарга кайрылбаганын түшүндүрө алган жок. Айтмакчы, Эсеналиевдер балага Келдибек деп ысым ыйгарышкан. Анын кордук көрүп чоңойгонун айылдыктар да ырастайт.

**Зулайка**: – *Ой, эми, балалыгы азап менен эле өттү. Уруп-сабайт. Баласы тоодон бери атка сүйрөтүп келиптир дешет... Абышкам торпок, уй бакчу. Анан минген аты качып кетип, абышкам жакка барыптыр. Издеп, ыйлап барыптыр деп абышкам айтып келди. Кордукту көрсөттү. Тиги киши деле каза болуп калды. Ошол киши тирүү болсо, ал деле айтып берет эле. Балтабайлык Курман аба деле... Ошол, көргөн-билгеним эле ушул эми...*

**КСТ**. Ортодо Азамат Чок-Талда Уркалый Саралаев деген кишинин үйүндө да жашап, пансионаттардын биринде иштейт. Алар өз фамилиясын берип, багып алууга даяр экенин билдирип, тиешелүү мекемелерге арыз да жолдошот. Бирок оң жооп ала алышкан эмес. Саралаевдер менен байланышканыбызда, бизден чочулаштыбы, айтор, Азаматты асыроо ниетинен баш тартышканын билдиришти. Анткени менен Азаматты азыркы багып жаткан үй-бүлөсү талаага таштагысы жок. Алар Майсалбек деп ысым ыйгарышып, өз баласындай эле көрүшөт экен.

**Жамийла**: – *Келгенде балам: "Эне, бул баланын аты Келдибек экен," - деди. "Э кокуй, анан мен Келдибек деп кайдан издеп жүрмөк элем. Майсалбек деп эле ат коюп алайын. Майсалбек болсун," – деп ошондо эле Майсалбек деп койгом.*

**КСТ**. Азаматка фамилия анча деле маанилүү эмес. Ал үчүн башкысы документ алып, толук укуктуу жаран катары өз алдынча жашоо.

**Азамат**: – *Паспорт алсам, буюрса, иштегим келет менин деле. Окугум келет. Такыр окуган жокмун эч нерсе...*[5]

**Автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Айбек Кулчуманов**

[5] Уланбек Эгизбаев Азаматты өзү үйүнө жаткырып, жумуш да таап берген. Өкмөт өкүлдөрү менен сүйлөшүп, ага паспорт алып берүүгө аракеттенип да жүргөн.

# ДЕМОКРАТ ӨНДҮРҮШ...

2015-жыл, 9-ноябрь.

**Өндүрүш Токтонасыров жарандык активист жана укук коргоочу катары белгилүү. Ал адам укугун, сөз эркиндигин коргоп, өзгөчөлөнгөн акцияларды байма-бай уюштуруп келет. Бирок анын жеке жашоосун көпчүлүк биле бербейт. Өндүрүш Токтонасыров он эки жылдан бери инсульттун айынан кыймылдан калган апасын жалгыз багат. Кирин жууп, тамакты колу менен берет.**

(Токтонасыровдун акцияларынан көрүнүштөр. Видео):

*Бишкектеги ЕККУ кеңсесинин алдында экс-президент Курманбек Бакиевдин сүрөтүн бетине тагып алып, "Анжиян полькасын" бийлөөдө. (2013.04.12)*

*Өкмөт үйүнүн алдында электр энергиясына баанын көтөрүлүшүнө каршы акциядан (2014.07.07)*



Президентке кайрылуу.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Сөз Өндүрүш Токтонасыровдо. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*Кыргызстандын Минскиде башпаанек тапкан мурдагы президенти Курманбек Бакиевди экстрадиция кылууну талап кылган акцияларынын бири. Беларус президенти Александр Лукашенконун сөлөкөтүн өрттөө. (2015.31.03)*

**КСТ.** Өндүрүш Токтонасыров ойго келбеген, өзгөчө каршылык акциялары менен белгилүү. Ал адам укугу, сөз эркиндиги дегенде ичкен ашын жерге коюп, карапайым адамдардын укугун 25 жылдан бери коргоп келет. Айрымдар аны "чет өлкөнүн тыңчысы" деп айыптайт, "башка кыларга иши жокпу" деп мурдун чүйрүгөндөр да жок эмес. Бирок анын адамдык оор тагдырын көпчүлүк биле бербесе керек...

**Өндүрүш Токтонасыров:** – *Бул менин алтын апам. Аты Токтосун. 81 жашка келди. Тагдыр деген, карылык деген ушундай экен. Ар кимдин башына ар кандай тагдыр жазылат деп коюшат го. Күүлүү-күчтүү болчу. Эмнегедир 2006-жылы "ишемиялык инсульт" деген балекет оору жармашып, көптөн бери апам ушинтип төшөктө.*

*Апамды эч кимге бергим келбейт. Апамдын дарыгери, карай турган жакын адамы менмин.*

**КСТ.** Токтонасыровдун 29, 30 жаштардагы бир уул, бир кызы бар. Алар азыр Орусиянын жарандыгын алып, ошол жакта жашашат.

**Өндүрүш Токтонасыров:** – *Жазмыш, тагдыр деген ушундай экен. Мен деле убагында үй-бүлө күткөм. Кырсык болду. Келинчегим айылга баратып автокырсыктан кайтыш болуп калган. Арген, Жамийла деген эки балам бар. Учурда алар Орусия Федерациясында турушат. Атакесинин абалы бул болсо, "Атабыздын моюнуна минбейличи" деп өзүлөрү деле түшүнүштү окшойт. Сүйлөшүп турушат. Мен аларга милдет кылбайм.*

*Апакем ооруп калганына 12 жылдын жүзү болот. Ошондон бери күрөшүп келе жатабыз. Жаны ачыганда: "Балекетиңди алайын ай, кыйнадым окшойт сени. Өзүм да кыйналдым. Кетишим керек эле", – деп айтып калат. "Кетпе, Кудай качан алып кетерин өзү билет. Антип суранба, апа! Карайм, эмне үчүн карабашым керек сизди!?" – деп жооткотом.*

*Өзү жакшы, кайраттуу киши. Кайраттуу дегеним, 2006-жылдан кийин үй-бүлөдө жоготуулар болду. Эжем, эки иним удаа-удаа кайтыш болду. Кайгыны чыдап көтөрдү. Ошончо жоготуу, кайгы, ый болуп жатса, кантип оорубасын.*

*Байкуш апам өзү ушундай жаман оору менен алышып жатат да, менин тагдырымды кошо ойлойт. "Келинчек алып келчи", - дейт.*

*Чынын айтсам, "Кандай келинчек туш келет? Ушундай турмушту башынан өткөрө алабы?" деп кооптоном. Анын да проблемасы, үй-бүлөлүк көйгөйлөрү деген болот. Күйөө болгондон кийин мен да жооптуу болом. Ошондо апам жакшы каралбай, экинчи планда калат го деп өзүмчө чочулай берем.*

*12 баланы тарбиялап, эрезеге жеткирип, азыр жыргап-куунап, төрүбүздө сый көрүп отурар маалда тагдырдын буйругу менен ушундай ооруга чалдыгып калган апамдын турмушу, ден соолугу мени ойлонтот. Мен апама өмүр бою карызмын!*

*Мен кадимкидей чоң казатка бараткансып, апам: "Жолуң шыдыр, жолдошуң кыдыр болсун. Аман барып, аман кел!" – деп аябай алкайт.*





Энелерди алпештейли.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*Акцияларды өткөрүп жатканда көңүлүмдө биринчи акция, экинчи апам турат. Үйгө келгенче: "Апам эмне болду экен?" – деп шашам.*

*Келсем: "Эмне болдуң? Кандай өттү?" – деп сурап калат. Мен ден соолугун сурайм. Кайра бирибизге бирибиз отчёт берип, чай ичип отуруп калабыз. Ошентип, күн өтүп жатат (күлүп).*

*Айрым замандаштарым: "Бул эмне ар кандай акцияларды уюштура берет?" – деп таң калып айтып, жазып жүрүшөт. Угуп жатам. Мен табиятымдан ошондой адаммын. Азыр эле асмандан түшүп калган жокмун. Мектептеги чагымда эле окуудан тышкары активдүү болчумун.*

*Республиканын коомдук-саясий турмушундагы ар бир окуяга мен дароо реакция кылам.*

*Биз, кыргызстандыктар, демократиянын баасын, баркын билбей жатабыз. Өз оюбузду эркин айтабыз, каалаган учурда чыгабыз. Бирок кандай учурда, кантип чыгуу керек, ошонун эрежесин билбейбиз. Кээде чаң-тополоңго айлантып жиберебиз.*

*Демократия жана сөз эркиндиги кандайдыр бир деңгээлде, Орто Азия чөлкөмүндөгү республикаларга салыштырганда, Кыргызстанда Кудайга шүгүр, жакшы эле.*

*Адам жашоого бир келет. Анын укуктары көп. Ал жашоодо эркин жашашы керек. Эмне үчүн чектелиши керек? "Туура эмес сүйлөп койдуң" деп жогору жактагылар аны кармап, капаска салган бөдөнөдөй камап турса, кимге жакшы?*

*Мен ошондой мамлекеттик кызматкерлерге, өзгөчө күч түзүмүндөгүлөргө же болбосо авторитардык режимди жактырган саясатчыларга каршы пикиримди дайым айтып келем.*

*Бул* (терезедеги гүлдү көрсөтүп) *элге кеңири белгилүү алоэ өсүмдүгү. Жакында эле мунун бир касиетин байкадым. Апамдын аркасына бир жарача пайда болгонунан аны тазалап, жатаарда ушуну тагып койсом, эртеси күнү анын бири да жок. Көрдүңөрбү, алоэнин касиети ушунда!*

**Токтосун апа:**

*– Ушул балама ыракмат, айланайын. Өмүр-жашын берсин.*

**Өндүрүш Токтонасыров:**

*– Ыйлаба апа!*

**Токтосун апа:**

*– Өмүр-жаш берип, өмүрү узун болсун! Эч ким карабайт. Келин деле бар.*

**Өндүрүш Токтонасыров:**

*– Карайт, апа. Мен өзүм милдет алгам. Эч жакка барбайм. Ооба, келиндер деле бар, алар да келип, сурап турушат. Аларга рахмат. Балдар келгенде, ар кимдин өз оокаты да, апа. Ар жалгыздык башта бар дегендей... Кыздарды чакырсам, алардын үй-бүлөсүн ким карайт? Мен бошураак болуп жатпаймбы.*

**Токтосун апа:**

*– Ыраазымын*!

**Автор, оператор: Уланбек Эгизбаев, Уланбек Асаналиев**
**Монтаждаган: Уланбек Асаналиев**

# АЗЫРКЫНЫН ДҮЙШӨНҮ[6]

2016-жыл, 4-февраль.

**50 жаштагы Кеңешбек Шооруков 25 жылдан бери мугалимдик кесипти аркалап келет. Өзү Түп районунун Долон айылында жашайт, иштеген мектеби Ак-Суу районунун Жылдыз айылында. Жолдун узактыгы он чакырым, ортодо бөксө тоо бар. Кеңешбек агай жолдун катаалдыгына карабай жаштарга билим берип келет. Ал күнүнө эки сааттык жол басып, болгону 8600 сом гана айлык алат.**

**Кеңешбек Шооруков:**

*- Өзүм төрөлгөн биздин айылдан ушул айылга чейин 10 километр болот. 1,5 жыл жөө барып-келип иштедим. Ал убакта окууну жаңы бүткөнбүз. Спорттук жактан бышып турган кез. Андан кийин ат алдык. Ошол ат менен келип иштеп, азыр кичине жеңил болуп калды. Мунун кызыкчылыгы да бар экен да – ден соолукка пайдалуу. Кызыкчылыгы ушул – жолдо келе жатып жаратылышка суктанасың. Себеби таң эрте, саат алтыда, мал-салды тейлеп коюп, адамдар уктап жатканда туруп бери карай жөнөйбүз. Табияттын эң сулуу кези ошол учур экен!*

[6] Президент Алмазбек Атамбаевдин Эгемендиктин 25 жылдыгына карата мамлекеттик сыйлыктарды берүү жөнүндө 2016-жылдын 11-октябрындагы жарлыгына ылайык, Кеңешбек Шооруков "Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими" наамын алган. Ал эми Уланбек Эгизбаев журналистика жаатындагы эмгеги үчүн Ардак грамота менен сыйланган. "Азыркынын Дүйшөнү" тасмасы Нью-Йорк фестивалынын мыкты телеберүүлөр сынагынын күмүш медалын да жеңген. Сыйлык тапшыруу аземи 2017-жылдын 25-апрелинде Лас Вегас шаарында өткөн. Кеңешбек Шооруков Эгизбаевдин тасмасынан кийин КМШнын билим берүүсүнүн отличниги да болгон.



**Агайдын сабагы.** *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

*Илгеркилер: “Ким эрте туруп, Күн нурун чачып жатканда насибин алып калса, ошол бактылуу”,* – *деп айткан экен. Демек, биз дайыма Күндүн чыккан эң биринчи нурларын көрүп, ошондон насип алып жатабыз.*

(Жолдон малын айдап чыккан айылдаштары менен учурашты)

*– Саламатсызбы, агай?!*

*– Саламатчылык. Кандай?*

*– Жакшы, жакшы. Жумушка жөнөдүңүзбү?*

*– Ооба.*

**Кеңешбек Шооруков:**

*– Иштеп келе жатканыма 25 жыл болду. Кудай буюрса, ден соолук берсе, мындан ары да балдарга өз билимибизди бере бермекчибиз. Жаш балдарды тарбиялап өстүрө бермекчибиз. Эртең менен караңгыда, саат алтыларда чыгабыз. Сегизде сабак башталат. Кечикпей, балдарга өз убагында барайын дейм. Бир күн кечиксем, балдар жол карап калат да. Кечикпейин деп жөнөйбүз. Көнүп да калдык. Катаал шарттар деле сезилбей калды.*



Ак карлуу талаада агай баратат. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*Кесипке болгон сүйүүм ушул экен. Ар ким турмуштагы өзүнүн ордун билип, кандайдыр бир нерсени өз көңүлүнө жаккандай жакшы жасаш керек. Мисалы, менин ордум мугалимдик кесип болуп калды. Өзүм ушул жерге туура эле келдим деп ойлойм. Адам кесиби менен барктуу да болот экен.*

(Мектеп. Класс. Сабак учуру)
*– Саламатсыңарбы, балдар? Отургула.*
*– Сабакка даярбызбы, балдар?*
*– Ооба.*

**Кеңешбек Шооруков:**

*– Ар бир кесиптин сөзсүз түрдө оор да, жеңил да жагы болот. Баарыбыз эле оор жагын көрүп, ал кесипти таштап кетсек кандай болот? Балдарды кандай деп окутабыз? Биз балдарды келечекте жоопкерчиликке, өз кесибин урматтаганга үйрөтүп жатпайбызбы. Өзүбүз муга-*

*лим болуп туруп кичине оорчулуктан качсак, аны жеңе билбесек, анда балдарга кайдан тарбия беребиз? Биздин негизги милдет – балдарга тарбия берүү. Балдарга тарбия бериш үчүн өзүбүз тарбиялуу болушубуз керек. Баскан-турганыбыз, сүйлөгөн сөзүбүз, кылган ишибиз менен өрнөк болуу зарыл. Мен өз кесибимди сүйгөндүктөн, жолдун татаалдыгына, аба ырайынын катаал шарттарына карабай, ушул бир жерде иштеп келе жатам.*

*Мугалимдин эмгеги көзгө көрүнбөйт экен да. Качан балдар чоңоюп, элдин керегине жарап, көрүнүктүү болуп калганда, ошолорду көрүп сыймыктанат экенсиң. "Мына, мен окуткан балдар, биз тарбиялаган балдар эми эл керегине жарап жатат!" деп ошолорду көрүп өзүбүз кубанат экенбиз!*

*Биз менен тең балдар убагында коммерцияга, бизнес жасаганы кетип жатты. Ага деле шарт болуп турду. Баарыбыз эле бизнесмен, коммерсант болуп алсак... Балдардын, элдин келечегин да ойлош керек да. Ага да киши керек. Материалдык көз караштан алганда, мугалимдер жардыраак болот экенбиз. Бирок ички руханий, илимий жактан бай элебиз. Байбыз!*

**Автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Уланбек Асаналиев**

# КАРАҢГЫДАН ЖОЛ ТАПКАН НАЗГҮЛ

2018-жыл, 29-март.

**Бишкек тургуну Назгүл Ражапаева 28 жашта. Мындан беш жыл мурда бөйрөгү туура эмес операциялангандыктан эки көзү тең көрбөй калган. Назгүл учурда эки күндүн биринде гемодиализ аппараты аркылуу канын тазалатып турат. Ушул кыйынчылыктарга карабай ал "БТА банкта" иштейт. Тапкан акчасы менен майып энесин жана сиңдисин багат.**

(Тасмада гемодиализ жасаган догдур Назгүл менен саламдашты:

*- Назгүл, кандайсың?*

*- Виктор Аскерович, саламатсызбы! Жакшымын...)*

**КСТ. Назгүл:**

*- ...анда менин башым ооруп, көңүлүм айнып, кускум келип жүргөм. Диплом, иш деп жүрүп катуу чарчап калсам керек деп, анча маани берген эмесмин.*

*Мен үчүн эки гана жол бар болчу: бөйрөктү алмаштыруу же гемодиализге баруу. Врачтар мага гемодиализ эмне экенин түшүндүрүштү. "Жумасына үч же андан көп ирет, балким, өмүр бою барып турасың, баары организмге жараша", – дешти. Ал кезде гемодиализ өтө корку-*

*нучтуу экен деп ойлогом, андай эмес экен... Операциядан бир ай өткөндө көзүм көрбөй калды.*

**Жаңы жашоо**

(Тасмада Назгүл банкта кардарга телефон аркылуу кеп-кеңеш берип жатат)

**КСТ. Назгүл:**

– Кайда иштесем, окусам да, дайыма алдыда, эң мыкты болом деген мүдөөм бар эле. Келечекте ким болорумду, пландарымды кадам-кадам кылып баракка жазганым эсимде. Университетти аяктап, мамлекеттик мекемеде тажрыйба топтойм, анан коммерциялык банкта, андан кийин Улуттук банкта иштейм деп чечкем. Башкы максатым Эл аралык валюта фондуна ишке орношуу эле. Анан көздөгөнүмө жетиш үчүн кадам таштай баштадым. Ошентип, адегенде Президентке караштуу Башкаруу академиясына, "Банк иши" бөлүмүнө тапшырдым. Окуу жайында тайпа башчысы болдум. Кыскасы, дайыма дилгир, жигердүү болууга аябай аракеттенчүмүн.

(Тасмада Назгүл кесиптеш кыздары менен банкка кирип, шайыр маанайда сүйлөшүп отурат)

**КСТ. Назгүл:**

*– Ооруп калгандан кийин эки жылдай эч кайсы ишке колум барбай, катуу чүнчүп жүрдүм. Жардам, колдоо күткөн жакын адамдарым менден алыстап кетишти. Мени менен сүйлөшпөй да калышты. Ошондо: "Эгер ден соолуктан айрылсаң, жашоо бүтөт экен" деген ойго кеттим...*

*Анан мен үчүн жаңы жашоо башталды.*

(Тасмада Назгүл үйүндө тамактанганча, апасына жаңсоо менен "сүйлөп" отурат)

**КСТ. Назгүл:**

*– Апам да майып – кулагы жакшы укпайт. Сиңдим мектепте окуйт. Ошондуктан үйдөн мен гана иштейм. Акча таап, апамды, сиңдимди камсыз кылганга аракеттенем. Өзүмдү өзүм бакканга туура келет.*

*Анткени отуруп бирөөдөн жардам күткөн болбойт. Бирөө азык-түлүк, дары, акча алып келип берет деп отурган жакшы эмес. Ар бир адамдын өз үй-бүлөсү, өз көйгөйү бар. Шүгүр, Кудай мага жумуш берди, жакшы адамдарга туш кылды. Банкта иштегениме дээрлик 3 жылдай болуп калды. Кесиптештерим, жетекчилерим мени абдан жакшы түшүнүшөт, колдошот.*

*Мен башка адамдардан эле жардам күтө бербей, кудайдан кайрат тилеп, өзүмө-өзүм гана жардам бере аларымды түшүндүм.*

*Башында абдан оор болду. Маршрутка менен ары-бери каттаганга аракет кылдым. Акча-тыйын жагынан да кыйналдым. Таксиге түшкөндө дайыма эле апамды, сиңдимди же досторумду жаныма алып жүрүү мүмкүн эмес. Алардын да өз иштери бар. Бир күнү такси чакырсам, аял киши келди. Мен андан: "Кокус биз жакта жашабайсызбы?" – деп сурадым. Биз тарапта турат экен. Дайыма эртең менен жумушка жеткирип турууга макул болду. Мына бир жарым жылдан ашты, курбудай эле болуп калдык. Ал мага абдан жардам берет. Мен да нааразы кылбай жол кирени төлөйм.*

**Таксист:**

*- Бир жарым жылдан бери күнүгө эртең менен Назгүлдү ишке алып кетем. Кээде банктын эшигине чейин жеткирем. Кээде кесиптештери тосуп алышат.*

(Тасмада таксист Назгүлдү машинеден түшүрүп, жетелеп келатат)

**Таксист:**

*- Абайла, бул жерден аттап өт.*

**КСТ. Назгүл:**

*- Мен жумушта саат 3-4төргө чейин болом. Андан кийин гемодиализ алганы барам. Ооруканада саат 5-6дан кечки 10го чейин болом.*

*Тоскоолдуктарга такалып калбай, жашоомдогу жакшы нерселерге көбүрөөк көңүл буруп, ар бир мүнөттү баалаганга аракет кылам. Көйгөйлөрдү ойлобой, жакшы иштер менен алектенишке умтулам.*

(Тасмада Назгүл клубда тааныштары менен отурат)

**КСТ. Назгүл:**

*- Бул клуб окуучуларга, студенттерге, жаштарга дем берип, ийгиликке жетүү жолдорун үйрөтөт, инсандык өсүшүнө көмөктөшөт. Бул клубдун мүчөсү болгондон бери жаштарды шыктандыруу ишине өз салымымды кошуп келем. Студенттер, мектеп окуучулары менен сүйлөшөбүз. Өзүм да булардан көп нерсени үйрөнүүдөмүн.*

*Адамдар менен баарлашып жатканымда, саламаттыгыма байланышкан маселелер бар экенин унутуп калам. Мага дени соо адамдай карашканынанбы, айтор... Бирөөгө, айрыкча жакындарыма – апама, сиңдиме керек экенимди сезем... Сиңдиме үлгү болуп жатканыма канааттанам. Мага кесиптештерим, башка көп адамдар ишенет, алардын үмүтүн актагым келет.*

**(Тасмада Назгүлдү кесиптеш курбусу банктан жетелеп чыгып, маршруттук таксиге отургузуп жатат)**

**КСТ. Назгүл:**

*- Биз баарыбыз маанилүү сөздөрдү сүйлөйбүз, баалуулуктарды, орчундуу нерселерди түшүнгөн сыяктанабыз. Бирок аябай акылсыз жашайбыз: болбогон нерселерге алаксып, тиричиликтеги майда-барат менен эле убаралана беребиз. Ырас, кээде акча жетишпей калат, дагы башка маселелерди чечиш керек. Бирок көзү көрбөгөн, кулагы укпаган, буту баспаган адамдар бар – алар накта оор сыноодо жашап жаткандар, алардын жагдайына салыштырганда, демейки күнүмдүк маселелер түккө турбайт.*

**(Тасмада Назгүл клубда бийлеп жатат)**

**КСТ. Назгүл:**

*- Мага Латын Америкасынын бийлери жагат. Себеби алар энергия берет, музыкасы жагымдуу. Мурда убакыт таап барып турчумун. 2013-жылы көзүм көрбөй калганда барбай калгам. Көзүм азиз болсо, кантип бийлемек элем, бийлемек турсун кантип басам деп ойлогом. Бийлегенимди, жумушка барганымды элестете албайт элем. Көрсө, бул дүйнөдө баары мүмкүн экен. Болгону катуу каалоо керек экен.*

*Кудай жакшы адамдарды жолуктурду. Жумушка орношкондон кийин, жакындан бери кайрадан бийге бара баштадым. Эски досумду да таап алдым, ага ишенем. Бийден рахат алам, чер жазам.*

(Тасмада Назгүл досу менен бийлеп жатат)

**КСТ. Назгүл:**

*- Чектөөлөр биздин башыбызда деп ойлойм. "Ай, муну кыла албайм, бул болбойт, эл эмне дейт?" дей берет экенбиз. Чындыгында колдон келбеген эч нерсе жок. Эң башкысы – эркүүлүк, анан сени колдогон адамдардын бар экендиги.*

(Тасмада медэжей Назгүлдү гемодиализге жетелеп кирип баратат)

**КСТ. Назгүл:**

*- Көзүм көрбөй калганда, максаттарымды да унутуп койдум. Гемодиализге жатып калганымда, жашоодо баары кыйрап түшкөндөй болду. Өтө оор күндөрдү баштан өткөрдүм.*

*Азыр мен ыңгайлашканга аракет кылып калдым. Оорумду эле ойлой бербей, кайрадан сопсоо адамдардай жашаганды үйрөнө баштадым.*

*Өтө өзгөчөлөнгөн мүдөөлөрүм деле жок. Ишке ашкыдай максаттарды гана тандайм. Ошондой болсо да өзүмчө бош калганда кыялданам. Билбейм, өмүрлүк жарымды – мени түшүнгөн, ушул турушумда кабыл ала турган, мага дос болгудай адамды жолуктурсам дейм... Мына ушундай кадимки эле кыялдарым бар.*

(Тасмада Назгүлдү таксист аял жетелеп баратат)

**КСТ. Назгүл:**

*- Мен Кудайга ишенем. Ал менин тилегимди угуп, жөн эле күн өткөрбөй, максаттуу жашоого умтулганымды көрүп турат деп туям. Балким, бир күнү көзүм көрүп калар? Жашоонун баркына жетишти үйрөндүм. Мен ушунусуна шүгүр дейм.*

**Тасма орус тилинде тартылган.**
**Идеянын автору: Уланбек Эгизбаев**

# МЕКЕН ЧЕГИНДЕГИ БААТЫР ЭНЕ

2016-жыл, 6-октябрь.

**65 жаштагы Разия Өсөрова кыргыз-тажик чек ара чатагынын айынан уулунун бейитине куран окуй албай калмак. Бирок 20 жыл айыл башчы болгон баатыр эне коңшуларды кепке келтирип, мүрзөгө жол ачкан.**

**СНХ. Разия Өсөрова:** – *Жаңы мүрзөбүздүн ичинен пескоблок менен тургузулган дубалды бузуп, эски мүрзөбүзгө өтүүгө жол ачтык. Мурда эски мүрзөнү такыр эле тосуп салышкан эле.*

**КСТ**. Разия эже бир эле айыл башчы эмес, эркектерден кем калбаган чек арачы десек да жарашат. Ал 46 жылдан бери миңге жакын кожолук жашаган Көк-Ташта жетекчи кызматтарында иштеп келген, чөлкөмдөгү чек ара чатактарын беш колундай билет. Ошондуктан чек арадагы жагдайды жөнгө салуу үчүн тажик бийлиги да каармандыбыздын сөзүнө кулак салат.

**СНХ. Разия Өсөрова:** – *Эми бизде майда-барат чыр-чатак күнүгө эле болуп турат. Азыркы мезгилде бизде тажик туугандар көпчүлүкпүз деп үстөмдүк кылгысы келет, алардын бийлиги, мисалы, бригадири чыр-чатак чыкса да "кой" дебейт. Ошол бригадири тыйса, эч ким үйүнөн да чыкпайт эле. А бийлиги секин ымдап коюп: "Бар, тополоңду кыла бер, карыш болсо да жерди ала бер", - деп көкүтөт. Ошол үчүн күнүгө келип тополоң кылып, уруш чыгарган - тажик туугандар. Биздин кыргыздар*

*али качан расса (аябай) катуу басып, жаны ооруп кеткенде гана "ай" деп тура калат. Ага чейин биздин кыргыздар камаарабайт. Чыр-чатакты биз өзүбүз чек арачылар менен, өкмөт болуп, эч жакка билдирбей эле басабыз. Эми чоң чыр чыгып кетпесе эле, ал жак бул жакка анча реклама кыла бербейбиз.*

**КСТ.** Өсөрованын мекен чегинде ак эмгеги жерде калган эмес. "Ленин" орденин тагынган. Брежневден баштап Бакиевге чейинки мамлекет башчыларынан ардак грамота алган.

**СНХ. Разия Өсөрова:** – *Ошол Брежнев убагында алгам буларды. Азыркы бийликтики мына. "Герой" деген сөз.*

**КСТ.** Ал сөздүн түз маанисинде эле баатыр эне. Жолдошу да чек арачы. Анын аш басып, чай демдегенин көрүп, байбичесин ар тараптан колдоорун айттырбай билдик.

**СНХ. Разия Өсөрова:** – *Алтоо калды, экөө өтүп кетти. Азыр алты балам бар, 23 неберем бар. Эми кудайга шүгүр, болот.*

**КСТ.** Чек арачы – айыл башчы он миң сомдон бир аз ашкан айлык алса да, чек арага чеп болуп, кыргыз жерин коңшулардан коргоп келет. Кызматтык унаа деле берилген эмес. Шайдоот басыгы менен айылды бат эле түрө кыдырып чыгат.

**СНХ. Разия Өсөрова:** – *Мени көп жылдан бери иштеп, эмгек кылганым үчүн эл сыйлайт, угат, мага эч кандай кыйынчылыгы жок. Эми биз чек ара болгондуктан түнү - түн, күнү - күн чыгып кетебиз. Кээ бир күндөрү таң аткыча үйдө болбойбуз. Себеби тополоң болгон жерде, чыр болгон жерде, таң аткыча, бир сутка, эки сутка да жүрө беребиз. Бирок кожоюн да ошого көнүп калган.*

**КСТ.** Аял айыл башчыны көк-таштыктар Курманжан датка менен салыштырышат. Буга колунда куралы жок болсо да, коңшулар менен тең ата сүйлөшө билгендиги, тайманбастыгы себеп болсо керек.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор: Айбек Кулчуманов**

## II БӨЛҮМ

# ИЛИКТӨӨ ИЗИ



*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*"Ал эч кимдин камчысын чапкан жок, Кыргызстанды оңдосо болоруна бекем ишенип, чыркыраган чындык үчүн ажалдан да жалтанбады".*

Президенттин колунан Уланбектин "Эрдик" медалын алгандан кийин апасынын айтканы.

# УЛАНБЕК ЭГИЗБАЕВ – ИЛИКТӨӨЧҮ ЖУРНАЛИСТ

Иликтөө жанры журналисттен терең билимди, өзгөчө даярдыкты, курчтукту, өжөрлүктү талап кылат эмеспи. Ошондуктан иликтөө жасайм деп, бул форматка тиш салып, өмүрүн тобокелге салган кесиптештерибиз саналуу гана. "Азаттыкка" келгенде Уланбек Эгизбаев башка жаш журналисттердей эле бир топ изденди, ар кыл темадагы макалаларды жазып, кызыктуу каармандардын турмушун ар тараптуу көз чаптырып, сүрөттөп берип жүрдү.

Бир ирет ал өзүн жаштардын "Азаттык+" телепрограммасында сынап көргүсү келди. Бирок анын жаштар программасы үчүн майыптардын укуктары тууралуу тарткан алгачкы берүүсү бул форматка сыйбай, кадимкидей эле салмактуу, терең иликтөө болуп чыкты. Анткени Уланбек майыптардын күнүмдүк жашоосу менен татаал күрөшүн көрсөтүү үчүн өзү ошол майып адамдардай болуп арабага отуруп алып, күн бою өжөрлүк менен коомдук транспортторго түшүп, алар туш болгон кыйынчылыктарды жон териси менен сезип, керек болсо ошол кездеги социалдык коргоо министринин эшигин кагып барып, аны да коляскага олтуруп көрүүсүн талап кылып, бир топ шаштысын кетирип, бийлик сересиндегилер көрмөксөн болгон көйгөйдү далилдер менен даана ачып берген эле. Мына ушул

программасы менен ал калеми курчуп, кайсы көйгөй болбосун аны тереӊ иликтеп, анализдей алган журналист катары өсүп жетилип бара жатканын далилдей алды.

Коомчулуктагы терс көрүнүштөргө макул боло албаган, чынчыл, курч мүнөзү менен ал акырындап такшалып олтуруп, мамлекеттик масштабдагы канча курч маселелерди көтөрдү, ар дайым саясий окуялардын чордонунда жүрдү. "Азаттыктагы" беш жылдык эмгек жолунда журналисттик мыкты тренингдерге катышып, бир катар чет мамлекеттерге барып, кыдырып, тажрыйба алмашып келгени дагы анын кесипкөйлүгүн арттырып, инсан катары өркүндөтүп өстүрдү, дүйнө таанымын кеӊейтти.

Уланбектин айрыкча соӊку кездерде жасаган "Кандуу жүк кимдики", "Бажыдагы уурулук", "Темир жолдогу жемкорлук", "Көрүстөндөгү коррупция", "Музейге сарпталган миллиондор", "Мансаптуулардын жер бизнеси", "Саясатташкан мумия" жана башка ондогон иликтөөлөрү коомчулуктун аӊ-сезимин ойготуп, көп талкууларды жаратты.

Баарынан да анын акыркы эмгектеринин бири – көр сатып, өлүмдөн пайда издегендердин жосунсуз жоруктары тууарасындагы иликтөөсү коомчулукту солк эттирип, коррупциянын тамыры канчалык тереӊдеп, канчалык ырайы суук, жийиркеничтүү абалга жеткенин таасын ачып койду. Бул материалды эфирге алып чыгуунун өзү дагы тобокелчиликтер менен коштолуп, кооптуу болуп турса да, Уланбек Эгизбаев андагы ар бир фактыны жогорку жоопкерчилик менен теӊдеп-текшерип, ар тарабынан талдап, айныгыс далил-материалдар менен бышыктап, коомчулуктун көз алдына тартып бере алды.

Иликтөөдөгү жоопкерчилик маселеси – азыр журналистикадагы эӊ бир талылуу көйгөйлөрдүн бири. Анткени бүгүнкү күндө биз сапаты төмөн, такталбаган маалыматтарга таянган, кайсы бир тараптын кызыкчылыгынан өйдө көтөрүлө албаган, каралоонун чегинен чыга албаган айрым бир иликтөө аты бар "эмгектерге" күбө болуп эле жүрбөйбүзбү. "Азаттыктын" иликтөөлөрүнүн аркасы менен коомчулук журналисттик иликтөө кандай болоорун,

анын күчүн, таасирин, салмагын сезе баштады. Буга укугу бузулуп, үнү жогору жакка жетпей, өз көйгөйү менен жалгыз алпурушуп калган жөнөкөй, карапайым жарандардын күн алыс "Азаттыкка" кайрылып, толгон-токой документин көтөрүп алып, маселеси чечиле тургандай үмүт менен иликтөөчү Уланбек Эгизбаевди издеп келген учурлары далил.

Ошол эле учурда иликтөөнүн күчү ошол өжөр, жаны тынбаган журналисттин идеясын ишке ашырган артындагы, кадр сыртындагы мыкты командадан дагы көз каранды экендигин белгилебей коё албайм. Уландын сунуштаган темаларын салмактап, талкуулап, кеп-кеңештери менен колдоп, багыттап, шыктандырып, керек болсо айрым учурда программанын кызыкчылыгы үчүн кызыл чеке болуп талашып-тартышып жатып, эфир үчүн тикеден тик турган редактор-продюсерлер, Улан кайда барбасын анын көзү болуп, сырын айттырбай түшүнүп, көрсөтөм дегенин визуалдаштырып, айтам деген курч оюн кадрга ташка тамга баскандай таасын түшүргөн операторлордун, программаларынын кызыктуулугун арттыруу үчүн техникалык жактан улам жаңы, кызыктуу ыкмалар менен шөкөттөгөн, биздин тил менен айтканда, "берүүнүн көйнөгүн кооздоп кийгизген" монтажер кесиптештеринин эмгеги ат көтөргүс. Ошондой бир муштум болуп, идеялаш, максатташ болуп иштеп жүргөн команда үчүн Уландын күтүүсүз кетиши кандай жоготуу болгонун сөз менен айтып жеткире албасмын. Ошентсе дагы уучубуз кур эмес, арабызда Уландын жолун улай турган журналисттерибиз, командабыз бар, жаңылары да келет, аларды да тарбиялайбыз, өстүрөбүз.

"Азаттыкта" кесиптешибиз Уланбек Эгизбаевдин өлкөнү артка тарткан, өнүгүүнү каалабаган, демократиялык баалуулуктардын барк-баасын түшүнбөгөн карасанатайларга каршы баштаган жүрүшү, күрөшү мындан ары да улана берет. Бул жүрүш "Азаттыктын" алкагынан чыгып, жалпы маалымат каражаттарынын баарына жайылып, бир чоң күчкө айлансын деп тилейбиз.

Маалымат каражаттары жоопкерчиликтүү, бейтарап, чынчыл, курч иликтөөчү журналисттердин жоон тобун тарбиялап, өстүрө алса, алар өлкөнүн коомдук-саясий, экономикалык турмушуна түздөн түз таасир эте ала тургандай деңгээлге чыкса, азыркы көйгөйлөргө сыртын салып, билмексен, көрмөксөн позицияны карманып көнүп алган бийлик сересиндегилер келечекте журналисттер көзгө сая көрсөтүп берген терс көрүнүштөргө өз учурунда реакция кылып, эсептешүүгө аргасыз болору турган иш.

Кесиптешибиз Уланбек Эгизбаевдин журналистикада калтырган мурасы мына ошондой бийик парзды аркалаган күчтүн жаралышына дем берип, өсүп келе жаткан жаш муун үчүн ар дайым үлгү болушу керек. Уланбек Эгизбаевдин атын, жаркын элесин эстен чыгарбоонун бирден бир жолу – мына ушул.

**Айзада Касмалиева, "Азаттык" үналгысынын Бишкектеги кеңсесинин директору**

# КАРЫЗДАР КАЙДА КОРОДУ?

2017-жыл, 7-апрель.

**Кыргызстан акыркы 25 жылда эл аралык донорлордон башаягы 9 миллиард долларга жакын карыз алган, керек болсо таштанды салган чакаларыбызды да Европа биримдиги алып берген. Кыргызстан карыздарын натыйжалуу пайдаланып жатабы?**

**КСТ**. Мурда "Ала-Тоо" совхозу аталган азыркы Кара-Жыгач айылы көп жылдардан бери таза сууга чаңкап келет. 600 түтүн калк таза суунун таңсыктыгына нааразы. Союз маалында салынган колонкалар эбак эле иштен чыккан.

**Кылыч Төлөнбаев, Кара-Жыгач айылынын суу пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы:**

*- Колонкада суу жок. Элге суу жетпей жатат. Иштеп, мунун баарын жасаш керек эле. Азыр булар жасалбаганы үчүн эл наараzы болуп жатат.*

**КСТ.** Каражыгачтыктар 2004-жылы эле таза суу ичип калышмак. Бул үчүн Азия өнүктүрүү банкы 4,5 миллион сом бөлгөн, бирок жергиликтүү бийликтин шалаакылыгынан долбоор толук ишке ашкан эмес.

**Токтогул Касым уулу, Таза суу менен камсыздоо департаментинин өкүлү:**

*- 4,5 миллион сомго тендер өтүп, "Эрбак" ЖЧКсы утуп чыгып, Кара-Жыгач айылындагы таза суу долбоорунун жумуштарын аткарган. Элдин таза суу менен толук камсыз болбогонунун себеби – бул ошол кездеги долбоорду түзгөн мекемелердин катасы. Анткени суунун башындагы булактарды Кара-Коо каналынан алып коюп, каналдын суусу жазында көп болуп, күзүндө тартылганына байланыштуу бүгүнкү күндө Кара-Жыгач айылында таза суу маселеси аябай курч болуп турат. Ошондон улам Таза суу менен камсыздоо департаментинин демилгеси менен 2017-жылкы Дүйнөлүк банк тарабынан каржылануучу долбоорго ушул Кара-Жыгач айылын киргиздик.*

**КСТ**. Эске салсак, Азия өнүктүрүү банкы Кыргызстандын айылдарын таза суу менен камсыздоо үчүн 70 миллион доллар бөлгөн. План боюнча бул каражатка 2009-жылга чейин 1000 айылда таза суу чыкмак. Долбоор 2009-2014-жылдары улантылып, бирок аягына чыккан эмес. Азия өнүктүрүү банкы долбоорду ишке ашыруу коррупциянын айынан создугуп кеткенин жүйө кылып, быйыл каржылоодон толук баш тартты. Адистердин айтымында, таза суу долбоорунан 20 пайызга чейинки каражат өөнөлүп, 1000 айылдын жарымында гана суу чыгарылган.

**Аскар Токтошев, Курулуш агенттигинин таза суу менен камсыздоо департаментинин башчысы:**

*- Таза суу долбоору 2000-жылы башталган. Ошол кезде Азия өнүктүрүү банкы жана Бүткүл дүйнөлүк банк чогулуп, 69,5 миллион доллар бөлүшкөн. Ошол кезде максатсыз, эсеп-кысапсыз, стратегиясы, программасы, концепциясы жок эле баштап, 69,5 миллион долларга Кыргызстандын 100 айылын таза суу менен камсыз кылабыз дешкен. Башаламан болгон. Ошону менен 1000 айылдын ичинен 2009-жылы 506 айылдын таза суу маселеси чечилген. Эң негизгиси, 2000-жылдан 2009-жылга чейин коррупциялык схема, акчаны кымырып алуулар болгон. Менин укканыма караганда, 10-15 пайыз акчалар уурдалган. Ошондо 70 миллиондун 7 миллиону мындай эле кетип жатат.*

**КСТ**. Таза суу чет өлкөлүк донорлор каржылаган долбоорлордун ичинен бир гана мисал. Кыргызстан эгемендиктин 25 жылында ири каражат талап кылган иштердин көбүн четтен келген грант, насыяларга ишке ашырып жүрөт. Эмесе сырттан алынган карыздарды тизмектеп өтөлү.

Кыргызстан 1991-жылдан бери эл аралык донорлордон 9,2 миллиард доллар карыз алган. Анын 2,5 миллиард доллары гранттык негизде болгон, ал эми 6,7 миллиард доллары кредитке берилген.

Чет өлкөлүк кайтарымсыз гранттарды чыгарып салсак, калган 3,8 миллиард доллар ар бир кыргызстандыктын башына 630 доллардан карыз болуп эсептелет. Каржы министрлигинин эсебинде тышкы карыз ички дүң продукциянын 53 пайызына барабар. Буга чейин тышкы карыз ички дүң өнүмдүн 50 пайызынан ашпоосу керек деген мыйзамдык чектөө бар болсо, ал жакында алып салынды. Тышкы карыздын күн санап өсүшүн бийлик кадыресе көрүнүш катары кабыл алганы менен, айрым эксперттер муну экономикалык коркунуч катары баалап, коңгуроо кагып келишет.

**Бакыт Сатыбеков, Каржы министрлигинин коомдук байкоочу кеңешинин төрагасы:**

*– Бул экономикага тыштан келген акча туура эмес пайдаланылып жатканын көрсөтөт. Логика боюнча канчалык көп карыз алынса, экономика да ошончо өсүшү керек эле. Тилекке каршы, андай болбой, акыркы жылдары карыз өсүп жатат, гранттар натыйжасыз дегендер көбөйдү. Ооба, чынында эле маселе бар. Бирок биз карыз белгилүү бир чекке жете элек деп өзүбүздү алаксытып келебиз. Бул өтө опурталдуу. Анткени карызды көп ала берсек, доллардын курсу кескин өзгөрүп кетсе, 1999-жылдагы дефольт абалындагы кырдаалга кептелишибиз мүмкүн.*

**Кубат Мырзаев, Каржы министрлигинин эл аралык кызматташуу башкармалыгынын башчысы:**

*– Каржы министрлигинин ролу, мандаты бир аз башкача. Биз долбоорлорго байкоо салып, мониторинг жүргүзүп турабыз. Долбоорлорду сапаттуу ишке ашыруу маселеси актуалдуу. Бул бир гана коомчулук-*




Уланбек: “Бул ар бирибизге тиешелүү”. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

*тан эмес, парламент тарабынан да көтөрүлүп келет. Биздин парламентарийлер долбоорлорго кылдаттык менен көз салып турушат. Инвестициялык долбоорлордун кандай иштеп жатканын депутаттарга маал-маалы менен кабарлап турабыз. Ооба, таза суу долбоору боюнча олуттуу маселе болгон: бир гана коррупция эмес, долбоорду сапаттуу ишке ашырууда да маселе жаралган. Ырас, ар бир иште ката болбой койбойт. Эң башкысы, ошол кемчиликтерди жоюу үчүн туура чечимдер кабыл алынышы керек.*

**КСТ**. Өлкө боюнча Кара-Жыгач сыяктуу таза сууга муктаж айылдардын саны 500дөн ашат. Башкача айтканда, дагы 700 миң адамды таза суу менен камсыздоо зарыл. Кыргыз өкмөтү менен жергиликтүү бийлик Азия өнүктүрүү банкы берген грантты максаттуу сарптаса, бир топ айылдар суудан кыйналбай калар эле. Бирок кыргыз бийлиги эл аралык уюмдардын каалгасын кагып, таза суу үчүн кайрадан карыз суроо менен алек.

**Аскар Токтошев, Курулуш агенттигинин таза суу менен камсыздоо департаментинин башчысы:**

*– 150–170 миллион долларын азыр биз чечип жатабыз. Тышкы иштер министрлиги аркылуу 438 миллион долларга арыз бердик. Эгер ушул чечилип калса, буйруса, он жылдын ичинде алдыга койгон тапшырмабызды ишке ашырабыз.*

**КСТ**. Кыргызстан кайсы өлкөлөргө эң көп карыз? Кайсы каржы уюмдарынан эң көп жардам алат?

Кыргызстандын учурдагы тышкы карызы 3,8 миллиард доллар. Анын 40 пайызы, башкача айтканда, 1,5 миллиард доллар Кытайдан алынган. Калганы Дүйнөлүк банк, Азия өнүктүрүү банкы сыяктуу эл аралык каржы уюмдарынан, Орусия, Жапония жана Түркия сыяктуу донор өлкөлөрдөн алынган. Негизги карыздарды төлөө убактысы 2024-жылдан тарта башталат.

Эми эң негизги суроо: миллиарддаган каражаттар кайда кетти? Чет өлкөдөн келген акчалар кайда жумшалды?

Каржы министрлигинин маалыматы боюнча эл аралык донорлордон алынган каражаттардын 28 пайызы (1 миллиард доллар) бюджетти колдоого, 26 пайызы (983 миллион доллар) транспорт тармагына, 23 пайызы (795 миллион доллар) энергетика секторуна жумшалган. Калган 1 миллиард доллар ар кандай экономикалык жана социалдык долбоорлорго бөлүнгөн.

Кыргыз өкмөтү жыл сайын бюджетти колдоого донорлордон жардам алса да, бюджет таңсыктыгы 23 миллиард сомго жетти. Миллиарддаган сомдор энергетикага жумшалып жатса да, бул тармактагы жабдыктардын 62 пайызы иштен чыккан абалда. Жолдорго да олчойгон каражаттар бөлүнүп жатканы менен, алардын сапатына ичи чыкпагандар арбын. Андай болсо, маселенин төркүнү эмнеде? Каражаттын өз дарегине максаттуу жумшалбай жатышына эмне себеп?

**Бакыт Сатыбеков, Каржы министрлигинин коомдук байкоочу кеңешинин төрагасы:**

*– Маселенин баары мамлекеттик мекемелердин ачык-айкын*

*иштебегенинде. Алар коомдун алдында отчёт бербесе, коррупция улана берет. Жаңы жабдыкты алып орнотуу же жаңы жабдыкты алуу оңой эле. Кептин баары аларды тейлөөдө. Ооба, Дүйнөлүк банктын, Европалык банктын акчасына заңгыраган жолдор курулду. Алардын кепилдиги ашып кетсе он жыл. Бирок аталган жолдор көп узабай эле талкаланып жатат. Эгер биз салынган жолдорду жакшылап тейлесек, көпкө жетмек. Азыр карасаң – кайра эле чуңкурлар.*

**КСТ**. Чет өлкөдөн алынган грант-кредиттердин суммасы гана эсептелгени менен, алардын натыйжалуулугу боюнча бир да расмий орган сапаттуу анализ жасай элек. Мындан улам парламенттеги "Бир бол" фракциясынын депутаты, мурдагы каржы министри, Жогорку Кеңештин депутаты **Акылбек Жапаров** донорлордун каражаттары кайда кантип жумшалганын талдап, эсеп-чотун чыгаруу мезгили келгенин белгилейт:

*- Тилекке каршы, биз карызга алган акчанын баркын билбей жатабыз. Бул акчаны кайра бере турганыбызды ойлогон жокпуз. Азыр мына 28-29-премьер-министр иштеп жатат, алар "аа, бул карызды мен төлөбөйт экем" деп, карызга мектеп курганы, оорукана курганы бар. Же болбосо жанагындай таза сууга сарптап, эки-үч жылдан кийин иштебесе, жоопкерчиликтен качкандары бар. "Карыз 20 жылдан кийин же 40 жылдан кийин төлөнөт экен, бул бекер акча турбайбы" деген ой жетекчилерге да, элге да сиңип калды. Андай эмес. Чоң акчалар үчүн 20 жыл өтө аз мөөнөт. Мисалы, биринчи президенттин тушунда 40 жылга алдык, ала берели деген кредиттердин бүгүнкү күндө төлөй турган убактысы келип калды. Бүгүн биз бюджеттен 120 миллион доллардан ашык акчаны карыздарды төлөөгө жумшап жатабыз. 2020-жылы 150-160 миллион долларга чейин жетет ал. Ошондо биз канча деген акчаны тышкы карызды тейлөөгө жумшап калабыз. Андыктан тыштан алган карызды биз кайра бере турганыбызды унутпасак. Насыяларды жүк кылып, балдарыбызга, неберелерибизге таштабай, убагында кайтара турган жерлерге берсек. Завод-фабрикаларды куруп, алардын түшкөн салыгына жолду, энергетиканы оңдосок деп, ырааттуу иштерди жасасак болот эле.*

**КСТ**. Алыс барбай эле Бишкекке келип жаткан грант-кредиттерди талдап көрөлү. Борбор калаага келген инвестициялык долбоорлор мэриянын шаарды өнүктүрүү агенттиги аркылуу ишке ашат. Аталган агенттиктин сайтына баш баксак, бир катар долбоорлор жана аларга сарпталчу каражаттардын суммасы көрсөтүлгөн. Мисалы, бир эле долбоорду талдап көрөлү. Бишкектиктердин көкөйүнө көк таштай тийген таштанды маселеси көп жылдардан бери чечилбей келе жатат. Баш калаадагы акыр-чикирлерди тазалап, тиричилик таштандыларын кайра иштетүүчү завод куруу үчүн Европа банкы 22 миллион евро жардам бергени көрсөтүлгөн. Бул долбоор 2015-жылы башталып, 2017-жылы ишке ашат деп белгиленген. Агенттиктин мурдагы жетекчиси Азамат Усубалиев да мындан мурдараак "Азаттыкка" курган маегинде шаар четиндеги таштанды талаасы жашыл токойго айландырылып, ордуна таштандыны кайра иштетүүчү завод 2017-жылга чейин куруларын айткан жайы бар. Бирок иш жүзүндө долбоордон дайын жок. Шаарды өнүктүрүү агенттигинин өкүлү таштандыны кайра иштетүүчү завод 2019-жылы бүтөт деп ишендирип жатат.

**Альмира Гилятуллина, долбоорду ишке ашыруу тобунун жетекчиси:**

*- Долбоорлоо жана курулуш эки жылга созулат. Биз келишимге 2017-жылдын мартында кол койсок, долбоор 2019-жылдын март айында ишке кириши керек. Таштанды талаасын рекультивация кылуу жана заводду куруу көпкө созулат. Экөө бир убакта бүтүшү керек. Антпесе долбоор толук ишке кирбейт. Азыркы учурда консультанттар таштандыны сорттоочу ишкана түзүү боюнча документтерди даярдап жатышат. Мындан тышкары таштандыдан кандай продукциялар чыгары да изилденүүдө.*

**КСТ**. Ушул эле сайтта Бишкектин автожолдорун оңдоого 2015-2017-жылдар аралыгында дээрлик 17 миллиард сом каралганы жазылган. Ооба, мурдагыга салыштырганда, жолдор кудайга шүгүр эле курулуп жатат деңизчи. Бирок алардын сапатына көңүл бурган жан жоктой сезилет. Бишкектиктердин таламын талашып келе жаткан укук коргоочу Калича Умуралиева айрым жолдор долбоору




Тышкы карыз түзүмү. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

жок, башаламан курулуп жатканына капа. Ал Тыныстанов көчөсүн мисал катары көрсөтүп, жол салуунун сапатына коомчулуктун көңүлүн бурууда.

**Калича Умуралиева, укук коргоочу:**

*– Мына бул чечимде "Материалдарды изилдөө жогоруда айтылган курулуштар шаар куруу мыйзамдарын бузуу менен жүрүп жатканын көрсөттү" деп жазылып турат. Башкача айтканда, мыйзамда көрсөтүлгөн долбоорлоо документи жок башталган. Ошондой эле "Сатып алуулар жөнүндөгү" мыйзамдын эрежелери бузулган деп жатат. 14-берене боюнча долбоорлоо, сметалык документ ушул жолдун баарына жасалышы керек болчу. Ал жок. Мамлекеттик экспертиза болушу керек болчу. Башка документтер да жок. Эч нерсе жок эле, бузук акт менен жолдун реконструкциясын жасап жатышат. Долбоордун суммасы башында 9 772 200 сом деп чыккан. "Империя групп" курулуштун баасына 8 740 930 сунуштап, тендерде уткан. Анын жасаган ишин эми өзүңөр көрүп жатасыңар. Эски бордюрлардын сапатын карагыла да, жаңы бордюрлардын сапатын карагыла.*

**КСТ**. Программанын ачылышында айткандай, Бишкектеги таштанды кутулардан баштап көчө жарыктары, автобус, троллейбустарга чейин эл аралык донорлордун акчасына алынып жатат. Ошол эле учурда чет элдик насыяларды күнүмдүк керектөө үчүн эмес, ишканаларды ачып, жумуш орундарын түзүп, экономиканы өнүктүрүүгө жумшаш керек эле дегендер көп.

**Гүлайым Айылчы, жарандык активист:**

*– Жеке ишкерлер же уюмдар насыяны эмне үчүн алышат? Алар биринчи кезекте кредиттин арты менен өнүгүп-өсөйүн дешет. Ишкер алган акчасын кыска убакыт ичинде иштетип, көбөйтүп, кредитинен да кутулат, ошол эле учурда пайда да көрөт. Мамлекет дагы ушундай принцип менен иштеши керек эле. Анткени мамлекет – бул чоң ишкана. Бизде насыя күнүмдүк керектөө үчүн гана алынып жатат. Алынган кредит туура иштетилип, кайра инвестиция тартылышы керек.*

**КСТ**. Чет өлкөлүк гранттар тууралуу сөз козгоп жатып, бейөкмөт уюмдарды айта кетпесе болбос. Өкмөттүк эмес уюмдардын жылына четтен канча каражат алаары тууралуу маалымат бир да расмий органда жок. Мындан улам гранттардын саны боюнча ар кандай пикирлер айтылып келет. Ошондой уюмдардын бири болгон “Кылым шамы” укук коргоо уюмунун жетекчиси Азиза Абдирасулова донорлорго ар бир тыйынына чейин отчёт берерин, алардын гранттары өкмөттүкүнө караганда натыйжалуу экенин айтууда.

**Азиза Абдирасулова, “Кылым шамы” укук коргоо уюмунун жетекчиси:**

*– Биз акчаны грант түрүндө алабыз. Ал акчадан мамлекет дагы, эл дагы, кызматкерлер дагы пайдаланып, үй-бүлөсүн багып жатышат. Биз элдин мойнуна карыз илип койгон жокпуз. Сырттан келген акчаны максаттуу пайдаланса жакшы болмок. 2002-2003-жылдары ЕККУ Ички иштер министрлигин реформалоого деп, биринчи жолкусунда эле 27 миллион доллар каражат келген. Андан кийин да ЕККУ жыл сайын бөлүп*

*турду. Ал акчадан Кыргызстанга кандай пайда болду? Кээ бир убактылуу кармоо жайларын оңдоп беришти. Милицияларга машиналар, компьютерлер берилди. Бирок аны менен бүгүнкү күндө милиция оңолуп кеткен жок. Бүгүнкү милициянын абалын көрүп жатабыз.*

**КСТ**. Кыргызстан ушул жылы да бир катар уюмдардан грант-кредиттерди алат. Атап айтсак, Европа биримдиги коррупцияга каршы күрөшүүгө 555 миллион евро гранттык каражат берет. Буга чейин да сот тармагын жана ИИМди реформалоо максатында миллиондогон гранттар алынган. Мурдагы каржы министри Акылбек Жапаров убагында ХИПК (HIPC) сыяктуу программалардын жардамы менен тышкы карызды жоюу демилгесин көтөрүп, коомчулуктун таландысында калган. Андан бери карыздардан кутулуу жолун сунуштаган бирөө-жарым боло элек.

Ошентсе да КСДП фракциясынын депутаты **Абдувахаб Нурбаев** сырттан карыз албай эле мамлекет менен жеке өнөктөштүк мыйзамы аркылуу бир катар долбоорлорду ишке ашырса болорун айтууда:

*- Өнүккөн мамлекеттердин тарыхын карасак, Азияда жайгашкан ошол эле Жапония, Түштүк Корея, Түркия, Казакстан карыз алууну токтоткон. Алар мамлекеттик жана жеке өнөктөштүк мыйзамынын негизинде иш баштакан. Биз ушул боюнча иштей албай жатабыз. Бизде бул боюнча мыйзам кабыл алынганына беш жыл болуптур. Бирок бир да долбоор аткарылбаптыр. Анткени ал мыйзамды юристтер жазган да, ишкерлер, аткаруучулар катышпай калган. Мен үч ай мурда ушул боюнча премьер-министрге кирип, сунушумду бердим. Өкмөттүн өкүлдөрү, Жогорку Кеңештин депутаттары, бизнес ассоциациялары менен ушул мыйзамды иштеп кете турган кылып кайра жазып чыгалы деп айттым. Эгер биз бул мыйзамды жакшы иштеп чыксак, инфратүзүмдү да кура алабыз. Эң башкысы бизде ишеним пайда болмок. Ошондо карызды токтотмокпуз. Мисалы, бизден да артта калды деп жүргөн Тажикстан дагы ушул эле мыйзамдын негизинде "Коопсуз шаар" долбоорун киргизип алды. Ошол эле жол менен биз ооруканаларды, мектептерди курсак болот. Бул үчүн өкмөттүн алдында ушул маселени караган атайын орган*

*болушу керек. Менимче, муну ишке ашыруу реалдуу эле. Өнүккөн мамлекеттер ушуну менен гана өнүгүп жатат.*

**Уланбек Эгизбаев:**

- 25 жылдык тарыхыбызга үңүлсөк, Австралиядан кочкор сатып алуу үчүн да чет өлкөдөн грант алынган. Кайтарымсыз гранттын пайдадан башка зыяны жок деңизчи. А бирок олчойгон кредиттерди алып жатканда, кайтарар күндү да унутпасак. Катар келген доодон Кудай сактасын. Саламатта калыңыздар.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Уланбек Асаналиев**

# БАЖЫДАГЫ МИЛЛИОНДОР

2017-жыл, 8-февраль.

**"Азаттыктын" "Ыңгайсыз суроолор" телеберүүсү Кыргызстандын бажы тармагындагы коррупциялык схемаларды иликтөөгө алды. Адистер бажыдагы "көмүскө бюджет" 20 миллиард сомго жакын экенин айтышат.**

**КСТ**. Саламатсыздарбы, урматтуу телекөрүүчүлөр. Эфирде Азаттыктын "Ыңгайсыз суроолор" телеберүүсү, сиздер менен мен – Уланбек Эгизбаев. Биз бүгүн алдыдагы жарым саатта кыргыз бажысындагы коррупциялык схемалар тууралуу сөз кылабыз, андыктан аягына чейин биз менен болуңуздар.

Кыргыз бажысындагы көмүскө миллиондор буга чейин ишкерлер тарабынан гана тар чөйрөдө айтылып келсе, соңку күндөрү андагы коррупциялык схемалар Жогорку Кеңеште дембе-дем сөзгө алынды. Көпчүлүк парламентарийлер Мамлекеттик бажы кызматы 2016-жылы планды аткарбай, өлкө казынасын миллиардарга эңшерилткенин бетке кармашууда.

**Мурадыл Мадаминов, Жогорку Кеңештин депутаты, КСДП фракциясы (парламентте Өкмөт мүчөлөрүнө):**

*- Мына, Эл аралык валюта фондунун маалыматы турат.*

*Кытайдын импорту – күзгү иретиндеги статистика турат, 8-9-*

*10 миллиард берип турат, Эл аралык валюта фонду. Бажы жылдын башында бюджетке прогноз берип жатат, 5,9 миллиарддан бизге импорт кирет деп, азыр 4 миллиард божомол деп туруп, 5,9 миллиардда 32 миллиард киреше беребиз деп, азыр 4 миллиардда 32 миллиард беребиз деп турат. Мен айтып коёюн, ишкерлер келип жатат, Өзбекстандан Орусияга товар чыгарат экен, Чымкенттен чыгарат экен. "Биз ошону Оштон чыгаралы десек, 2-3 миң доллардан сурап жатат" дейт. Сиз өткөндө бу кишиге сөгүш бердиңиз. Бу кишинин орун басары бар экен, мен билбейт экенмин, анын "Раим миллион" дегени бар экен. Эгер бажыны иретке келтирбесеңиз, анда эки революциянын жыйынтыгы бизге бир тыйын.*

**КСТ**. Чынында эле өткөн жылы Бажы кызматы өлкө бюджетине 32 миллиард сомдон ашык каражат чогултушу керек болсо, иш жүзүндө дээрлик 3 миллиард сомго аз топтогон. Бажы кызматы мамлекет казынасынын 25 пайызын толтуураарын эске алганда, пландын толбой калышы ансыз да тартыш бюджетке кесепетин тийгизбей койбойт. Бажы кызматы болсо пландын толбой калышына объективдүү себептер бар деп ишендирүүдө.

**Азамат Сулайманов, Бажы кызматынын төрагасы:**

*– Негизи Орусия Федерациясы таасир берет да бул жерде, жалпы чогулган акчанын 85 пайызын Орусия Федерациясы толтурат. Анан Орусияда жанагы санкциялар деп атпайбы, бул чындап эле ушундай цифраларга келгенде билинет экен. Импорттун көлөмү кескин түрдө түшө баштады. Жылдан жылга түшүп келатат да азыр. 2016-жылы 2015ке салыштырмалуу түштү, 2015-жылы 2014-жылдагыдан түштү. Азыр дагы Орусиянын Экономикалык өнүгүү министрлиги келерки жылы да төмөндөө болот деп божомолдоп атат. Бирок мурункудай кескин эмес. 2015-жылы 25-30 пайызга жакын түшсө, азыр 3 пайыздын тегерегинде болот деп божомолдоп жатат. Быйыл жакшы эле чогулат деп ишенүүдөбүз.*

**КСТ**. Кытайдан Кыргызстанга Торугарт жана Эркечтам бажы бекеттери аркылуу жылына 20 миңге жакын жүк ташуучу унаа




Кыргыз Республикасынын Бажы башкармалыгы жайгашкан имарат.
*“Азаттыктын” фотоархивинен.*

кирет. Майрам жана эс алуу күндөрүн кошкондо, бажы өткөрмөсү 120 күн иштебейт. Ошондо калган ар бир күнгө 80 фурадан туура келет. Ар бир жүк ташуучу унаада орточо 25 тоннадан товар бар деп эсептесек, күн сайын 2 миң тоннадай товар кирет. Бажы тариздөөсүн килограммына орточо 1,5 доллар же 100 сом деп эсептесек, күн сайын 200 миллион, жылына (245 күндө) 49 миллиарддай сом казынага түшмөк. Бажыдан жылына 30 миллиард сомдой каражат чогулганын фуралардын 25 пайызы транзит экенин эске алганда, 15 миллиардга жакын сом сол чөнтөккө кетип жатышы мүмкүн.

Ушул жерде маани берчү жагдай – Кытайдын статистикасы 2015-жылы Кыргызстанга экспорттолгон товардын 4 миллиард 280 миллион доллардан ашканын көрсөткөн. Ошол эле жылы Кыргызстан Кытайдан 920 миллион долларга жакын гана товар импорттолгонун билдирген болчу. Бир сөз менен айтканда, Кытайдан кирген товардын көлөмү кыргыз тараптын статистикасы боюнча кытайлардыкынан төрт эсе аз. Бажы кызматы болсо бул айырмачылыкты “эки өлкөнүн жүктү саноо ыкмасы эки башка” деп түшүндүрүп жатат.

Ал ортодо бажычыларга байланыштуу дагы бир кызык факт ортого чыкты. “Бир Бол” фракциясынын лидери **Алтынбек Сулайманов** 232 бажы кызматкери жапырт эмгек өргүүсүнө чыгып, алардын ичинен 20дан ашыгы Жаңы жылды чет өлкөлөрдө тосконун жар салды:

*– 232 кызматкер жаңы жылдын алдынан, артынан эмгек өргүүсүнө чыгышкан. 232нин жыйырмасы эң жогорку катардагы жетекчилер. Төраганын орун басарынан баштап башкармалыктардын башчылары – 20сы эле, андан кийинки дагы бөлүм башчылар – бүт жетекчилер Жаңы жылда эмгек өргүүсүнө чыгышкан. Жалаң жетекчилер эмгек өргүүсүнө чыгып жатышат. Себебин мен айтып берейин сиздерге – баардыгы өлкөнүн тышынан Жаңы жыл тосуп келишти. 30-40тай, баардыгы, көпчүлүгү биздин бажыдан, "Манастан" учпай, Алматыдан учушуптур, издерин жашырышып. Жаңы жылды чардап сырттан тосуп жүрөт, кайсы жетекчиңиз кайда жүрөт? Сиз билишиңиз керек. Булар маалымат алып жүрүүчүлөр, баардык жетекчилер. Бу силердин Бажы кызматыңар кандай өзү? Жарандык кызмат эмес бул. Баардыгыңыздар бала-чакасы менен чардап… Каяктан акчаны алып жатат?*

**КСТ**. Бажы кызматындагы 27 кызматкер майрамды Дубай сыяктуу мегаполистерде өткөрүшкөн. Алардын арасында "Раим миллион" деген лакап ат менен жамы кыргызга белгилүү Раимбек Матраимов, анын оң колу делген Шарабиддин Марипов да бар. Анткен менен Бажы кызматынын төрагасы **Азамат Сулайманов** кызматкерлеринин эс алуусу мыйзамдуу өткөнүн айтууда. Анын ишендиришинче, Дубайга саналуу эле бажычы "күйүп кетчү" арзан турлар менен барган экен:

*– Ошол жаңы жылга деп карасак, декабрдын аягы, январдын башы десек, эми 200дөн ашыгыраак адам экен, ошонун ичинен Жаңы жылга төрт адам чыгып кетиптир, уруксат алып, кол коюп, инструктаж өтүп. Жаңы жылдан кийин 3-январдан тартып дагы 10 адам чыгыптыр. Эми ал Дубай эле эмес, Орусия Федерациясына чыккандар бар экен, туугандарына суранып кеткендер, Кытай Эл Республикасына, Түркияга чыгып кеткендер бар. Ал бир жагы. Экинчи жагы – эми азыр "күйүп жаткан тур" деген дагы бар, аны менен, таң калыштуу деле эмес го, чыгып барып келиши. Чынын айтканда, мен мына көп командировкага барып жатам, Москвага барып жатам, "Күйүп бараткан тур" деген менен иштебеген адам эле бара албай калбаса, негизи азыр анын кыйынчылыгы деле жок.*

**КСТ**. Ооба, бажы кызматкерлери чардаган Дубайга Алтынбек Сулайманов деле барып, керек болсо видеосуна чейин Интернетке тарап кеткен. Балким, бажычыларга сын айткан эл өкүлдөрүндө деле жеке кызыкчылык болушу мүмкүн. А бирок бажыны байырлаган коррупцияны, көмүскө схемаларды эч ким тана албастыгы айдан ачык.

Кыргыз бажысындагы коррупциялык схемаларды жеринен иликтөө үчүн Ошко барып келдик. Көпчүлүк билгендей, Эркечтам аркылуу Кытайдын товарлары туш тарапка тарайт. Эмесе, ишкерлердин маалыматтарына таянып, бул тармактагы эки негизги көмүскө схеманы инфографиканын жардамы менен түшүндүрө кетели.

### Кыргыз бажысындагы көмүскө схемалардын бири

Байкоочулардын баамында, кыргыз бажысында кеңири жайылган көмүскө схема төмөнкүчө:

Кытай жана башка өлкөлөрдөн Кыргызстанга кирген жүктөргө түрүнө жараша бажы төлөмдөрү алынат.




Бажыдан келүүчү киреше түзүмү. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

Алым товардын баасына жараша килограммына төлөнөт.

Жүк ээлери бажычылар менен сүйлөшүп алып **кымбат товарды эң төмөнкү бажы төлөмү менен каттатышат**.

Мисалы, 10 тонна кымбат баалуу **телефонду** алымы төмөн "**кездеме**" деп тариздешет.

Ошентип, казынага түшчү миллиондор бажычыларды байытат.

Бул схеманы ишке ашырууда жүк ташуучу ортомчу фирмалардын ролу чоң.

**КСТ**. Жемкорлуктан жабыр тарткан бир катар ишкерлердин үнүн укканга жетиштик. Ишкерликке тиешеси жоктор Кудайдан корксо, ишкерлердин корккону эле – бажы кызматкерлери. Коррупциялык схемаларды ачык-айкын камерага айтып берчү ишкер табуу оңойго турган жок. Баары эле бизнесин тарттырып жиберүүдөн чочулап, аты-жөнүн айтпай, кебетесин көрсөтпөй, үнүн өзгөртүү шарты менен гана маектешти. Алардын бири Эркечтамдагы паракорлук тууралуу буларды айтат:

*– Едем в Китай, да? Мы заходим к работникам таможни, или они выходят, сразу даем деньги. Там ставка, например, разная. От 5 до 10 тысяч сомов вот за этот "степ". Потом, далее – карантин, потом еще какие-то, ну там три службы, которые берут от тысячи и далее, до пяти тысяч. Погранцы тоже берут от трех до пяти-шести. Но самое большее берут таможенники. Что можно, что нельзя – все провозят, но все-таки берут.*

**Уланбек Эгизбаев:**

– Макул, ишкерлер схемалардын баарын билет экен. Анда эмнеге тиешелүү органдарга арызданышпайт? Эмне үчүн жемкор кызматкерлердин жосунсуз жоруктарын ашкерелешпейт?

*– Там одна женщина стала возмущаться – с нее очень много начали требовать денег. Ей сказали, что сейчас в пакетик героина туда засунут в сумку. "Мы сделаем это незаметно – ты проедешь в Китай, и за это приговорят к смертной казни". То есть типа "ты ничего не сможешь сделать, лучше плати деньги и нормально езжай". Я слышал такой разговор. И, конечно, из-за этого могут бояться. Могут бояться.*

**КСТ**. Ии баса, коркутуу демекчи, 2012-жылы "Транс Ордо" автоташуучулар ассоциациясынын ошол кездеги тең төрагасы Мырзамат Чынгараев "Жаңы Агым" гезитине агынан жарыла интервью берген. Анда ал Ош бажысындагы коррупциялык схемаларды ачык айтканы үчүн айтылуу "Раим миллиондун" жоон билек жигити Зафар Айдаровдун балдарынан токмок жегенин айткан. Чынгараев ошондо катуу коркуп калганбы, айтор, издеп барганыбызда, бажыдагы миллиондор тууралуу ныпым ооз ачпай, баардыгын Кудайга койгонун айтуу менен чектелди. Ошентсе да чындык үчүн өз жанын тобокелге салып, коррупциялык схемаларды ачык айтчу киши чыкпай койгон жок.

**Исабай Сулайманов, "Югтранс" оор жүк ташуучулар биримдигинин тең төрагасы:**

*- Бир айда 200 машине жүк чыга турган болсо, ошол жүктүн 20-30 пайызы Кыргызстандын жүгүн алып чыгып атышат булар. 20 пайыз болгондо, 40 машине жүк Кыргызстандыкы чыгып атат, Бишкекке кетип атат, Ошто калып атат, ал тургай Москвага чейин кетип атат. Калганы болсо Өзбекстанга кетип атат. Эми ким кепилдик берет, бажыдан транзит жүкпү, Кыргызстандын жүгүбү, импортпу – экөө аралашып кетип атат да, импорт менен транзит?*

**КСТ**. Өзбек ишкерлери Кыргызстандын аймагын транзит катары колдонуп, Кытайдан жүк ташышат. Эми транзит жүккө байланышкан схеманы жалпак тил менен түшүндүрөлү.

Адистердин айтымында Кыргызстандын бажы тармагындагы негизги коррупциялык схемалардын бири төмөнкүчө. Кытайдан чыккан оор жүк ташуучу унаалар Эркечтам аркылуу Өзбекстанга өтөт. Бул "транзиттик жүктөр" деп аталып, эч кандай бажы төлөмү алынбайт. Ошол себептүү жүк ээлери бажы кызматкерлери менен келишип алып, Кыргызстанда же Евразия Экономикалык Биримдигинде сатыла турган товарларды деле "транзит" деген ат менен өткөрүшөт. Орто эсеп менен айтканда, Кытайдан он фура транзиттик жүк кирсе, анын үчөө бажы төлөмүсүз өлкөдө калат. Ошентип, өлкө бюджетине түшчү бажы төлөмдөрү сол чөнтөктөргө солонот.

Өзбекстандык ишкерлер транзиттик жүктөн тышкары Оштогу "Достук" бажы посту аркылуу Кыргызстанга товар өткөрүшөт. Ишкерлердин айтымында, аталган жүктөр да саналуу эле кишинин капчыгын толтурат. Дагы бир жашыруун калууну каалаган каарманыбыз "Достуктагы" көмүскө иштерди мындайча түшүндүрдү:

*- Эми, болжол менен 2 миң, 1 миң. Көп айтпайын эми, алар өздөрү каалагандай коёт. Сен Эмил менен дос болуп калсаң, Эмил менен тааныш болуп калсаң, сага жардам берип коёт, "Сен 500 доллар берип койсоң болот" дейт. Чоочунсуңбу – 1000, 2000 деп коёт, 2000 бересиң. "КамАЗым бар" деп Эмилге бардым. "Бир КамАЗым бар, ушуну чыгарганга жардам берип койчу", - десем* (сөгүндү), *"Өзбекстан менен сүйлөшө турган болсоң 10 000 доллар бажыдан өткөрүүгө берет экен десең", -* (сөгүндү), *"Өзбекстанга берсең* (сөгүндү) *айнып каласың" дейт. Русланга бере берет. Русландыкы бажыдан өткөрүшү арзан. Монополия. Бүт монополия* (сөгүндү). *Эч ким эч нерсе кыла албайт. Сен Өзбекстандан ала да албайсың. Алып көрсөң, алсаң терминалга киресиң – бүттү, жатасың үңкүйүп. Өкүнүп жүрө бересиң андан ары, убакыт болсо өтүп кеткен* (сөгүндү). *Сага экинчи жолу берген адам* (сөгүндү) *бүттү, жардам бербейт.*

**Уланбек Эгизбаев:**

*- Руслан өзү ушу жерде иштейби?*

**Аноним:**

*Руслан өзү* (сөгүндү), *мына бул жерден машинеси чыгат, Кара-Сууга кирет, анан машинесин бир саатта каратып* (сөгүндү), *базарга кирип кетет. Кимиси болбосун Русланга бере берет. Руслан бул жерден каалаган "ставкасын" коюп иштей берет, Өзбекстандан. Азыр сага берсе, сеники терминалда жатат, 10 күн. 10 күндөн кийин дагы бир машина чыгарсаң, дагы 10 күн жатасың. Болду, өзүң эле ... коёсуң.*

**КСТ**. Маектешибиз "Руслан" деп Раимбек Матраимовдун бир тууган инисин, анын "өкүл баласы" деп, Түштүк бажысынын башчысы Эмилбек Кимсановду айтып жатат.

**Исабай Сулайманов, "Югтранс" оор жүк ташуучулар биримдигинин тең төрагасы:**

*"Алкаш" деп коёт, "фирмач" деп коёт. Ал эч бир жерден катталган эмес, мамлекетке отчёт бербейт. Бул болгону ошо транзит жүк чыгабы, импорт? Эми импорттун ээси бар бул жерде. Импорт келгенде "фирмач" аны тууралаштырып, бажыдан өткөрөт, а транзит бажыдан өтпөйт да. Ошого окшогон, мисалы, транзит машине менен жүк чыкканда, белгилүү бир акча алып, таразасына берип, бажыга берип, башкага берип турган ушу бажыдагы коррупциялык системаны жоготуш керек. Коррупциянын эң бир барып турган жери – ортодогу ортомчулар. Мисалы, бир айда Кыргызстандан миң машина чыкса, беш-алты адам эле алат алчусун – ушуну жоготуш керек. Жүк чыктыбы, бажыдан тууралаштырып туруп, коштоо менен алып келип туруп терминалга өткөзүп, андан ары жол-жобосу болуш керек да. Ушу мыйзамда жок, эч нормага туура келбеген нерсе да, жанагы "фирмач" эле кагазын тууралашы керек эле. Ал "фирмач" эч жерде кол койбойт. Эй, бул мыйзамда жок. Ошону жоготуш керек...*

**Табышмактуу "Раим миллион" деген ким?**

**КСТ.** Эми атагы таш жарган "Раим миллион" тууралуу кененирээк кеп кылалы. Раимбек Матраимовдун сырдуулугун мындан билиңиз, анын кебетеси баарын билген "Гуглга" да табышмак. Эки ооз интервьюсун, видеосун мындай кой, Интернетти казып отуруп, эки сүрөтүн зорго таптык. Бул анын жабык адам экенин белгилесе керек. 2015-жылы ошо кездеги премьер-министр Темир Сариев өз буйругу менен Матраимовду Бажы кызматынын төрагасы кылып, апей, төрагасынын орун басары кылып дайындаган болчу. Ал ага чейин Ош бажысын жетектеп келген. Ошол учурда азыркы төрага Азамат Сулайманов Раим мырзанын орун басары болуп бир жарым жылча иштеген. Азыр болсо тескерисинче. Айрым саясатчылар: "Матраимов расмий түрдө орун басар болгону менен, иш жүзүндө Оштогудай эле баарын өзү чечет", – деп сындап келишет.

**Азамат Сулайманов, Бажы кызматынын төрагасы:**

*– Эми, айтып жатпаймбы, элде ар кандай сөз жүрө берет экен, эми иштеп жатабыз. Эми айтканыма жараша жанагындай 8,5 миллиардга көп чогултуп, быйылкы планды аткарабыз деп жатабыз. Бөлөк сөз жок да. Иш менен көрсөтөбүз.*

**КСТ**. 2010-жылдагы апрель ыңкылабынан кийин ошол кездеги “Убактылуу өкмөт мүчөлөрүнүн телефон сүйлөшүүсү” деген аудио Интернетке тарап кеткен. Анда Азимбек Бекназаров Матраимовду таза эмес иштеген кызматкер катары сыпаттап, “400 миң доллар пара менен креслосун сактап калды” деп, Убактылуу өкмөттүн жетекчилерин жемкорлукка айыптаган. “Жыйырма жылдан бери мамлекеттик кызматта иштеп келе жаткан адам, лакап аты айтып тургандай, миллиондорду кайдан тапты?” деген суроо калың элди түйшөлтүп келет. Анткени Раимбек Матраимов Кыргызстандагы эң бай адамдардын катарында экенин маалымат каражаттары байма-бай жазып келишет. Бир эле мисал – эсиңиздерде болсо, “Азаттык” буга чейин анын баласынын кол сааты эле 43 миң доллар турарын жазып чыккан. “Тууганчыл бийлер” деген иликтөөбүздө анын үч бир тууганы тең мамлекеттик кызматкер экенин айтканбыз.

Раимбек Матраимовдун 2015-жыл үчүн толтурулган декларациясында “бир жылдык кирешеси 587 миң сом” деген айлыгы гана жазылган. Жеке менчик турак жайы катары 57 чарчы метр батири гана көрсөтүлгөн. Мындан тышкары декларацияда жакын туугандарына 39 чарчы метр үй жана 2014-жылкы “Лексус GX 460” унаасы гана жазылган.

Раимбек Матраимов кагаз жүзүндө кедей болгону менен, иш жүзүндө миллионер дегенчелик эле бар. Анда биз аныктаган мүлктөрдү четинен санайлы.

Оштогу мына бул хан сарай документ боюнча Матраимовдордун маркум энеси Апиза Матраимовага катталган. Заңгыраган үйдө “мамлекеттик кызматкер жашайт” десе, көргөн көзүбүзгө ишенбей, кароолчулардан сурадык:

– Раим байкенин үйүбү?

*– Ооба, ким болосуң?*

– Мен, Улан. "Азаттыктан"...

Оштогу чоңдор "мамлекеттик резиденциянын айланасына хан сарай курабыз" деп мелдешип алганбы, айтор андагы аткаминерлердин үйүн санап отуруп башыбыз адашты. Мына бул заңгыраган үйдүн бирөөсү Раим мырзанын агасы, КСДП фракциясынын депутаты Искендер Матраимовго, экинчиси болсо "Раим миллиондун" кезиндеги жоон билек балбандарынын бири, азыркы бажы кызматкери Зафар Айдаровдун үйү десе ишенесизби? Анда өздөрүнөн дагы бир ооз сурап көрөлү:

– Зафар байкенин үйүбү?

*– Ии.*

– Өзү үйдө бар бекен?

*– Жок.*

– Жокпу?

*– Бишкекте.*

– Бишкектеби? А сиз кимиси болосуз?

*– Аялы.*

– Аа...

**КСТ**. Жөнөкөй эле суроо – 25 жашынан баштап айлыгы аз мамлекеттик кызматта иштеген адам кантип байыды? Киреше булагы эмне үчүн декларацияда көрсөтүлгөн эмес?

**Искендер Матраимов, Раимбек Матраимовдун агасы:**

*– Мен билгенден, иним ушул Ош бажысынын башчысы болуп келгенде, айлык план 28 миллион эле. Ошол планды 480 миллионго чейин жеткизди. Бул бир айлыгы! Бир айлык планы. Анан эми бул... айтайын дегеним, 2010-жылы дагы, ошол апрелде эле, ошол эле майда, ошол эле июнда дагы бажынын өзүнө жүктөлүп турган пландары толуп турган. Анан эми адамдар ушундай экен да, бүгүнкү күнү жумушка карабай, адамдын бири-бирине болгон мамилесине карап, мамиле жасалып калды деп эле сезиле берет да. Бир эле нерсени мен мисал келтирейин –*




Бажы постунда документ текшерип жатышат. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*былтыр 2015-2016-жылдардагы өсүштү 8 миллиард бекен же 6,5 миллиардбы, өткөн жылкыга салыштырмалуу көп топтошту. А бизде дагы, парламентте дагы сөз болуп жатпайбы, "план толбой калды" деп, ал ошол ортодогу ЕвразЭСке кирген мамлекеттерге түшө турган прогноз эле. Ал баардык эле мамлекеттерге бөлүнүп, биздин мамлекетке ошо 2 миллиард 600бү, 700бү, миллион сом түшпөй калды. Ошонун үстүндө сөз болуп эле "план толбой жатат" деген сөз жүрүп жатат.*

**КСТ**. Ош шаарындагы эки "Народный" дүкөнү, жаңы курулган EREM спорт комплекси сыяктуу объектилер, Бишкектеги бир катар кыймылсыз мүлк Матраимовдордун үй-бүлөсүнө таандык. Четинен алып айтсак, Эркиндик бульварындагы "Корона" аттуу тандалма көп кабатта 225 чарчы метрлик үйү бар. Калыстык үчүн айтып коёлу: ушул эле ак сөөктөр үйүндө Бажы кызматынын мурдагы төрагасы, азыр 15 миң доллар айлыгы бар, Кыргыз-Орус фондун жетектеп турган Кубанычбек Кулматовдун да батири бар.

**Искендер Матраимов, Раимбек Матраимовдун агасы:**

*– Мына, алты жыл болду, ыраматылык атамдын атынан фонд түзгөнбүз. Матраимов Ісмайыл атындагы фонд. Ошол фондго бүгүнкү күнү спонсордук акча бизге түшүп жатат, чет мамлекеттерден. Биз да чет мамлекеттерге барып, мен жолукканда же болбосо бизге келгенде, ошого окшогон маселелер болот, "Кыргызстан өзү бүгүн бир аз кризис болуп жатат, кыйналып турганда биз бир аз салымыбызды кошолу" деп, ошо келген акчанын баарын, бүгүнкү күндө инвестициядан келген акчаны фондго түшүрүп, ошо объектилерди куруп жатабыз. Эми бул мындай да – мусулманчылыкта кылган нерсени милдет кылып болбойт. Ал түшкөн акчага же ресторан салып же чоң-чоң көп кабат үйлөрдү салып же бир пайда түшө турган бир объект кылганыбыз жок да? Мына, өзүң билесиң, жакында биз EREM деген спорт комплексти ачтык. Бул жерде Раимбектин эч кандай тиешеси жок. Ал тургай ал Раимбектин атында да эмес, бул бир. Экинчиден, инимдин үйү деп жатасыңар, инимдин үйүндө биз айылда, Оштон бир 20 чакырым алысыраак жерде жашайбыз. Шаарга келгенге бир он жылдай ашып калды, ал үйдү баштап киргенине. Биз ошо үйгө киргизип, апамды шаарга алып келели, баары бир деле шаарга келип калдык, ошо жерде апабыз шаарда, жаныбызда жашасын деп куруп бергенбиз. Мына бүгүнкү күнү апам бир жыл болду, кайтыш болуп калганына. Ал эң кичинебиздин үйү болуп калды.*

**КСТ**. Кыргыз бажысындагы коррупцияга ар ким ар кандай масштабдагы бааны берет. Жада калса Евразия Экономикалык Биримдигине кирген өлкө башчыларына чейин Кыргызстандан өткөн жүктөргө түпөйүл экенин кыйытышкан. Белгилей кетчү жагдай, Орусиянын Бажы кызматынын экс-башчысы, Кыргыз-Орус өкмөт аралык комиссиясынын мурдагы тең төрагасы Андрей Беляninов аткезчиликке байланыштуу кылмыш ишинин алкагында текшерүүгө алынган. Тиешелүү кызматтар анын үйүн тинтүүгө алганда ири суммадагы накталай акча табылган. Ошол учурда айрым маалымат каражаттары Белянинов Кытайдан Кыргызстан аркылуу Орусияга ташылган жүктү калкалаарын, ага кыргыз бажы башчылары да табакташ экенин жазып чыгышкан.

**Равшан Жээнбеков, экс-депутат:**

*- 70 тоннага жакын учак менен учуп келген контрабанданын төрт айдан бери бети ачылбай жатса, же мыйзамды бузган кызматчылар жоопко тартылбай турган болсо – баардык укук коргоочу органдар жөнүндө айтып жатам – биз муну айтышыбыз керек. Бул сөзсүз түрдө чырмалышкан кандайдыр бир деңгээлде бир синдикат болуп калган. Укук коргоо органдарынын бири-бири менен атайылап коррупциялап жасашкан аябагандай чоң системасы деп айтсак болот.*

**КСТ**. Аткезчилик демекчи, былтыр "Манас" аэропорту аркылуу баасы 70 миллион сомдук, салмагы 40 тонналык товар колго түшкөнүн өткөн программабызда айтканбыз. Бул иш боюнча бир да бажы кызматкери ушул күнгө чейин жоопко тартыла элек. Ал арада айрым депутаттар бажынын 25 кызматкерине козголгон кылмыш иши жең ичинен жабылып калганын айтып чыгышты. "Азаттыктын" колуна тийген документке таянсак, былтыр 25 бажычы Москвага барып, мейманкана кызматы үчүн 4 миллион сомду мыйзамсыз короткон. Мындан башка Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик кызматтын (УКМК) Тергөө башкармалыгы "Кызмат абалынан кыянат пайдалануу", "Кызматтык жасалмалоо" жана "Ишенип берилген мүлктү ээлеп алуу" беренелери боюнча Бажы кызматынын төрагасы Азамат Сулайманов баш болгон 25 кызматкерге кылмыш ишин козгогон. Мындан көп өтпөй, "келтирилген чыгымдар кайтарылды" деген жүйө менен кылмыш иши сууга сиңгендей жоголуп кеткен. Бул факты Эсеп палатасынын аудитинде да так көрсөтүлгөн.

**Азамат Сулайманов, Бажы кызматынын төрагасы:**

*- Он үч кызматкерибизди терс мотивдер менен, ушундай "коррупциялык көрүнүштөр", "этикага сыйбаган жүрүш-туруш" деген негиз менен кызматтан кетирдик. Мамлекеттик кадр кызматына маалыматтарды жибердик, каттоого койдук. Албетте, бул биздин коопсуздук кызматынын иши, күчөтүлгөн режимде жүргүзүлүп жатат.*

**КСТ**. Бир катар эл аралык изилдөөлөрдө Кыргызстандын бажысы эң коррупциялашкан тармактардын бири катары көрсөтүлгөн. Маселен, Дүйнөлүк банктын эл аралык товар ташуу логистикасынын натыйжалуулугу боюнча жүргүзүлгөн изилдөөсүндө Кыргызстан 160 өлкөнүн ичинде 146 орунга араң илинген. Салыштыруу үчүн айта кетсек, 2010-жылы ушул эле рейтингде 55 позиция алдыда, тагыраагы, 91-орунда болчу. Бажы кызматы персоналдын айлык акысы аз, товарларды текшерүү үчүн атайын жабдык жок экенин айтып келет. Анда эмне үчүн ЕАЭБге киргенге чейин эле бажы бекеттерине сканерлер коюлбайт? Эмне үчүн бажы тариздөөсү автоматташтырылбайт?

**Руслан Акматбек, ЖИА бизнес бирлигинин аткаруучу директору:**

*- Бажы кызматы ишкерлерге, жарандарга кызмат кыла турган мамлекеттик орган экенин өзү түшүнбөй жатат да. Дагы эле баягы көзөмөлдөгөн, текшерген, анан жазалаган бир орган сыяктуу. Анткени биздей ишкерлер үчүн, мисалы, Бажы кызматы – эң жабык орган. Анан көп жол-жоболору жабык. Биз маселе көтөрүп чыкканда бир нерсени байкадык – маселе көтөрүлүп чыкканда эле дароо аркасынан "сен бул маселени көтөрсөң, мен сени жазалаганга өтөм" деген Бажы кызматынын катардагы кызматкерлеринин мамилеси өзгөрө түшөт. Ишкерлердин Бажы кызматы жөнүндөгү айткысы келбегендиги дагы эң чоң көрсөткүч. Болбосо баары ачык-айкын, жакшы болсо, ошол көйгөйлөрдү айтып чыкпайсың да. Эң эле элементардуу түрдө ушул Бажы кызматынын эрежелерин түшүнүктүү, автоматтык кылып, анан адам менен сүйлөшүүлөрдү мүмкүн болушунча азайтыш керек да. Мисалы, Грузияда кандай болот? Биз барганда көрдүк – ташып келинген товардын документтерин бергенден кийин, сен тамак ичип бүткүчө ал документтериң сага келип калат. Сүйлөшкөндөгү ар бир сөзүң жазылат, сен кийин өз укугуңду сотто же башка органдарда коргой аласың.*

**Уланбек Эгизбаев:**

– Урматтуу көрүүчүлөр, биз жогоруда кыргыз бажысындагы коррупциялык схемалардын айрымдарын гана көрсөтүүгө үлгүрдүк[7]. Бажы тармагындагы көмүскө миллиондорду жана бажычылардын жашыруун мүлкү тууралуу иликтөөбүздү кийинки программаларыбызда дагы кененирээк улантабыз. Саламатта калыңыздар.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Уланбек Асаналиев**

[7] Раимбек Матраимов 2017-жылдын 23-ноябрында Мамлекеттик бажы кызматынын төрагасынын орун басарынын кызматынан бошотулган. Өкмөт бул чечимди "анын иши жетекчиликтин чечимдерине жана жүргүзгөн саясатка каршы келет" деп негиздеген. Ал 2017-жылдын апрель айында "мени негизсиз жумуштан алды" деп өкмөттү сотко берген жана ал кездеги премьер-министр Сапар Исаковдун буйругун жокко чыгарууну өтүнгөн.

# ИШТЕЙМ ДЕП БАРЫП, АБАККА ТҮШКӨНДӨР

2015-жыл, 16-февраль.

**Тышкы иштер министрлигинин маалыматына таянсак, чет өлкөлөрдө эркинен ажыратылган кыргызстандыктардын саны 2913 адамды түзөт. Алардын ичинен 2549у Орусияда, 303ү Казакстанда жана 26 жаран Тажикстандын жаза аткаруу мекемелеринде кармалып турат. Мындан сырткары, Кытайда 9 кыргыз жараны өмүрүнүн соңуна чейин абакка кесилсе, бирөө маңзат соодасы үчүн өлүм жазасына тартылган.**

ИИМдин Орусиядагы өкүлү **Аскат Алиевдин** айтымында, бул өлкөдө кыргызстандыктар арасында катталган кылмыштардын көбү маңзатка байланышкан:

*- Статистиканы карасак, Орусиядагы кыргызстандыктар эң көп маңзат менен кармалышат экен. Көбүнчө биздин жарандар баңгизатты мыйзамсыз сатуу, ташуу жана сактоо беренелери боюнча соттолушат. Мындан сырткары, акыркы убактарда адам өлтүрүү, талап-тоноо, зордуктоо сыяктуу кылмыштар да көбөйүп баратат.*

Алиев кошумчалагандай, учурда Орусиядагы кыргызстандык кылмыштуу топтор арасында да тиреш күчөгөн. Ал буга соңку күндөрдө эле катталган талап-тоноо, атышуу сыяктуу окуяларды мисал тартты.



Москванын райондорунун бириндеги убактылуу кармоочу жайдагы мигранттар. Орусия, 2013-жыл. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Чет жердеги кыргызстандыктар арасында кылмыштуулуктун көбөйүшүнө өлкөдөгү жумушсуздук маселеси да себеп. Мындай пикирин ИИМдин мурдагы башчыларынын бири **Болот Ногойбаев** билдирди:

*- Кылмыш жасагандардын саны жумушсуздукка, социалдык абалдын начардыгына байланыштуу өсүп жатат. Бирок Орусияда баңгизат менен кармалгандардын ичинен кыргыздарга караганда биздин өзбек, тажик жарандар көбүрөөк. Орусиядагы кармалгандар жеңил жол менен акча табууну көздөшөт. Маселен, Ооганстанда героиндин килограммы миң доллар болсо, ал Орусияга жеткенде 30 миң долларга чаап барат.*

Орусияда баңгизат менен кармалгандардын көч башында Борбор Азия боюнча тажик жарандары турат. Өзбек, казак жарандары да кыргызстандыктар сыяктуу эле эң көп баңгизатка байланышкан кылмыштар менен кылтакка илинишет.

Укук коргоочу **Төлөйкан Исмаилова** чет жерде соттолгон кыргыз жарандарынын айрымдары ошол өлкөнүн

тилин, мыйзамдарын билбегендиктен бейкүнөө жазага тартылып жатканына кейийт. Ал чет жерлердеги өз жарандарын коргой албай жаткан бийликти сынга алды:

*– Орусияда канчалаган адамдар бейкүнөө кармалып жатат. Кармалгандан кийин эле дайыны чыкпай калат. Анткени адвокат жалдаганга акчасы жок. Укук коргоочу уюмдар алардын укуктарын коргойлу десе, орус бийлиги аларды “чет элдик агент” деген мыйзамы менен кысымга алып жатат. Негизи бул жерде эл аралык мыйзамдар иштеши керек. Кыргызстан аталган өлкөлөр менен келишим түзүп, жарандарын өз өлкөсүндө жоопко тартышы кажет. Тилекке каршы, өкмөт чет жердегини кой, бул жакта соттолгондордун укугун коргой албай жатат.*

Бейрасмий маалыматтар боюнча чет өлкөлөрдө эмгек көчмөндүгүндө жүргөн кыргызстандыктардын саны миллионго жакын. Алардын 600 миңден ашыгы Орусияда болсо, 150 миңдейи Казакстанда экени айтылып келет.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# 386 МИЛЛИОН ДОЛЛАР КАЙДА КОРОДУ?

2018-жыл, 15-февраль.

**“Азаттыктын” “Ыңгайсыз суроолор” программасы Бишкек Жылуулук-электр борборуна (ЖЭБ[8]) жумшалды делген 386 миллион доллардын чоо-жайын иликтөөгө алды. “Электр станциялары” ачык акционердик коому кытайлык ТБЕА[9] компаниясы менен ЕРС контрактка кол койгон. Бул, кыргызча айтканда, курулушту ачкычка чейин өзү курат дегенди билдирет. Башкача айтканда, курулушту долбоорлор, материалдарды, жабдыктарды сатып алуудан баштап, көзөмөлгө чейинки баардык иштерди Кытай компаниясы өзү жүргүзөт. Мындан улам Эсеп палатасы алардын ишин толук текшере албайт.**

**КСТ**. 386 миллион доллар. Тааныш угулуп жатабы? Ооба, бул Бишкек жылуулук борборун жаңылоо үчүн Кытайдан алынган насыянын суммасы.

Саламатсыздарбы! Эфирде “Азаттыктын” “Ыңгайсыз суроолор” телепрограммасы. Алдыдагы жарым саатта Кытайдан алынган 386 миллион доллар кайда кетти, кандай жумшалды деген суроого жооп табууга аракет кылабыз.

[8] Оозеки кепте бул кыскартылган аталыштын “ТЭЦ” деген орусчасы да көп колдонулат.
[9] Латын тамгалар менен терилиши – TBEA.




ЖЭБдин тышкы көрүнүшү. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

**Тасмада ЖЭБдин ички жана тышкы көрүнүшү, январь айында болгон авария учурундагы абал.**

**КСТ**. "Житкен окту аткан ок табат" болуп, Бишкек жылуулук-электр борборундагы 26-январдагы авария көп кыңыр иштердин бетин ачты. Арийне, "Таба эмес тобо" дейли, ит өлгөн, селсаяктар тоңгон ошол суук болбогондо, Бишкек жылуулук борборун жаңылоого жумшалды делген 386 миллион доллар боюнча эч ким деле мынчалык отчёт сурамак эмес. Экс-президент Алмазбек Атамбаев 2017-жылы 30-августта жаңыланган жылуулук борборун ачып жатып, Бишкек мындан ары жарык жана жылуулук менен үзгүлтүксүз камсыз болот деп төш каккан эле. Атамбаевдин жалындуу сөздөрүнө шыктанган журналисттер да ЖЭБдин бир да буроосу калбай жаңыларга алмашылды деп элди ишендирүүгө ашыгышкан болчу.

**КТРКнын "Ала-Тоо 24" каналынын видеотасмасы жана синхрону:**

**Тема: "БИШКЕКСКАЯ ТЭЦ МОДЕРНИЗИРОВАНА"**

**СНХ**: – Оборудование блестит, ни одной "б/у" детали, все новое – до последней гайки и шурупа.

**Видеотасмада Атамбаевдин ЖЭБди ачып жаткандагы сөзү:** *"Бишкекчане хорошо помнят, что было Бишкек со светом, когда отключали не улицами, домами или кварталами. Я помню, когда отключали целые районы, даже помним – целая область могла остаться без света или без газа. И когда кто-то говорит, что за 6 лет во время президентства Атамбаева ничего не делано, это слепцы, конечно, это слепцы".*

**Тасмада үшүгөн аял небереси менен:**

*– Суук да, карагылачы сууктан кызарып, көзү шишип кетти, жаш агып атат токтобой...*

**Тасмада авария учурундагы көрүнүш.**

**КСТ**. Арадан бир жыл өтпөй Бишкектиктер 30 градус суукта жылуулуксуз калды. Буга ЖЭБдегилер 1965-жылкы насосту күнөөлөшүп, элестүү айтканда, аз жерден аны сот жообуна тарта жаздашты. Ошол насос тили болгондо, ак жеринен жалгыз күнөөкөр болуп жаткандыгын айтып, актанса керек эле. Бирок азыр кеп башкада. Учурда кыргызстандыктарды 386 миллион доллар чындап эле ЖЭБге жумшалды беле, ошондой болсо неге авария болду деген суроолор көбүрөөк кызыктырып жатат.

Эмесе кеп башынан болсун. ЖЭБди жаңылоо маселеси 2000-жылдары көтөрүлө баштаган. Инвестор менен алгачкы сүйлөшүүлөр 2009-2010-жылдарга болгон, тагыраак айтканда, ТБЕА компаниясы менен алгачкы сүйлөшүү 2010-жылдын январында, Максим Бакиев баштаган делегациянын Кытайга болгон сапары учурунда жүргүзүлгөн. Делегациянын курамында айтылуу Ширшов, Елисеев, Балкыбековдор менен кошо азыркы премьер-министр, ошол кездеги ЦАРИИнин мүчөсү Сапар Исаков да барган. Кыскасы, Сапар Жумакадырович Кытайлык ТБЕА компаниясы менен 8 жылдан бери жакшы тааныш.

**Тасмада ЖК депутаты Жанар Акаев:**


*– Атамбаев бийликке келген 5-6 жылдан бери Сапар Исаков тышкы саясатты карап турган. Биз так билебиз, мындай чоң*

*инвестициялардын баары Сапар Исаков аркылуу президент Атамбаевге кирип турган. Муну Сапар Исаков парламентте өзү мойнуна алды. "Мен ушул ТБЕАны 386 миллион доллары менен Кыргызстанга алып келгениме сыймыктанам," – деп айтты. Эми ошол жерде, тилекке каршы, суроо берилбей калды. Кыргызстандын тышкы карызын көбөйткөнү үчүн, 386 миллион доллардын көбү уурдалып кеткени үчүн, миллиондогон кыргызстандыктар кышта тоңуп үшүгөнү үчүн кайсы премьер-министр сыймыктанат? Тескерисинче, башты жерге салып, кыргызстандыктардан кечирим сурап, ошол күнөөлүүлөрдүн баардыгын жоопко тартып, түрмөгө салып, жазасын түрмөдө көрсөтөбүз деп айта алган жок. Сапар Исаков бир дагы сөзүндө чет элдик инвестицияларды уурдагандардын жазасын беребиз, экинчи уурдагыс кылабыз деген жок. Анткени ушул инвестициянын, долбоордун башында Сапар Исаков өзү турат.*

**Тасмада чет өлкөлүк компаниялардын көрүнүштөрү.**

**КСТ**. Бишкек жылуулук борборун жаңылоо долбооруна катышуу ниетин чет өлкөлүк төрт компания билдирген. Алардын үчөө Кытайлык Жун Хан, СМЭК, ТБЕА компаниялары, төртүнчү болуп Орусиялык Интер РАО ЕЭС компаниясынан сунуш түшкөн. Кыргызстандын ошол кездеги энергетика министри Осмонбек Артыкбаевдин ишендиришинче, ТБЕАдан башкасы долбоордун каржы булагын көрсөтө алган эмес. Ошентсе да Орусиянын Интер РАО ЕЭС компаниясы 518 миллион долларга жаңы ТЭЦ курууну сунуштаган. Ал эми СМЭК компаниясы жылуулук борборун 356 миллион долларга жаңылай тургандыгын билдирген.

Ошентип, "Электр станциялары" ачык акционердик коому Бишкек жылуулук борборун жаңылоону тендер-мендери жок эле ТБЕА компаниясынын колуна тапшырат. Буга насыя берип жаткан Кытай тараптын талабы себеп. Кытай 386 миллион доллар насыяны берип жатып, долбоорду кытайлык компания ишке ашырышы керек деген талапты койгон жана ТБЕА ишенимдүү компания экендигин кыйыткан. Ошентсе да, ТБЕА менен СМЭКтин ортосундагы атаандаштык Жогорку Кеңештин 5-чакырылышында кызыл чеке талаштарга жол ачкан. Атүгүл ТБЕА парламенттин



ЖЕБдин ичинен бир көрүнүш. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

30 депутатын өз каражатына Кытайга эс алдырып, апей, иши менен тааныштырып келген. Коомчулук муну Кытай компаниясынын депутаттарды паралоосу катары кабылдаса, жоон топ депутаттарды Кытайга баштап барган ошол кездеги энергетика министри элдин кызыкчылыгы үчүн кыдырып келгенин айтат.

**Тасмада Осмонбек Артыкбаев:**

*– Отуз депутат бара жатса, мен ошонун башында турган энергетика министри болуп туруп кантип барбай коём? Мен аларды коштоп баргам. Анан алар ишин көрсөттү, Гуанжоу деген шаарындагы заводдорун көрсөттү. Анан Макао, Гонконг деп атышат. Эми депутаттардын өз эрки, каалоосу да, кээ бир депутаттар өз каалоосу менен барып көрүп келишти. Ал жарым саат жол жүрө турган жакын эле жерде экен, ал жерде 5-6 күн болушту окшойт. Депутаттар өз көздөрү менен көрүп келишкенден кийин ишенип, биз жөн эле сүйлөп жаткан турбайбызбы, алардын жакшы иштери бар турбайбы, бул мамлекет үчүн өтө маанилүү маселени колдошубуз керек экен дешип, мамлекет үчүн өтө туура, жакшы иш кылып келишкен.*

**Тасмада депутаттардын сүрөттөрү.**

**КСТ**. Кытайга Чыныбай Турсунбеков, Мурадил Мадеминов, Токтогул Туманов, Малик Осмонов, Абдулатив Режебалиев, Исхак Пирматов, Карганбек Самаков, Райкан Төлөгөнов, Азамат Арапбаев, Абдумиталип Кочкорбаев, Бактыгул Маматов, Равшан Жээнбеков жана 5-чакырылыштын башка депутаттары барып келишкен.

**Тасмада Чыныбай Турсунбеков:**

*- Барып келгенбиз, мага өкмөттүн ошол кездеги мүчөлөрү келишип, эки компания ортосунда талаш болуп атат деп атайын суранышкан. Биринчиси ТБЕА, экинчиси СМЭК болчу. Негизи экөө тең эле Кытай компаниялары, бирок бирөөнө түрктөр аралашкан. Анан түрк компаниясына да бир топ депутаттар барып келишиптир, аны дагы аябай кыйын деп атышат, бирок сиз ошол кездеги фракция лидери, коалиция лидери катары ар бир фракциядан депутат алып барып көрүп, анан калыс сөзүңүздү айтсаңыз деген өкмөттүн өтүнүчү боюнча барып, ТБЕАнын ишин көрүп келип, келип калыс сөзүбүздү айтканбыз. Ал болгон нерсе.*

**Тасмада ЖЭБдин ички көрүнүшү.**

**КСТ**. Ошол эле учурда СМЭК компаниясы да жоон топ депутаттарды өз эсебинен Түркияга алып барып, иштери менен тааныштырган. Кыскасы, Кытайлык компаниялар 386 миллион долларлык долбоорду колго алыш үчүн кыргыз атка минерлеринен акчаны аяшкан эмес. Ооба, болору болуп, 386 миллион доллар ТБЕАнын энчисине буюрган. Бирок компания долбоорду кантип ишке ашырды, 386 миллион долларды кайда жумшады деген суроолорго так жооп табылбай келет.

Эсеп палатасын Элмира Ибраимова жетектеп турганда, жылуулук борборун жаңылоо ишине аудит жүргүзүлгөн. Текшерүүнүн жыйынтыгында долбоордун деталдуу эсеби, конкреттүү сметасы, эң негизгиси - техникалык-экономикалык негиздемеси жок туруп курулуш башталганы аныкталган. Бул “Мамлекеттик сатып алуулар” мыйзамына караманча каршы келет. Ошентсе да Эсеп палатасы аудиттин жыйынтыгы боюнча тиешелүү органдарга кайрылган эмес. Буга ЖЭБди жаңылоо иши толук аудиттен өтө электиги себеп. Жалпак тил менен айтканда,

Кыргызстандын тиешелүү мекемелери ушул кезге чейин 386 миллион доллар кандайча сарпталганын текшере элек.

**СНХ. Эсеп палатасынын аудит жүргүзүү бөлүмүнүн башчысы Нурлан Салиев:**

*- Жанагы айткан ЕРС метод боюнча бере турган проект ошондой болот экен. Эл аралык тартип ошондой экен. Биздин аудит толук бүтө элек. Чындыгында, толук бүткөндөн кийин көп маселелер каралат, албетте.*

**КСТ**. Эсеп палатасы айтып жаткан ЕРС контракт, кыргызча айтканда, курулушту толугу менен өзү курат дегенди билдирет. Башкача айтканда, курулушту долбоорлоо, материалдарды, жабдыктарды сатып алуудан баштап, көзөмөлгө чейинки баардык иштерди Кытай компаниясы өзү жүргүзөт.

**Тасмада үн менен коштолгон инфографика.**

Кытайлык ТБЕА компаниясынын эсеби боюнча 386 миллион доллар курулуш иштерине төмөнкүчө бөлүштүрүлгөн:

Жабдык жана курулуш материалдарына – ***164 миллион 600 миң доллар***

Курулуш иштерине – ***66 миллион 700 миң доллар***

Монтаж иштерине – ***64 миллион 200 миң доллар***

Административдик чыгымдарга – ***19 миллион 200 миң доллар***

Көзөмөлгө – ***7 миллион 400 миң доллар***

Кызматкерлерди жана техникалык материалдарды ташууга – ***12 миллион 400 миң доллар***

Системаны ишке киргизүүгө – ***8 миллион 100 миң доллар***

Демонтаж иштерине – ***18 миллион 300 миң доллар***

Жабдыктардын сапаттуу иштөөсүн камсыздоого – ***9 миллион 100 миң доллар сарпталган.***

**Тасмада ЖЭБдин мурунку мунарасын жардыруу көрүнүшү.**

**КСТ**. Мындайча айтканда, Эсеп палатасы деле ТЭЦ курулушун толук текшере албайт. Текшерүү демекчи, 2016-жылдын январында Мамлекеттик экотехинспекция долбоор экспертизадан өтпөй туруп курулуш жүрүп жатканын аныктаган болчу.

**Тасмада курулуш жүрүп жаткан көрүнүшкө улай адистин билдирүүсү башталат, кадрдын четинде "Архив" деп жазылган.**

**КСТ**. Курулушка байкоо салып жатабыз. Курулуш экспертизадан өткөн долбоору жок эле жүрүп жатат. Параллель долбоорлоо курулуштан аябай эле артта калып жатат. Курулуш каркасы тургузулду, бирок эмдигиче экспертизадан өтө элек. Мындай ири долбоорго сөзсүз экспертиза керек. Бир гана кытайларга ишенген болбойт.

**Тасмада ЖЭБдин көрүнүшү, ал парламенттеги кадрларга өтөт.**

**КСТ**. Ушундай мыйзам бузууга карабай жаңыланган ЖЭБдин курулушун Экотехинспекция кабыл алган жана 26-январдагы аварияга чейин бул маселе жабык бойдон калып келген. Бишкек 5 күн бою жылуулуксуз калганда гана, парламент өкмөттү чакырып, отчёт алууга шашты. Жыйында көптөгөн жоопсуз суроолор жаңырды. Бирок Кытайдан 386 миллион доллар насыяны алуу боюнча келишим ушул эле парламент депутаттары тарабынан ратификацияланган. Жөнөкөй эле суроо – азыркы көйгөйлөр неге ошондо көтөрүлгөн эмес?

**Кадрда Жогорку Кеңештин депутаты Рыскелди Момбеков:**

*– Депутаттар ошондо регламентти бузуу менен үч окууда кабыл алган да. Ошол Макаого барып, какао ичип келген депутаттардын дагы жоопкерчилиги каралыш керек да. Анткени алар эмнеге барды ал жакка? Барып келгенден кийин кичине мындай маалымат жыйын өткөрүш керек болчу, биз ошол ТБЕА курган заводдун иши менен тааныштык, мындай-мындай кубаттуулук менен иштейт экен, мынча буу чыгарат экен, мынча жылуулук өндүрүп берет экен, завод өзүн-өзү мынча жылда актайт экен деп. Анан жөн эле барып келгендин өзү мандемдүү болуп атпайбы! Анан экинчи топ СМЭК менен Түркияга барышкан. Алар эмнеге барышкан? Демек, бул жерде көрүнүп эле турбайбы – кызыкчылык эки тараптан тең болгон. Өкмөт эки тарапты тең карап туруп кайсы жагы күчтүү болсо, ошол жагына ооп кеткен. Же эмне үчүн ошол кездеги өкмөт башчы Үрүмчүгө барып ТБЕАнын башчысы менен жолуккан? Эмне үчүн Кыргызстанда жолуккан эмес? Мандемдер көп.*

**Тасмада ЖЭБдин көрүнүшү.**

**КСТ**. Буга чейин коомчулук ЖЭБ толук жаңыланды деп ишенип келген. Өкмөт башчысы Сапар Исаков Жогорку Кеңеште сүйлөп жатып, 386 миллион долларга ЖЭБдин үчтөн бир бөлүгү гана жаңыланганын, калган бөлүгүн толук алмаштыруу үчүн дагы 600 миллион доллардан ашык каражат керек экендигин мойнуна алды.

Кадрда премьер-министр Сапар Исаковдун парламентте сүйлөп жаткан көрүнүшү жана үнү:

*- Ушул 386 миллион доллар – бул үчтөн бир бөлүгүнө салынып жаткан каражат. Мисалы, ТЭЦтин бүт баарын 100 пайыз жасаш үчүн, билбейм, канча акча, балким, 600-700 миллион доллар кетмек го? Жанагы котёлдорунун баарын таптатынакай кылып жасаш үчүн. Анда 60 пайыздык тышкы карызыбызга такалып калмакпыз, балким, андан да ашып кетмекпиз. Балким, биз учурунда ТЭЦти 100% жасап салсак жакшы болмок деген да ой туулуп жатат. 386 миллион ЖЭБдин 1 бөлүгү, калган 70% эски. Муну биз толук түшүнүшүбүз керек – ТЭЦтин эскилиги жеткен. Жабдуулардын баары 60-жылдан бери иштеп келе жаткан, бул чоң көйгөй.*

**Кадрда ЖЭБдин көрүнүшү.**

**КСТ**. Эми Европа өлкөлөрүн мындай коюп, коңшу өлкөлөрдүн ЖЭБ куруу тажрыйбасына кайрылалы. Маселен, Тажикстан биздикинен 100 МВ күчтүү жылуулук борборун ошол эле Кытайлык компанияга 37 миллион долларга арзанга курдурган.

**Тасмада үн менен коштолгон инфографика:**

Бишкек жылуулук борборун 30 пайыз жаңылаган ТБЕА компаниясы Тажикстанда 400 МВттык жылуулук-электр борборун 349 миллион долларга курган. Башкача айтканда, 1 МВт 872 500 миң доллардан айланган. Грузияда болсо 230 МВттык жылуулук-электр борбору 159 миллион долларга курулган же 1 МВт 691 миң 300 доллардан айланган. Арменияда 250 МВттык жылуулук борбору 285 миллион долларга салынган же наркы 1 МВт 1 миллион 140 миң доллардан айланган. Кыргызстанда болсо 300 МВттык жылуулук-электр борборунун 30 пайыз жаңыланышы 386

миллион долларга бааланып, 1 МВт 1 миллион 286 миң доллардан айланган. Бул Бишкек жылуулук борбору 1 МВтты:

Тажикстандан – 413 миң долларга

Грузиядан – 595 миң долларга

Армениядан – 146 миң долларга

кымбат курду дегенди билдирет.

Тасмада Бишкек ТЭЦинин дрон менен үстүнөн тартылган көрүнүшү, анын фонунда энергетика боюнча эксперт Николай Кравцовдун интервьюсу.

**Николай Кравцов:**

*– Мен биздин өкмөттөгү аткаминерлерге долбоорду экспертизадан өткөрөлү деп сунуш кылгам. Ошол эле орустарга кайрылсак болмок. Бирок ушул күнгө чейин жооп ала элекмин. Экспертиза жүргүзүлбөгөн үчүн суроолор абдан көп. Долбоор арзан же кымбат экендиги белгисиз. Мисалы, мен экспертизага гана ишенем. Жылуулук борборлордун орток баасы жок. Кырдаалга жараша өзгөрүшү мүмкүн, бирок, киловаттына миң, мегаваттына миллион доллардан айланат.*

**Тасмада пресс-конференция залы жана маалымат берип жаткан Ф. Куловдун көрүнүшү.**

**КСТ**. Убагында ТБЕАдан күмөн санагандардын бири Феликс Кулов. Ал парламенттин 5-чакырылышында “Ар намыс” фракциясын жетектеп турганда кытайлык компания сунуштаган жабдыктардын көрсөткүчтөрү боюнча буга чейин ЖЭБди жабдыган “Сибэнергомаш” компаниясына кайрылган. Алар ТБЕАнын сунушу экономикалык жана экологиялык жактан Кыргызстандын талаптарына жооп бербей тургандыгын билдирген.

**Кадрда “Азаттыктын” телестудиясы. Ф. Кулов интервью берүүдө:**

*– Бишкек жылуулук борборуна жабдууларды мурда Барнаул заводу, азыркы “Сибирьэнергомаш” алып келгенин эске алып, биз аларга кайрылдык. Алар жабдык чыгарган завод. “Сибирьэнергомаш” ТБЕАнын техникалык-экономикалык негиздемесин көрүп, чыгымы көп деп сындашты. Сумма өтө эле жогорулатылган. Мен премьер-министр болуп турганда, ЖЭБди жаңылоо 100 миллион долларга бааланган болчу.*

**Тасмада ЖЭБдин ички көрүнүшү.**

**КСТ**. 26-январдагы авариядан кийин жаңыланган энергоблокторго сууну химиялык тазалоо цехи курулбаганы ачыкка чыкты. Парламенттин отун-энергетика комитетинин төрагасы Кожобек Рыспаев 5-чакырылыштан бери жылуулук борбору курулуш техникалык-экономикалык негиздемеси жок курулуп жатканын сындап келет.

**Тасмада К. Рыспаевдин парламентте сүйлөп жатканы:**

*– Калп айтпагыла, химблок курула элек. Жок, ошон үчүн эскини улап келдиңер. Беш күн өттү. Айлаңар кетти, калп айтпагыла, эч ким курулбасын деп айткан жок, Сапар Жумакадырович, курулсун. Так иштейли, так кылалы, өзүңүз да сурап атасыз. Ким бул жерден жаман айтып атат? Мына, химблок жок, ошон үчүн эскиден уладыңар, беш күн өттү. Ошону жасап койгондо, ушул балакет жок болмок. Дагы жаңы куруп коюп, Кудай сактады, Сапар Жумакадырович туура айтып атат. Аны кандай курду? Эсеп палатасынын маалыматына таянып алып биз айтып атабыз. "Электр станцияларга" айтып атам, ай отчётуңду берип, расшифровка кылып койбойсуңбу, суроонун баарын бүтүрөлү деп. Сиз кылбай келатасыз.*

**Тасмада Уланбек Эгизбаевдин көчөдө эксперт Расул Умбеталиевден интервью алып жаткан көрүнүшү.**

**КСТ**. Энергетика боюнча адистер да жаңы блокторго сууну өзүнчө химиялык тазалоо бөлүмдөрүнүн курулбаганын одоно кемчилик катары сыпаттап келишет. Алардын пикири боюнча 26-январдагы өндүрүштүк кырсыктын башкы себеби да ушул болушу толук мүмкүн.

**Расул Умбеталиев:**

*– Химиялык-суу системасы курулган болсо, ушундай абалга келбейт элек. Не дегенде, биринчиден, бул кытайлык жаңы эки энергоблок жалаң электр энергияны өндүрө турган блок болуп курулуп калды. Булар баягы эски химиялык суу даярдоо системадан жаңы энергоблокторго убактылуу чоң-чоң трубаларды өткөрүп, ошердеги жаңы буу казандарга суу бере баштаган. Анан энергоблоктон чыккан жылуу суу менен буу чоң түтүктөр менен суу шар кетип аткан "Бишкек-жылуулук*



ЖЭБ мору. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*тармактарынын" трубаларына кошулган. Булар беш күндүн ичинде кытай энергоблокторго убактылуу кошуп, суу бере баштаган.*

**Тасмада ЖЭБдин буу казандарынын көрүнүшү.**

**КСТ**. Анткен менен "Электр станциялары" ачык акционердик коому сууну химиялык тазалоо жайы долбоордо каралбаса да, ТБЕА кайрымдуулук иретинде өз каражатына аталган цехти 6 миллион долларга куруп жатат деп ишендирүүдө.

**Тасмада иш кабинетинин көрүнүшү жана ЖЭБди жаңылоо башкармалыгынын аткаруучу директору Нургазы Бримкуловдун интервьюсу.**

**Нургазы Бримкулов:**

*– Долбоордо ал каралган эмес. Анткени азыр иштеп жаткан химцехтен жаңы блокторго да суу жетет деген эксперттик бүтүм бар. Бирок биз ага карабастан кытайлыктар менен "Электр станциялары" ААКсынын, холдингдин жетекчилери ошол 386 миллиондун ичинде жаңы блокторго өзүнчө химцех куруп бергиле деп сүйлөшүп, кытайлыктар макул болуп, мына январда, кечээ жаңы жабдуулар келе баштады. Ага болжол менен 6 миллиондой сарпталат, ошого жаңы блоктор үчүн сууну химиялык жол менен тазалоочу өзүнчө жаңы жай курулат.*

**Тасмада ЖЭБдин ички көрүнүшү.**

**КСТ**. Айтмакчы, ТБЕА компаниясы 386 миллион долларлык долбоорду тендерсиз колго бергендиги үчүн ыраазычылык иретиндеби, айтор Кыргызстанга 20 миллион 300 миң доллар кайтарымсыз грант бөлгөн.

**Тасмада Нургазы Бримкулов:**

*– Бул иштердин баары аткарылды. Мисалы, эки 250 МВттык трансформатор алып келмек болчу, аларды алып келди. ЖЭБде №7 жана №8 мурунку эски автотрансформаторлор алмаштырылып, 2015-жылдан бери иштеп атат. Анан кабель продукциясы боюнча канча пункт болсо, баары аткарылды. Мисалы, мектеп боюнча, өзү протокол боюнча бир миллион доллардан Кыргызстандын түштүгүндө жана түндүгүндө эки мектеп курулмак болчу. Бирок зарылдыкка байланыштуу Бишкектин Калыс-Ордо массивинде тажрыйба-эксперименталдык бир мектептин курулушун долбоорлоо жана куруу боюнча өкмөттүн чечиминин негизинде бир 660 орундук мектеп курулду. 2017-жылы 1-сентябрда ачылды, азыр иштеп атат.*

**Тасмада парламенттеги жыйындын жана ЖЭБдин авариялык абалынын көрүнүшү.**

**КСТ**. Эми эң негизгиси жоопкерчилик маселесинде. Ооба, премьер-министр Сапар Исаков жоопкерчиликти өз мойнума алам деди, бирок кандай түрдө жоопкерчилик тартары бүдөмүк. Авария себептерин териштирүүнүн алдын-ала жыйынтыгы боюнча ЖЭБдин директору жана "Электр станциялары" ачык акционердик коомунун жетекчи орун басарлары иштеринен алынды. Баары үчүн экөө курмандыкка чабылып, энергетика тармагынын башында тургандар суудан кургак чыгабы?

**Тасмада Жогорку Кеңештин депутаты Жанар Акаев:**

*– Премьер-министр баш болуп, өкмөттүн көп мүчөлөрүн кызматтан кетирилерин кетирип, жоопко тартыларын жоопко тартыш керек эле. Анткени бул башкаларга сабак болмок. Кийинки өкмөт башчы, министрлер сырттан келген акчалардын ар бир тыйынына чейин жооп берип, уурдагандан коркуп калышмак. Азыр андай болгон жок, өкмөт башчы жооп берген жок, министрлер*

*кызматтан алынган жок. Болгону бир-эки гана кызматкер иштен алыныптыр, алар саясат жасай алабы? Алар эч кандай акчага илээшпейт. Ушундай болду, эми кийинки келген акчаларды, медицинага келеби, жолго келеби, кийинки келген министрлер уурдаганга жол ачылды, эми уурдай беришет. Анткени алар уурдай берсе болот экен, эч ким жооп бербейт экен деп айтышат. Бишкек жылуулук борбору ушунун анык далилин көрсөттү.*

**Тасмада Жогорку Кеңештин имаратынын ички көрүнүшү.**

**КСТ**. Жоопкерчилик маселеси боюнча Улуттук энергохолдингдин жетекчиси Айбек Калиевге кайрылганыбызда, сурообузду жоопсуз калтырды.

**Тасмада залда басып бара жаткан Айбек Калиев жана артынан суроо берип бара жаткан Уланбек Эгизбаев:**

– Айбек мырза, сизге кыска эле сурообуз бар, жооп берип коёсузбу? Арыз жазган турбайсызбы, ошол чынбы? Жоопкерчиликти сезип атасызбы, анткени ушул мекемелердин башында туруп атпайсызбы?.. Жооп берип койбойсузбу?

**Айбек Калиев:** – *Эмне деп жооп берейин?*

**Уланбек Эгизбаев:** – Жоопкерчиликти сезип атасызбы?

**Тасмада А. Калиевдин жооп бербей кетип калган учуру. Кетип бараткан жардамчысы:**

*- Азыр сессия жүрүп атат, коё тургулачы...*

**Уланбек Эгизбаев:**

– Биз да билебиз аны, бирок жооп алышыбыз керек да!

**А. Калиевдин жооп бербей кеткен көрүнүшү.**

**КСТ**. Калиев жооп берүүдөн буйтагандай эле, жоопкерчиликтен качкан жетекчилер четтен чыгат. Маселен, ТБЕА менен келишимге кол койгон “Электр станциялары” ачык акционердик коомунун жетекчилигинен түшүндүрмө алууга мүмкүн болгон жок. Күнөөлүүлөрдү издей бербей, тыштан дагы карыз алып, жылуулук борборун жаңылоону улантталы дегендер да жок эмес. Карыз алуудан коркпогондордун бири – мурдагы каржы министри Акылбек Жапаров.

**Тасмада ЖЭБдин ички көрүнүшү. Депутат Акылбек Жапаров парламент жыйынында сүйлөп жатат:**

*- Ким күнөөлүү же күнөөлүү эмес дебей, ЖЭБдин реконструкциясын, модернизациясын аягына чыгарышыбыз керек. Эмки жылы суук 45 градуска жетсе да ТЭЦ иштеши үчүн канча акча керек? Мен эсептеп көрдүм, Алибаба[10] же Гуглга[11] тапшырма берсе, билбейбиз деп калп айтып атышат. Туура эсептеп көрүп, 250 миллион доллардын тегерегиндеги акча деп сметасын түзүп, Адылбек Алешевич бизге алып келсе, комитеттин токтомун токуп берели. Модернизациянын каражатынын көлөмүн көтөрбөйлүбү? Алдыдагы 3 айдын ичинде канча акча керек болсо таап келсин да, эмки кышка ЖЭБдин модернизациясын бүтүрбөйлүбү?*

**Тасмада Жогорку Кеңештин мурдагы депутаты Ишенбай Кадырбеков:**

*- Эмне үчүн Кыргызстан Тажикстандай боло албайт, эмне үчүн Армениядагылар Италия, Япония менен жаңы ЖЭБ куруп атышат? Алар ар бир тыйынды санап атат. Биздин Кыргызстанда тыйынды санабайт. Колуна канча тыйын түшкөнүн санайт дагы, ошого жараша келишимге кол коё берет. Эгерде ушул маселеге кийлигишкен адамдарды жоопко тартпасак, келечекте кыйын болуп калат. Азыр тышкы карызыбыз ички дүң продукциянын 60 процентинен ашып кетти. Баарынан көп Кытайга, 1,5 миллиард сом карыз болуп калдык. Эртең убактысы жетип, төлөй келгенде, акчабыз жок болсо, эмнени беребиз? Жерди беребизби? Жерден башка эч нерсебиз калган жок. Алар айтат, болуптур, акчаны бере албагандан кийин Аксайды бергиле, Соң-Көлдү бергиле деп чыгат, Үзөңгү-Кууштү алгандай...*

**Тасмада инфографика:**

**Каржы министрлигинин маалыматы боюнча эл аралык донорлордон алынган каражаттар жумшалган секторлор:**

***28% бюджетти колдоого - 1,000 000 000 доллар***

***26% транспорт тармагына - 983 000 000 доллар***

[10] Alibaba Group – Кытайдын интернет коммерция чөйрөсүндө иштеген компаниясы, мультимиллиардер Жек Ма жетектейт.

[11] GOOGLE – интернеттеги издөө тутуму.

***21% энергетика тармагына - 794 000 000 доллар***

***25% экономикалык жана социалдык ар кандай долбоорлорго - 1 003 000 000 доллар жумшалган.***

Кыргызстан 1991-жылдан бери эл аралык донорлордон 9 200 000 000 доллар карыз алган. Анын 2 500 000 000 доллары гранттык негизде, 6 700 000 000 доллары кредитке алынган. Бул сумманы ар бир кыргызстандыкка бөлгөндө, 1 500 доллардан тиет.

Учурда Кыргызстандын тышкы карызы 3 780 000 000 доллардан ашты. Анын дээрлик 40 пайызы, башкача айтканда, 1 500 000 000 доллары Кытайдын Экспорт жана импорт банкына таандык. Калган карыздар Дүйнөлүк банк, Азия өнүктүрүү банкы сыяктуу эл аралык каржы уюмдарынан, Орусия, Жапония, Түркия сыяктуу донор өлкөлөрдөн алынган. Негизги карыздарды төлөө убактысы 2024-жылдан башталат.

**СТП. Тасмада Уланбек Эгизбаев:**

– Күндүн жылышы менен шаардыктар үшүгөн күндөрүн унутаары турган иш. Бирок Кытай өкмөтү берген насыясын эч качан унутпайт. Кандай болгон күндө да тиешелүү органдар өз милдетин так аткарып, күнөөлүүлөрдү жазалайт деп ишенели.[12]

**Автор: Улан Эгизбаев**
**Оператор, монтаждоочу: Айбек Кулчуманов**
**Продюсер: Бүбүкан Досалиева**

[12] ЖЭБди жаңылоо үчүн Кытайдан алынган 386 миллион доллардын чоо-жайын иликтеген депутаттык комиссия 30дай мамлекеттик кызматкердин жоопкерчилигин кароону сунуштаган. 2018-жылдын сентябрь айындагы маалыматка караганда, бул иш боюнча он чакты адам кармалып, тергөө иштери жүрүүдө.

## МАЙЛУУ-СУУ: КӨРҮНБӨГӨН КОРКУНУЧ

2017-жыл, 30-май.

**Майлуу-Суу. Качандыр бир кезде жумушчулар жашаган, бүткүл союзга таанымал шаар. Бүгүн анын кунары качып, мурдагы атагын жоготкон. Бүгүнкү Майлуу-Суу дүйнөдөгү эң булганыч шаарлардын катарында, 4-орунда турат. Учурда шаарда уран калдыктарын сактаган 36 жай бар. Алардагы радиация жергиликтүү элдин саламаттыгына терс таасирин тийгизип келет.**

**Тасмада кейипкерлердин айтканынан үзүндүлөр келтирилет:**

*– 1-класста окуган балам жүрөк кемтиги менен туулган. Бул балам болсо сүйлөбөйт...*

*– Боюмда бар кезде сезгендим. Ыраңым бузулуп, калчылдап оорудум. Анан ушундай кыз төрөлдү. Ымыркай кезинде оорукчан экенин бу жердеги догдурлар деле билген эмес...*

*– Беш балам бар. Үчөөнүн дени-карды соо. Экөө майып төрөлдү. Улуу кызым бир жаш, эки айында басты. Бирок жакшы баса алчу эмес. Ошол бойдон калды. Ооруканага көргөздүм, жакшы боло албай койду.*

**КСТ**. Бул Майлуу-Суудагы энелердин баяны. Майып баланын азабы оңойбу? Бет алдыбызда бир эле маалда күчтүү дагы, чарчаңкы дагы аялдар турду.



Майлуу-Суу шаарынын жалпы көрүнүшү. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Эшик алдындагы селкинчекте отурган тестиер баланы бир көргөн киши оорукчан деп ойлобойт. Майлуу-Суудагы уран радиациясы аны да курсакта жаткан кезинде эле майып кылган. Акыл-эси кем төрөлгөн бала бат-бат ооруйт.

*- Акылы кем төрөлүп калды. Майып катары пенсияга чыгарып коюшкан. Азыр кичине сүйлөйт,* – деди баланын энеси **Гүлмира Бакиева**. Какаганга муштаган болуп, анын беш баласынан экөө майып.

**КСТ**. Эски, дубалы акталбай кирдеген кепеде балдары менен күн кечирген, жүдөңкү келин догдурга барганга шарты жок экенин айтып отурду:

*- Догдурга барайын десем, жол алыс. Бир сааттык убакыт кетет. Анүстүнө буларды таштай албайм. Мына бул (жөрмөлөп жүргөн наристесин жаңсап көргөздү) бир жашка толду, "кан тапшыргыла" деген, алып бара элекмин. Табы айнып, катуу ооруп, тура албай калышканда гана барамын. Өзүм эле врачка барып "ооруп атат" деп дары алып келип берем. Пул тийсе эле, карызга таратам. Уколдон ашпайт да.*



Радиация деңгээли ченемден бир нече эсе жогору. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

*Оорусак эле толтура дары жазып берет, 3-4 миң сом болот. Ошол, жүрөм. Өзүм оорусам, мени ким карайт? Бир күн жатам да, туруп алып балдарымды карай берем.*

**КСТ**. Жокчулуктун, оорунун азабын чындап тарткан **Гүлмираны** колдогон деле киши жок. Толмочунан келген, өңү күнгө карайып кеткен келин соо баласы кертип берген отунду жагып, тандырга нан жабат.

– *Биздин крандан ылай суу чыгат. Тундуруп коюп ичебиз. Кайнатайын десең, свет кетет. Ким билет, эми ооруса ооруп жаткандырбыз. Көнүп деле калдык. Бизде уран бар да.*

**КСТ**. Гүлмира айткандай эле, Майлуу-Суунун жашоочулары “уран бар, радиация чыгат” деген сөздөргө көнүп бүткөн. Байырлап калган жерин таштап кетүү аларга да оңой эмес. Айрымдарынын көчүп кетүүгө шарты да жок. Андыктан Кыргызстандын башка аймактарында жашаган элдей эле мал-жан күтүп, жер тытып жашап жаткандарын көрүүгө болот.

*– Радиация көзгө көрүнбөйт. Аны жыттай да албайсың. Мен үчүн бул аймак табышмактуу. Кээ бирөөлөр аны кооптуу десе, башкалары коопсуз дешет,* – дейт Майлуу-Суудагы уран калдыктары тууралуу материал топтоп, эл аралык басылмаларга жарыялаган франциялык сүрөтчү **Тиен Тран**.

**КСТ**. Балким өзүнчө, кайталангыс жаратылышы бар Майлуу-Суу "булганч" болбогондо, туристтер тынбай каттаган шаар болмок. Мисалы, ал ушул турган көрүнүшү менен эле Тиенге кызык. Көлчүктөр, бөксө адырлар, буркан-шаркан түшүп кирген дарыя, уу калдык көмүлгөн жердеги жалгыз аяк жол. **Тиен** мунун баарын күн сайын ар кайсы ракурста сүрөткө тартып келет.

*– Мен Майлуу-Суу жөнүндө отчётторду Интернеттен издеп таптым. Мисалы, 2011-жылкы отчётто: "Майлуу-Суу дүйнөдөгү булганган шаарлардын ичинен төртүнчү орунда турат", – деп жазылган. Эки баяндама бар экен, экөө тең француз тилинде. Эки фотобаян таптым. Бирөөнү жапон, экинчисин даниялык сүрөтчү тарткан экен. Фукусимада 2011-жылы* (Жапониядагы атомдук станция – ред.) *да алаамат болгон. Ал маалымат кагаз бетине түшүрүлүп, документтештирилген. Ал эми Майлуу-Суу жөнүндө анчалык маалымат жок. Дал ушул себептен мен баарын өз көзүм менен көрүү үчүн келдим.*

**КСТ**. **Тиен** Майлуу-Суунун жашоочуларынын үйүнө да барып, адамдарды тартат. Ал азыр ар тараптуу, кеңири маалымат топтоо аракетинде.

*– Кээ бир адамдар жер көчкүдөн коркот экен, башкалары радиация-дан. Жер көчкү же жер силкинүү – бул келечектеги кубулуштар да. Адамдардын радиациянын коркунучу бар же жогун билбей ушул жерде жашап жатканы мага абдан эле таң калычтуу болду.*

**КСТ**. Тоо курчаган шаардагы эски тамдардын биринде **Алтынай Атамбекова** балдары менен жашайт. Төрт баласынын экөө тубаса майып, өз алдынча баса албайт.

*– Өзүм деле оорукчанмын. Кан басымым жогору, боорум ооруйт. Ошого карабай балдарымды карайм. Булар алыска басып бара албайт. Үйдө күлтүк бар. Бирөө эшикке чыгат. Эмнеге минтип төрөлүп калышканын билбейм. Генде барбы же кийин пайда болдубу? Айтор, түшүнбөйм.*

**КСТ**. Алтынайдын кызы таяк таянып басат. Азыр ал энесине караан болуп, сууга чогуу барганга жарайт. Бирок оор көтөрө албайт.

*– Таза суу жок. Крандан суу чыкчу эле, түтүктү сел алып кеткенден бери токтоп калды. Минтип киргилт сууну тундуруп ичип жатабыз. Суу жагынан, жол жагынан кыйналдык. Ооруканага жакын жерден үй алсак жакшы болот эле. Ага шартыбыз жок. Өзүбүз сала албайбыз. Бир эле саан уюбуз бар. Кыздарды догдурга үч айда бир, болбосо алты айда бир алып барчу элем. Жол бузулгандан бери жетпей отурабыз. Оорулары кармаганда, алып барам.*

**КСТ**. Энеси сүйлөп жатканда, Алтынайдын өспүрүм курактагы кызы терезени телмире карап турду. Жазганды билет. 7-класска чейин мектепке барган. Кууркаган дарттын айынан эми минтип курбалдаштарынан бөлүнүп, төрт дубалдан чыкпай отурат.

*– 7-класска чейин сылтып басып жатты. Анан төшөккө жатып калды. Эненин шору экен. Эки жылдан бери өзүмө кан басым оорусу жармашты. Жыйырма алты жылдан бери ушул жерде жашайбыз. Турмуш-шарт оор. Менин бул жерде жашагым келбейт, башка жакка кетким келет. Ушул жерде жүрсөм, ооруй берем. Башка жакка барганда, басыла түшөт. Кызым да оорубай калат. 1994-жылы эле "бул жерде жашоого мүмкүн эмес" дешкен. Анда акылым азыраак экен, көчүп кетүүнү ойлобопмун,* – дейт улутунган Алтынай.

**КСТ**. Совет доорунда тартылган даректүү тасмадан Майлуу-Суунун бактылуу, жүзүнөн күлкү чачыраган жашоочуларын көрүүгө болот.

*"Майлуу-Суу – Кыргызстандын түштүгүндөгү жарык шаар. Анда жашаган адамдардын жүзүнөн нур төгүлүп турат"*, – деп чыгат диктордун кыраатту үнү орус тилинде.

(Кадрдан чындап эле ууртуна күлкү уялаган балдар карап турушат).

*"Бул күлкү – шаардагы заводдон чыккан жарык. Демек, ал көптөгөн адамдарга кубаныч тартуулап жатат. Шаар биримдикте, бүткүл өлкөнүн жаратман күүсү менен жашап жатат".*

**Тасмадан "Сен кайдасың бул күндө, мен кайдамын" деген атактуу ырдын симфониялык аткарылышы жаңырып,**

**“Майлуу-Суу” деген жазуу, жанындагы лампочканын сүрөтү көрүнөт.**

**КСТ**. Бүгүн шаардын бир кезде жарык, күжүрмөн болгонун дубал бетиндеги ак жана көк таштан куралган мозаика гана даңктап тургандай. Анда жумушчу эркек менен аял чагылдырылган. Бул шаардагы бузула элек жалгыз архитектуралык эстеликтей туюлат. Калган курулуштар, эстеликтер кыйрап, жалаң урандылар гана калган. Майлуу-Суу азыр картайып, мүңкүрөп турган адамга окшош.

*– Ата Мекендик согушка чейин эле кен казыла баштаган. Транспорт жок, жүктү эшек менен ташыган экен. Шаарды кийин Советтер Союзу курду да,* – деп айтып берген **Аширбек Абдуллаев** аксакал мурда Өзгөчө кырдаалдар министрлигинде иштеген. Кесиби боюнча эколог.

– Азыр биз үчүнчү заводго кетип жатабыз, – деди аксакал бузулган имараттын жанына барганда. *– Ушул жерден кен кайра иштетилген. Шахтадан самосвалдар менен ташып, ушул жерге жеткиришкен. Андан кийин гана Кара-Балтага, Ленинабадга алып кетип турушкан.*

**КСТ**. Бүгүн Аширбек аксакал айтып жаткан заводдун бири жок. Өлүү шаарга жан киргизип, кыймылдатып турган анын жашоочулары гана.

*– Советтер Союзу кыйрап, уу калдыктар сакталган жайлар каралбай калды. Кийин алар Кара-Балтадагы заводдун карамагына өткөрүлүп берилди. Союз маалында мында уу дөбөлөрдү карап турган кызмат бар болчу. Ошол суу каналдарын, калдык көмүлгөн жердеги коргондорду карап, бузулган жерлерди оңдоп турчу. Азыр андай иштер токтогон. Бүгүн уу калдык көмүлгөн жерде мал жайылып жүрөт. Ошол жерде оттогон уйдун сүтүн ичип жатышат. Экинчи маселе, калдык көмүлгөн жер сууга жакын. Бул жакта жер көчкү, сел бат-бат жүрүп турат. Кокус жер көчкүнүн айынан көмүлгөн жер ачылып кетсе, Кыргызстан эле эмес, Өзбекстан, Тажикстан, Казакстанга да жетет. Андай коркунуч бар. Ошон үчүн, мүмкүн болсо, бул жайдагы калдыктын баарын коопсуз жерге көчүрүш керек,* – деди Аширбек аксакал.

**КСТ**. Чындап эле уу калдыктар көмүлгөн жер сууга жакын. Союз учурунан калган "Кооптуу!" деген белгинин жанындагы жалгыз аяк жолдон жергиликтүү эл күн сайын ары-бери катташат.

23 уу калдык сактоочу жай, 13 шиленме (отвал). Бир эле уу дөбө миллион тоннадан ашык, шиленме 900 миң тоннадан ашык. Кандай коркунучтуу экенин элестетип көр. Ошон үчүн биринчи кезекте бул жерге атайын кызмат түзүү керек. Ошолор байкап, карап инвесторлор келсе, эл аралык коомчулук менен бирге иш кылса, жыйынтык чыгат. Бир жылы бул жерге МАГАТЭден келишти. Немистер да келди, жардам беришти. Аларга рахмат. Эми дагы чакырып келип, уу калдык сактаган жайды же көчүрүп, же бекемдеп иш баштабаса болбойт.

**КСТ**. Майлуу-Суунун ооруканасы. Советтик доордон калган эски имарат. Бейтаптарга ачылган карточкалар каттоо бөлүмүндөгү текчелерде жыйылып турат. Караңгы, полу жыртылган коридордо кезек күтүп отурган адамдар.

– *Уран тукум кууган ооруларды козгойт же пайда кылат. Бул адамдын генине таасир этип, мутацияга алып келет. Уран радиациясы күчтүү жерде мунжу, рак оорулуу балдар көп төрөлөт,* – дейт 1994-жылдан бери урандын зыяндуулугун иликтеп келген **Рахман Тойчиев**.

**КСТ**. Айткандай эле, Майлуу-Сууда бүгүн оорукчан, аксап баскан же таптакыр баспаган, акыл-эси кем, оорукчан балдар көп төрөлө баштаганын көрүүгө болот. Олигофрения, талма, көздүн оорусу, кулактын тубаса укпай калышы, шал... Бул Майлуу-Суу шаарында туулган балдардын тизмеси жазылган чоң барактар. Рахман Тойчиевде дубалга илинген мындай кагаздан беш-алтоо бар:

– *1990-жылдардан бери мындай балдардын саны миңге жетип калды. Кээ бир оорулар төрөтканада билинбейт. 1-2, 4-5, 11-12, 14-18 жашка чыкканда гана козголот. Ошонун негизинде Майлуу-Суу шаарында тубаса оору менен туулган балдардын саны 5 пайыздын тегерегинде. Бир нерсени айтып коюш керек, 6 шиленмени (отвалды), 3 уу калдык сактоочу жайды алгандан кийин, бул ооруга чалдыккандардын саны азая баштады. Бирок ал абалды жакшыртып жиберди деп айтууга болбойт.*



Кооптуулук белгиси жана бейкапар жашоо агымы. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*Таң калыштуусу, биз урандуу зона деп Майлуу-Сууну гана карап жатканбыз. Өткөндө Бүргөндү айыл өкмөтүнө барсак, майып болгон балдардын көбүнө эле олигофрения деген диагноз коюлуптур. Акылы кем туулган балдар да. Андан башка да тубаса оорулар көбөйүптүр. Бул өтө чоң маселе. Мунун баарын мамлекеттик деңгээлде чечип, эл аралык деңгээлде изилдебесе, жалгыз Кыргызстандын күчү жетпейт. Себеби, көп акча керек. Кымбат аппараттар керек, реактивдер да кымбат. Ошон үчүн эл аралык уюмдар жардам берсе, долбоор менен гана ишке ашырууга болот.*

**КСТ**. *Азипа Бакирова* Майлуу-Суу шаарында 37 жылдан бери жашайт. Кызы Кызжибек акылы кем болуп туулган. Терезеден баш багып бизди караган Кызжибек вазадагы розалардай эле назик болчу. Бирок курсакта жаткан кезде жармашкан дарт анын акыл-эсин түбөлүк уурдап алганы көрүнүп турат. Эми ал эл катары окуп, эл катары турмуш кура албайт.

Өспүрүм кыздын кармангany – жалгыз энеси. Кол арага жарап калды. Азыр ал эшик алдындагы көчөттөрдү желим кумган менен сугарып жатты.

*– Менин тукумумда деле, күйөөмдүн туугандарында деле тубаса оорукчандар жок. Башка балдарымдын деле дени-карды соо. Кызымдын ушундай болуп төрөлүп калганына Майлуу-Суудагы радиациянын таасири болушу мүмкүн. Кандай болгон күндө да, биз ушундай абасы оор жерде жашайбыз,* – дейт **Азипа эже**.

**КСТ**. Айткандай эле, Азипа Бакированын башка балдары соо. Эшигинин астында кичине балдар ойноп жүрөт. Чоңоюп калган Кызжибек ини-сиңдилерин карап, алар менен кошо кубанып отурат.

*– Биз бул жакка 80-жылдары көчүп келгенбиз. Алгач келгенде кандайдыр бир жагымсыз жыт келип, кыйналдык. Бара-бара көнүп кеттик. Ошонун да таасири болушу мүмкүн. Азыркы учурда бир эле балдардын акылсыз төрөлгөнү көйгөй эмес. Ар кандай тери оорулары да көбөйдү. Аябай коркобуз. Келиним кош бойлуу болгон сайын "Кудай, акыл-эси толук, он эки мүчөсү бүтүн бала төрөлсүн" деп тилеп жаттым,* – дейт **Азипа Бакирова**.

**КСТ**. Медициналык проблемалар институту. Кыргыз медициналык академиясынын түштүк бөлүмү. Бул жерде кооптуу зоналарда жашаган элдин саламаттыгы тууралуу да маалыматтар топтолгон. Урандын зыянын иликтеп келген Рахман Тойчиев Майлуу-Суудагы кырдаал тууралуу сүйлөп жатты:

*– Канча аялдын боюнда болсо, жергиликтүү дарыгерлер аркылуу анын баарын каттайбыз. Тубаса оорулуу жана дени соо ымыркайдын тонун алып уран боюнча текшергенбиз. Жүздөн ашуун анализ алганбыз. Ошондо, эң кызыгы, баланын тонунан уран менен торийдин концентрациясы көп чыккан. Бул уран баланын мээсине, жүлүнүнө таасир эткен деген сөз. Андан кийин тубаса катаракт ооруларын пайда кылат, боздерге доо кетирет. Ошон үчүн Чернобылдагы кырсыктан кийин адамдарга йод препараттарын берип, калкан безин коргошкон.*

*Майлуу-Сууда уу дөбөгө жакын жашагандарда да богок оорулары 98 пайызга чейин жеткен. Азыр Майлуу-Суу боюнча мамлекеттик*

*программа керек. Аймакка биринчи кезекте йоддолгон сапаттуу туз жеткирүү керек. Депутаттар атайын мыйзам кабыл алууга тийиш. Жалгыз эле Майлуу-Суу эмес да. Шакафтар, Ак-Түз, Миң-Куш, Кажы-Сай өңдүү экологиялык начар шартта жашаган аймактарды таза суу менен камсыздоо керек. Уу заттар организмге көбүнчө суу аркылуу кирет да. Уу калдык көмүлгөн жердеги тоо тектерин алыш үчүн илимий маалыматтар менен эл аралык уюмдарга барса, грант берүүгө жакшы шарттар түзүлөт. Тилекке каршы, Кыргызстанда урандын зыяндуулугун так изилдей турган лабораториялар жок. Анализдерди Ташкентке, Алматыга алып барабыз.*

**КСТ**. Адистер Майлуу-Сууда кыйналган, оорукчан адамдар жылдан жылга көбөйүп баратканын айтып, коңгуроо кагып келишет. Майып балдардын маселеси менен иштеген, Майлуу-Суудагы аялдар кеңешинин төрайымы **Минавар Умарова** айрым оорукчан балдар катталбай калып жатканына кабатыр:

*– 18 жаштан жогору улуу муундагы оорукчан адамдарга жардам беребиз. Ошол эле маалда оорукчан төрөлгөн балдардын саны азайбай жатат. 2016-жылдын статистикасы боюнча шаарда 117 майып бала катталган. Мен эл менен иштегендиктен улам билем - катталбагандар андан көп. Канча деген ата-энелер шарты жок, догдурга жетпей отурат. Биз угуп калсак, барып каттайбыз. Ошол кыйынчылыктарды көрүп, башка облустарга барып салыштырмалуу статистикасын алып турабыз. Мисалы, беш жыл мурда Сузак районунда 240 миң калк жашачу. Майып төрөлгөн 66 бала бар экен. А бизде ал кезде 24 миң калк жашачу. Ошондо 189 майып бала катталган. Бул өтө чоң көрсөткүч.*

*– Урандын айынан болгондур, балким. Чын-бышыгын деле билбейм. Бутум ооруйт, ооруканага басып барыш кыйын. Бир жылда эки ирет укол албасак болбойт. Үч айда бир ирет догдурга көрүнүп турушубуз керек. Майлуу-Суу мага жагат. Болгону ураны бар да. Адамдарга зыяны күчтүү экен. Майып балдар төрөлүп жатат,* – дейт Алтынай Атамбекованын 23 жаштагы кызы **Элиза Кадырова**.

**КСТ**. Элиза ушул күндө таяк таянып басат. Эртең ал турмушка чыгабы, балалуу болобу – белгисиз. Кооптуу экенине карабай, Элизага окшоп Майлуу-Сууну жакшы көргөндөр арбын. Жашоо,

бүтпөгөн тирилик менен алпурушкан шаардыктар. Алар качандыр бир кезде урандын уусу тазарып, өкмөт көйгөйдү чечет деген үмүт менен жашап жатышат.

Ошентсе да жарым жан болуп, бул дүйнөгө эмнеге келгенине, кайсы күнөөсү үчүн ушундай дарт жармашканына түшүнбөй жалдырай караган балдарды көрүп зээниң кейийт. Алардын эртеңи кандай болот? Мамлекет аларды ата-энесиндей карап, бага алабы?

**Автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Уланбек Асаналиев**

# КАНДУУ ЖҮК КИМДИКИ?

2017-жыл, 26-январь.

**"Азаттыктын" жалпы жамааты учак кырсыгында каза болгондордун жакындарына көңүл айтып, аза кайгысын тең бөлүшөт жана кырсыкта жараат алгандардын тез арада сакайып кетишине тилектештигин билдирет.**

**КСТ**. Саламатсыздарбы, эфирде "Азаттыктын" "Ыңгайсыз суроолор" телеберүүсү, сиздер менен мен, Уланбек Эгизбаев. 39 адамдын өмүрүн алган учак кырсыгынан 10 айдан ашык убакыт өтсө дагы кандуу жүктүн кимдерге таандык экендиги жана учактын чындап кайда баратканы табышмак бойдон калууда. Алдыдагы жарым саатта мына ушул жана башка суроолорго жооп издегенге аракет кылабыз, аягына чейин биз менен болуңуз.

**39 адамдын өмүрү баарынан кымбат деңизчи, бирок Гонконгдон келаткан дээрлик 86 тонна жүк кайда түшмөк, ээлери кимдер деген суроо көпчүлүккө уйку бербей келет. "Азаттыктын" кабарчылары Самат Жумакадыров, Уланбек Эгизбаев, Санжар Эралиев, Адилет Бектурсунов, Кубат Касымбеков жана иликтөөчү журналист Элнура Алканова кырсык болгон мүнөттөрдөн тарта бейкапар дачасулуктардын өмүрүн алган кандуу жүктүн төркүнүн иликтей баштаган. Алгач "Боинг" кыйраган жерден табылган шектүү документтер, күбөлөрдүн**

**көрсөтмөлөрү тууралуу репортажга көңүлүңүздөрдү бургубуз келет.**

**Самат Жумакадыров**: – Дача СУ айылынын 9-көчөсүндө турабыз. Элге түшүнүктүү болуш үчүн айта кетейин. Самолет 70 метр ары – тетиги түтүн чыгып аткан жакта кулаган. Мына мобу көчөдө биякты көздөй керосин толугу менен аккан экен. Керосин менен чогуу ар кандай самолеттун ичиндеги жүктөр да бар экен. Азыр көчөнүн боюн карасаңыздар: мына биякта телефондун калдыктары жатат, ар нерселер жатат. Мынакей, момундай муз менен аралашып калган китепче, дептерлер жолдун боюнда эле жатат. Бул телефон экен, күйгөн, номурларынын баардыгы көрүнбөй калган. Мунусу да бар экен. Кагаздар бар экен, телефондун инструкциялары окшойт. Condor клавишасы менен, заманбап, азыркы айтып аткан айфондор эмес экен. Бирок жергиликтүү тургундар айфондорду деле көрдүк деп айтып атышат. "Кытайда жасалган" дейт. Мына бу жагы кызыктуу болуп турат. Бул жакта кыргызча инструкциясы менен турат. "Эскертүү", байкасаңыздар, *"Эскертүү: зажигалканы – күйгүзгүчтү колдонор алдында нускаманы окуп, анда жазылганды сөзсүз аткаргыла".*

Мен биринчи жолу көрүп атам, чындап эле Кытайдан келип аткан нускама, анын үстүнө кыргыз тилинде. *"Күйгүзүүчү спиралды эч качан кармабагыла, капкакты көргөзүлгөн багытка ылайык ачкыла".* А бул зажигалка экен. Кытайдан жасалыптыр, бирок кыргызча жазылган экен.

**Жүзүн көрсөтпөгөн аял**: – *Тетигинде эже жашайт, жанындачы, ошол эже айтат. Милициянын машинеси артка келип токтоду дейт. Бир киши чечине калып, эмелеринин баарын, водолазкасын чечип туруп, жеңин байлап ичине бүт салды дейт. Мен көргөн жокмун эмнелерди. "Ай, силерге ишенсек, силер ушундай... Эже, кириңиз ары жакка",– деп коюптур. Бүт жүктөдү дейт, багажы, ичи толук жүктөдү да, кетип калышты деп атпайбы.*

**Бейтааныш жигит**: *"Ты что хочешь?", – дейт го тиги чыгып.*

**Самат Жумакадыров**: – Телефон, ар нерсенин баарын да.

**Жүзүн көрсөтпөгөн аял**: – *И-и, иши кылып астынан эмне чыкты,*




Учактар... *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*ким билет эмне кылышты. Мобу жерден бири-бирине минтип атышкан. Туалетке кирип, тетиги жакта үймөлөктөшүп турушту, короонун ичинде, көрсө ушунда бири-бирине беришип, алышып бая ачып атышкан окшойт. Анан кийин эле алар кетти толтура. Тазаладык.*

**Бейтааныш жигит**: – *Ар биринде солдаттар туруп, мына бул жерден тосуп коюшту. Эч кимди өткөрүшкөн жок.*

**Жүзүн көрсөтпөгөн аял**: – *Булар сутка бою турушту да. Эртеси күнү кетишти. Эртеси башкалары келишти.*

**Бейтааныш жигит**. – *Өздөрү тосушуп, өздөрү тоноп туруп анан кетишти, смена менен туруп атышты да бул жерде.*

**Жүзүн көрсөтпөгөн аял**: – *Тетиги жактан айтып атышат, бир жаш бала өлгөндөрдүн баарын ошол көрүптүр, алып чыгыптыр. Ким кандай болуп өлгөнүн айтып атат. Тааныйбыз да бири-бирибизди. Ошол айтып атат. Бир бала урандылардын астынан алып чыкканда соо эле болчу дейт. Ошону тебелеп эле коюшту деп атпайбы. Жан талашып товар карап жүрүшөт дейт.*

**Самат Жумакадыров**: – Мынакей биз азыр Galaxy A 3 телефонунун кутусун таап алдык, 2017-жылкы экен. Ичин ачып карасак, эч нерсе жок. Бул дагы бир далил болуп атат. Бул телефондор чындап эле чачылыптыр, ичиндегилер алынып кетиптир. Коробкасы турат, өрттөнгөн эмес, демек, ичиндегилер деле бүтүн болушу керек.

**Тасмада өспүрүм балдар**.

**Самат Жумакадыров**: – Балдар, кандайсыңар?

**Балдар**: – *Жакшы.*

**Самат Жумакадыров**: – Ушундай чачылып жаткан телефондорду көрдүңөрбү?

**Балдар**: – *Көрдүк.*

**Самат Жумакадыров**: – Кайдан көрдүңөр?

**Балдар**: – *Мына бул жактан. Чоң телефондорду көрдүк.*

**Самат Жумакадыров**: – Кайда жашайсыңар?

**Балдар**: – *Мен мына бул үйдө.*

*– Мен мобул үйдө.*

**Самат Жумакадыров**: – Жанында эле жашайт турбайсыңарбы. Телефондорду кимдер алышты?

**Балдар**: – *Телефондорду кээ бирин милициялар алып атты, адамдар да келип терип атты. Бир полицейский кишини көрдүк. Ушунчаны алып кетип атыптыр. Бир милицияны көрдүк, ал планшет алып кетип аткан.*

**Самат Жумакадыров**: – Бул Орусияга бармак экен. Муну мындайынан карасак, көрүнбөйт, бул жагынан караганда алманын сүрөтү. Кайсы фирманыкы экени белгилүү. А бул Италияга барчу нерсе экен. Балдар айтып атышат, ювелирдик буюмдар деп, мунун ичинде бар болчу деп. Италияга барчу нерсе экен. Бул Америкага жетмек экен. Бул телефондор, телефондор көп экен.

**КСТ**. Тасмада көрсөтүлгөндөй, кыргыз бийлиги Стамбулга түшмөк деп ишендирип жаткан товарларга кандайча кыпкыргызча нускама тиркелип калган? Адатта товар кайсы жерге багытталса, ошол өлкөнүн тилинде сунушталат. Бул шек жараткан жагдайга алдыда кененирээк токтолобуз.

Азыр дагы бир кызыктуу факт. "Азаттыктын" кабарчысы урандылар арасынан табышмактуу документ тапты. Тагыраагы,

282 миң АКШ доллары банк аркылуу накталай которулганын тастыктаган дүмүрчөк (квитанция). Бул документтин "Боингдеги" жүккө тиешеси барбы? Жок болсо, кандайча учактан түшкөн товарлардын арасында жүрөт? Бул суроолорго жооп табууга иликтөөчү журналист **Элнура Алканова** жардамдашты.

**Уланбек Эгизбаев:** – Биз сөз кылып жаткан документ мынабу, көрүүчүлөргө көрсөтө кетели. Бул жерде ОсОО "Лимин", башкача айтканда, "Лимин" жоопкерчилиги чектелген коомунун аты жазылган дүмүрчөк (квитанция). Элнура, мына ушул документке таянып эмнелерди айтсак болот? Сизге эмнелер белгилүү болду? Жүккө канчалык тиешеси болушу мүмкүн?

**Элнура Алканова:** – *Бул кагаз накталай төлөмгө билдирме болуп эсептелет. Бул жердеги жазуусуна карасак, 2016-жылдын 12-декабрында Исмаилов Бахтияр деген кыргыз жараны ОсОО "Лиминдин" Оптима банктагы эсебине 282 миң АКШ доллар акчасын которгон. Финансы министрлигинин "Ачык бюджет" деген порталы бар. Ал жерден биз компания эмне менен алектенет, кандай салыктарды төлөйт деген маалыматты чыгарсак болот. "Ачык бюджет" порталында бул компаниянын кандай салыктарды төлөгөнү тууралуу маалыматтар бар. Ошол маалыматка караганда, бул компаниянын иштегенине үч жыл болуптур. Бул убактын ичинде 40 миллион 714 миң сом салык төлөгөн экен. Анын ичинде карасак, эң кичине 0,25 пайыз ставка менен бажыга төлөм төлөнгөн. Көбүнчө Борбордук бажы, Түндүк бажы, Түндүк темир жол кызмат бөлүмдөрүнөн товар өткөрүлүп келген.*

**Уланбек Эгизбаев:** – Негизги суроого кайтып келели. Уран-дылардын арасынан, кырсык болгон жерден табылган мына бул дүмүрчөктүн жүккө кандай тиешеси болушу мүмкүн?

**Элнура Алканова:** – *Негизи мындай караганда, компаниялар чет өлкөлөрдөн заказ кылып соодалашканда ошол товардын ээсинен, мисалы, 500 айфон сатып алды дейли. 500 айфонду заказ кылып атканда баасы 200 миң доллар чыгышы мүмкүн. Ошол 200 миң долларды сурайт: "Биз сизге 500 айфонду жеткизсек, сиз ошончо акчаны төлөй аласызбы?" – дегенде, далил катары банк эсебин көрсөтүшү керек. Менин оюмча, бул жерге ошол 282 миң АКШ долларын көрсөтүш үчүн киргизген.*

**КСТ**. Биз муну менен учактагы жүк "Лимин" ишканасына таандык деп так кесе айтуудан алыспыз. Ал үчүн тиешелүү мекемелер иликтеп бүтүм чыгарышы керек. Аталган ишкананын ээлерин эки-үч күн издеп араң дегенде таптык. Анткени компаниянын кеңсеси каттоо күбөлүгүндө көрсөтүлгөн юридикалык даректе жок болуп чыкты. Кыскасы, "Лиминдин" өкүлүн таап кепке тарттык. Жүзүн көрсөтпөө шарты менен кызыктырган суроолорубузду узаттык. Компания өкүлү жүккө эч кандай тиешелери жоктугун айтканы менен, дүмүрчөктүн кырсык болгон жерге кандайча түшүп калганын түшүндүрө алган жок.

**Компания өкүлү:** – *"Лимин" компаниясы бир гана тиричилик техникалары менен иштейт. Муздаткычтар, кир жуугуч машинелер жана башка. Авиакаттамдар менен иштешпейбиз.*

**Элнура Алканова:** – Кокус сиз Дача СУга баргандырсыз?

**Компания өкүлү:** – *Чынын айтканда, барган да эмесмин, көргөн да эмесмин.*

**Элнура Алканова**: – Кызматкерлердин арасында Дача СУда жашагандар жокпу?

**Компания өкүлү:** – *Жок, мен өзүм шаардан болом.*

**Элнура Алканова:** – Сиздин оюңузча фирмаңызга тиешелүү документ кандайча кырсык болуп калган жерде калган?

**Компания өкүлү:** – *Мен эки баланын атасымын, силерди алдагым да келбейт. Мен сиздерге чын жүрөктөн айтып жатам. Ал жүктүн мага эч кандай тиешеси жок. Жүк камсыздандырылган болгон күндө да тиешем жок.*

**КСТ**. Мындан тышкары "Боинг" кыйраган жерден бир нече бандероль табылды. Анда учактын ичиндеги айрым товарлар Орусия, Канада, Норвегия жана башка өлкөлөргө багыт алганы жазылган.

**Уланбек Эгизбаев:** – Урматтуу көрүүчүлөр, кырсык болгон жерден жанагы документтерде башка бир катар бандеролдорду табууга мүмкүн болду. Мына өзүңөргө да көрсөтө кетели. Үлгү катары экөө-үчөөсүн алдык. Анан бул жерде Орусия Федерациясынын Москва облусунан заказ берген адамдардын аты-жөнү,

телефондору көрсөтүлгөн. Бул жерде биздин колубузда Кристина Валерьевна деген кардардын аты-жөнү жазылган. Элнура, ушул маалыматтарга таянып эмнелерди айта алабыз? Кандайча бул товар Москва облусуна Орусияга багытталып калган?

**Элнура Алканова:** – *Негизи бул бандероль. Мунун ичине товар салынат. Ичине салып туруп, чаптап коёт. Сыртына мындай кагаз жабыштырат. Бул кагаз авианакладной менен бирге кетет. Бул жерде идентификация номуру жазылат. Мындан тышкары, бул жакта товардын ээси ким болсо, ошонун дареги жазылат. Үйү, дареги, телефону, аты-жөнү жазылат. Бул жакта товардын мүнөздөмөсү жазылат. Мына көрүп турбайбызбы, бул кичинекей бандеролдун ичинде 230 граммдык товар бар экен. Кристина Валерьевна деген айым менен байланыштык. Анын айтуусу боюнча, январдын башында Кытайдан товар заказ кылган экен.*

*AliExpress деген дүйнөгө белгилүү соода жүргүзгөн сервистен косметика заказ кылган экен. Анан ар бир адам интернет аркылуу товар заказ кылгандан кийин товары кайсы шаарлар аркылуу келерин, кайсы жерде турарын жана канча күндө келерин билдирген маалыматты онлайн түрдө көзөмөлдөсө болот. Жана айтылгандай, бул бандеролдун четине идентификациялоочу номур жазылган, биз салыштырып көрдүк.*

*Кристинанын өздүк кабинети заказ кылгандан кийин, сен кирип ошону көзөмөлдөсөң болот. Көзөмөлдөгөнүңдө, маршруттук барактын номуру болот. Идентификация номуру. Аны салыштырганда, ушул номур менен дал келди. Ошондо дагы бир башка кызыктуу жер бар. Ошол личный кабинетте сен заказ кылган товар кайсы шаарды аралап келет деген маалыматты көрсөң болот. Ал жерде Гонконгдун жанындагы Шеңжен деген шаардан товар чыккан экен. Ал жерден туура Москвага түшүш керек экен ал товар.*

**Уланбек Эгизбаев:** – Атүгүл товар алуучулардын аты-жөндөрү, телефондоруна чейин так көрсөтүлгөн. Кулаган “Боингде” орусиялык Кристина Валерьевнанын дагы заказы болгон.

**Телефондогу сүйлөшүү:**

**Элнура Алканова:** – Саламатсызбы. Аты-жөнүңүз Кристина Валерьевна, туурабы?



Кыйроо... *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

**Кристина:** – *Ооба, ооба.*

**Элнура Алканова:** – Мен сизге буга чейин телефондон айткандай, бул бандеролдо сиз тууралуу маалыматтар жазылган экен.

**Кристина**: *Сиздердеги маалыматтар менен салыштыруу үчүн менин жеке кабинетимде сакталган номерлердин скриншотун жөнөтөйүн*. YD173266585YW.

**Элнура Алканова:** – Баары туура, сандар дал келүүдө.

**Адилет Бектурсунов, “Азаттыктын” кабарчысы**: – *Сиз буйрутма берген буюмдар 16-январда Бишкектин “Манас” аэропортуна жакын жайгашкан айылда болгон авиакырсыкта табылды.*

**Санжар Эралиев**: – Гонконг – Москва түз авиакаттамы 7280 чакырым. Ал эми Гонконг – Бишкек – Стамбул – Москва каттамы 14299 километрди түзөт. Башкача айтканда, Гонконгдон Москвага Бишкек жана Стамбул аркылуу учуучу түз каттамдан дээрлик эки эсе алыс.

**КСТ**. Эми расмий версияларга келели. Кыргыз бийлиги учак кулары менен “Боинг” Гонконгдон Стамбулга сапар алган Бишкекке май куюу жана экипаж мүчөлөрүн алмаштыруу үчүн гана токтомок деп билдирүү таратканча шашкан. Бирок “Боинг” 747 412 F жүк ташуучу учагынын ээси түркиялык АСТ Эйрлайнз компаниясынын өкүлү Бүшра Гөксай 18-январда “Азаттыкка” курган маегинде жүк Стамбулга эмес, Бишкекке келатканын, бакта май жетиштүү болгонун билдирген.

**Кубат Касымбеков**: – Учак эмне себептен Кыргызстанга конушу керек эле?

**Бүшра Көксай**: – *Учак эмне себептен Кыргызстанга конмок дегениңиз кандай?*

**Кубат Касымбеков**: – Кыргызстанга жүк таштамак деген маалымат туурабы анда? Же жалганбы?

**Бүшра Гөксай**: – *Ооба, туура. Учактын багыты ансыз деле ушундай болчу да.*

**Кубат Касымбеков**: – Демек, Кыргызстанга жүк түшүрүү үчүн конгон экен да?

**Бүшра Гөксай**: – *Мырза, биздики карго учагы. Биз учуп барган жерлерден же жүк алабыз, же жүк таштайбыз.*

**Кубат Касымбеков**: – Сиздер анда бул сапарда жүк алат белеңер же жүк таштайт белеңер?

**Бүшра Гөксай**: – *Жүк алсак да, жүк таштасак да эмне айырмасы бар сиз үчүн?*

**Кубат Касымбеков**: – Көп сөздөр болуп жатат го... Тактайын дедим болгону.

**Бүшра Гөксай**: – *Жүк таштамакпыз дедим го. Жүк таштасак кырсыкта бир өзгөрүүлөр болот беле? Учактын жүк таштаары ансыз деле мурдатан белгилүү болчу.*

**Кубат Касымбеков**: – Учак конгондо май куймак беле?

**Бүшра Гөксай**: – *Пресс-релизди окусаңыз, бакта күйүүчү май жетиштүү эле. Пресс-релизди окуңуз, сураныч.*

**Уланбек Эгизбаев**: – Түркиялык авиакомпаниянын эки ача маалыматы расмий билдирүүлөргө ансыз да ишенип-ишенбей

турган коомчулуктагы шектенүүлөрдү күчөттү. АСТ компаниясы бизге берген аудиомаегинен тышкары кырсык боюнча тараткан расмий пресс-релизинде да учакта керосин жетиштүү болгонун ("Учагыбызда кошумча жерлерге учуу үчүн жетиштүү өлчөмдө май бар болчу"), кошумча май куюуга муктаждык болбогонун билдирген. Деген менен, кыргыз өкмөтү 20-январда АСТнын Бишкекке келген өкүлүн "Жүк Стамбулга түшмөк" деп видео аркылуу сүйлөттүргөнгө жетишти. Аталган маекке Өзгөчө кырдаалдар министринин маалымат кызматынан башка эч ким катышкан эмес. Эң кызыгы, бийлик журналисттерди АСТ өкүлү менен негедир жолуктурган жок.

**Хамза Тыглай**, **My Cargo компаниясынын жетекчи орун-басары**: – *Гонконгдон Бишкекке келген жүк Стамбулга бармак. Биздин максат жүктү Бишкекке түшүрүү эмес, биз болгону май куюу жана экипажды алмаштыруу үчүн конмокпуз. Гонконгдон Стамбулга учсак деле болмок. Бирок оор жүк менен май куюп, экипажды алмаштырууга туура келет. Жүктүн жетер жери Бишкек эмес, Стамбул болчу.*

**КСТ**. Дагы бир кызыктуу факт бар. Азыр эксперимент катары Turkish Cargo сайтына кирип, учуу тартибин карайлы. Уча турган жерибизди Гонконг деп тандасак, бара турган жер, албетте, Бишкек. Бул жерде маршруттун түрлөрү бар. Биз жүк ташуучу каттамды жана учуу күнүн тандайбыз. Мисалы, 26-январь. Мынакей жыйынтык. Демек, Гонконгдон Бишкекке каттам номуру ТК – 6489 аркылуу жумасына эки жолу жүк жөнөтсө болот.

"Боингдеги" жүктүн кайда түшөрү, ээлери кимдер экени тууралуу так, ынанымдуу маалыматтын жоктугу эл ичинде ар кандай имиштерге жол ачуууда. Атүгүл айрым маалымат каражаттары жүктү президентке чейин байланыштырып жиберишти эле, президенттик аппарат муну дароо төгүндөдү. Мындан улам парламент жүктүн төркүнүн аныктоо боюнча депутаттык комиссия түзүп, иликтөө иштерин баштады. Ошол комиссиянын мүчөсү КСДПчы депутат **Жанар Акаев** шектенүүлөргө негиз көп экенин айтууда. Анын ырасташынча, "Боингди" АСТга лизингге берген "Түрк аба жолдору" компаниясынан депутаттык

комиссияга расмий кат келген. Аталган катта учак “Манаска” экипажды алмаштыруу үчүн гана конмок деп белгиленип, май куюу жөнүндө сөз болгон эмес.

**Жанар Акаев**: – *Комиссия азыр үч отурумда ушул кыйраган учакта кандайдыр бир чоң ишкерлердин же бийлик адамдарынын жүгү болгон, бизнеси болгон деген так чечимди чыгарып коё тургандай жагдайларды карай элекпиз, андайлар колубузга тие элек. Бирок шек жараткан жагдайлар көп экен. Мисалы, Жарандык авиация кызматынын жетекчиси келди бул жерге, депутаттарга. Алар Түрк авиа компаниясына расмий өтүнүч жиберип документ алышкан. Ал документте, буга чейин баардык маалымат каражаттарында айтылып келаткандай, учак Бишкекке токтоп май куймак деген сөз жок. Түрк авиа-компаниясы “биз токтогондо ал жерде экипажды алмаштыруу үчүн гана токтогонбуз” деп жооп берген. Бул жерде да жооптордун ар түрдүүлүгү шек жаратат. Эмне үчүн башында биз май куюу максатында токтогонбуз, экипаждар жакшы эле эс алган, 46 саат, 60 саат эс алган, алар Түркияга чейин келет деген? Бирок кийин алардын расмий бланк менен Түркиш Эйрлайнздын берген жообунда “биз экипажды алмаштыруу үчүн токтогонбуз” деп жазылган. Бул дагы суроо жаратат. Анткени алар анда эмне үчүн май куюу үчүн токтогонбуз деген жоопту беришкен эмес?*

**КСТ**. Бийлик болсо түркиялык жүк ташуучу учак “Манаска” техникалык конуу үчүн гана уруксат алганын, жүк түшүрүүгө акысы жок экенин айтып келет. АСТ компаниясы коомчулукка тараткан маалыматында жүк ташуучу “Боинг” менен буга чейин “Манас” аэропортуна 52 жолу конгонун билдирди:

*“Биздин компаниянын учагы Бишкекке алгач ирет конгон жок. Буга чейин АСТ аба жолдору Боинг 747-400 жүк ташуучу учагы менен 52 жолу каттаган”.*

Бул маалыматты транспорт министри **Жамшитбек Калилов** да тастыктады.

*– Булар үч айдан бери, сентябрдан бери бул жакка келип турушкан. Булар атүгүл бир жумада 3-4 рейс жасашчу экен. Гонконгдон жүктөп атат да. Ошол жерде “Без коммерческого права” деп уруксат берилет,*

*атайы кагаз толтурулат. Ошол кагаз жүк Гонконгдон жүктөлүп, Стамбулда гана түшүрүлөт дегенди түшүндүрөт. Ортодо эч ким түшүрө албайт. Бизде товар, жанагы самолетто келе турган жерде “без коммерческого права” дейт. Бул жерде жүк түштү деген маалымат эч нерсеге жатпайт.*

**Уланбек Эгизбаев**: – “Манас” аэропортунун жетекчиси Эмир Чукуевдин маалыматында АСТ Эйрлайнз 18-октябрдан 20-мартка чейин техникалык конууга уруксат алган. Демек, кырсык болгонго чейинки 90 күндө 52 каттам ишке ашса, түркиялык авиа компания Гонконгдон дээрлик эки күндүн биринде товар ташыган болуп калат. Макул, “Боинг” май куюу жана экипажды алмаштыруу үчүн 52 ирет конду дейли. Анда майды кайсы компания, канча көлөмдө куйган болот? Бул маалыматты биз эле эмес, депутаттык комиссия да ала албай келет.

**Мирлан Бегалиев, “Манас” аэропортунун Бишкек филиалынын жетекчиси:**

*– Коммерциялык жашырын сыр деген болот. Азыр берсек, мага коммерциялык жашырын сырды ачык чыгарды деп иш козгошу ыктымал. Анда жарандык-кылмыш соттору аркылуу өз чөнтөгүмөн төлөп калышым мүмкүн. Ошон үчүн укуктук илинчек табыш керек.*

**Өмүрбек Текебаев, ЖК депутаты:**

*– Анда Гонконгдон Бишкекке, Гонконгдон Стамбулга учуп аткан рейске 52 жолу учту. 52 жолу канча май куюлду, канча акча которду? Кайсы фирмага деген маалыматты сурап атабыз.*

**Мирлан Бегалиев, “Манас” аэропортунун Бишкек филиалынын жетекчиси:**

*– Ошол эме болуп атпайбы.*

**Өмүрбек Текебаев, ЖК депутаты:**

*– Анткени май куюу болгон эмес. Ошон үчүн бере албай атасыңар. Мына түрк заправка кылганы токтоду дегениңер менен, силердин айтканыңар чын болсо, репутацияңар жабыр тартат. Анткени 2 тоннадан, 3 тоннадан куят элек, мобу фирма куят, акчасы мынча деп көргөзөт элеңер да. Көргөзө албай атпайсыңарбы.*

**Мирлан Бегалиев, “Манас” аэропортунун Бишкек филиалынын жетекчиси:**




Кайгы... *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*– Расмий түрдө суроо берсеңер, расмий түрдө жооп беребиз.*

**Өмүрбек Текебаев, ЖК депутаты:**

*– Расмий түрдө эмес, мен эмне, чакырып алып берип атамбы?*

**Эмир Чукуев, "Манас" аэропортунун жетекчиси:**

– МТЭК өз алдынча ишкана, ошол МТЭКтен алып алгыла. Бул май куюучу компания. Так ошондон алгыла.

**Уланбек Эгизбаев**: – Ал сизге кирбей калабы?

**Эмир Чукуев**:

*– Ал өз алдынча чарба жүргүзгөн субъект.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев**: – Эми жөп-жөнөкөй эле логикалык суроолорго жооп издейли. Түркиялык учак жүк таштабаса, эмне үчүн Бишкекке 52 ирет конду? Гонконгдон Стамбулга түз учуу мүмкүндүгү турганда, Бишкек аркылуу учуунун зарылдыгы эмнеде эле? Эмесе аралыктарды салыштырып көрөлү.

**Санжар Эралиев**: – Гонконг – Бишкек – Стамбул авиакаттамы 8023 км түзсө, Гонконг – Стамбул туз каттамы 8007 чакырымды түзөт. Демек, түз каттам 16 чакырым жакын.

**КСТ**. **Уланбек Эгизбаев**: – *Авиаторлордун айтымында, "Боинг" 747-412F учагынын толук сыйымдуулугу 116 тонна. Толук жүк менен 10 миң чакырымга тынымсыз уча алат жана ага жетиштүү май сыят. Дача СУда кыйраган учакта максимум сыйымдуулуктан 30 тоннага аз жүк болгон. Ал эми экипаж мүчөлөрүн абадан деле алмаштырууга мүмкүн дейт адистер.*

**Дональд Кнатсон, авиация инженери:**

*– Боинг 747-412F үлгүсүндөгү учактын май куюу мүмкүнчүлүгү Гонконг менен Стамбул ортосундагы аралыкты эч токтоосуз учуп өтүүгө жетет. Албетте, азыр менин колумда кырсыкка учураган учактын так документтери жок. Бул учактын ичине толтура жүк жүктөлгөндө деле 9000 километрди токтоосуз учуп өтө алат. Эгер учакка толтура жүк жүктөлбөсө, мындай аралыкты басып өтүү андан дагы жеңил болот. 747-412F үлгүсүндөгү учактан 9000 километрди жеңил-желпи, эч жерде токтоп май куйбастан түз учуп жетүүгө мүмкүндүгү бар деп толук ишенем. Андыктан 116 тоннаны ташыган учак 85 тонна жүк менен эч бир жерге токтобой эле учуп кете алат. Жүк канчалык аз болсо, учакка ошончолук аз күч келет. 747-412F – 4 кыймылдаткычы бар, фюзеллажы кеңири учак. Жарандык авиациядагы көлөмдүү жүк ташуудагы популярдуу учак болуп саналат.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Кандуу жүктүн чоо-жайын иликтеген депутаттык комиссия февралдын соңуна барып жыйынтык чыгарып, парламентке алып чыгарын убада кылууда. Ал арада эл өкүлдөрү кыйраган жүк контрабанда болушу мүмкүн деген версияны да иликтеп жатышат. Буга "Манас" аэропортунда кармалган 45 тонна контрабанда жүктүн ачыкка чыгышы кошумча болду. Тактап айтканда, 2016-жылдын 12-октябрында "Манас" аэропортуна Кытайдын Тянзин шаарынан Өзбекстандын Наманган шаары аркылуу 45 тонна жүк келет. Каржы полициясынын ыкчам иштеринин аркасында баасы 70 миллион сомго бааланган кымбат баалуу жүк контрабанда жолу менен ташылып келгени аныкталган. Чиркегичтери менен товарга шыкалган фураларда "Айфон–5" үлгүсүндөгү телефондон 1266 даана, "Айфон–6 дан" 433 даана жана башка көптөгөн кымбат баалуу буюмдар болгон.

Бир сөз менен айтканда, учактагы 45 тонна жүктүн 19 миллион сомдук товарына гана бажы декларациясы толтурулган.

**Жанар Акаев, ЖК депутаты:**

*– Бажы кызматына да көп суроолор бар. Бул жерде буга чейин, балким, ошол жерде видеобайкоосу бар жактан өтпөй эле, бажы кызматы менен сүйлөшүп туруп түз эле машинелер аэропортко кирип, контрабандалык жүктөрдү ташып алып чыгып кетиши мүмкүн деген дагы ой депутаттар тарабынан айтылды. Өткөндө ошол октябрь айындагы Кытайдан келген уюк телефондорду бажы кызматы 19 миллион сомдук товар деп декларациясын жазып берген. Бирок аны Соода палатасы эсептеп, товар 75 миллион сомдук деп баалаган. Бул жерде 56 миллион сомду бажы кызматы жашырып койгон. Эми Соода палатасы да 56 миллион сомду кемиттиби? Эгер көз карандысыз эксперттерге эсептетсек, балким, 100 миллиондон ашык товардыр. Анткени бул 40 тонна товар. Бажы кызматында да көп суроолор жатат. Буга чейинки көп товарлар авиа каттам аркылуу көп контрабандалык товарлар ташылып келатат деген коомчулуктагы суроо да чын болушу мүмкүн деген ойго жетелөөдө. Ал эми ошол контрабанданы, миллиондогон контрабанданы, уюк телефонду ташып келаткан бизнестин ээлери, салыкты жашырган, алдамчылыкка жол берген бизнестин ээлери бүгүнкү күндө эркиндикте.*

**КСТ**. Арадан үч ай өтсө дагы, жүктү ташып келаткан “Роскиркомпанинин” кожоюндары али камала элек. “Манас” аэропортунун бир да бажы жетекчиси жоопко тартылган эмес. Анысы аз келгенсип, Каржы полициясынын камагындагы контрабанда жүктүн бир бөлүгүн ээлери сот аркылуу чыгарып кеткен.

**Өмүрбек Текебаев:**

*– 17 миллион 70 миллиондун төрттөн бири, туурабы? 40 тонна дедиң, мейли, төрттөн бирдин 10 тоннасы кетсин. Бул жерде 30 тонна жүк болуш керек да. Мобу 1 тонна да чыкпайт.*

**Каржы полициясынын өкүлү:**

*– Бул жерде жатчу, анан калган товарлар тиги складда.*

## ЧЫНДЫК ДЕП ЖАНГАН ӨМҮР

**Өмүрбек Текебаев:**

*– Ошол жакта барбы?*

**Каржы полициясынын өкүлү:**

*– Ал жакта деле ушундай эле товарлар. Ал эми растаможенный товарларды соттун чечиминин негизинде чыгарганбыз.*

**Өмүрбек Текебаев:**

*– Соттун чечими менен деп чыгарып кеткен.*

**Уланбек Эгизбаев:** – Урматтуу көрөрман, биз жогоруда кандуу жүк боюнча айрым гана суроолорго жооп табууга аракет кылдык. Расмий иликтөөлөрдүн бүтүшү менен бул теманы дагы улантабыз. Аман туруңуздар.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

**Кабарчылар: Самат Жумакадыров, Санжар Эралиев, Адилет Бектурсунов, Кубат Касымбеков жана иликтөөчү журналист Элнура Алканова**

**Оператор жана монтаждаган: Уланбек Асаналиев**

# БАКИЕВДИН "БАЙЛЫГЫ": КИМДЕН КИМГЕ?

2017-жыл, 14-июнь.

**"Азаттыктын" "Ыңгайсыз суроолор" телеберүүсү Курманбек Бакиевге жана анын жакындарына таандык мүлктөрдүн чоо-жайын иликтеди. Убактылуу өкмөттүн декрети менен 47 объект улутташтырылган. Бүгүнкү күндө бул тизмеге кирбей калган мүлктөр талаш жаратып келет. Алардын бири – мурунку "Ала-Тоо" мейманканасы.**

**СТП. Уланбек Эгизбаев** *(Ысык-Көлдүн жээгиндеги коттедждердин бирине кирип баратып сүйлөйт):*

– Саламатсыздарбы! Эфирде "Азаттыктын" "Ыңгайсыз суроолор" телеберүүсү. Сиздер менен мен, Уланбек Эгизбаев. Мындан жети жыл мурда бийликтен кулатылган президент Бакиевдин жана анын туугандарынын мүлкү дале талашта. Алардын канчасы мамлекетке, канчасы жеке колдорго өткөнүн бүгүнкү программабызда айтып беребиз. Аягына чейин биз менен болуңуздар!

*(Көл жээгиндеги коттедждин жалпы көрүнүшү жана хан сарайлардын ички жасалгасы музыканын коштоосунда көрсөтүлөт)*

**Нурия Айдабосунова**, "Мекен шейиттери" коомунун тең төрайымы (2010-жылдын 7-апрелиндеги окуяларды чагылдырган кадрлар көрсөтүлүп жатканда ыр окуп берет):

*Энелер көз жашы тыйылган жок.*
*Ант беришкен, куну бирок куулган жок,*
*Кулунунан айрылган энелердин*
*Кудайга да үнү угулган жок.*

*Жан алгычтар соттолобу? Чечилген жок,*
*Бийликте андай мыйзам бекилген жок.*
*Балдарды жутуп кеткен ажыдаардын*
*Башы эмес, куйругу да кесилген жок.*

**КСТ.** Нурия Айдабосунова – 2010-жылдын 7-апрелиндеги канддуу ыңкылапта окко учкан 86 азаматтын бири Жолдошбек Кудайбергеновдун энеси. Ал бир эле учурда "Мекен шейиттери" коомунун тең төрайымы. Айдабосунова арадан жети жыл өтсө да Бакиевдердин мүлктөрү толук улутташтырылбай, айрымдары жең ичинен жеке колдорго сатылып жатканына нааразы.

Бул маселе боюнча бакиевдик бийлик огунан ажал тапкандардын энелери бир нече ирет маалымат жыйынын өткөрүшкөн. Бирок эч кандай майнап чыккан эмес.

**Нурия Айдабосунова:**

*– Азыр ошол Бакиевдердин мүлкүнүн канчасы улутташтырылды? Канчасы менчикке чыкты? Кандай баада? Элге кандай пайдасы тийип жатат? Ошол жөнүндө бизге Мамлекеттик мүлктөн* [Мамлекеттик мүлктү башкаруу фондунан – ред.] *маалымат керек. Биз эми таза коомго баратабыз деп атабызбы, аң-сезимди өзгөртөлүк деп жатабызбы, анда башынан баштайлы да. Анда бийликтегилерден башташ керек, туурабы? Ар бирөө, бийликте отургандардын баардыгы тең кирешелери жөнүндө декларация кылышсын. Чындап келсе таза коом ошондон башталат.*

**КСТ.** 2010-жылы Убактылуу өкмөттүн декрети менен Бакиевдерге жана алардын жакындарына таандык 47 объект улутташтырылган. Ушул убакытка чейин алардын айрымдары мамлекетке

өтсө, кай бирлери жеке колдорго сатылган. Сатып алууга кардар чыкпай, саргайган мүлктөр да жок эмес.

**Бакытбек Мураталиев, Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун төрага орун басары:**

*- Ысык-Көлдөгү "Каприз" эс алуу борборунун №56 коттеджи сатылды, мынакей, 10 миллион 935 миң сомго. "Бавария 38 Круизер" деген яхта бар болчу. Ал 2 миллион 325 миңге сатылды. "Дитис" акционердик коомунун 33 пайыздык үлүшү 9 миллион 920 сомго сатылды. "Азия Агроресурс" жабык акционердик коомунун акциясынын 35 пайызы 16 миллион 84 миң сомго сатылды. ОсОО "Петролгруптун" акцияларынын 100 пайызы 137 миллионго, Як-40 учагы 5 миллионго сатылды. Башка сатыла турган объекттер боюнча иш жүрүп жатат. Бүгүнкү күндө сатыла турган объекттердин арасында "ИдеалХаус" шаарчасындагы 47 объект бар. Ошол жакын арада сатыкка чыгат. Андан тышкары Ысык-Көлдө толук бүтө элек мансарда бар болчу. Ал да жакында сатыкка чыгарылат. Сатыла турган башка объекттерди баалоо жүрүп жатат.*

**Инфографика:**

Убактылуу өкмөттүн декрети менен улутташтырыла турган 47 объекттин тизмеси:

***- 3 жер тилкеси,***

***- 17 имарат,***

***- 7 автотранспорт,***

***- 19 ишканадагы үлүштөр,***

***- 1 турак-жай комплекси.***

**КСТ.** Ооба, убагында Курманбек Бакиевдин эркеси Максим Бакиев Ысык-Көлдөгү пансионаттардан тарта ырыстуу киреше алып келген мамлекеттик ишканаларга чейин менчиктегени маалым. Азыркы учурда ал мүлктөрдүн тагдыры эмне болгонуна "Мекен шейиттеринен" башкалар да кызыгат.

Бакиевдердин Ысык-Көл жээгиндеги эле мүлктөрүн тизмектеп көрөлү: "Аврора Грин", "Аврора плюс", "Каприз" туристтик комплекстери, Бостеридеги 6,5 гектар жер менен "Достук" эс алуу



Ач көздөр көлдү да жутчудай... *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

үйү, дээрлик 10 гектар жери менен "Витязь" пансионаты, 11 гектар жери бар "Солнышко" пансионаты, Чолпон-Атадагы баш-аягы 20 гектар жер тилкеси, "Каракол" лыжа базасындагы мейманкана жана "Кес-Сеңир" эс алуу комплекси. Бул кезинде Убактылуу өкмөт тизмеге алган гана объекттер. Ысык-Көлдө Бакиевдердин булардан башка да мүлктөрү болушу толук мүмкүн.

**Бакытбек Мураталиев, Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун төрага орун басары:**

*- Дагы бир улутташтырылган объект бар. Курулушу бүтө элек мансарда деп коёт. Азыр анын баасын коюу процесси жүрүп жатат. Аукционго чыгарылып сатылат. Бул объекттердин баардыгы Жогорку Кеңештин токтому менен бекитилген. Баары мыйзам чегинде сатылып, сатыкка чыгып жатат.*

**КСТ.** Курманбек Бакиевдин көкүрөк күчүгү Максимдин элден тартып алган байлыктары боюнча ар кандай маалыматтар

айтылып келет. Биз жогоруда аталган объекттердин айрымдарына баш бактык. Бул заңгыраган хан сарай "Витязь" пансионатында жайгашкан. Жалаң карагайдан курулган коттеджде убагында Максим Бакиев чардачу. Эки кабат үйгө 14 киши кенен батат, керек болсо теннис кортуна чейинки баардык шарттар түзүлгөн. Азыр болсо Мамлекеттик мүлк фонду эс алуучулар үчүн суткасына 28 миң сомдон ижарага берет.

**Уланбек Эгизбаев** *(коттедждин көлдү караган балконунда туруп сүйлөйт):*

– Мындан жети жыл мурда Максим Бакиев мына ушул жерге келип, кыргыз бермети Ысык-Көлгө суктана турган болсо, азыр бул жерде эс алуучулар же, башкача айтканда, туристтер келип, Максим Бакиевдин ошол кездеги жашоосуна суктанып бүтө албай турган кези.

**КСТ.** Айтмакчы, ушул эле пансионатта Максим Бакиевдин өнөктөшү Алексей Елисеевдин айтылуу "Кубик-рубик" аттуу коттеджи жайгашкан. Бирок бул маселеге бир аздан кийин кайра кайрылабыз. Азыр болсо Бакиевдердин үй-бүлөсүнө таандык коттеджтердин парадын улантабыз.

Бул болсо "Витязга" танапташ Чок-Талдагы "Солнышко" пансионаты. Мында Курманбек Бакиевдин жубайы Татьяна менен улуу баласы Мараттын коттедждери жайгашкан. Эмнегедир "Витязда" да, "Солнышкодо" да мамлекет тарабынан дайындалган пансионат жетекчилери комментарий берүүдөн жаа бою качышты. Ошентсе да Татьяна Бакиеванын короосуна токтотулган пансионат директорунун темир тулпарын тасмабызга түшүрдүк.

**Уланбек Эгизбаев** (*пансионаттын аймагында басып баратып, сүйлөйт):*

*– Биз азыр Чок-Тал айылындагы "Солнышко" пансионатында турабыз. Бул жакта да Бакиевдердин жакындарынын жеке хансарайлары болгон. Бакиевдин дагы бир уулу Марат Бакиевдин*

*хансарайы болсо, ага жанаша Бакиевдин жубайы Татьяна Бакиевага арналып өзүнчө хансарай салынган. Ичинде кандай шарттарда, кандай ыңгайлуулукта жашаганын азыр чогуу көрөбүз.*

**КСТ.** Энесинин хансарайы уулунукунан ашса ашып, акыры кем калбайт экен. Максимдин үйүн күңүрт түстөгү эмеректер кооздосо, апасы алтын түскө боёптур. Бакиевдердин көл жээгиндеги жомоктогудай жашоосун айта берсек, жарым саатка сыйбас. Андан көрө талаштуу объекттерге келели.

Башта айткандай, Алексей Елисеевдин "Кубик-рубик" коттеджи боюнча чырга дагы эле чекит коюлбай келет. Мүлк фонду аны мамлекет эсебине алдык десе, эски кожоюну кыймылсыз-мүлкүн коргоо үчүн Бириккен Улуттар Уюмуна чейин даттанаарын айтып келет.

**Уланбек Эгизбаев** (*Елисеевдин коттеджинин бир бөлмөсүн көрсөтүп жатып сүйлөйт*):

– Биз Алексей Елисеевдин өзү менен байланышканыбызда, бул коттеджди Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрүнүн жакындары күч менен басып алганын, ал өзүнүн менчигин коргоо үчүн керек болсо Улуттар уюмуна чейин арызданаарын айтты. Бирок, биз көргөндөй, бул жерде азыр мүлктөр, оокаттар жок экен.

**Алексей Елисеев**, Максим Бакиевдин өнөктөштөрүнүн бири *(скайп аркылуу комментарий берип жатат):*

*– Каптагаевдин туугандары коттедждин кулпусун талкалап, ичине киришиптир. Алар өздөрүн "элдик бийликтин өкүлүбүз, мүлк биздики" дешиптир. Менин жактоочум эмне үчүн басып алганын сурап келгенде, алар "өтүп баратсак, коттедждин аурасы жакты" деп жооп беришиптир. Мен ошондо аябай таң калгам.*

**КСТ.** Анткен менен Каптагаев Елисеевдин айткандарын жокко чыгарууда. Анын ишендиришинче, "Кубик-рубик" буга чейин башкалардын ээлигинде болуп келген.



Колдон колго өткөн коттеджер. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

**Эмилбек Каптагаев**, Убактылуу өкмөттүн мүчөсү, президенттик администрациянын мурдагы башчысы**:**

*– "Витяздан" Каптагаевдин туугандары же өзү мүлк эмес, бир мык алса, эмдигиче чыгып, мени камап же сот жообуна тартмак да. "Витяздын" мүлкүнө менин бир тыйын тиешем жок. Елисеевдин үйүн быйылкыга чейин ким пайдаланып келгени прессага чыкты да. Аны менсиз эле билесиңер, туурабы? Өзүнүн каты менен ким алып, ким пайдаланып жүргөнү ачык эле жарыя болбодубу. Сүрөтү менен чыкты. "Витязь" пансионаты менен "Солнышко" 2010-жылы толук улутташтырылган. 2010-жылдан бери мамлекеттик ишкана катары бүгүнкү күнгө чейин иштеп келе жатат. Башка дагы "Каприз" менен тиги Караколдогу тоо-лыжа базасындагы "Каприз" мейманканасы улутташтырылган. Анын баары эмес, үлүшү. Ал дагы бүгүнкү күнгө чейин мамлекеттик мүлктүн карамагында.*

**КСТ.** Эмил мырза "билесиңер да" деп, атын атоодон айбыккан киши – Президент Алмазбек Атамбаевдин мурдагы жансакчысы

Эркин Мамбеталиев. Буга чейин "Прогресс" коомдук фондунун жетекчиси, жарандык активист Адил Турдукулов Елисеевдин коттеджине Мамбеталиевдин аялы ээлик кылаарын интернетке жарыялаган болчу. Елисеев болсо Эркин Мамбеталиевдин жубайы Айчүрөк Адиевага 2012-жылы "Кубик-рубик" коттеджи үчүн ишеним кат бергенин тастыктады.

Азыркы мезгилде Елисеевдин коттеджи кагаз жүзүндө мүлк фондунун ээлигинде болгону менен, соттук териштирүүлөргө чекит коюла элек. Алексей Елисеев мындан тышкары жеке менчиги катары Бишкектеги Семашко көчөсүндөгү 5-үйдү, Табышалиев көчөсүндөгү 15-үйдү атап келет.

Айтмакчы, Улуттук коопсуздук комитети ушул жылдын 22-майында Максим Бакиевдин жана Алексей Елисеевдин мүлктөрүн өзүм билемдик менен басып алган деген шек менен Тимур Оторбаев аттуу жаранды камакка алган. Оторбаев экс-депутат Туратбек Мадылбековдун уулу Элдар менен бирге талап-тоноочулук кылган деп айыпталып жатат.

Ии баса, унута электе айта кетели, "Каприз" эс алуу борборундагы Бакиевдердин айтылуу 56-коттеджи аукциондо 10 миллион 935 миң сомго жеке колдорго сатылган. Ал эми Булан-Сөгөттүдөгү "Кес-Сеңир" үч кабат конок үйү да сатыкка коюлганы менен, ушул күнгө дейре кардар чыкпай келет.

**Бакытбек Мураталиев, Мамлекеттик мүлктү башкаруу боюнча фонддун төрага орун басары:**

*– Бүт сатуулар ачык-айкын жүрүп жатат. Муну бир эле Мамлекеттик мүлк фонду сатпайт да. Өзүнүн тартиби бар. Жогорку Кеңеш бекитип бергенден кийин, ал мүлктөр боюнча баалай турган топ, комиссия түзүлөт. Ал комиссияга ар кандай эксперттер кирет. Биз азыр көз карандысыз эксперттерди да киргизип жатабыз. Андан сырткары азыр тендер да өткөрүп жатабыз. Тендерде кайсы компания уткандыгы аныкталгандан кийин баалар такталып, ошол комиссиянын кароосуна берилет. Баасын комиссия чечет, объекттер ачык-айкын аукционго коюлат – ким көп берсе, ошол сатып алат. Аукциондорду өткөрүп жаткан-*

*да, көз карандысыз эксперттерди, байкоочуларды, прессаны чакырабыз. Ушундай иштер жүрүп жатат.*

**КСТ.** Быйыл 18-январда депутат Канат Исаевдин демилгеси менен Максим Бакиевдин жана анын жакындарынын мүлктөрүн иликтөө боюнча убактылуу депутаттык комиссия түзүлгөн. Арадан беш ай өтсө да, комиссия корутунду чыгара элек. Убакытты улам чойгону чойгон. Ошентсе да комиссия төрагасы Исаев Бакиевдердин улутташтырылбай калган дагы 15 объектин таап чыкканын жар салган. Бирок биз маалымат алуу үчүн Исаевди издеп, таба алганыбыз жок. Комиссия мүчөлөрү болсо 15 объект боюнча эч кандай документ жок экенин айтып, алакан жайышты. Сыягы, Исаев өзүнө каршы дембе-дем кылмыш иши козголгондо, 15 мүлктү ойлонбой айтып салса керек.

Деген менен аталган комиссия Бишкектин Скрябин көчөсүндөгү 45, 45а дарегиндеги Максим Бакиевге таандык 1,28 гектар жер тилкеси камактан мыйзамсыз чыгарылып, жеке колдорго сатылып кеткенин коомчулукка жарыя айткан. Бул факт боюнча Башкы прокуратура кылмыш ишин козгоп, Мамлекеттик каттоо кызматынын башчысы Тайырбек Сарпашев кызматынан убактылуу четтетилген. Депутаттык комиссиянын төрагасы **Канатбек Исаев** бул ишке бир эле Каттоо кызматы эмес, соттор да аралашканын мурдараак берген маегинде билдирген эле:

*- 2010-2017-жылдары мындай фактылар көп эле болгон. Демек, тиешелүү органдар менен жең ичинен сүйлөшүүлөр болгон. Өзгөчө мындай иштер соттор аралашмайын бүтпөй турганы белгилүү. Тагыраагы, соттор ыңгайлуу чечимдерди чыгарышкан. Маселен, Скрябин 45 дарегиндеги жерди сот билип туруп эле камактан чыгарган. Анткени мүлк Максим Бакиевдин жакындарына таандык экени белгилүү болчу да. Дээрлик 200 миллион сом турган жер тилкеси мамлекетке кайтарылышы керек.*

**КСТ.** Ал арада Бакиевдердин улутташтырылбай калган дагы бир мүлкү ачыкка чыкты. Бул тууралуу алгач журналист Элнура Алканова “Фергана-ньюс” маалымат порталы үчүн иликтөө



Бакиевдердин көл жээгиндеги жомоктогудай жашоосун айта берсек, жарым саатка сыйбас. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

жасаган. Эркиндик бульварында жайгашкан мурдагы “Ала-Тоо” мейманканасы 2009-жылы табышмактуу жагдайда “Гольфстрим Строй” ишканасына 4,2 миллион сомго сатылып кеткен. Бул ишкана “Билдинг констракшн групп” компаниясына таандык. Жалпак тил менен айтканда, “Ала-Тоо” мейманканасы Максимдин өнөктөштөрүнө сатылган.

**Элнура Алканова**, иликтөөчү журналист**:**

*– Эркиндик бульварындагы 1 гектар жер кантип эле ушунча арзан болсун? Бул суммага бир батир араң келет. Иликтей келгенде, мүлктүн артында Максим Бакиевдин жакын адамдары Ульяна Пак менен Денис Владышев турары аныкталды. Булар каржылык көз боёмочулукка шектелип, Максим Бакиев менен чогуу 15 жылга сыртынан соттолушкан. Азыр бул объект “Кыргыз мунай” ишканасына таандык. Алар учурда турак-жай куруп жатышат.*

**КСТ.** Айтмакчы, 1960-жылдары курулган бул имарат тарыхый-маданий эстеликтердин катарына кирип, өзгөчө коргоого алынып келген. 2014-жылы Мамлекеттик курулуш агенттиги эмнегедир бул макамдан ажыратып салган. Бирок ошол мезгилге чейин "Ала-Тоо" мейманканасын кайра оңдоого 13 миллион доллар бөлүнгөн болчу. Аталган каражат кайда жумшалганы, жумшалса эмне үчүн сатылганы боюнча бир дагы мамлекеттик орган ушул кезге чейин жооп бербей келет.

Ошентип, мурдагы "Ала-Тоо" мейманканасы 2010-жылдагы апрель ыңкылабынан кийин Мамлекеттик курулуш агенттигинин кызматкери Кушбак Жайчиевге 5 миллион сомго сатылган. Көп өтпөй Жайчиев 2012-жылдын декабрында 20 эсе кымбатка, тагыраагы 100 миллион сомго "Кыргыз мунай" ишканасына саткан. Бул компания парламенттеги "Бир бол" фракциясынын депутаты Исхак Пирматовго таандык экени айтылып келет. Эң кызыгы, бузулган мейманкананын ордуна көп кабат үй куруп жаткан "Главстрой" ишканасы коомчулукка ушул эле фракциянын лидери Алтынбек Сулаймановдуку экендиги белгилүү.

**Азимбек Бекназаров**, Убактылуу өкмөттүн мүчөсү, мурдагы баш прокурор:

*– Депутаттардын көбү унчукпайт. Эмне болуп жатканын айтышпайт. Анткени алардын бизнестери бар. Ашып кетсе 5-6 эле депутат маселе көтөрөт. Калгандарынын баарында ушундай объекттер бар. Кызыкчылыктары бар. Менимче, бул иште чоң адамдар, депутаттар бар. Болбосо бул объект боюнча маселе эчак көтөрүлмөк. Азыр Текебаевге чейин көптөгөн кылмыш иштери козголуп жатат. Эмнеге Бишкектин борборундагы объектти көрүшпөйт? Парламент бул маселени көтөрүшү керек болчу. Тарыхый эстелик колдон колго сатыла береби?*

**КСТ.** Сулайманов менен Пирматовдон түшүндүрмө алууга мүмкүн болгон жок. Ойлорун айтабыз дешсе, эшигибиз дайыма ачык. Мамлекеттик курулуш агенттигинин мурдагы кызматкери Кушбак Жайчиев камерага сүйлөп берүүдөн караманча баш

тартты. Бирок ал мейманкананы алып-сатуудан бир да тыйын пайда көрбөгөнүн, таасирдүү адамдар убагында коркутуп-үркүтүп анын атына каттатып койгонун камера сыртында айтып берди.

Кыргыз бийлиги Бакиевдердин мүлктөрүн толук улутташтыра албай жатканда, британ парламенти чет өлкөлүк жарандардын шек жараткан мүлктөрүн камакка алуу боюнча мыйзам долбоорун кабыл алды. Мыйзам октябрдан тарта күчүнө кирет. Буга чейин британиялык "Глобал Уитнесс" уюму учурда Лондондо баш калкалап жүргөн Максим Бакиевдин байлыктарын иликтеп, 5 миллион долларлык хансарайын шардана кылышкан.

Уюмдун улук изилдөөчүсү Наоми Хёрст аталган мыйзам аркылуу Максимдин байлыктары кайдан келгенин аныктоого болорун айтууда. "Глобал Уитнесстин" эсебинде кенже Бакиевдин Кыргызстандан чыгарып кеткен акчалары миллиондогон долларды түзөт:

**Наоми Хёрст**, "Глобал Уитнесс" уюмунун улук изилдөөчүсү:

*- Биздин баяндама полицияга өз тынчсызданыуубузду билдирүүгө жетиштүү негиз берет деп ойлойбуз. Британиянын полициясы биздин баяндамага канчалык олуттуу мамиле кылганын азырынча билбейбиз. Бирок үйдү сатып алууга акча кайдан келген? Ал каражат Британияга кантип кирген? Укук коргоо органдары бул суроолорду иликтеши керек деп эсептейбиз. Саррейдеги үй ошол учурда 3,5 миллион фунт-стерлинг болсо, азыр анын баасы андан кыйла көтөрүлгөн. Полиция бул үйдү сатып алууда кылмыш же коррупциядан түшкөн акча колдонулган-колдонулбаганын такташы керек. Андыктан иликтөө баштоого негиз бар деп эсептейбиз. Ошондой эле бул иш кайдан алынганы белгисиз байлыкты текшерүү жөнүндө мыйзамды сыноо үчүн жакшы кейс болуп берет. Мыйзам полициянын шектүү байлыкты иликтөө укугун кеңейтүүдө.*

**КСТ.** Мындай иштердин аягына чыгууга мүмкүн экендигин "дүйнө жүзүндөгү арам акчалар чогулат" деген атка конгон Лондондун бийлиги көрсөтө баштады. Ар кандай жол менен келген акчалардын жана алардын ээлеринин изине түшкөн Улуу

Британиянын бийлиги азыр көп шылуундардын жүрөгүнүн үшүн ала баштагандай.

**Наоми Хёрст:**

*– Катардагы адамдар жана жарандык коом үчүн канча каражат сыртка чыгарылганын же канча акча чет өлкөдөгү кыймылсыз мүлккө жумшалганын аныктоо өтө кыйын. Эмне үчүн биздин уюм Максим Бакиевге көңүл буруп калды? Себеби анын окуясы адамдар финансылык көмүскө иштерди канчалык кенен иш жүргүзө алаарын көрсөтүп турат. Купуя болгондуктан, биз окуяны толук билбейбиз. Бирок бул айсбергдин чокусу эле эмеспи деп тынчсызданууга жетиштүү негиз берет.*

**КСТ.** Биз жогоруда Бакиевдерге таандык мүлктөргө байланыштуу чырлардын айрымдарына гана токтолдук. Болбосо мүлк талашка байланыштуу жалпысынан 83 териштирүү бар. Кандай болгон күндө да, "Мекен шейиттеринин" жакындары Бакиевдердин байлыктарын элге кайтармайынча, "адилеттикке жетмейинче, көксөөбүз суубайт" деп турушат.

**Алып баруучу жана автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Айбек Кулчуманов,**
**Уланбек Асаналиев**
**Кабарчылар: Кубат Касымбеков, Касым Рахманкулов**
**Продюсер: Бүбүкан Досалиева**

# САЯСАТТАШКАН САУНАЛАР

2015-жыл, 24-март.

**Бүгүн кыргыз коомчулугунда сауна дегенде көпчүлүктүн эсине мончодогу ысык буу эмес, денесин соодалаган кыздар жана капчыктуу аткаминерлер түшөт. Мунун да жөндүү себеби бар. Анткени мына минтип шаар түн жамынганда сауна деп аталган жайлар чыныгы жүзүн ачат. Бүгүн биз көмүскөдө аткаминерлер ээлик кылган Бишкек жана Ош шаарындагы сауна-мейманканалар тууралуу сөз кылабыз.**

**СТП. Уланбек Эгизбаев:** – "*Сауна" сөзүн фин тилинен кыргызчага которгондо "мончо" дегенди билдирет. Бирок эмнегедир көпчүлүк сауна дегенде денесин соодалаган кыздарды жана, албетте, капчыктуу аткаминерлерди элестетет. Мунун да жөндүү себеби бар. Мына минтип шаар түн жамынгандан баштап сауна деп аталган жайлар чыныгы жүзүн ачат. Саламатсыздарбы. Эфирде "Азаттыктын" "Іыңгайсыз суроолор" берүүсү. Сиздер менен мен, Улан Эгизбаев. Бүгүн биз Бишкек жана Ош шаарларындагы аткаминерлер калкалаган сауна, мейманканалар тууралуу сөз кылабыз. Аягына чейин биз менен болуңуздар.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:**

– Ички иштер министрлигинин маалыматы боюнча Бишкекте расмий катталган 150 сауна бар. Катталбай иштегени бери дегенде

эле мындан эки эсе көп экени айтылат. Кыргызстандын мыйзамдары сауна ишмердигине эч кандай тыюу салбайт. Милиция аталган жайлардын үстүнөн арыз түшкөндө гана текшерүү иштерин жүргүзө алат.

**СНХ. Саламат Адылов, Бишкек ШИИБинин адам сатууга каршы күрөшүү адеп-ахлак башкармалыгынын жетекчиси:**

*- Биздеги маалымат боюнча официалдуу түрдө налог төлөп иштеп аткан 150 сауна бар Бишкек боюнча. Анын ичинен Свердлов районунда 40, Биринчи май районунда 56, Ленин районунда 17, Октябрь районунда 37 сауна бар. Ошондо жалпы 150 сауна болуп атат. Бирок Бишкек боюнча бул сауналардын саны эки эсе көп. Кээси "закрытый типте" иштешет, кээси салык төлөшпөйт.*

*Бирок сауналардын баарын эле "притон" деп айтышка болбойт. Кээ бир сауналар чындыгында ден соолукту чыңдоочу борбор катары иштешет. Кыздарды чакырбай, таза иштешет. Андай сауналар да бар. Биз иш жүргүзүп, маалымат алганда, аны далилдешибиз керек.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** - ИИМдин маалыматына ылайык сауналардын 30 пайызы гана мончо катары иштейт. Калган 70 пайызы интим кызматынын ар кандай түрлөрүн сунуштайт. Сауна терисин жамынып алып, кыздардын денесин соодалаган жайларды ашкерелөө оңойго турбайт. Анткени аталган жайларга көмүскөдө чоң-чоң аткаминерлер ээлик кылат. Арасында Жогорку Кеңештин депутаттары, милициянын лөктөрү жана эски чиновниктер да бар.

**СНХ. Саламат Адылов, Бишкек ШИИБинин адам сатууга каршы күрөшүү адеп-ахлак башкармалыгынын жетекчиси:**

*- Ушундай сауналарды кармагандын көбү арендада. Мисалы, мынакей, депутат Салимовдуку деле кармалды. Ижарага берип иштеткен экен. Өзүнүн тиешеси жок экен. Бүт эле ушундай. Биз мына буга чейин канча сауналарды кармап келдик, негизги кожоюндар өзүлөрү иштетпейт. Ижарага беришет.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** - Адеп-ахлак полициясы жакында эле КСДП (Кыргызстан Социал-демократиялык партиясынын) депутаты Турсунтай Салимовго таандык делген "Прадо" эс алуу




*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

жайындагы сойкукананын бетин ачып, администраторлорго карата кылмыш ишин козгогон. Коомчулукка "Мадина" базарынын ээси катары таанылган депутат Салимов "Прадо" эс алуу жайы жеке менчиги экенин танбайт. Бирок ошол эле учурда ал жайдагы сойкуканага тиешеси жок экенин айтып келет.

**СНХ. Турсунтай Салимов, ЖК депутаты:**

*– Ал сойкукананы биздин ачканыбыз жок. Регистрация боюнча бүт баары - сауна. Бишкек шаары боюнча 1800 сауна бар. Алардын баары сойкуканага киреби?*

– Демек, сиз милициянын маалыматын төгүндөйсүзбү, сойкукана болгон эмес деп?

*– Сойкукана эч качан болгон эмес. Мына мен силерге айтып берейин, бул чистый политический заказ. Кечээ саат он бирде рейд кылып атыптыр, бир журналистти ээрчитип алган. Анан бүгүн саат тогузда гезиттерге чыгып, баардык жерде жазылганы – в такой срочной форме жасалганы, мен как политик айта алам – это заказ, заказ кылып атат. Ким кылып атат? Аны мен иликтейм. Аны мен издеп табам.*

– Эми жарым жылаңач кыздарды журналисттер ала барган жок да ал жерге. Видеодо деле көрүнүп турбайбы?

**–** *Журналисттер алып барбаса, биз милициянын кантип иштээрин жакшы билебиз.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Депутаттыкы делген жайдан сойкулардын табылышы элдин катуу сынына кабылды. Өзүнүн эле эмес бүтүндөй партиянын атын булгады деп КСДПнын жаштар канаты Салимовдон мандатын тапшырууну талап кылып келишет. Эл өкүлү ушул окуядан кийин Жогорку Кеңештин депутаты деген төш белгини тагынуудан уялып калганын моюндаган жайы бар. Бирок ушул кезге чейин депутаттык мандат адамдык ар-намыстан жогору туруп келет деп партия жаштары наразы.

**СНХ. Ренат Самудинов, КСДП партиясынын жаштар канатынын башчысы:**

**–** *Депутат болуп туруп партиянын атынан ушундай туура эмес иштер менен кармалып, шектелип, анан бийликте отурат да. Депутаттар, бийлик өкүлдөрү ар дайым өсүп жаткан жаштарга үлгү болушу керек эмеспи. Ушундай туура эмес үлгүнү көрсөтө берсек, келечекте кандай мамлекет курабыз? Ошол моралдык жагын караганда, депутат Салимовдун моралдык укугу жок, мандатын тергөө иштери бүткүчө тапшырып турсун. Же болбосо прецедент түзүп*[13]*, ушундай туура эмес иш болгондо, Батыш мамлекеттериндегидей мандатын тапшырып чыгып кетсин деп айтып атабыз. Ошондой билдирүү жасадык. Тилекке каршы, бул созулуп жатат. Бирок партиянын ичинде бизди колдогондор көп. Кээ бир эле кишилер бул Салимовду колдоп, калкалап жатпаса, калганы бизди колдошууда. Андан тышкары коомчулук дагы, жада калса оппозиция өкүлдөрү да бизге туура көз карашты айтып жатышат.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Денесин саткан кыздардан акча жасаган чоңдордун атын ачык айтуу өзүнчө эле машакат. Мындай жайлар адатта депутаттын же аткаминердин туугандарына катталат. Акыры өзүнө эмес.

**СНХ. Чыныбай Турсунбеков, ЖК депутаты:**

[13] "Жакшы өрнөк көрсөтүп" деген мааниде.

*– Биз фракцияда карадык. Атайын материалдарды алып келди, запистерин алып келди. Кандай болгон ал маселе, ким күнөөлүү экенин көрсөтүп берди. Биз күнөөсүз адамды эле жазалаганга макул дей бербейбиз да. Ошон үчүн фракциянын чечимине жараша иш болуп атат.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Ушул себептүү баланча сауна түкүнчө депутаттыкы деп айтуу дээрлик мүмкүн эмес. Маселен, дагы бир депутат Акматбек Келдибековдун Горький көчөсүндөгү ондон ашык саунасы тууралуу милицияга маалымат түшкөн. Бирок териштире келгенде, аталган жайлар кагаз жүзүндө башкаларга катталганы аныкталган. “Кыргыз чоролору” коомдук бирикмесинин мүчөлөрү баш калаадагы көмүскө сойкуканаларды өз алдынча текшерип келет. Жакында эле Кытай ишкерлерине таандык караоке клубдан денесин саткан кыздарды видеотасмалар аркылуу коомчулукка шардана кылышты. Көмүскөдө иш жүргүзгөн ишкерлердин жүрөк үшүн алган “Кыргыз чоролорунун” башчысы Замир Көчөрбаев сауна, мейманкана, караоке-клубдар кыздарды соодалаган тымызын жайлар экенин, аларды милиция кызматкерлери өздөрү калкаларын айтып жатат.

**СНХ. Замир Көчөрбаев, “*Кырк чоро*” коомдук бирикмесинин башчысы:**

*– 2014-жылдын декабрь айында жанагы “Таатан” соода борборунун жанындагы караоке клубду текшерүүдө бир нерсени байкай алдык: бир жылдан бери ошол эле милициялар тарабынан бул ачылып, ал жердеги фактылар аныкталып, Кытайдын үч жаранына кылмыш иши козголгон. Бирок бир жылдан бери булар ачык эле иштеп келген. Муну кандайдыр бир бийликтин органдары же болбосо Жогорку Кеңештин депутаттары жана башка ошол эле бийликтин үч бутагындагы адамдар кандайдыр бир деңгээлде калкалап келишкен да. Ошон үчүн булар иштеп келген. Качан биз баргандан кийин өзүбүздүн демилгебиз менен ошол жерди кайра бир жолу аныктап чыккандан кийин, коомдук пикир жаратකандан кийин гана жабылды да. Буга чейин ачык эле иштеп келген да.*

*Мына башка да караоке-клубдар, сауналар ушундай эле калкаланып, бүгүнкү күнгө чейин иштеп, айрым мамлекеттик органдар, тиешелүү*

*мамлекеттик органдар барып текшере албай жатат. Текшергенден да коркуп атат. Эртеңки күнү ошолордун өздөрүнө кысым болот деп. Мисалы, жакында эле болбодубу, ошол эле Турсунтай Салимовдун "Прадосун" да биз чогуу текшергенбиз. Бирок Турсунтай Салимов айтып чыкпадыбы "мага каршы саясий буйрутма" деп. Мына эртеңки күнү ошондой болуп калбасын деп булар дагы өзүнүн ишинен коркуп атат да.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Өлкөдө сойкулукту кадыресе кесип кылган үч жарым миңдей кыз-келин бар. Булар милициянын тизмесине илингендери гана. Каттоого алынбаганы мындан алда канча көп. Сауналарда, мейманканаларда интим кызматын көрсөткөндөрдүн көбү 18-25 жаштагы кыз-келиндер. Бирок алардын катарында 16дагы секелектер, элүү жаштагы энелер да бар. Чет өлкөлөрдө денесин сатып акча тапкан кыргызстандыктардын так саны тууралуу маалымат жок. ИИМ тараткан маалыматка ылайык, Кытай, Түркия, Орусия, Казакстан жана Араб өлкөлөрүндө иштеп жүргөн кыз-келиндер миңдеп саналат. Философия илимдеринин доктору, окумуштуу Үмүт Асанова көптөн бери сойкулукту мыйзамдаштыруу демилгесин көтөрүп келет. Ал ушундай жол менен өспүрүм кезинде бузулган кыздарды сактап калса болорун айтат.

**СНХ. Үмүт Асанова, окумуштуу:**

*– Бул чөйрөдөгүлөрдүн ден соолугу үчүн ким жооп берет? Алар ар кандай ооруларга дуушар эмес бекен? Мына ушунун баарын компьютерлештириш керек. Себеби алар менен сырттан келген адамдар байланышат да. Гигиеналык жактан, санитардык жактан, эпидемиологиялык жактан кандай – ушунун баарын караш керек да. Муну көзөмөлгө салыш керек. Көзөмөлгө салуу деген тыюу эмес. Бул ишке ким жоопкерчиликтүү болорун, ошол кыздардын укугу бузулбастыгын кароо дегенди билдирет. Канча кыздар күнү-түнү кандай тозокто, кандай абалда жашаганын биз кайдан билебиз? Канчасы сынып, канчалары ден соолугунан ажырап, байкуштар, эне болбой калат өмүрүндө. Көп болсо бул иш менен 25-30 жашка чейин алектенет. Андан кийин эмне деген жашоо болот?*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Шаардык кеңештин депутаттары Оштогу сауна-сойкуканалардын кимге таандык экенин коомчулукка ачык жарыялоо боюнча токтом токуганга да жетишкен. Бирок расмий органдар денесин саткан кыздардын эсебинен кайсы чиновниктер акча жасап жатканын айта элек. Ошентсе да Ош шаарынын тургундары кайсы чиновниктин канча саунасы бар экенин жакшы билишет.

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Эми Бишкектен Ошко келели. Экинчи борбордо расмий каттоодон өткөн 18 гана сауна бар. Бирок Бишкектегидей эле салык төлөөдөн качып жашыруун иштеген сауна-мейманканалар ондоп саналат.

**СНХ. Кылычбек Жолдошов, Ош ШИИБинин башчысы:**

*– 2014-жылы 20 сауна боюнча иш козголуп, сотко кеткен, эки квартирада сойкуканалар уюштурулганы үчүн иш козголгон. Ал эми мына 2014-жылдын эки жарым ай ичинде төрт сауна боюнча иш козголуп, бул иштерди сотко жөнөтүп жатабыз. Бирок, сиз айткандай, депутаттарга тиешелүү экендиги бүгүнкү күндө аныкталган жок. Себеби ал сауналардын администраторлору, ошол жерди иштетип жүргөн адамдар гана кылмыш жоопкерчилигине тартылат. 2015-жылдын эки жарым айында төрт саунанын администраторлору кылмыш жоопкерчилигине тартылган. Бул жерде биздин убактылуу кармоочу жайда 48 сааттан отуруп, соттун санкциясы менен үй камагына чыгарылган. Эми азыркы күндө бул иштер соттук кароого жөнөтүлдү.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Оштогу интим кызматын көрсөткөн мейманкана, сауналардын кожоюндары тууралуу эл ичинде түрдүү кептер айтылып келет. Айтылган сөздөрдүн чын-бышыгына жетүү үчүн жашыруун камеранын коштоосунда айтылуу сауналарды түрө кыдырдык. Жергиликтүүлөр “Кара алма” чайканасынын жанындагы жашыруун жайды жакшы билишсе керек. Бул жайдын Ош улуттук драма театрынын башкы директору Асан Мансуровго таандык экени айтылып келет. Сыртына “ремонт” деп жазып коюшканы менен, ичиндеги кыздар бузулбай эле иштеп жатканын көрүүгө болот. Сөзүбүз куру болбошу үчүн “Кара алманын” бир кызын мейманканага алып барып, кепке тартып, тиешелүү




*“Азаттыктын” фотоархивинен.*

тыйынын төлөп бердик. Каарманыбыздын коопсуздугу үчүн анын жүзү жана аты атайын жашырылды.

**(бети жашырылган кыз менен маек)**

*– Концерт коюп жатпайбы. Ошонуку да. Бизге чалып аялыма гүл бергиле дейт. Кезек менен дейт. Сиз барган жер да ошонуку.*

– “Ынтымак” дегенби?

*– Ооба, ал жерден күнүнө мындай дегенде жүз миң сом мындай эле түшөт.*

– Драмтеатрдын директорубу?

*– Ии.*

– Асан беле? Ким эле?

*– Ооба, Асан. Директор да ошол.*

*– Кечээ рейд болуп атат, бир күн кечке жаба туралы десек. “Жаппайсың, менин саунам тополоңдо да жабылган эмес”, – деди. Өзбекстандын келген кыздарды катуу-катуу чаап урат.*

– Өзү келип сабайбы?

*– Ооба, жинине тийсең, сабайт.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Театр жетекчиси Мансуров "Ынтымак" аттуу мейманканага да ээлик кыларын эшиттик. Бул жайдагы кыздар да интим кызматын көрсөтүшөт. **Асан Мансуров** жогоруда аталган эки жайга тең тиешеси жок экенин айтканы менен "Кара алма" бир тууган инисине, "Ынтымак" апасына катталганын жашырган жок:

– *Ал сауналардын мага эч кандай тиешеси жок. Бул көрө албастардын ушактары, ушакчылар кылып атат. А менин атымда андай сауна, мейманкана деген жок. Мен иштетпейм андайларды. Андай ишканаларым жок.*

– Негизи буга чейин биздин кабарчыга бергенде "ооба, ал меники болчу. Бирок ал азыр ижарада" деп айтыптырсыз да. Мисалы, ошол эле "Ынтымак" ресторанын.

– *Ал мейманкана менин атымда эмес. Менин туугандарымдын атында. Бирок мага байланышы жок. Эч кандай мага тиешеси жок.*

– Биз ушул иликтөөнүн жүрүшүндө ошол жерде иштеген кыздар менен да сүйлөштүк. Анан "Кара алмага" барсак, сыртына "ремонт" деп жазып койгон экен. Сиз дагы биздин кабарчыга "ремонт" жүрүп жатканын айтыптырсыз. Бирок кыздар кадимкидей эле иштеп атышат. Өздөрү менен сүйлөшсөк, сиздин атыңызды айтып атышат. "Асан аканыкы бул жак, иштейбиз. Самаранын концертине гүл алып келгиле деп айткан. Экиден чогулуп биз гүл алып барганбыз", – деп бизге сүйлөп беришти. Буларга эмне дейсиз?

– *Жок, сүйлөшүүдө антип айтылган эмес.*

– Демек, "Кара алмага" да, "Ынтымакка" да сиздин тиешеңиз жок?

– *Жок, тиешем жок.*

– Кайсы туугандарыңыздыкы? Жакын туугандарыңыздыкыбы? Кимге катталган?

– *"Ынтымак" апама катталган.*

– Азыркыга чейинби?

– *Азыркыга чейин.*

– Апаңыз иштетеби?

– *Апам иштетет, апам бирөөлөргө ижарага берип иштетсе керек. Ал мага карабайт.*

– “Кара алмачы”?

– *“Кара Алма” дагы мага карабайт.*

– Эч кандай тиешеси жокпу?

– *Эч кандай тиешеси жок.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Буга чейин Ош милициясы “Жетиген” эс алуу комплексиндеги “Ак буура” саунасынан сойкулук менен алектенген кыздарды таап, администраторлорго кылмыш ишин козгогон эле. Шаардыктар бул жай Жогорку Кеңештин экс-депутаты Урмат Аманбаеваныкы деп билишет. Анткен менен экс-депутаттын иниси Бакыт Аманбаев бул доомattарды четке кагууда.

**СНХ. Бакыт Аманбаев, Кыргызстандын акыйкатчысы:**

– *Көпчүлүк массалык маалымат каражаттары ошол саунага менин да тиешем бар деп жазып атышпайбы. Биринчиден, мен ушул жашыма келип ишкерчилик же болбосо соода-сатык менен алектенген эмесмин. Ошондуктан бул жалган жалаа. Экинчиден, мен ошол маалымат чыккан күнү бул маалыматты териштирдим. Чындыгында бул менин эжеме тийиштүү ишкана экен. Болгону ижарага алган киши менен анын ээсинин ортосундагы келишимде имараттын эмне максатта колдонулары так, даана көрсөтүлбөй калыптыр. Ошондуктан ижарага алган киши өзү каалагандай иштеткен. Бирок ошол маалымат чыккан күнү ижарага алган кишини дароо чакырып, “бул жер жабылды, мындан ары иштетилбейт” деп токтоттук.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Оштогу дагы бир чуулуу эс алуу жайлардын бири депутат Ыргал Кадыралиеванын бир туугандарына таандык. “Альп-лагерь” же “Турбаза” деп аталган мейманканалар юридикалык жактан “Интерпол” издеп таппай жаткан Канжар Кадыралиевдин жубайына катталган. Биздин чыгармачыл топ Ошто бул берүүнү даярдап жүргөндө, Мирлан Жолдошев аттуу жаран Канжар Кадыралиев анын ишканасын тартып алып, үйүндөгү буюмдарын саунасына коюп алганын айтып, арызданды. Бул маалыматтар Бишкекте өткөн маалымат жыйынында да айтылган экен. Мирлан мырза “айткандарымды



*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

тастыктап берем" деп бизди "Турбазага" алып жөнөдү. Алгач ошол жерде тартылган видео тасманы комментарийсиз көрүп алып, анан сөзүбүздү улайлы.

– *Бул Канжардын саунасы да. Муну мен эле эмес, элдин баары билишет. Менин муздаткычым, плазма телевизорлорум ичинде турат. Телевизорум кеңсесинде, муздаткычым нары жагында ашканасында турат.*

– Сиздин оокаттарды кадимкидей коюп алганбы?

– *Ооба.*

**Көчө жактан чуркап келген келин** (Уланбек менен Мирландын жолун тороп):

– *Кайда баратасыңар? Уруксат сурабайсыңарбы?*

– Кимден сурайбыз?

– *Менден.*

– Сиз кимсиз?

– *Мен администратор болуп иштейм.*

– Атыңыз ким?

– *Ишиң эмне?*

– Бул жер Канжар Кадыралиевдикиби?

– *Билбейм.*

– Кимдики? Ээси ким?

– (камераны колу менен жаап) *Съемканы токтот, анан сүйлөшөбүз.*

– Ээси ким?

– *Сыртка чыгып сүйлөшөлү* (дарбазаны жапты).

– Ээси Канжар Кадыралиевби? Ээсин чакырып бериңизчи, сүйлөшөлү.

– *Азыр, чакырып берем.*

**Мирлан Жолдошев:** – *Мунун баары сауна... Мобу жерден кирет.*

**Келин:** – *Бул вообще аферист. Бир камаз ундарды кидать эткен, төрт жүз миң сом касапканадан карыз, алтын базардан. Акмак, аялы дагы... тил каттардын баардыгы бар. Азыр бечара байкуштар менин эсебимде, алты адам арыз жазып, арыздары кабыл алынбай жүрөт ушул убакка чейин.*

**Уланбек Эгизбаев:** – Ушул кишигеби?

**Келин:** – *Аябай Канжар акам жардам берип... Кичине өзүмө келип алайынчы, камераны ала тур ээ?*

**Мирлан Жолдошев** (жанындагы бейтааныш кишиге кыйкырып жатат)**: –** *Силер менин буюмдарымды саунаңарга коюп алгансыңар. Мына мен азыр кирип көрсөтө алам. Мына менин муздаткычым, телевизорум турат саунаңарда. Бетиңер барбы силердин?*

**Бейтааныш киши:** – *Биз кол алышпадык беле?*

**Мирлан Жолдошев:** – *Эмне деп кол алыштык эле? Кол алышкандан кийин силер жасабай койбодуңарбы. Мен силер менен кол алышып, макул болуп, силерди угуп кеттим мен.*

**Бейтааныш киши:** – *Анан?*

**Мирлан Жолдошев:** – *Документтеримди которуп бербестен, мен карыз болгон адамдарды чогултуп алып, мени аферист деп кыйкырып атасыңар го. Мени силер өлтүрүп койсоңор да, акырына чейин турам. Мен коркпойм эч кимден! Силерге да кудай бар, мага да кудай бар!*

**Уланбек Эгизбаев:** – Биз негизи Кыргызстандагы сауналар жөнүндө журналисттик иликтөө жасап атабыз. Оштогу сауналар боюнча маалымат топтодук. Бул жерде эки сауна Канжар Кадыралиевдин атында деген бизге маалымат түштү. Бирок бизде расмий документ жок. Ошол эле учурда Жогорку Кеңештин депутаты Ыргал Кадыралиева сауналарды жабуу боюнча мыйзам долбоорун сунуштап жатат. Мындан улам көптөгөн сындар айтылды, өзүнүн саунасы турса, бул каяктагы мыйзам долбоорун сунуштап жатат депчи. Ушул жерден так суроого так жооп берип коюңузчу – бул жактагы сауналар кимге таандык жана кимдер иштетет? Сауна деп түз маанисинде болсо маселе жок. Бирок бул аты эле сауна болбосо, сойкукананын ролун аткарат, чакырык менен кыздар келип иштейт дегендер да бар. Ушуга кандай жооп берет элеңиз?

**Орунбек Кадыралиев:** – *Документтерде бул жер эч кандай сауна эмес. Бул жерде кадимкидей эле мейманкана. Эс ала турган жай. Азыркы күндө үкамдин башына иш түшкөнү бул жер иштетилбей турат.*

**Уланбек Эгизбаев:** – Азыр такыр иштебейби?

**Орунбек Кадыралиев: –** *Жок, иштебейт.*

**Токтосун Шамбетов (кабарчы):** – Кирип көрсөк болобу? Саунабы же сауна эмеспи, өзүбүз көрөлү.

**Орунбек Кадыралиев:** – *Ушул жерге киргенге уруксатыңар болсо.*

**Уланбек Эгизбаев:** – Мен сизге жеке документтеримди көрсөтөйүн. Сиз дагы камерага имараттын ичин көрсөтүп бериңиз.

**Орунбек Кадыралиев:** – *Дарбаза жабык, көрүп турбайсыңарбы...*

**Уланбек Эгизбаев:** – Жана эле ачык турган... Эгер иштебей турса, эмнеге ичин көрсөткүңүз келбей атат?

**Орунбек Кадыралиев:** – *Дарбаза жабык да...*

**Уланбек Эгизбаев:** – Ой жана эле ачык болчу, ичинде кишилер да бар болчу...

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Чырды түшүнбөй калсаңыз, кыскача чечмелеп берели. Мирлан Жолдошевдин айтымында, Канжар Кадыралиев 2012-жылы анын ашканасын ижарага алып, ошол бойдон менчиктеп алат. Кадыралиевдер бул дооматтарды четке

кагып, Жолдошевди жеткен алдамчы катары сүрөттөп, анын 600 миң сом карызын бирден санап беришти. Мирлан мырза карызга батканын танбайт. Бирок Кадыралиев ашкананы тартып албаганда, мындай окуя болбойт эле деп чындык издеп чыркырайт. Карыз доосун мындай коюп, негизги темабыз болгон саунага кайталы. Депутат Ыргал Кадыралиеванын бир тууганы Орунбек жөн эле мейманкана деп ишендирип жаткан жайга мурунку түнү кирип, баарын өз көзүбүз менен көрүп чыкканбыз. Макул, Кадыралиевдердин айткандарына ишенели. Бирок саунанын ичинде денесин саткан кыздарды кантип жашырабыз?

**(Уланбек саунадагы кызга суроо узатып жатат)**

– Канчадан?

*– Саатына 1800 сом.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Ии баса, депутат Ыргал Кадыралиева жакында эле сауналарды жабуу боюнча мыйзам долбоорун даярдап жатканын "Фейсбуктагы" баракчасына жазып чыккан. Окуп алып, көпчүлүккө кошулуп мен да сүйүнгөм.

**(Ы. Кадыралиеванын Фейсбуктагы барагынан алынган скрин:** "*Сауна бизнесин жаптыруу боюнча мыйзам иштеп жатам, сунуш болсо бериңиздер*").

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Сауна, мейманканасы бар аткаминерлерди айтып отурсак, тизме улана берет. Дагы бир депутат Турсунбай Бакир уулунун карындашы Махбурат Эргешова Оштогу мейманканалар комплексин иштетет. Жергиликтүүлөр болсо мейманкана эмес эле, сойкуканага айланды деп эки жылдан бери арызданбаган жерлери калган эмес. Атын атагысы келбеген жашоочу телефон аркылуу буларды айтып берди.

**Телефондогу үн:**

*– Саатына, суткасына кыздарды алып келишет. Бул жерде тургандарга деле жагымсыз. Балдарыбыз бар, неберелерибиз бар. "Апа, баягылар кирип кетип атышат," – дешет. Ким эле ошондой үйдө жашагысы келсин?*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Деген менен парламентте жана интернетте элди ыйманга чакырып, даават айткан ажы депутат Турсунбай Бакир уулунун бир тууган карындашы кошуналарынын дооматын каралоо деп эсептейт.

**СНХ. Махбурат Эргешова,** Турсунбай Бакир уулунун карындашы:

*– Бул өзү гостиничный комплекс. Бул жерге жакшы, Түркиядан, чет элден, Орусиянын ФСБсынан жана биздин деле атактуу адамдар келип, просто суточно жатып, эс алып кетишет. Эч кандай тополоң жок, мастарды киргизбейбиз. Тополоң эч качан болгон эмес жана болбойт. Бул эч кандай Турсунбай Бакир уулуна караштуу эмес. Муну мен өзүм сатып алганмын. Өзүмдүкү. Турсунбай байкенин эч кандай тиешеси жок. Бул меники. Күйөөм Токтобаев Сүйүн экөөбүздүн үй-бүлөлүк бизнесибиз. Бул жерде толук подьезд эмес, алты гана квартира биздики. Баары тынч.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Сауналар өз ичинен “элита”, “VIP” жана “элеттиктер” деп бөлүнөт. Түрүнө жараша орто эсеп менен алганда саатына 500 сомдон үч миң сомго чейин акы алышат. Саунада кызмат көрсөткөн кыздардын акысы өзүнчө бычылат. Мындан улам сауналар кирешелүү бизнес деп айтсак болот.

**СНХ. Төлөгөн Келдибаев, эксперт:**

*– Бул көмүскө бизнес. Муну кимдер кылып атат? Алардын артында кайсы Жогорку Кеңештин депутаттары, кайсы генерал, кайсы губернаторлор турганын элдин баары билет. Ошол эле мезгилде аттуу-баштуу жетекчилер, саясатчылар сойкулардын кызматтарынан өзүлөрү деле пайдаланышат. Мисалы, Бишкектен министрликтерден, Ак үйдөн келгендер бул жакка звонок кылып, “кыз таап кой, даярдап кой” деп айтышат. Мындай буга чейин болуп келген жана азыр да болуп атат.*

**КСТ. Уланбек Эгизбаев:** – Ош шаардык кеңеши сауналардын ээлерин коомчулукка ачык көрсөтүү боюнча токтом да токуганга жетишкен. Бирок анын аткарылышы азырынча күмөн. Анткени ким эле менин мынча саунам бар деп эл алдында отчёт бергиси келсин.

**СНХ. Абдувахап Нурбаев, Ош шаардык кеңештин депутаты:**

*– Ар бир имараттын ээси ким? Ошол жерди иштетип аткан ким? Баардык маалыматты расмий түрдө алып туруп, массалык маалымат каражаттарына беришсин деген токтом чыгарганбыз. Буйруса, мына алты айдын жыйынтыгы менен ошону карайбыз. Эл билсин, депутат болобу, ишкер болобу же мамлекеттик жетекчи болобу, кимиси кандай жол менен акча таап атканын билсин дейбиз. Бирок мамлекеттик деңгээлдеги мыйзамдардын күчү жок болуп атат. Ошол эле Ички иштер башкармалыгына айтсак, биздин мыйзам жолунда жазалоочу күчүбүз аз болуп атат деп шаардык кеңештин сессиясына келгенде айтты. Биз эч болбосо коомчулуктун сотуна салып, айыптап, адептик жактан жазалайлы дейбиз. Бирок муну Жогорку Кеңеш карап, атайын бир мыйзамдарды киргизип күчтөндүрбөсө, биздин жаштарыбыз жаман жолго түшүп кетип атат.*

**СТП. Уланбек Эгизбаев:** – Биз бул берүү аркылуу сауналарга барбагыла, мейманканаларды жабыш керек деген пикирди айтуудан алыспыз. Болгону аткаминерлердин кадыресе киреше булагына айланган сауналарды ачык иштетип, эл катары мамлекетке салык төлөсө, адеп-ахлак жагын коом өзү таразалап алат деген ойду айткыбыз келет.

**Алып баруучу жана автор: Уланбек Эгизбаев**
**Кабарчылар: Токтосун Шамбетов, Ыдырыс Исаков**
**Операторлор: Жанарбек Жолдошбаев, Уланбек Асаналиев**

# КӨРҮСТӨНДӨГҮ КОРРУПЦИЯ

2018-жыл, 30-май.

**СТП. – Эсиңиздерде болсо, өткөн программабызда Бишкектин жер мафиясы тууралуу иликтегенбиз. Бул жолу кезек көр саткандарга келип жетти. Саламатсыздарбы! Эфирде "Азаттыктын" "Ыңгайсыз суроолор" телеберүүсү. Сиздер менен мен, Улан Эгизбаев. Алдыдагы жарым саатта көрүстөндөрдөгү көр сатуу схемалары тууралуу айтып беребиз. Аягына чейин биз менен болуңуздар!**

(Дароо эле программанын жүрүшүндө айтылган курч жана орчундуу пикирлердин кыска топтому берилди. Бул – көрөрмандын көңүлүн буруп, программага кызыгуусун басаңдатпай кармап турууну мыкты жолу. – ред.):

***"...Мыйзамсыз, биякка болбойт десек, алар биз 150 миң бергенбиз дешти..."***

***"Сатылган жерди билесизби?" "Билем. Жүрүңүз көрсөтөлү. Ошого жооп бериңиз..."***

***"Өлүк жок биякта. Эчтеке жок" "Алдамайбы?" "Жөн эле, алдамай..."***

***"Байке, биз деле сурайлы, жашыргыдай эмне бар биякта?"***

**КСТ**. Кыргызстанда коррупция адам баласын төрөлгөндөн өлгөнгө чейин коштоп жүрөт десе элестүү айтылган кооз сөз катары

гана кабыл алышыңыз мүмкүн. Бирок бул сөздүн кашкайган чындыгы да бар. Акысыз берилчү кабырды кызылдай акчага сатып алдык деп бир нече жаран “Азаттыкка” кайрылды. Алардын бири Бишкектин Түштүк-Батыш көрүстөнүндөгү коррупциялык схемаларды анонимдүү негизде айтып берүүгө макул болду.

**СНХ**. Караңгылатылган бөлмөдө отурган маектеш:

*– Жай керек эле десек “биякта деректир бар” деп айтып калышты. Ал өзү ошол жерде жүргөн экен. Келди. Жай керек эле десек, тоо тараптан бир-эки жерди көрсөттү. “Баалары канча?” – десек, “Ар кандай”, – деди. “Жайгашканына жараша болот”, – деди. “Тоо тараптагыларды 20 миң сом. ІЬлдый, арасынан, асфальт жактардан, жол жээктеринен 50-100 миң сомго чейин”, – деп айтты. Дагы бир жерди көрсөтүп баасын айтып, ушуну алгыла деди. Бир күн кечке жай издеп тапканыбызга кубанып эле акчасын берип, ошол жерге коюп калдык.*

**КСТ**. Ал атасынын кабырына жана анын жанындагы бош жерге 50 миңден төлөп, 100 миң сомго сатып алган. Биздин каарман мындан тышкары Түштүк-Батыш көрүстөнүндө жайлар көзү тирүүлөргө да алдын ала сатылганын, атүгүл айрымдары эстелик орнотуп алганын айтты. Чын-төгүнүн билиш үчүн көрүстөнгө бет алдык. Айтмакчы, ушул эле мүрзө мафиясы тууралуу буга чейин депутат Ирина Карамушкина да Жогорку Кеңеште маселе көтөргөн.

**СНХ. Ирина Карамушкина, Жогорку Кеңештин депутаты:**

*– Мурда бир орун үчүн 15 миң, анан 35 миң сом болсо, эми 100 миң сомго чыкты. Элестеткилечи – бул мүрзө мафиясы адамдардын кайгысынан байып атат. Эч кандай жарандардан акча алганы үчүн квитанция беришпейт, каттоо журналдары жок. Туташ коррупция. Жергиликтүү бийлик же көз жумуп коюп атат, анткени өздөрү табакташ окшойт.*

**КСТ**. Айтылгандарды ырастоо оңойго турган жок. Мүрзө жетекчилиги биздин барарыбызды алдыртан сезгенби, айтор, көрүстөндү камерага тартууга болбойт деп үч тилде жазып иле коюшуптур.

**СНХ**. **Чыңгыз Апасов, Түштүк-батыш көрүстөнүнүн башчысы:**

*– Мен жооп берем. Сыртка чыгалы, ошол жактан жооп берем.*

– Бияктан эмнеге тартканга болбойт?

*– Жо, болбойт. Бияктан тиги эстеликтер көрүнүп калат.*

– Жок, бизге сатылган жерлерди көрсөтүп, ошол боюнча жооп бербейсизби?

*– Сатылган жерди сиз билесизби?*

– Билем. Жүрүңүз, көрсөтөлү. Ошого жооп бериңиз.

*– Мына жазылып турат: "Аймактын ичинде камерага тартканга болбойт".*

**КСТ**. Тасмага тартууга тыюу салган токтомду же буйрукту көрсөтүүнү талап кылганыбызда, жетекчинин калпы калкып чыкты. Камераны тыймакчы болгон эскертүү биз барарда даярдалып, кетерибиз менен алып салыныптыр, таң калган жумушчулар өздөрү айтып беришти. Кыскасы, мүрзө башчысы суроолорубузга жооп берүүгө аргасыз болду. Биз түз эле тирүү адамдарга сатылды делген жайга бардык.

– Тирүү адамга жер берсе болобу?

Чыңгыз Апасов:

*– Тирүү адамга берилсе, болсо... Жанагы... Бизде... Берилгенде, бул жанагы... Ээ-э, жубайы менен жолдошу... жанына келсе... Жубайы өтүп кетсе, ошонун жанындагы жерин ээлеп койгонго уруксат бар.*

– А экөө тең тирүү болсочу?

*– Анда болбойт.*

– А бул жерде киши барбы азыр?

*– Аны мен сизге айта албайм. Тактай албайм. Мен муну билбейм.*

– Анда текшерип көрбөйлүбү?

*– Текшерип... казгангабы?*


– Жок, казбай эле эстелигин ачып көрбөйлүбү?

*– А эстелик ээсиники болсо, мен кантип билем? Анан ээси да арызданса, биз... Ээсин эле чакырбайлыбы?*

– Ээсин билесизби сиз?

*– Табабыз да эми. Тапса болот да.*

– Бизде маалымат бар. Бул жерде экөө тең тирүү адам, а тиги эстеликти жөн эле коюп койгон деген.




Коррупция көргө да жетти. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*– Ал жөнүндө мен айта албайм.*

– Кантип анда тирүү адамдарга жер берилип калды?

*– Айтып атпаймбы, бул 2013- же 14-жылы болгон окуя. Ошондо берилген.*

– Кайсы жылы, кайсы күнү берилгенин кантип далилдеп бере аласыз? Сиздин убакта берилгенби?

*– Жок, менин убагымда берилген эмес. Мен 2015-жылы келгем, 16-жылы кеткем. Ошондо берилген эмес бул жер. Тирүү болсо, тирүү алып койгон да.*

– Боло береби ошентсе? Өлгөн адамдарга жер жетпей атса, кандай негизде берилген?

*– Аны мен айта албайм. Аны мурда иштеген кишилерден сураш керек.*

– Азыр муну кайра алып койсо болобу?

*– Мунубу? Алып койсо болот. Ээсин чакырып, көзүнчө эле алыш керек.*

– Бирок жердин ээси силерсиңер да? Же сатылган беле бияк?

*– Жок, муну... Такташ керек да, кассага төлөнгөнбү-төлөнгөн эмеспи.*

**КСТ**. Бизге жеткен маалымат боюнча, сөз болуп жаткан эстеликтердин бети мурда ачык эле болгон. Өлгөн датасы жок болгон үчүн суроо жаратат дешкенби, айтор, гипсокартон менен каптап коюшкан экен. Албетте, эстелик ээлеринен кечирим сурайбыз, бирок бул жайда өлүктүн бар жогун такташ үчүн эстеликти ачтырууга аргасызбыз.

*– Мындай эле кылалычы, сиз жөн эле качып атасыз да. Байке (башка бирөөгө кайрылып), мүмкүн болсо, кирип муну ачып бересизби, үстүн эле көтөрсөңүз. Чогуу эле текшерели.*

(Мүрзө жумушчусу ачканда, өлгөн датасы жок эстелик көрүндү. Этика маселесинен улам эстеликтеги ысымдар көрсөтүлгөн жок)

*– Бул жерде туулган жылы турат. Демек тирүү адамга берилгенби?*

**Чыңгыз Апасов:**

*– Ошондой го.*

(Экинчиси ачылды)

– Бул да тирүү адамбы?

*– Ооба. Ушундай болуп атпайбы... Бирок мындай болуп атпайбы. Улан, биякта... Бирок биз айта албайбыз да, тирүүбү, тирүү эмеспи деп.*

– А өлгөн датасы жазылат эле да анда? Эмнеге жаап койду анда?

*– Аны эми ээсинен сураш керек. Сиз тартып алдыңыз, ээсинен сурабайсызбы?*

– Сиздер бердиңиздер да жерди?

*– Жок, сиз туура эмес айтып атасыз. Мен бул жерди берген эмесмин. Бул мага чейин алынган жер деп атам сизге.*

– Жок, мына, жөнөкөй эле суроо. Тирүү адамга жер алса болобу?

*– Эгерде жакын тууганы өтүп кетсе, жанына тирүү адамга алса болот.*

– А экөө тең тирүү бекен азыр, көрдүк го?

*– Азыр эми сизге айта албай атпаймбы, тирүүбү, жокпу кайдан билем? Ээси ташын кандай жасаганын билбейм да. Балким ушинтип жазуу ою болгондур?*

– Ошого ишенесизби?

*– Билбейм, ээсинен сураңыз.*

**КСТ**. Мыйзам боюнча көр үчүн жер адамдын өлгөндүгү тууралуу медициналык маалымкаттын негизинде гана берилиши керек эле. Бул жерде экөө тең тирүү. Эстелик ээлерине кийинчерээк кайра кайтып келебиз. Мүрзөчүлөр акчага азгырылганын өздөрү да байкабай калган окшойт. Керек болсо асфальт жолдон бери сатып жиберишиптир. Сатылды деп ишенимдүү айтканыбыздын да жөндүү себеби бар: программанын башында сүйлөгөн каарман эки кабырды 100 миң сомго ушул жерден сатып алган.

Максат Баялиев мурда бул көрүстөндө санитар болуп иштеген. Азыр көрүстөндүн ичинен ижарага жер алып, эстелик коргондорду жасайт. Ал сөз болуп жаткан кабырлар мүрзө башчысы Чыңгыз Апасов жана көп жылдардан бери бригадир болуп иштеп келаткан Алихан Алиев тарабынан сатылган деп ишендирип жатат.

**СНХ. Максат Баялиев, көрүстөндүн мурдагы санитары:**

*– Бул мурда аллея болчу. Машине өтө турган асфальт жол болчу. Толду азыр. Ичинде экинчи орундары менен толтура. Биринде коюлган, биринде коюлган эмес.*

– Азыр бул экөөндө тең жок ээ?

*– Жок.*

**Сүйөркул**: *– Бул жол беле мурда?* (Кадр артында турган костюм-шымчан Сүйөркул аттуу киши Максатка суроо узатып атат. А киши тууралуу бир аздан кийин билесиз)

**Максат Баялиев**: *– Бул аллея болчу да, омей. Аллея эмес беле, Сүйөркул байке? Билесизби, Карамуратовдун убагында асфальтты сыйрыбагыла, аллеяга көмбөгүлө деп айтылбады беле?.. Туурабы, Сүйөркул байке? Чыңгыз деле билет да?..*

(Сүйөркул камерага тартпагыла деп, көрүнбөгөнгө аракет кылып жатат.)

– Кимиңер жооп бересиңер бул боюнча?

**Максат Баялиев**: *– Чыңгыз деле билет. Өзү баштаган. Мурунку заведующийдин артын чукуп, өзү макеттерди көтөргөн. Анан айткан, "асфальт не вскрывать, судимое дело" деп. Мына, өзү айткан. Азыр эми аны мойнуна албай жатат.*

**КСТ**. Баялиевдин айткандары мүрзө жетекчилерине жаккан жок. "Андан ары тартпагыла" деп, кайрадан тоскоолдук жаратышты.

**Сүйөркул**:

*– Мен жооп бербейм.*

– Эмнеге тыюу салып атасыз?

*– Жо, тыюу салган жокмун. Сен башкаларды алып келип эле тарттырып атпайсыңбы.*

– Жок, биз өзүбүз тартып атабыз. "Азаттык" тартып атат. Сиз жооп бериңиз, ким болосуз? Ким болуп иштейсиз?

*– Жо, мени тартпай эле кой сен, тартпай эле кой.*

– Ким болуп иштейсиз? Анан эмнеге тыюу салып атасыз, ишибизге тоскоол болуп?..

*– Мен сурап атам, тыюу салган жокмун.*

– Атыңыз ким? Фамилияңыз ким? Кызматыңыз кайсы?

*– Жок, сен иштей бер деп атпаймбы.*

– Сиз тоскоол болуп атпайсызбы бизге. Бул жак боюнча ким жооп берет? Жооп берип койгула.

**Чыңгыз Апасов:**

*– Без комментариев.*

– Эмнеге? Сатылган деп күнөө коюп атпайбы?

*– Он никто, чтобы я отвечал перед ним.*

– Жок, биякта эки жерде адам барбы-жокпу?

*– Проверяйте, пожалуйста...*

– Кандай биз текшеребиз?..

*– Тебе надо или мне надо?*

– А сиз бул жакта жетекчисизби?

*– Жетекчиси болуп бүгүн келдим.*

– Буга чейин иштепсиз?..

*– Буга чейин 2016-жылы кеткем. А бүгүнкүгө чейин эмне болгонун билбейм деп сизге түшүндүрүп атпаймбы.*

– Силер буга чейин тарттырбай аттыңар ээ? Эми тарталы десек, кайра жооп бербей атасыңар.

*– Эми мен билбейм деп атпаймбы сизге.*

– А эмнеге жетекчи болуп отурасыз бул жерде?

*– Мен бүгүн болдум.*

– Буга чейин иштегенсиз да бирок?

*16-жылга чейин иштегем.*

**КСТ**. Көрсө, биздин ишибизге бөгөт болгусу келген Бишкек мэриясынын алдындагы Аза кызмат агенттигинин өндүрүш башчысы Сүйөркул аттуу киши экен. Андан мурдараак камерага сүйлөбөй эле коёюн деп четте турган аталган агенттиктин жетекчи орун басары **Эсенбек Сатыбалдиев** кесиптешинин кылыгынан чочулады көрүнөт, сөзгө аралашты:

*– 2015-жылдарга чейинки иштерди мэриянын протоколдук тапшырмасы бар, ошондон кийин токтоткула деген. Ага чейин чынында эле ушундай иштер болгон. Эми ал 2015-жылдары биз иштеген эмеспиз. Азыр биз токтотуп атабыз. Иштеп атабыз. Иш жүрүп атат. Иш болгон жерде кемчилик болот экен. Бул жерди текшеребиз. Тактайбыз. Убагында ким жоопкер болсо, ошолор мыйзам чегинде жооп беришет.*

– А бул жерде 2018-жыл деп турбайбы?

*– Билбейм. Биз ошол протоколдук тапшырма менен келип, ошонун негизинде токтоттуруп, аллеяларга ушундай иштер болуп кеткен, токтотуп атабыз.*

– Бир көр 20-50 миңге сатылат дейт. Бул эки көр 100 миңге сатылган дейт. Негизи тирүү адамга жер берилеби?

*– Эми ошондой айтылып атат. Бизге ошол сатып алган киши мыйзам чегинде келсин, кагаз жүзүндө кайрылсын. Биз мыйзам чегинде жооп бергенге, жоопко тартканга даярбыз.*

КСТ. Бишкек тургуну Данияр бир жыл мурун энесинин бейитине асфальт жол менен ээн-эркин келип кетчү. Эми машинасын мындай кой, өзү жөө киргенге жол таба албай убара.

**СНХ**. Данияр Шарабидинов, Бишкектин тургуну:

*– 15-жылдары келгенде, бияктан эки машине өтө турган жол бар болчу. Өтүп, ары жак менен чыгып кетсе болот эле. Мына, көрүп атпай-*

*сызбы, бул жер кадимкидей асфальт. Союз убагында жасалган асфальт жол болчу. Сегиз ай мурда келгенде бир жагы жабылып, бир эле машине өтө турган болуп калыптыр да. Азыр өзүңөр көргөндөй эле, биякта да жол жабылып кетиптир. Коюлбагандар деле алдын ала сатып алган окшойт.*

**КСТ**. Көп өтпөй Даниярдын атасы да көз жуумптур. Анда да кабырды сатып алыптыр. Бул жолу соодалашуу сом эмес, доллар менен жүрүптүр.

**СНХ. Данияр Шарабидинов:**

*– Ушул жерди 2004-жылы апамдын көзү өткөндө 16-18 миң сомго алдык деп атам айтты эле. 2012-жылы атамдын көзү өттү. Анда тээ тоолор турган өйдөрөөк жактан атама алганбыз. Анда жери миң доллар болгон. Кийин сураштырсам мындай экен, ким шаарда катталса, казганына 3,5 миң төлөйт экенсиң. Ошону менен болду, жер бекер берилиши керек экен. Анысын билген деле эмесмин. Ал кезде аны ойлобойт деле экенсиң да. Айтат. Ошондой экен деп эле кылганбыз да.*

– Долларды кызылдай эле санап бердиңерби?

*– Ооба, жүз доллардан онду. Азыр базарга барсаң деле, үй алсаң деле доллар менен болуп калбадыбы.*

**КСТ**. Мүрзөнүн мурдагы кызматкерлери ойго келбеген укмуштарды көрсөтүштү. Көрсө, дөмпөйгөн топурактын баары эле бейит эмес тура. Мурдатан тамыр жайган схема боюнча тирүүлөргө сатылган жайлар шек жаратпашы үчүн сөөк коюлбаса да үстүнө топурак үйүлүп, кабырга окшоштурулат экен.

(Асфальттын үстүнө үйүлгөн топуракты шилеп көрсөтүп атат)

**СНХ. Максат Баялиев:**

*– Мынакей, эки орун деп ушул жерди да сатып ийишкен. Биякта да эч ким жок. Көргүлө, түбү бүт асфальт. Өлүк жок. Жөн эле.*

– Алдамайбы?

*– Алдамай да.*

– Бул жолдун боюндагы кымбат жер экен да ээ?

*– Ийи.*




Тирүү адам алдын ала сатып алган бейит. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

**– Ушул тараптардын биринин баасы канча?**

*– Биз так билген жокпуз, кожоюндардан уккан жокпуз. Бирок 1000-2000 доллардан сатышыптыр. Мына бул жерде да эч ким жок. Тосмолоп койгон.*

**– Канча кишилик бияк?**

*– Беш-алты кишилик го дейм.*

**– Бир кишиге канчадан деп атасыз ошондо?**

*– 2,5х2,5 метрден. Стандарт.*

**(Улан адымдап көрдү)**

**– Ошондо төрт кишилик экен да ээ?**

*– Төрт кишилик болуп калат да. Бул жактан тээ тиги жакка чейин авто токтотуучу жер болчу. Автобус келип кайрылчу.*

*47-, 3-автобустар бул жакка келчү мурда. Мунун баары асфальт. Азыр келе албайт, кире албайт. Баарын жок кылып, сатышкан.*

**КСТ**. Эми башында айтылган тирүүлөрдүн эстелигине кайтып келели. Биз эстеликте ысымы жазылган адамдарды таптык. Бишкектеги окуу жайлардын биринде окутуучу болуп иштеген жаран көрдү сатып алганын тастыктады. Бирок эки жайды 15 миң эле сомго алдым деп ишендирүүгө аракет кылды.

**СНХ**. **Окутуучу** (жүзү жабылган):

*– Бизге бир орунду 7,5 миң сом, расмий баасы 15 миң сом деди. Жакшы, беребиз дедим. Беш-алты жерди көрсөттү. Анан жанагы мен турган жер таштандынын орду экен. Бетон таштандылар бар экен. Ары жагында кууралган бак бар экен. Ошол жерди алайын деп 2015-жылы ошол таштандынын баарын чыгардым. Топурак алып келип, түздөдүм. Анан тосмо коюп, каякка төлөйүн десем, "мага эле төлөп коюңуз" деди. 15 миң сом бердим. Болду.*

– Андан ашык акча берген жоксузбу?

*– Өзү болгону 7,5 миң сом экен. 10 миң сом кетти, киши жалдап, жерди түздөтүп, бетондорду алганга.*

**КСТ**. Аялы экөөнө алдын ала кабыр сатып алган киши балдары чет өлкөдө экенин, туугандарына ишенбей ушундай кадамга барганын кошумчалады. Кандай болгон күндө да акыркы сапар жайы мыйзам боюнча кандай шартта берилерин дагы бир ирет кайталай кетели: Бишкек мэриясынын расмий сайтында кабыр акысыз экенин, жай казгандарга гана 5835 сом 50 тыйын берилерин көрүүгө болот. Жер алуу үчүн үч расмий документ талап кылынат. Алар: өлгөндүгү тууралуу күбөлүк же медициналык корутунду, маркумдун паспорт көчүрмөсү жана жерге көмүүгө арыз. Өлгөндөргө жер жетпей атканда, тирүүлөр кантип жер алышты?

**СНХ. Аскербек Алиев, Бишкектин Аза кызмат агенттигинин деректири:**

*– Менин бул жерде иштегениме беш-алты ай болуп калды. Анан көп жылдан бери кандай схема келатканын билбейт экем. Балким ошол айткан кишилер өздөрү жасап жүргөн чыгар. Жакшы тартип киргизгенге колдон келишинче аракет кылып атабыз. Мындан эки-үч жыл, андан мурда берилип кеткендерге мен жооп бере албайт экем. Бирок биздин*

*жетекчилик менен, мына орун басарым Эсенбек Сатыбалдиев отурат, булар комиссия менен чыгып кай жерде канча факты бар, эсептешти.*

– Канча экен?

– *Өзү да жооп берер азыр. Маалыматтардын баары такталганы турат. Жакын арада инвентаризацияны толук бүтүрүп туруп, жетекчиликке маселени коёбуз.*

**КСТ**. Ии баса, унута электе айтып коёлу, Алиев интервьюну оңой олтоң эле бере койгон жок. Мекеменин юристи шефине жолотпоого болгон аракетин жумшады.

– *Силер кимсиңер?*

– Биз “Азаттыктан” келдик.

– *Хорошо, азыр шефке кирип чыгыш керек.*

(Кадрда Алиевдин кабинетине кирип бараткан белгисиз киши Уланды киргизбей эшикти тарс жапты. Тыкылдатып, кошо кирүү аракетинен майнап чыккан жок. Аздан кийин Алиев өзү чыкты.)

– Жанагы бизди киргизбей жаткан сиздин кызматкерби?

– *Юрист.*

**КСТ**. Көр казган кызматкерлердин наразылыгы тегин жерден чыкпаптыр. Алар көрүстөндөгү коррупциялык схемаларга буга чейин да жетекчи болуп иштеген Чыңгыз Апасовду жана бригадир Алихан Алиевди айыптап, булардын кызматтан кетишин талап кылышкан экен. Ошондо Апасов агенттиктин чечими менен Грозддогу көрүстөнгө которулуп, анын ордуна 3-майда Самат Сулайманов убактылуу жетекчи болуп дайындалыптыр. Көр казган кызматкерлердин айтымында, Сулайманов келери менен жерлерди акысыз берип, иштегендердин айлыгын көтөрө баштаптыр. Бирок 18 гана күн иштеген Сулайманов табышмактуу жагдайда иштен алыныптыр.

**СНХ. Таалайбек Сарманов, көр казган жумушчу:**

– *Мурунку жетекчибиз жерди саткан менен балдардын казганына азыраак төлөчү. Анан көмүп аткан киши келип: “Мынча акча бергем. Неге жакшы казбайсыңар”, – деп коркутуп кеткен күндөр болгон. А бул*

*жетекчи келгени жердин баасы түшкөн. Жер сатылбайт. Жер бекер. Казган балдардын акысын толук төлөшчү. Сөөк коём деген киши да ошого ыраазы болуп кетчү. Үч бала казабыз, үч миң сом акча берет. Миң сомдон алып ошого ыраазыбыз. А мурункулар андан көбүрөөк алышчу да, бизге 2-3 миң сом эле берип койчу. Биз ошого наарazыбыз.*

**КСТ**. Самат Сулайманов Бишкек шаардык кеңешиндеги "Республика-Ата Журт" фракциясынын депутаты Канат Мүзүралиевдин колдоосу менен кызматка келгенин жашырбайт. Ал 18 күн ичинде көрүстөндү толук инвентаризация кылып, көр сатуудагы коррупциянын бетин ачканын айтууда.

**СНХ. Самат Сулайманов, Түштүк-батыш көрүстөнүнүн мурдагы жетекчиси:**

*- Жердин баасы ар кандай эсептелет экен. Мусулмандарга 15-40 миң сомго чейин бааланат экен. Христиандарга 30-60 миңге, ал эми корееЦ, цыгандарга 3000-5000 долларга чейин бааланат экен. Аябай таң калдым. Анан элден сурай баштадым. Жер бекер болушу керек, эмнеге төлөйсүңөр деп сүйлөшө баштап, азыркы жетекчи Алиев Аскербек Тукешовичтин, мага чейин ошол жерде иштеген башка кызматкерлердин былыктары чыга баштады. Анан булар чочуп, мени чакырып: "Самат, мунуң болбойт. Токтот. Мындайга барбайлы, ынтымакка келели", – дешти. Мен ачыкка чыгарам деп баш тарттым. Жерди мурдагы Чыңгыз деген көзөмөлчү, анан Алиев Алихан деген экөө ири мафиялык, коррупциялык схема түзүп алышкан экен. Мүрзөнү сатып акча алышып, ага тойбой, көр казган балдардын акчасын толук бербей кыйнашат экен.*

**КСТ**. Анткен менен буга чейин Аксы жана Бишкектеги Биринчи май райондорунун акими болуп иштеген **Аскербек Алиев** кызматкерлеринин дооматтарын жалган деп четке кагууда:

*– Самат келгенде жакшы иштейт экен деп ойлогом. Ал мурдагы жанагы борбордук аллеядагы вагончикке чейин көмүлүп атпайбы, ошого жол бергендерди иштетип атпайбы, кайра алып келип. Андай болбойт.*

– Ага ким жол бериптир?

*– Ошол иштеген кишилерди кайра алып келип атат да Самат. Жанагы, Максат, анан дагы бир Фархат деген жигит бар. Алардын баарын аралаштырып атат.*

– Жөнөкөй эле жумушчулар бере алабы ошол аллеядагы жерлерди?

*– Мен айтып атпаймбы, ошол жөнөкөй жумушчуга, жада калса иштебеген кишиге Самат биздин бланкаларды карматып коюп атпайбы.*

– А Чыңгыз мурда таза иштегенби? Көбү эле ошону күнөөлөп атышат да?

*– Эми мындай да айланайын. Мен сизди сыйлап, көптөн бери сюжет-репортаждарыңарды көрөм, ошону сыйлап айтып берип жатам. Сиз суракка алгандай формага өтүп атпайсызбы.*

– Жок, биз суроо берип атпайбызбы. Чыңгыз таза иштейт деп ишенесизби? Таза иштегени үчүн койдуңузбу?

*– Эми мындай да, ал салыштырмалуу иретке келтирген.*

**КСТ**. Аскербек Тукешевичке абдан ишенгибиз келет. Бирок көрүстөндөн жер сатып алдым дегендердин аягы иликтөө бүткүчө тыйылган жок. Бирок алардын көбү эки-үч жайды алдын ала сатып алгандыктан кийинкисинен чочулап, маек берүүдөн баш тартышты. Айрымдары мүрзө жетекчилиги маалымат чыгарба деп коркутуп-үркүткөнүн да жашырышкан жок. Ошентсе да, колго тийген кат боюнча дагы бир мисалды айта кетели. Бул жер да таманташ (брусчатка) төшөлгөн кадимки аллея болгон. Алгач үч жай тең 75 миңден бааланып, кийин 150 миң сомго сатылган.

**СНХ. Максат Баялиев:**

*– Биякты да сатып алган. Самат байке жумушка келгенде, биякты мыйзамсыз деп алып салган.*

– Бул жак да аллея беле?

*– Аллея болчу да. Брусчатка болчу тээ тиги жакка чейин. Ушунун баары көмүлгөн. Тиякта чоң тосмо коюп алышкан. Алар корееңтердики.*

**КСТ**. Эми цифраларга келели. Бишкектин түштүк-батыш көрүстөнү 73-жылы ачылган. Алгач аянты 60 гектарды түзсө, азыр 600 гектардан ашты. Аза кызмат агенттигине мындан тышкары дагы беш көрүстөн карайт. Алар: Ала-Арча, Грόздь, Түндүк, Дунган жана Боордоштор көрүстөндөрү. Булардын жалпы аянты 200 гектарга жетпейт. Түштүк-Батыш көрүстөнү толду деген шылтоо менен былтыры жабылып, 50 чакырым ыраактагы Грόздь айылында жаңы мүрзө ачылган. Түштүк-Батыш мүрзөсүнүн мурдагы жетекчиси ал жайда дагы 20-30 жылга жеткидей жер бар экенин айтууда.

**СНХ. Самат Сулайманов:**

– Жер 20-30 жылга кенен жетет. Булар болгону жерди күн мурунтан сатып жиберишкен. Ошон үчүн жер жок. Анан мындай экен, адамдар келип бизге жер бериңиздер дейт. Алар бизде жер жок, Гроздго бар дейт. Гроздго 50 чакырым, жолу алыс, адам бара албайт. Ошон үчүн айланайын-кагылайын жардам бер деген учурда, ставка көтөрүлөт экен. Булардын фишкасы ошол экен. "Жер жок, Гроздго бар!" Анан адам суранат да, 50-60 миң сом төлөйт. Болду.

**КСТ**. 2017-жылы Аза кызмат агенттигинин жалпы бюджети 24,5 миллион сомдон ашкан. Анын 6,5 миллиону бюджеттен каралган. Болгону 18 миллион сом мүрзөлөрдөн, сунушталган кызматтардан түшкөн пайда катары көрсөтүлгөн. Айтмакчы, агенттик самоор, казандан баштап боз үйгө чейин ижарага берет. Аталган агенттиктин башка кирешелерин мындай коюп, ар бир көр үчүн төлөнгөн 7,5 миң сомдун кайда кетип жатканын сурадык:

– Бир көрдү казууга 7,5 миң сом деп атасыз. Казган кишилер үчөөбүз миң сомдон бөлүп алабыз деп атат. Ошондо 4,5 миң сом калууда. Ал кайда кетет?

**СНХ. Аскербек Алиев:**

*– Жок, аны азыр бухгалтерия... Биз аны... айлык беребиз, аларгачы. Айлык түрүндө алышат. Ар бир көрдү казгандан бөлүп берүү деген жок. Андай жок.*

– Бир көрдөн миң сомдон алабыз дешпедиби, алар эмнени айтып атышат анда?

**– Билбейм анысын.**

**КСТ**. Агенттик быйыл автопарктты жаңылоого бюджеттен дагы кошумча 7 миллион сом алат. Көр сатуудан түшкөн каражаттар кайда кетти деген суроо туулат. Агенттиктин карамагындагы адамдын сөөгүн ташыган унаалардын абалы мышык ыйлагыдай. Көргөн кишиге айылдагы көң тарткан машине элестейт. Мурдагы муфтий Чубак ажы Жалилов көзү тирүүсүндө эле кабыр сатып алып эстелик тургузгандар Кудайга да жакпайт деген ойдо.

**СНХ**. Чубак Жалилов, Кыргызстандын мурдагы муфтийи:

*– Ар бир адамдын көңүлү, укугу бар. Ошол укук тебеленип кала турган учурларда, коррупцияга жол берилип, мамлекет белгилеген чектен ашкере сатыла турган болсо мунун баары Кудайдын каарына кала турган иш деп эсептелинет. Мисалы, ошол мамлекет кабырга деп бөлгөн жерлерди бирөөлөр сатып алып, башка бирөөлөргө кымбатка сатып, ошондон ырыскы таба турган болсо, бул кыяматта жооп бере турган арам иштердин катарына кошулат. Негизи адам баласы өзүнө-өзү кабыр сатып алуусу керекпи деген суроо турат: милдеттүү эмес. А бирок зарыл шартта, тууганадарынын жанына коюла турган учур болсо анда милдеттүү эмес, бирок уруксат берилет. Көзү тирүү адам өзүнө өзү эстелик тургузса, кызылдай күнөөгө батат. Бул чоң арам иш болуп эсептелет.*

**КСТ**. Көр саткандарга качан чара көрүлөт деп мэрияга да кайрылдык. Тармакты тейлеген вице-мэр мүрзөдөгү мафия боюнча арыздар келип түшкөнүн, жакында териштирүү башталарын убада кылды.

**СНХ. Эркинбек Исаков, Бишкектин вице-мэри:**

*– Эгерде андай фактылар бар болсо, мэрияга, мага маалымат түшүп атат. Ал боюнча жакында ички иликтөө жүргүзөбүз. Жакында эмес, мына иш башталды. Өткөндө материал түшүптүр. Мен аны антикоррупциялык бөлүмүбүзгө бердим. Жакында ошол бөлүмдүн*

*маалыматын алып туруп прессага, жарандарга түшүндүрмө беребиз. Экинчиден, шаардыктар кайрылса болот, биздин кире бериште плакат илинип турат: "Эгерде коррупциялык иштерди байкасаңыз, ушул телефонго кайрылсаңыз болот". Же мэриянын фейсбук баракчасына же мага түз кайрылса, ошону иликтегенге даярбыз. Алдын ала жер алууну жок кылышыбыз керек. Себеби жер сатылбайт. Андай болбошу керек.*

**КСТ**. Биз жогоруда Бишкектин Түштүк-Батыш көрүстөнүндөгү коррупциялык схемалардын бетин ачып берүүгө аракет кылдык. Өзүңүздөр көргөндөй, бул иликтөөнү чыгарбоого аракеттер күч болду. Кандай болгон күндө да тиешелүү органдар тыкыр териштирип, өз баасын берет деп үмүт этели[14]. Саламатта туруңуздар.

**Алып баруучу жана автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Айбек Кулчуманов**

[14] Башкы прокуратура 2018-жылы 20-сентябрда "Азаттык" үналгысына Уланбек Эгизбаевдин "Көрүстөндөгү коррупция" иликтөөсүнүн негизинде Бишкектеги Аза кызматтарын көрсөтүү агенттигинин иши текшерилип, 22-июнда шаардык прокуратура Кылмыш-жаза кодексинин "Кызматтык абалынан кыянаттык менен пайдалануу" беренеси менен иш козгогону, учурда аны Финполиция терген жатканы жөнүндө маалымдаган. Ага чейин 2018-жылдын 13-сентябрында Жогорку Кеңештин депутаты Жанар Акаев парламентте журналист Уланбек Эгизбаев көзү тирүү кезинде көрсөтүп, иликтеп кеткен коррупциялык иштер аягына чыкпай, ашкереленип, коомчулуктун кыжырын келтирген мыйзам бузууларга күч органдары, өкмөт көз жумуп жатканын белгилеген эле.

## САЯСАТТАШКАН МУМИЯ

2018-жыл, 4-июль.

**КСТ. Кыргызстандын Улуттук тарых музейиндеги аялдын мумияланган сөөгү былтыр президенттик шайлоого бир күн калганда шашылыш көмүлгөн. Шашылыш дегенибиздин да жөндүү себеби бар. Ага программанын жүрүшүндө кенен токтолобуз.**

**Кыска маалымат:** *"Гун дооруна таандык аял кишинин сөөгү 1956-жылы Баткен облусунун Кара-Булак айылындагы "Мактым-Көр" деген жерден табылган. Сөөк 4-5-кылымдарга таандык деп болжолдонот. Анын ким болгону, жашы канчада экени аныкталган эмес. Мумияны археолог Юрий Баруздин казып алган. Аялдын сөөгү арча табытка салынып, табигый шартта мумияланган. Тагыраагы, химиялык каражаттар колдонулган эмес. Мумиянын жанына себет жана зер буюмдар кошо коюлган. Бул Борбор Азияда табылган жападан жалгыз мумия болуп саналат".*

**КСТ**. Азыр музейдеги эң баалуу экспонатты көмүүгө эмне негиз болгон деген суроого жооп издейбиз. Эмесе кабыл алынган расмий документтердин хронологиясына үңүлөлү. Азаттыктын колуна тийген кагаздар боюнча "мумияны көмбөсө, Кыргызстан эзели оңолбойт" деген талап менен Маданият министрлигине жана Жогорку Кеңешке жазуу жүзүндө алгачкылардан болуп Балыкчы

шаарынын Таалайгүл Жаныгулова аттуу тургуну кайрылган. Аны издеп Бишкектин жаңы конуштарынын биринен таптык.

**Таалайгүл Жаныгулова:**

*– Өзүнүн аты Аруузат экен мунуку. Жанагы кыргыз деген аталыштагы кырк кыздын башчысы экен, баатыр кыз, хундар үчүн жанын берген. Айтсам дегем, тиякта менден билимдүүлөр чыгып кетпедиби.*

**КСТ**. Көрсө, Жаныгулова өзүн көзү ачык, аянчы же айтымчы катары сыпаттайт экен. Ал бизди параллель дүйнө менен байланышы барлыгын, мумияны көмүү керектиги тууралуу аянды ошол жактан алгандыгын айтып, ишендирүүгө аракет кылды.

Таалайгүл Жаныгулова:

*– Бул уу менен сыйпалган денеси. Бул уу эчак тараган Кыргызстанга. Эмне үчүн психически больнойлор көп болуп жатат? Бул вирус мына томолок. Ошол киргендин баары психбольной болуп ооруп жатат. Анын саны 6 миңге жетейин деп калды. Ишенбесеңер, статистикадан карагыла. Түгөлбай Казаковго чындыгында мен аябай ишенгем. Биринчи киргенде: "Малын соёбуз, жакшынакай коёбуз, ак кепиндеп аруу жууйбуз, дагы кыркылыгын өткөрөбүз, жылдыгын өткөрөбүз, белгисинен бери коёбуз," – деп айткан.*

**КСТ**. Деген менен Жаныгулова 2017-жылдын 12-июлунда мумияны көмүү боюнча жыйында оорукчан баласы музейдеги мумияны көрүп кан кусканын, ошондон кийин мумияны көмүш керек деп айтып калганын жыйындын протоколунан көрүүгө болот. Кыскасы, Жаныгулова өзүн мумияны көмдүрүүнүн башында турган адам деп эсептеп, мумия көмүлгөнү үчүн 15-октябрдагы шайлоо тынч өткөнүн айтат. 4-5-кылымга таандык мумиянын 2017-жылдагы шайлоого кандай тиешеси бар экенин өзү деле түшүнбөйт көрүнөт. Таалайгүл Жаныгулова жана башка көзү ачыктар алгач мумияны көмүү керектиги тууралуу маалымат жыйын курушкан. Алардын арасында публицист **Мелис Арыпбек** да бар болчу. Ал "аялдын сөөгүн жерге бербесе, шайлоодо тополоң чыгат, үчүнчү революция болот" деген көзү ачыктарга алданып, мумияны көмүү ишине аралашып калганын айтууда:

*– А менин алданганым, мен кыргыз элине, коку-уй, бир балакет болбосун, үчүнчү төңкөрүш болуп, кыргыз ортодон кырылышып калбасын деген жакшы ой менен, кыргыз элимдин ынтымак-биримдиги үчүн жанагинтип өзүмдүн шартымды, кадыр-баркымды, акчамды коротуп, кат жазып, пресс-конференция берип, музейдин директоруна чейин кирип, ошентип, далай убара болгом, айланайын. Эми ошол өкмөттүн, жанагы сен айткан УКМКнын, Ак үйдөгү Момуналиевдердин деңгээли ошол көзү ачык, бакшылардын деңгээлинен да ылдый экен да, көрсө.*

**КСТ**. Жаныгулова бизди ынандыра албаганы менен, бүтүндөй бир министрлик анын айтканын аткарган. Тагыраагы, анын кайрылуусунун негизинде Маданият министрлиги мумияны көмүү маселеси боюнча мекемелер аралык комиссия түзгөн. Эң кызыгы, министрликтин статс-катчысы Секимовдун буйругу менен түзүлгөн комиссияга кайра эле өзү төрага болгон. Ошентип, аталган комиссия эки-үч ирет жыйын курган. Бирок ага тарыхчы-илимпоздордун көбү катышкан эмес. Натыйжада бүбү-бакшы, айтымчы, аянчылардын колдоосу менен мумияны музей фондунан чыгаруу чечими 12-октябрда кабыл алынган.

**Бактыбек Секимов, Маданият министрлигинин статс-катчысы:**

*– Маданият министрлигинин буйругу менен ал экспонат катары биздин музейдин экспонаттарынын катарынан чыгарылып жатат. Көмсүн деген приказ бизде жок андай. Ал эми биздин экспонаттардан чыккандан кийин ал жөнөкөй эле буюм болуп калды да. Жөнөкөй эле. Биз ал жерден көмсүн деп чыгарган эмеспиз.*

**КСТ**. Бирок маанилүү жагдай, мекемелер аралык комиссиянын чечими чыкканга чейин эле мумияны көмүү боюнча жогору жактан буйрук түшкөн. Тактап айтканда, 6-октябрда кайра эле статс-катчы Б. Секимовдун жана маданият министри Түгөлбай Казаковдун колу менен мумияны көмүү боюнча өкмөттүн токтом долбоору даярдалып, ошол кездеги премьер-министр Сапар Исаковго кол коюуга жөнөтүлөт. Бирок өкмөттүн юридикалык бөлүмү мумия маселесин министрликтин эле деңгээлинде чечүүгө болоорун айтышат. Деген менен 11-октябрда өкмөттүн

ошол кездеги аппарат башчысы Нурканбек Момуналиев маданият министри Казаковго, ички иштер министри Исраиловго, өзгөчө кырдаалдар министри Бороновго жана өкмөттүн Баткендеги ыйгарым укуктуу өкүлү Калмурзаевге мумияны көмүү милдетин жүктөйт.

**Бактыбек Секимов:**

*– Көмсүн деген чечимди ким кабыл алганын мен айта албайм. Биздин музейдин экспонатынын катарынан чыгарылгандан кийин аны жанагындай диний өкүлдөрдүн баарына өткөрүп бердик да, алып кетебиз дегендерге. Эми ошол жердеги көз ачыктар эмес, ошол жердеги келген адамдардын баарына биз өткөрүп бергенбиз ал жерден.*

**КСТ**. Мумияны музей фондунан чыгарып көмүүгө Казаковдон башка ошол кездеги ички иштер, юстиция, өзгөчө кырдаалдар министрлери баш болгон тогуз мекеменин жетекчиси макул болгон. Алардын арасында атайын кызматтын ошол кездеги төрагасы Абдил Сегизбаев да бар. Таң калышыңыз толук мүмкүн, бирок Сегизбаев макулдашуу барагына коюлган кол аныкы эместигин, мумия ишине атайын кызмат аралашпаганын "Азаттыкка" билдирди.

**Абдил Сегизбаев, УКМКнын мурдагы төрагасы:**

*– Мeники Сегизбаев деп жазылат. "А. Сегизбаев" деп, фамилиям менен жазылат. Учурунда мындай секретный (жашыруун) иштерде өздөрү мындай көмүскө чакырып туруп, бирден кол койдуруп, уруп салышат да. Ал жерге ким кол койгонун мен билбейм. Может быть, контордон бирөөлөрдү чакырып, ошолорду заставили, кол койдуруп койгон болуш керек, ким билет.*

**КСТ**. Сегизбаев өзү болбосо, колду ким койгон анда? Орун басарыбы же өкмөттүн аппараты колдорду жасап койгонбу? Бул суроого мумияны көмүү маселесин чукулунан, оперативдүү чечүү керек деп өкмөт аппаратына кат жолдогон Секимов да жооп бере албай убара.

**Бактыбек Секимов:**

*– Мен бул жерден подделка (жасалма) деп же Абдил Сегизбаевдин колу деп тастыктай албайм. Анткени бул буйруктун долбоору өкмөттүн*



Караңгылыктан качан арылабыз? Иллюстрациялык фото. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

*аппаратына кароого жиберилгенде, в оперативном порядке деп согласование - макулдашуу жүргүзүлөт да. Ошол маалда өкмөттүн мүчөлөрү баары келип кол койгон. Эгерде кайсы бир өкмөттүн мүчөсү өзү жок болсо, ал өзүнүн орун басарына өзүнүн тийиштүү укугун берет кол коюуга. Мен бул жерде туруп кимдин колу экенин айта албайм. Балким, анын орун басарларынын биринин колудур.*

**КСТ**. Коюлган кол боюнча доомат айткандардан Сегизбаев жалгыз эмес. Илимдер академиясынын президенти М. Жуматаев да ал кол койгон кагазда мумияны көмүү жөнүндө сөз да болбогонун айтууда.

**Мурат Жуматаев, Улуттук илимдер академиясынын президенти:**

*- Музейден экспозициялык тизмеден чыгаруу жөнүндө, чыгарып туруп, андан кийин баягы сактай турган жерге алып барып, аны ремонт кылып кайра коёт го деп ойлогом.*

**КСТ**. Башында Маданият министрлиги да тарых музейи да мумиянын жерге берилгендигин тастыктаган фото-видео материалдар бар дешкен. Талап кыла келгенде жок болуп чыкты. Бул жагдай "мумия чын эле көмүлгөнбү?" деген суроону жаратпай койбойт. Мумияны көмүүнүн башында тургандардан Секимов жалгыз эмес. Ошол кездеги маданият министри Түгөлбай Казаков мумияны көмүүгө кызыкдар болгонун ал катышкан жыйындардын протоколунан көрүүгө болот. Казаков анда мумияны сактоо кыргыздын салтында да, шариятта да жок экенин жүйө кылып, чачынан жана терисинен алып калып, мумияны көмүү керектигин билдирген. Бирок биз жолукканда, ал башка жүйөнү келтирди.

**Түгөлбай Казаков, мурдагы маданият министри:**

*– Бузулуп бара жаткан да, эч кандай бүбү-бакшынын каты жок ал жерде. Бузулуп баратат да, ал өзү тура бербейт да. Эгер илимий негизде алсак, жанагы ар кимдер дөөдүрөп жатпайбы "бул министр шаман, анан тупой, келесоо" деп, келесоонун келесоосу ошолор. Бул жерден казылып алынган мумияны алып келдиңби, ага абдан аяр мамиле жаса, илимий жактан изилде, бул кайсы кылымда экенин такта. Мисалы, 5-кылымда деп кыйкырып жатат бир аял, а кана кагазы, мен сурасам, бир кагаз көрсөтө алышпайт. 5-кылымда экенин аныкташ үчүн ал бир лабораторияда иликтениши керек, анын ДНКсы изилдениши керек, баардыгы изилдениши керек. Анан 5-кылымбы, 4-кылымбы, ошону такташ керек да. Аны эмне менен тактадыңар десе, арча табытта жатпайбы дейт. Ай бул 19-кылымдагы эле бир уста өзүнүн кызын арча табытка салып көмүп койсо, ошол 5-кылым болуп калабы силерге?*

**КСТ**. Казаков айткандай, мумия чындап эле бузулуп бараткан беле? Бул суроого жооп табуу үчүн музей кызматкерлерин кепке тарттык. Алар мумиянын бузулуп бараткандыгын тастыктаган эксперттик комиссиянын корутундусу болбогонун, анын абалы фото-видеого тартылып, акт түзүлбөгөнүн бир ооздон айтышты.

**Жыпаргүл Токкараева, Тарых музейинин жетектөөчү илимий кызматкери:**

*– Эгерде мумия бузулуп же таптакыр сактаганга мүмкүндүк болбой*

*калса, анда реставрациялык кеңеш чакырыш керек эле. Реставраторлор келип, кандай сакталганын, ошол убактагы абалы кандай экенин аныктап, өздөрүнүн ой-пикирлерин айтып, ошол боюнча протокол түзүлүп, анан алар өздөрүнүн чечимин ошол жерге жазмак. Анан ошол боюнча Маданият министрлигине кагаздарды жөнөтүп, министрлик менен биргеликте калган иштер жасалмак. А мында болсо тарых музейинин бир дагы бөлүм башчысы, кызматкери уккан эмес да. Биз телевизордон уктук, айрымдар интернеттен окушту, тарых музейинде мумия көмүлгөнү жатат деп. Бирөөбүздү да чакырган жок.*

**Анаркүл Исиралиева, Тарых музейинин директорунун орун басары:**

*– Мындай бир кагаз түштү, лист согласования түштү, бүт баары менен макулдаштык, Илимдер академиясынын президенти кол коюп берди, министр приказ чыгарды, бүттү деди. Мен айттым ошондо, өкмөттүн чечими керек дедим. Анан проектиси бар, бирок бул проектти бизге жөнөттү деди. Силер өкмөт эмессиңер, Маданият министрлиги муну жалгыз чече албайт дедим мен. "Жок, Маданият министрлиги өкмөттүн курамында болгондон кийин биз эле чечип коёбуз", – дешти.*

**КСТ**. Айтмакчы, мумияны музейден чыгарып, көмүү чечими кабыл алынып жатканда, мекемелер аралык комиссиянын эки гана мүчөсү каршы чыккан. Алар: министрликтин маданий мурастарды сактоо жана өнүктүрүү башкармалыгынын ошол кездеги башкы адиси Гүлбара Абдыкалыкова жана Улуттук илимдер академиясынын археология бөлүмүнүн жетекчиси Кадича Ташбаева. Таң калыштуусу, мумияны көмүүгө ошол кездеги музейдин жетекчиси Анаркүл Исраилова, музейдин археология бөлүмүнүн башчысы Надежда Претеева да макул болгон. Маданият министрлигинин мурдагы кызматкери **Гүлбара Абдыкалыкова** мумияны көмүү мыйзамсыз экенин эскертип, Казаковго эки ирет кызматтык кат жазган. Бирок анын пикири көзү ачыктардын жанында суу кечпей калган. Ал музей жана музей фонду тууралуу мыйзам одоно бузулганын мындайча түшүндүрдү:

*– Эскилиги жетип, реставрация кылып оңдоого болбой калган учур болот. Ошондой учур аныкталса, эксперттер "бүттү, оңдогонго*

*болбойт, жарабайт” деп аныктап чыкса, ошол экспертизанын жыйынтыгында чыгарылат. Бул биринчи учур. Экинчиси – эгерде ушул музей буюму, убагында анын баалуулугу туура эмес аныкталып калган болсо, музей фондуна киргизилип жатканда, экспертиза жүргүзүлүп жатканда туура эмес аныктап койсо, балким, кийин анын баалуу эмес-тиги аныкталып калса, экспреттер аны аныктап чыкса, ошонун негизинде болот. Үчүнчү учур – эгерде ал буюм музейден уурдалган болсо, кандайдыр бир себептерден жоголгон болсо, же табигый кырсыктын негизинде бузулуп жок болгон учурда, албетте, анда дагы атайын тиешелүү документтердин негизинде акт түзүлөт. Ушул үч учурдун негизинде гана буюм музей фондунун курамынан чыгарылат. А бул мумия маселесинде мындай учурлар болгон эмес.*

**КСТ**. Ии баса, көзү ачыктар айткандай, мумиянын ислам динине, деги эле кыргыздарга тиешеси болгонбу, кайдан жүрүп мусулман же кыргыз болуп калды? Эмчи-домчудан эмес, илимпоз-тарыхчылардан сурап көрөлү.

**Тынчтыкбек Чоротегин, тарых илимдеринин доктору:**

*- 5-кылымга таандык болсо, бизге ислам дини Орто Азиянын батыш жагына кылыч менен 8-кылымда келди. 1-3-кылым деп жалпы айтылып жатат, анын ичинен бул болжол менен 5-кылым, мына Улуу түрк каганатынын доору 6-кылымда башталат да, мына ошого чейинки доор. Хун мамлекети ыдырагандан кийин, бул жерде жергиликтүү мамлекеттер пайда болгон. Биринчиден, иран, түрк тилдүү калктар аралаш жайгашкан аймак эле. Демек, цивилизациялык очок катары Ферганanyн өзүнүн орду бар. Ошол Фергананын азыркы Кыргызстанга караштуу аймагында табылып жаткандан кийин, биринчи кезекте биздин мамлекет көздүн карегиндей сактай турган, Улуу түрк каганатынын дооруна чейинки эстелик катары каралышы керек. Экинчиден, биз аманат катары алып жатабыз да. Бул жалпы Борбор Азиядагы цивилизациянын өзгөчө бир көрүнүшү да.*

**КСТ**. Айрым маалымат каражаттарында мумияны көмүүгө молдокелер да аралашканын айтышкан болчу. Бирок биз бул ишке катышкан бир да диний аалымды же эл тааныган молдону таба алганыбыз жок. Жогоруда айтылгандай, мумиянын акыркы элеси

түшүрүлгөн бир да фото-видео материал жок. Мындан улам, балким, көргөндүр деп, Баткенге чейин барып мумияны көмүүгө катышкандардан сурадык. Аларды бири эмчи-домчу **Рыскүл Молдокматова**. Ага Бишкектин четиндеги мазардан кезиктик. Ал мумияны көрмөк тургай, майрам суугa алып жууганын айтып таң калтырды:

*– Үч литрдей суу болчу. Колума кадимкидей ак чүпүрөк ороп, тигил аялга да ороп бердим. Суу менен сүрдүк, баягы чаң басып, кирдеп бүткөн да. Аябай жуудук минтип. Анан кийин акырын-акырын көтөрүп, кепинди ородум жакшылап. Бирок ошондо да бизге мындай деп келген да, ушул апанын сөөгү жерге коюлса, кыргыздын кыздарынын багы ачылат деп. Анан мен ошол жерден абдан ыйлап тиленип жаттым да. "Айланайын, арбагыңдан айланайын апа, ушул кыргыздын кыздарынын бир багы ачылса экен, тиякта мына Россияда күйүп жатышат, өзүңөр билесиңер. Ар кайсы жерде кул болуп жүрөт. Апа, ушу арбагың менен колдой көр кыргыздын кыздарын",– деп тим эле ошол жерден ыйлап, жууп жаттым да. Жууп, анан ороп, кепиндедик.*

**КСТ**. Буга чейин маданият министрлиги мумиянын жуулганын төгүндөп келген болчу. Исламга тиешеси жок мумиянын мусулманчылыктын шарты менен жуулуп, көмүлгөнүнөн кабары жок болуп да чыкты. Эми логикалык эле суроо жаралат. 15-16 кылым бою жер алдында, 60 жыл музейде сакталган мумияга суу тийгенде эмне болду? Чирип кеткен жок деп ким кепилдик берет? Мумияны эң акыркы болуп эмчи көргөн. Ал мумиянын колу-бутунун манжалары жок экенин айтууда.

**Рыскүл Молдокматов, эмчи:**

*– Эми ал сөөк такыр эле жыгачтай болуп катып калган да. Анан беттери деле билинбейт, кургап, кичинекей болуп калган. Колдору деле мындай эле. Адамдын эле сөөгү. Буту, колу баары эле турат, бирок эми кургап калган да, жыгач болуп эле.*

**КСТ**. Бирок музей кызматкерлери көмгөнгө чейин мумиянын тырмактарынан бери сакталуу болгонун айтышууда. Буга далил түркиялык окумуштуу Сервет Самынжуоглунун 2008-жылы тарткан сүрөтү. Анын "Таштагы түрктөр" китебине баскан




Кыргыз Республикасынын Мамлекеттик тарых музейинин имараты.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

сүрөттөн мумиянын манжаларынан тырмактарына чейин даана көрүнөт.

**Жыпаргүл Токкараева:**

*– Бул жерде бир бутунун тырмактары сакталбай калган, ал эми бир бутунун тырмактары жакшынакай эле сакталып турат. Чачы да сакталып калган болчу.*

**КСТ**. Коомчулукта мумия көмүлгөн эмес, сатылып кеткен деген пикирлер да айтылып келет. Мындай пикирди кармангандардын бири – Баткендик тарыхчы **Мурзапар Үсөн**. Ал мумиянын ордуна башка эле сөөк көмүлгөнүн айтып келет:

*– Ал 15-16 жашар кыз эле. Ал кичинекей кыз эле. Ошол 1958-жылы Юрий (фамилиясын жакшы уга албай койдум) деген археолог казып жаткан жеринен көргөм. Анда мен 5-класста окуйт элем. Анан 1967-жылы университетке тапшырганы барганда, ошо кызды дагы көргөм. Көргөндөр айтып жатышат, ал эмес, ал кыз кичинекей кыз эле. Биздин айылдан мурда барып көрүп жүргөндөр да айтып жатышат, таптакыр эле ал эмес деп.*

**КСТ**. Мумиянын тегерегиндеги уу-дуу кептердин айынан Жогорку Кенештеги социалдык комитет атайын жумушчу топ түзгөн. Аталган топ мумиянын айланасындагы талаш-тартышка чекит коюу үчүн аны эксгумациялоо сунушу менен өкмөткө кайрылган. Жумушчу топтун мүчөсү, Жогорку Кеңештин депутаты **Аида Касмалиева** мумияны көмүүгө түркөйлүк себеп болгонун белгилеп, аны кайра музейге коюуну талап кылып келет:

*– Эксгумация маселесин карап чыгуу тапшырмасын биз өкмөткө бергенбиз. 18-декабрда биз түзгөн комиссиянын иши акырына чейин жыйынтыкталган эмес. Бирок ошондо так айтылган, өкмөткө ошол эксгумация маселесин тез арада чечип бергиле деп. Биздин каттарга: "Тийиштүү орган, Маданият жана маалымат министрлиги муну чечиш керек", – деп жооп берип жатышат. Эми бул жерде топту бирибирине тээп жатышат. А бирок бул жерде бир эле маселе калды. Маданият министрлиги саясий эрк менен эле эксгумация маселесин карап чыгышы керек. Жок же ооба деш керек.*

**КСТ**. Парламенттин жумушчу тобу мумияны кайра казып келүү сунушун атайын кызматка да жолдогон. Бирок УКМКнын ошол кездеги төрага орун басары Болот Сүйүнбаев эксгумация үчүн соттун чечими керектигин айткан. Бирок ал киши мумия соттун чечимисиз эле көмүлгөнүн эсинен чыгарып койгондой. Анткен менен азыркы маданият министри **Султан Жумагулов** мумияны казып келүү демилгесин кош колдоп кубаттайт. Бирок бул үчүн министрликтин эле чечими жетишсиз деген ойдо:

*– Муну кайтаралы же мунун маселесин ары же бери кылып чечели деп мен да демилге коём... Бул үчүн, мүмкүн, өжөрдүк мага жетишпей жаткандыр. Бирок бир белгилүү себептер менен көп учурда өкмөттүн иштерине катыша алган жокмун. Бирок бул маселе күн тартибинде турат. Мумиянын маселесин ары же бери кылышыбыз керек. Бул абдан баалуу экспонат. Биздин музей Борбор Азиядагы эң уникалдуу музейлердин бири болот. Ошондо бул эң уникалдуу жана эң баалуу экспонат болмок да.*

**КСТ**. Убагында экс-президент Алмазбек Атамбаев да мумиянын көмүлүшүн өкүнүү менен кабыл алганын айткан. Бирок ал эксгумациялоо тууралуу ооз ачкан эмес. Атамбаевдин билдирүүсүнөн көп өтпөй ошол кездеги министр Түгөлбай Казаков ишинен алынган. Экс-президенттин мурдагы кеңешчиси Мира Карыбаева мумияны көмүү демилгесинен жогорку бийликтин кабары болгон эмес деп ишендирүүдө. Ал өзү тарыхчы катары экспонаттын баалуулугун танбайт. Бирок....

**Мира Карыбаева, Президенттик аппараттын этникалык, диний саясат бөлүмүнүн башчысы:**

*– Бизге такыр жеткен эмес бул маалымат. Мен интернеттен окудум, көмүлгөндөн кийин. Бүгүнкү абалыбызда, бул маселени азыр козгоштун кажети жок. Аны мен чыгар деген күндө деле эч ким жүгүрүп барып чыгара албайт. Бирок мен тарыхчы катары аябай кайгырып жатам. Башка өлкөлөрдө музейлерде мындай экспонаттар турса, аны баркына жетип, сактап алышмак. А биздикилер болсо ушинтип жасап салышты. Аябай жаман иш болду, менимче.*

**КСТ**. Эсиңиздерде болсо, 2016-жылдын 22-июлунда Тарых музейинин кинозалынан чоң өрт чыккан. Ошол маалда музейде реконструкция иштери жүрүп жаткандыктан, экспонаттардын көбү өрт чыккан кинозалда болчу. Өзгөчө кырдаалдар министрлиги кинозалды 300 чарчы метри күйүп кеткенин айтып, 7-8 саатта араң өчүрүшкөн. Бирок өкмөт өрттөн бир дагы экспонат күйгөн жок деп маалымат тараткан. Музейдин айрым кызматкерлери мумия баш болгон айрым экспонаттар ошол өрттө зыянга учураганын ачык эле айтып чыгышкан. Биздин колубузга ошол өрттө жарактан чыккан айрым экспонаттар тууралуу маалымат түштү. Аталган тизмеден күйүп кеткен баалуу 21 килемчени көрүүгө болот. Алардын арасында Исхак Раззаков, Чыңгыз Айтматов, Күлүйпа Кондучалова өңдүү кыргыздын залкар инсандарынын элеси түшүрүлгөн килемчелер да бар. Маданият министрлиги болсо аталган экспонаттар калыбына келтирилгенин айтканы менен, камерага аларды көрсөтө алган жок.

**Бактыбек Секимов, Маданият министрлигинин статс-катчысы** (адегенде музейге телефон чалды: "Жанагы күйүп кетти деген материалдардын баарын көрсөткүлө. Анан жанагы мумиядан калган терисинин кусогун да көрсөткүлө да"):

*– Өрт ошол мурунку кинозалдан чыккан да. Ошол жерде мурунку иштен чыккан, орусча айтканда списание болгон шырдактар бар экен. Алардын мындай материалдык баалуулугу жок деп баары списаниеге кеткен да, өрттүн жыйынтыгы менен. Эми муну тарых музейинин жетекчилиги менен да такташ керек да. Ал жерде ведомство аралык комиссия болуп, анда өрттүн эмнеден чыкканын, кандай материалдык зыян келтирди деп, баардык жыйынтык чыгарылган да. Ошонун негизинде ал жердеги килемчелердин көбү калыбына келтирилди, тарых музейдин өзүнүн эсебинен.*

**КСТ**. Эки жыл мурдагы өрттөн канча экспонат жабыркаганы тууралуу ушул күнгө чейин так маалымат жок. Тарых музейи реконструкция бүтө элек деген шылтоо менен маалымат берген жок. Жогорудагы сөз кылган мумия – музейдеги бир эле экспонат. Андан башка ар кандай баалуулуктагы 135 миңден ашык тарыхый табериктер бар. Бирок баары эле инвентаризациядан өтүп, каттоого алынган эмес. Өрттөн кийин эсеп-чотко алып, канчасы күйүп, канчасы калганын тактаган жан жок. Инвентаризация демекчи, буга чейинки сүрүштүрүүдө тарых музейинен жалпысынан 503 экспонат уурдалганы же жоголгону белгилүү болгон. Уурдалган экспонаттардын арасында Ленин, Кызыл Жылдыз ордени сыяктуу баалуу металлдан жасалган 35 тарыхый буюм да бар. Бул боюнча Ички иштер министрлигине тиешелүү документтердин баары өткөрүлүп берилген. Бирок ушул күнгө чейин бир да музей кызматкери жоопко тартылган эмес. Болгону ошол кездеги музейдин директору азыр орун басарлыкка төмөндөтүлгөн.

**Кадича Ташбаева, Улуттук илимдер академиясынын археология бөлүмүнүн башчысы:**

*– 500гө жакын экспонаттар жок. Баалуу экспонаттар жок. Бул жанагы негизги фонддо. Бул журналга кирип, паспорттору болуп, белгиленгени. А кошумча (вспомогательный) фонд андан көп да. Ал он эсе*

*көп да. Ал кошумча фонд эч жерде каттоого алынган эмес. Ал жактан канча буюм жоголду – ким билет, кантип аныктайт? Ага бирөө көчөдөн барып эле, баалуу буюм каякта жатканын билип эле алып чыгып кете албайт да, туурабы? Ошо өздөрү, кызматкерлери эле тууралашкан да. 90-жылдары, кыйын мезгилдерде, ошол эле антиквар дүкөндөргө сатып, жан көрүп жүргөн. Текшерип, жазага тартыш керек эле. Бирок эч нерсе кылышкан жок жана кылбай жатышат.*

**Анаркүл Исиралиева, Тарых музейинин директорунун орун басары:**

*- Мен 2010-жылы директор болуп келдим. 2008-жылы мурдагы директор инвентаризацияны баштаган. Анткени ага чейин бул маселе коллегияда каралган болчу. Анан мен аягына чыгарып бүтүрдүм. Анткени дээрлик беш жылга чейин созулуп кетиптир. Анан ошол жерден экспонаттардын жетишсиздиги чыгып жатат. Чыккандан кийин мен дароо ошонун жыйынтыгын Маданият министрлигинин коллегиясына өзүм койдургам. Коллегиядан чечим чыккан. Андан кийин мен Маданият министрлигине айттым, муну органдарга берейин деп. Анан мен прокуратурага бергем, мына менде бүт документтер жатат. Ошол учурда башкы прокурор Аида Салянова болгон. Ал жакка жазганбыз, алар болсо шаардык прокуратура, андан ары биринчи май райондук прокуратурага берген. Биринчи май прокуратурасы ГОМ-7ге берген. Анан каралбай жатканына мен дагы кат жазгам. Көрсөңөр болот.*

**КСТ**. Тарых музейге байланыштуу экспонаттарга талаштар ушуну менен эле бүтпөйт. Буга чейин тарыхчы Элери Битикчи ташка жазылган Орхон-Енисей жазуулары музейдин оңдоп-түзөө иштери башталганда ачык асман алдына ташталганын айтып чыккан. Ал аталган таштардын сүрөттөрүн Интернетке чыгаргандан кийин айрымдары кайра ичине киргизилген. Бирок каралбай сыртта калган таштар дале турат. Тарыхчы мындай мамилени маңкуртчулук деп эсептейт.

**Элери Битикчи, тарыхчы, философ:**

*- Эми ушундай Орхон-Енисей жазуулары бар таштар бизде көп болсо он экидей эле табылган. Бир нечеси Санкт-Петербургдун Эрмитажына кеткен. Бизде сегиздейи калган. Анан бул Талас жазуусу өзүнчө,*

*тамгалары өзгөчө, бир аз башкачараак болот. Ошондуктан уникалдуу эстеликтер да. Буга чейин деле бул маселени көтөргөм мен. Эми музей реконструкция болот дегенден кийин киргизебиз деген да ичине. Андан кийин кайра эле ушинтип эле сыртта жатат. Ушул маселени кайра көтөрөйүн деп жатам да. Эмне үчүн ушул сегиз эле таш үчүн бизде жер табылбай жатат? Азыр деле Барсбектин тагы деп инсталляцияны ачпадыбы, анда келгендер сурайт да: "Орхон-Енисей жазуулары ушул-бу?" - деп. Анан ушундай экспозиция болсо жакшы болмок.*

**КСТ**. Урматтуу көрөрман, биз жогоруда тарых музейиндеги мумия баш болгон экспонаттардын тагдыры тууралуу кеп кылдык. Өкмөт мындан ары көзү ачыктарга эмес, мыйзамдарга таянып иш кылат деп үмүт артып туралы.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Айбек Кулчуманов**

# РАДИОТҮЙҮНГӨ АЛДАНГАН СТУДЕНТ

2017-жыл, 28-апрель.

**Ош базарындагы радиотүйүндүн жарыясы аркылуу Орусияга иштегени кеткен жарандар документтерин алдырып, кайтып келе албай жатканын "Азаттыкка" кабарлашты.**

20 жаштагы студент **Өткүрбек Маамов** Ош базарындагы радио түйүндөгү жарыя аркылуу Орусияга барып, алданып калганын билдирди. Анын ырасташынча, жарыяда "иш жеңил, маяна жогору, баардык шарттар түзүлгөн" деп айтылган. Бирок чындыгында жумуш шарты такыр андай болгон эмес. Ал "Почта России" ишканасында кыйналып жүк ташып иштеп жатканын айтууда:

*- Бул жакта 12 саат тыныгуусуз иштейт экенсиң. Эч кандай шарт жок. Биздин паспортторду алып калышкан. Кетели десек, силерге сарпталган чыгымдарды төлөгүлө деп жатат. Жолубузга, жатакана, кийим-кече, каттоо болуп отуруп 13,5 миң рубль төлөгүлө деп жатат. Андай акчабыз жок. Андай болсо 40 күн иштетем деди. Каршы болсок беш жылга депортация кылып башкача сүйлөшөм дейт. Биз эч нерсе кыла албай отурабыз.*

Өткүрбектин маалыматы боюнча, жумушчуларга 24 миң рублдан айлык берилмек. Бирок ал документтерин колуна алса эле башка иш издээрин кошумчалады.




Ош базарындагы радиотүйүн. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Анткен менен Ички иштер министрлигинин Орусиядагы өкүлү Аскат Алиев консулдук кызмат менен "Почта России" ишканасына барып мыйзамга каршы эч нерсе таппаганын айтып жатат. Бирок ал буга чейин да аталган ишканага наразы жарандар кайрылганын, бир жигит консулдук кызматтын жардамы менен башка ишке которулганын жашырган жок:

*– Биздин жарандын арызы боюнча "Почта России" ишканасына консулдук кызмат менен бирге барып келгенбиз. Режимдеги объект болгондуктан, ичине кире алган жокпуз. Ичиндеги кыргызстандыктарды сыртка чыгарышты. Биз ал жердеги отузга жакын жаран менен сүйлөшкөн элек. Баары тең "ишканага эч кандай доомат жок, баары ойдогудай, айлыкты убагында алабыз" дешкен. Ошондон кийин кеткенбиз. Ал жерде кулчулук фактысы жок болчу. Негизи ар бир жаран өзү чечиши керек. Каалабаса кетип калса болот.*

Өткүрбек Маамов айткан радио түйүндөгү ортомчу жарандарды табууга мүмкүн болгон жок. Ошентсе да сынамакка Ош базардагы радио түйүндөрдүн бирине жарыя берүүнү эп көрдүк.

Өзүбүз күбө болгондой, радиотүйүндүн кызматкери бизден лицензия талап кылбай туруп, жалган маалыматыбызды жүз сом акыга жаңыртты. Биз болсо кызыгып чалгандарга жөн гана эксперимент экенин түшүндүрүүгө аргасыз болдук.

Радио түйүндүн мындай жосуну мыйзамга каршы келет. Бул тууралуу Миграция кызматынын жетекчи орунбасары **Алмаз Асанбаев** "Азаттыкка" билдирди. Анын айтымында, Ош базардагы жалган жарыячыларга каршы күрөш майнапсыз болуп келет:

*– Лицензиясы жок болсо, чет өлкөгө жумушка орноштуруу боюнча жарнама бере албайт. Муну милиция кызматкерлери менен бирге радиотүйүндөрдүн баарына түшүндүргөнбүз. Бир нече жолу тыюу да салдык. Бир аз тынчып калышат да, кайра эле акчага кызыгып мыйзамсыз иштерди жасап жатышат. Мындай жарыя берүү мыйзамсыз. Чет өлкөдө ишке орноштуруу жарыясын лицензиясы бар компаниялар гана бериши керек.*

Кыргызстанда чет өлкөдө ишке орноштуруу боюнча уруксат кагазы бар 49 ишкана болсо, алардын жетөө Орусияда. Миграция кызматы иш издеген жарандарды ортомчулардан сак болууга чакырап, Өткүрбектикиндей окуяга туш болгондорду 189 түз номуруна чалууну суранышат.

Ош базарындагы радиотүйүндүн жарыясы аркылуу Орусияга иштегени кеткен жарандар документтерин алдырып, кайтып келе албай жатканын "Азаттыкка" кабарлашты.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# СИРИЯДАН "БЕЙИШ" ИЗДЕГЕНДЕР...

2015-жыл, 25-ноябрь.

**Сириядан "бейиш" издеп кеткен кыргызстандыктардын арасында келин-уул, кыз-күйөө, небере-жээн болуп отуруп 28 адамды Сирияга жол баштаган 80 жаштагы тоңдук байбиче да бар. "Ыңгайсыз суроолор" телеберүүсү согуш талаасына азгырылган үй-бүлөлөрдү иликтөөгө алды.**

Буга дейре Сириядагы согушка кеткендердин көбү Ош, Жалал-Абад, Баткен облустарынан экени айтылып келсе, эми болсо алардын катарын Чүй жана Ысык Көл дубандарынын жашоочулары да толуктай баштады. ИИМдин 10-башкы башкармалыгы Көл кылаасынан 39 адам Сирияга кеткенин тастыктады. Маалыматка ылайык, алардын 18и – жашы жете элек өспүрүмдөр. Ишенбешиңиз толук мүмкүн, бирок "жихадды" бетке кармаган көлдүктөрдүн арасында 80 жаштагы байбиче да бар. Таяк менен араң баскан Маркү Сөлпүева келин-уул, кыз-күйөө, небере-жээн ж. б. 29 адамды Сирияга алып жөнөгөн.

Ошентип, Сирияга Түркия аркылуу Маркү Сөлпүева өзү, анын Ак-Сай айылындагы улуу кызы Чынар Карабаева, Орто-Токойдогу кызы Назгүл Карабаева күйөөсү жана алты баласы менен, Эшперов айылындагы кызы Гүлзар Карабаева күйөөсү жана беш эркек баласы менен, Төрткүл айылындагы дагы бир кызы Гүлзат



Вотсаптан даават айтышат. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Карабаева күйөөсү жана төрт баласы менен, кичүү уулу Жолдошбек Карабаев аялы кош бойлуу кезинде төрт баласы менен кетет. Уруктууганды жана 80 жаштагы байбичени Сирияга алгач мына ушул Жолдошбек азгырган.

Туугандарынын айтуусунда, Орто-Токойдогу күйөө баласы Сирияга өтөр алдында улуу баласын Кыргызстанга качырат да, кайненесине "уулум Стамбулдан адашып кетти" деп коёт. Учурда анын Бишкекте иштеп жүргөнү тууралуу кабар бар. Кыскасын айтканда, бул жакта Маркү Сөлпүеванын сегиз баласынын үчөө гана калат.

Сириядагы согуш оту эгиздерди да ажыратты. Ысык-Көлдүн Кароол-Дөбө айылынын жашоочусу 28 жаштагы Жылдыз Дөөлөтжанованын түгөйү Кундуздун Сирияга кеткенине бир жылдан ашты. Бирок алар тоңдуктардан айырмаланып, интернет аркылуу байма-бай сүйлөшүп турушат. Биз барганда да WhatsApp аркылуу коңгуроо какты.

Кундуз Сирияга барары менен атын Амина деп өзгөрткөн. Бул жакта калган баласы Даниелге да Абдуллах деген ысым ыйгарган. Көрсө ал интернет аркылуу акчанын сүрөтүн жиберип, даават айтып апасын жана бир туугандарын Сирияга үндөйт тура.




Ак машине, кара байрак… Динге жамынган террорчулук. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

Айрым мечит-медреселерде тыюу салынган диний агымдарга үгүттөгөн молдокелер да бар экенин муфтий Максат ажы Токтомушев да танбайт. Ал ушундан улам имам-молдолордун диний жана жалпы билим деңгээли текшерилип, сабатсыздары электен өткөрүлбөй турганын айтууда.

Сириядагы согушка байланыштуу 112 кыргызстандык кармалып, аларга жалданмачылык, экстремизм, терроризм беренелери боюнча айыптар тагылууда. Соңку 11 айда эле Сирияга сапар тарткан жеринен 20 жаран колго түшкөн.

Өлкөнүн коопсуздук кызматын Сирияга кеткендерден да, алар кайтып келсе не болот деген суроо көбүрөөк түйшөлтүп жаткандай. Аларды түрмөгө кессе, жанкечтиликти башкаларга үйрөтөрү турган иш. Жаңылды, жазды деп жазасыз калтырса, өлкөгө каршы жихад жарыялабайт деп эч ким кепил боло албайт. Мындан улам Сирияга кеткендерди жарандыктан ажыратып, өлкөгө киргизбөө демилгеси көтөрүлүүдө.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Уланбек Асаналиев**

# СИРИЯГА КЕТКЕН 29 ТОҢДУКТУН КИЙИНКИ ТАГДЫРЫ

2017-жыл, 9-октябрь.

**"Азаттык" эки жыл мурда Сирияга кеткен тоңдук үй-бүлөнүн 29 мүчөсү тууралуу иликтөө тарткан. Анда Бөкөнбаев айылынын 81деги тургуну Маркү Сөлпүева кыз-күйөө, уул-келин, небере-жээндерин баштап Сирияга кеткени айтылган. Бүтүндөй бир үй-бүлөдөн кабар алуу үчүн алардын жакындарына кайрадан кайрылдык.**

(Видеотасма күүгүм кирген чакта темир жолдо поезддин тоо-талаа аралап узап баратканынан башталат)

**КСТ**. "Азаттык" мындан эки жыл мурда Сириядагы согуш талаасына кеткен тоңдук бир үй-бүлөнүн 29 мүчөсү тууралуу иликтөө тарткан. Анда Бөкөнбаев айылынын 81 жаштагы жашоочусу Марбү Сөлпиева кыз-күйөөсү, уул-келин, небере жээндерин баш кылып Сирияга бейиш издеп кеткени айтылган. Маркү Сөлпиева өзү Ак-сай айылынан, Чынар Карабаева, Орто-Токойдогу кызы Назгүл Карабаева күйөөсү, алты баласы менен, Эшперов айылындагы дагы бир кызы Гүлзар Карабаева күйөөсү жана беш эркек баласы менен, Төрт-Күл айылындагы дагы бир кызы Гүлзат Карабаева күйөөсү жана төрт баласы менен, кичүү уулу Жолдошбек Карабаев аялы кош бойлуу кезинде төрт баласы менен кеткен.




Кароол-Дөбө айылында Сирияга кеткен Кундуздун эгиз түгөйү Жылдыз муңканып жүрөт.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Баласы апаатка кеткен апа.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Бүтүндөй бир үй-бүлөдөн кабар алыш үчүн алардын жакындарына кайра бардык. Атайын кызматтардын сурагынан жалкып калышканбы, айтор, видеотасмага ачык маек берүүдөн баш тартышты. Ошентсе да жүздөрүн көрсөтпөө шарты менен айрым маалыматтарды жаздырып алдык.

Марбү Сөлпиеванын Эшперов айылындагы күйөө баласы Чыңгыз Урманбетовдун бир тууган агасы Кубан инисинен үч жылдан бери кабар жок экенин айтат. Анын айтымында, иниси аялы Гүлзат Карабаеванын азгырыгы менен беш бирдей эркек баласын алып, мал-мүлкүн түгөл сатып, түн жамына кете берген. Алардын артында "күнөөгө батып бизди издебегиле" деген куш тилиндей кат гана калган.

**Чыңгыздын агасы менен Уланбек Эгизбаевдин диалогу:**

– *"Атабызды жакшылап баккыла. Менин атым Кубан. Эгер Кубан абам бага албаса, Шамырат* (**аты так угулбайт. – ред.**) *абам (ал да алыс турат), алып кетип баксын",– дептир.*

– Кайда кеткенин айткан эмеспи?

– *Жок. Бирок, айтып атпайымбы, каякка кеткенин биз билип аттык. Фамилияларын регистрацияда Урманбетов Чыңгыз, Карабаева деп туруп атпайбы. Бул жерден 27си түнүчүндө кетсе, 28инде эртең менен учуптур да.*

**КСТ**. Чыңгыз үй-бүлөсү менен жихадга кеткенин угуп кайгыга баткан бир тууган эжеси менен атасы көп өтпөй каза тапкан. Айрым маалыматтар боюнча Маркү Сөлпиева өзү да Сирияда көз жумган. Анан Балдары эмне болгонун атайын кызматтар деле билбейт:

**Улан Турганбаев, Бөкөнбаев айылынын Күн Чыгыш айыл аймак башчысы:**

*– Булар тууралуу толук маалымат жок. Эч бир туугандары да билбейт. Тирүүсү-өлгөнү тууралуу эч бир маалымат жок.*

**КСТ**. "Азаттык" буга чейин Сирияга аттангандардын арасында эгиздердин түгөйү бар экенин да бир нече жолу көрсөткөн. Биз азыр ошол Кундуздун айылына келдик. Ысык-Көлдүн Кароол-Дөбө айылы. Азыр биз апасына жолугуп, анын ал-ахыбалын сурамакчыбыз.

Ысык-Көлдүн Кароол-Дөбө айылынын жашоочусу, эгиздин түгөйү Кундуз Дөөлөтжанованын Сирияга кеткенине үч жылдан ашты. Ал өз атын Амина, уулунун атын Абдулла деп өзгөрткөн. Айылына барганыбызда, анын бул жакта калган түгөйү Жылдыз турмуш куруп кетиптир. Апасы Нурия 3-класс окуп калган Абдулланы белине таңып, өлбөстүн күнүн көрүп жаткан экен. Амина тоңдуктардан айырмаланып, вотсап аркылуу маал-маалы менен кабарлашып турат. Акыркы ирет эки ай мурда байланышка чыккан. Ал жихадка үндөгөн видеотасмаларды байма-бай жөнөтүп турат.

(Уланбек ушул жерде апасынын телефонунан вотсап аркылуу Амина жиберген орус тилиндеги жихад чакырыгын угуп, анан анын апасы менен диалог жүргүзөт):

– Буга чейин да көпкө байланышка чыкпай жүрүп кайра байланышты беле?

*– Байланышка чыкпай калып, анан кайра чыкчу. Анан орун которду го деп ойлоп калчубуз. Оюбуз ошого барчу. Баласы: "Апа, келбейсизби?" – десе, "Апаң келе албайт деп түшүндүрүп айтпайсыңарбы", – дейт. Демек, баласы ошентип айтканда кыйналып атат да… Өзүнүн башын өлүмгө байлаган да, демек… келбес болуп кеткен ал…*

– Баласы сиздин колдбу?

*– Менде…*

– Ал деле сагынып атат го.

*– Сагынат. Ыйлайт кээде. Кээде түнкүсүн ойгонуп кетсем, ал да уктабай, көзүнүн жашы мында-ай куюлуп атат… “Абдулла эмне болду? Түш көрдүңбү?”, – десем “жок” дейт, өзү ыйлап атат… Сагынат да. Ким энесин сагынбайт… Мен деле сагынып атпаймынбы…*

– Ыйлабаңыз, эже…

**КСТ**. …Кусага баткан эне кызын зарыга күтүп келет. Ысык-Көл дубанынан Сирияга аттангандардын жалпы саны 39, алардын 18и өспүрүм курагындагылар [15].

**Автор: Уланбек Эгизбаев**
**Оператор жана монтаждаган: Айбек Кулчуманов**

[15] Улуттук коопсуздук боюнча мамлекеттик комитеттин 2018-жылдагы маалыматына караганда, Сириянын согуш болуп жаткан аймактарына Кыргызстандан 850 жаран кеткен. Арасында 140ка жакын аял, 100гө чамалуу бала да бар. Сирияга кеткен кыргызстандыктардын 150 чамалуусу ошол жакта каза болгон.

# ИЗДӨӨДӨГҮ 66 ЖАРАН ТЕРРОРИСТ ДЕП ЖАРЫЯЛАНДЫ

2017-жыл, 30-апрель.

**Каржылык чалгын кызматы издөөдөгү 66 кыргызстандыкты террорчулардын тизмесине киргизгендиги тууралуу маалымат таратты.**
**Кыргызстандын Каржылык чалгын кызматы издөөдө жүргөн 66 жаранды террористтик, экстремисттик уюмдарга жана массалык кыргын куралын жайылтууга катыштыгы бар адамдардын катарына кошту. Мындай маалымат аталган кызматтын сайтына жарыяланды.**
**Маалыматка ылайык, издөөдөгү 66 жаран козголгон кылмыш иштеринин негизинде террорчулардын тизмесине кирген. Каржылык кызмат жогорудагы тизме боюнча толук маалымат кийинчерээк берилерин айтып, комментарий бере элек.**

**“Террорчуну” ким табат?**

Анткен менен Каржылык чалгын кызматы террорчулардын тизмесин жарыялоого ыйгарым укугу туура келбейт дейт Улуттук коопсуздук комитетинин мурдагы төрага орун басары **Марат Иманкулов**:



Жихадды бурмалагандар. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

*– Террорист деп тизмеге киргизиш үчүн алгач тыкыр иликтеш керек. Болбосо ким террорист экенин кайдан билишет? Каржылык чалгын кызматы тергөө органы эмес да. Андай болгон соң эмнеге ачык жарыялашат? Чалгындоо кызматы прокуратура эмес. Мындай тизмени ачык жарыялоо алардын ишмердигине тоскоолдук гана жаратат. Чалгын кызматы коомчулукка жар салбай, жашыруун иштеши керек. Жарыялабай койсо, эч ким деле сурамак эмес алардан.*

Терроризмдин башкы шарты – каражат. Акчасыз бир да террордук акт ишке ашпайт. Мындай пикирин Дин иштери боюнча мамлекеттик комиссиянын мурдагы төрагасы **Орозбек Молдалиев** ортого салды. Анын оюнча, Каржылык чалгын кызматынын террорчуларды тизмектөөсү алардын каржылык иштерине байланыштуу:

*– Каржылык чалгын кызматынын террорист-экстремисттердин тизмесин түзүү себеби терроризмди каржылоо жана мыйзамсыз кирешелерди адалдоого байланыштуу. Террордук актылар акчасыз*

*жасалбайт. Террористтер үчүн негизги үч шарт керек бири - акча, экинчиси курал-жарак, үчүнчүсү – баш паанек таба турган жай, мамлекет. Каржылык чалгын кызматы террористтердин каражаттары боюнча тиешелүү органдарга маалымат берип турушу керек.*

Молдалиев дүйнөнү тооруп турган терроризм коркунучу Кыргызстан үчүн да кооптуу экенин, ага каршы жапатырмак күрөшүү керектигин кошумчалады.

Жарандарды террорист, экстремист деп атоодо мыйзамдарды сактап, кылдат болууга үндөгөндөр да бар. Ушундай беренелер менен айыпталгандарды коргоп жүргөн жактоочу **Акин Токталиев** көпчүлүк жарандар терроризм, экстремизм аракеттерине адашып барарын, аларды кайрадан коомго аралаштырса болоорун айтат:

*- Эгер мунапыс берилсе, эмне болуп ошондой жолго барганыбызды айтып беребиз дегендер көп. Көп учурда тиешелүү органдар аларды уруп-согуп, түрмөгө камап жатышат. Айрым учурларда мыйзамсыз эле 10-15 жылга соттоп жатышат. Мен террорист, экстремисттерди актагым келбейт. Бирок мыйзам бузуу менен соттолгондорду акташ керек.*

Каржылык чалгын кызматынын расмий сайтындагы маалыматка таянсак, жаңы киргизилген 66 адамды кошкондо террорист, экстремист деген тизмедеги кыргызстандыктардын жалпы саны 540 адамды түзгөн. Мындан тышкары "Ислам мамлекети", "Жайшул-Махди", "Хизб-ут Тахрир", "Ал-Каида" өңдүү 14 уюм террордук-экстремисттик деп табылган. Улуттук коопсуздук кызматынын маалыматы боюнча Сириядагы согуштук аракеттерге кеткен кыргызстандыктар саны 500дөн ашат.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

## III БӨЛҮМ

# ЧАГЫЛГАНДАЙ ЖАРКЫП ӨТКӨН ӨМҮРДӨН ЭЛЕСТЕР

## СҮРӨТ ГАЛЕРЕЯ



Уланбек бир жашта. Апасы менен. 1991-жыл.



Уланбек 3 жашта. Атасы менен. 1993-жыл.



7-класстын окуучусу.



Мелис Эшимканов атындагы сыйлыкты алуу учуру. Журналист, публицист, акын Алым Токтомушев жана "Жаңы агым" гезитинин баш редактору Аскер Сакыбаева менен. 2012-жыл. Бишкек шаары.



Кыргыз-Түрк "Манас" университетин бүтүрүү аземинин алдында. 2013-жыл.





Тасмага тартуу алдындагы сыноо. 2013-жыл.

Экс-президент Роза Отунбаева менен. 2013-жыл.



Ат жалындагы жаштык. 2013-жыл. Түп району.





Журналисттик кесиптин кадырын кетиргендерди уяткарган “Анти өрдөк” акциясы. 2014-жыл. Бишкек.



Кесиптештер менен эс алуу. 2014-жыл. Ысык-Көл.



Балалыгын эстеп. 2014-жыл. Каркыра жайлоосу.



Каркыра жайлоосунда. 2014-жыл.



*“Кулук минген күчтүү бол,
Күйдүргөнгө миздүү бол”.*

Арстанбек, XIX кылым.
2014-жыл, Каркыра жайлоосу



Чөп чабыкта. 2014-жыл. Кочкор.



Айылда ата-энеси менен.
2014-жыл. Кочкор.



Өкмөткө бир суроо.
2014-жыл.



Жумуш ордунда. 2014-жыл.



Көл жээгинде. 2014-жыл. Ысык-Көл

Дайранын шарындай мүнөзү бар эле. 2015-жыл.





Өмүр – дайра, көңүл – гүл. 2015-жыл.



Жамгыр, жаачы батыраак! 2015-жыл.



Жошолуу чокулар менен сырдашып.
2015-жыл.



Кесиптештерге кайрылуу. 2015-жыл.



“Чындыкты айтыш керек!” 2015-жыл. Бишкек.



Тарых жана биз. 2015-жыл. Бурана.



Ишембиликте эс алуу. 2015-жыл.



Тоолор бизге дем берет. 2015-жыл.



Жети-Өгүздөгү каньондор арасында. 2015-жыл. Ысык-Көл.



Ата-энеси менен жаңы жыл тоскондо. 2015-жыл.



Сапаргүл менен жайлоодо.
2015-жыл.



Аскадан үн салганда. 2015-жыл.



Карагайга жөлөнүп. 2015-жыл.



“Алсыздарга билек бол”
(Арстанбектен).
Нургазы менен АКШда. 2016-жыл.



Алп кетменге таянып. 2016-жыл. Кемин.



Уланбектин алгачкы иликтөөсү: “Депутат багуу оңой эмес”. 2016-жыл.




Кайрымдуулук иш-чарасында Сапаргүл менен. 2016-жыл. Ысык-Көл



Прага шаарында. 2016-жыл.



Ата-энеси менен. 2016-жыл. Кочкор.



Нургазы жана кайрымдуулук фонддун жетекчиси Хабиб Арзыкулов менен. 2016-жыл. АКШ



Нургазы менен. 2016-жыл. АКШ.



Өкмөттү Уланбектей азаматтар башкарса кана! 2016-жыл. Бишкек.



Бугу менен достошкондо.
2016-жыл. Нарын.

Webby Awards Интернет-Оскар
сыйлыгын алгандан кийин.
2016-жыл. АКШ.





АКШда Кыргызстандын туусу менен. 2016-жыл.



Өкмөттөгү бир кишинин жоругун эстеп жатат окшойт. 2016-жыл.



Айзада Касмалиева менен. 2016-жыл. Бишкек.



Кайрымдуулук иш-чарасында балдар менен. 2016-жыл. Ысык-Көл.



Көк жоргону теминип. 2016-жыл.




Жаш ишкер Азиз менен. 2016-жыл.



АКШга сапар. 2016-жыл.



Кесиптештери менен. 2017-жыл.



Кышкы эс алууда. 2018-жыл.



“Азаттыктын” кеңсесинде кесиптештери менен. 2018-жыл. Бишкек.



“Кучактайм ой-кырларын...”



“Азаттыктын” жетекчиси
Венера Жуматаева менен.
2015-жыл. Берлин.



Гүлдөй жайнаган түгөйлөр.
2016-жыл. Бишкек.



Экс-президент Роза Отунбаева Уланбектин ымыркайы Белек, апасы Жыпаркүл, жубайы Сапаргүл менен төрөтканада. 2018-жыл, 11-октябрь.



Президент Сооронбай Жээнбеков Уланбекке ыйгарылган "Эрдик" медалын анын ата-энесине тапшырды. 2018-жыл, 1-октябрь.



Уланбектин ата-энеси Токтосун Калиев, Жыпаркүл Сариева, Президент Сооронбай Жээнбеков, "Азаттыктын" башкы редактору Бурулкан Сарыгулова. 2018-жыл, 1-октябрь.

## IV БӨЛҮМ

# УЛАНБЕКТИН СҮРӨТ БАЯНДАРЫ

Көп кырдуу инсан Уланбек Эгизбаевдин бир өнөрү сүрөтчүлүк эле. Бала чагында портреттерди карандаш, боёк менен жакшы тартчу экен. Кийин журналистикага аралашканда, фотокамераны колдонуп, ажайып түрмөктөрдү жаратты. Кыргызстандагы калктын жашоосун ар тараптан чагылдырган сүрөт баяндар көрүүчүнү кайдыгер калтырбайт.

# ЖАЙЛООДОГУ ЖҮЗДӨР...

**Сүрөт баян айтылуу Каркыра жайлоосунун Чымынды-Сай коктусунда тартылган. Бул аймакта Түп районунун малчылары жайлашат.**



Тоо желине сеңселген чач



Түштөнүүгө келгиле





Ак төш досум менен

Шайыр кыз



Кой семирген жайлоодо



Ак төш адаштырбайт



Тоо койнунда бешик термелет



Торпок чабышка ким келет?



Эт бышып калды



Токту сатам, ким алат?



Устуканды минтип эле мүлжүп коёт



Шаардан келгендерди көрөлүчү



Бал кымыз бышкан байбиче



Кулундуу бээ



Бөбөктай



Шам-шумга



Учкашкан жакшы, ээ?



Чаңкоо



Бээ саабагандар кымыз ичпесин дейби?

# КЫРЧЫНДАГЫ ОЮН ШАҢЫ

**Дүйнөлүк I Көчмөндөр оюндарынын алкагында Кырчын жайлоосунда "Көчмөндөр ааламы" фольклордук фестивалы башталды. 2016-жылы 4-сентябрда башталган саамалык 7-сентябрга чейин уланат.**



Хан-Ордо Кырчын жайлоосундагы этношаарчанын борбордук аянтчасы болду. Анда өлкөнүн булуң-бурчунан келген 2000 артист, 800 уз-чебер, 100 каскадер театралдаштырылган оюн коюп, өнөрлөрүн тартуулады.



Ааламга кучак жайып...



Меймандар үчүн улуттук кийимдердин жана улуттук тамак-аштардын көргөзмөсү уюштурулууда.



Балакайлар.



Ат жалынан кулаш – кыргыз үчүн тамаша.



Кылымдарды жаңырткан “Кыз куумай”.



Аркан тартыш.



Чет элдик маданий делегациялардын өкүлдөрү өзүнүн улуттук салт-санааларын, үрп-адаттарын жана маданиятын тартуулап жатат.



Жалбырттаган чабандес...



Боз үй, улуттук кийим.



Кырчынга болжол менен он миңдей эл чогулду.



Оштун түркүн нандары.



Көчмөндөргө көз салган тартип сакчылары.



Жапон журналисттер "сүрөт уулап" жүрүшөт.



Ат үстүндөгү тартип сакчысы.



Мурдагы маданият министри Алтынбек Максутов режиссерлук кылган "Көчмөндөр ааламы" фестивалынан бир көрүнүш.



Жоокер элдин жигиттери.



Ат жалында өнөр көрсөткөн азаматтар



Миниатюрадагы көчмөн турмуш.



Жарданып тиктейт калайык.



Ат үстүндө жалындаган чабандести араң өчүрүштү...



Жаачы.

# ЖАҢЫ КОНУШ: ТАР ЖОЛ, ТАЙГАК КЕЧҮҮ

**Бишкектин четиндеги "Дордой" базарына тарапташ жайгашкан "Келечек", "Дордой-1" конуштарынын түптөлгөнүнө 15 жылга аяк басса да, көчөлөрү асфальт көрө элек. "Келечектин" 14 көчөсүнөн тең жаан-чачында жөө эмес, машине менен өтүүгө мүмкүн болбой калат. Жергиликтүү жашоочулар баткак көчөлөрдөн буттарына желим баштык кийип өтүшөт. Болбосо бут кийим түтпөйт.**



Желим баштыкчан буттар



Ылайга кулап калбаш керек



Машине өтө алабы?



Жетелеп жеткирип коёюнчу



Ушул тапичке эле жакшы – ылайы оңой жуулат



Көлчүктөн көрдүм көркүмдү



Эчтеке эмес – жууп алабыз



Балдар баары бир ойной берет



Жолдорубуз ушундай



Кечсең өтүгүң чечилет

# ТАШТАНДЫ ТАЛААСЫНДАГЫ ТУРМУШ

**Бишкектин чеке белиндеги таштанды талаасына көп жылдардан бери шаардан чыккан акыр-чикирлердин баары төгүлүп отуруп, учурда бут коёрго жер жок. Дээрлик 30 гектар жер катмар-катмар таштандыга толгон. Бишкекте таштанды төкчү башка жай жок болгондуктан, иттин өлүгүнөн баштап тамак-ашка чейин ушул жерге чогулат. Таштанды талаасынан ондогон адамдар кагаз кутуларды, темир-тезектерди, желим баштыктарды чогултуп үй-бүлө багышат. Керек болсо таштанды талаасын бөлүп алышкан. Жергиликтүүлөр жаңы келгендерди таштанды көп төгүлгөн аймакка киргизишпейт.**




Санитардык норма боюнча турак-жай менен таштанды талаасынын ортосунда 500 метр аралык сакталышы шарт. Деген менен таштанды талаасы менен бүтүндөй бир конуштун ортосу 10 гана метр.

# ЫЛАЙ СУУДАН “КАРА АЛТЫН” АЛГАНДАР

**Лебединовканын төмөн жагында жергиликтүү жашоочулар ылай суудан нан таап жешет десе, кантип эле деп таң калышыңыз мүмкүн. Бирок бул чындык.**



Бекер көмүргө көз кызарткандар көп болгондуктан, түнкү саат экиден баштап эле кол чырактын жарыгында казуу иштери башталат.



Бир нече гектар жерди ээлеген бул жайга ЖЭБде (ТЭЦте) жакшы күйбөй калган көмүр калдыктары 3 чоң темир түтүк аркылуу суу менен агып келет.



Биз барганда 30-40 киши чуңкурдагы ылай суудан көмүр сузуп жатышкан экен.



Көмүрдүн майдалыгы эле болбосо, таптуу.

## V БӨЛҮМ

# КҮРӨӨ ТАМЫР:
# ДООР ЖАНА БИЗ







*“Азаттыктын” фотоархивинен.*

# ТАРЫХТАН САБАК АЛЫНБАСА, ЫҢКЫЛАПТАР ТОКТОБОЙТ

2015-жыл, 24-март.

**Мындан он жыл мурда Акаевдин режимин бийликтен кулаткан элдик ыңкылаптын себептери жана натыйжалары "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында талкууланды.**

Илимий конференцияга премьер-министр Жоомарт Оторбаев баштаган бийлик башчылары, элдик ыңкылаптын катышуучулары жана тарыхчы-окумуштуулар катышты. Өкмөт башчысы 24-март да, 7-апрель да азыркы бийлик үчүн чоң сабак экенин белгилеп, аталган окуялар кайрадан терең изилдөөгө, илимий калыс баага муктаж экенин айтты:

– *Ушул эки тарыхий окуябызды фактыларга, материалдарга таянып, фундаменталдуу изилдеп, терең анализдешибиз керек. Окумуштуулар илимий тактоолордун негизинде бир жыйынтыкка келиши шарт. Мектептердеги, жогорку окуу жайлардагы программаларды кайрадан карап чыгып, туура чагылдырышыбыз кажет.*

Илимий-практикалык конференцияда сөз алган тарыхчылардын айрымдары кыргыз эли башынан өткөргөн эки революцияга тең бир жактуу баа берүү эрте экенин айтышууда.

24-мартта да, 7-апрелде да бийликке каршы көтөрүлгөн элдин башында тургандардын бири, коомдук-саясый ишмер **Топчу-**



Ак үй. Кара түтүн. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

**бек Тургуналиев** революциялар максатына жете элек деген ойдо. Анын айтымында, эгер бийлик коррупционер аткаминерлерден арылбаса, үчүнчү революция болбойт деп эч ким кепил боло албайт:

*– Кыргызстанда келерки революциянын бир топ себептери бышып калды. Бир эле мисал. Жогорку Кеңеште 15ке жакын депутатка кылмыш иши козголду, бирок кол тийбестигине таянып, жоопко тартылышкан жок. Бийликтегилер эч нерсе кыла албай жатышат. Ал эле эмес, биринчи вице-премьер-министр Тайырбек Сарпашевге деле кылмыш иши козголгон. Бирок ал, тескерисинче улам кызматтан кызматка жогорулап барат. Буга көңүл бурган киши жок. Сарпашевди эл Токтогулдан бекер кууган жок да.*

Кандай болгон күндө да "жоогазын ыңкылабы" кыргыз элинин тарыхында орчун окуя бойдон кала берет. Мындай пикирин тарыхчы-окумуштуу **Тынчтыкбек Чоротегин** ортого салды:




Акаевди эл ушинтип кетирген. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*




Темир жол-көпүрөнүн астынан өтүп келаткан митингчилер. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*– 24-марттагы революция авторитардык бийликти кулаткан биринчи улуу бурулуш болгон. Тилекке каршы, анын жемиши 2010-жылдын 7-апрелинде өзү кайра бийликтен кулатылган Курманбек Бакиев жана анын жөкөрлөрү тарабынан уурдалган. Бирок бул март ыңкылабынын маанисин басаңдата албайт. Менимче, 24-март үчүн кыргыз эли азыр да, болочокто да сыймыктанат.*

24-март жана 7-апрель элдик ыңкылаптарына арналган илимий конференция соңунда атайын резолюция кабыл алынды. Анда ыңкылаптарды терең изилдеп, топтолгон маалыматтарды элге жеткирип, революция баатырлары тууралуу тасма тартуу жагы бийлик өкүлдөрүнө сунушталды.

2005-жылдын 24-мартында Курманбек Бакиев баштаган калың эл Акаев бийлигин кулатып, Ак үйдү ээлеп алган. Арадан беш жыл өтпөй, 2010-жылы 7-апрель күнү жүзгө жакын азаматтын каны менен кайра Бакиевдин бийлиги кулатылган.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# УНУТТА КАЛГАН РЕПРЕССИЯ КУРМАНДЫКТАРЫ

2015-жыл, 9-ноябрь.

**Кыргызстанда 8-ноябрь – Сталиндик репрессиянын курмандыктарын эскерүү күнү деп жарыяланган. Бирок бул жылы да ал күн бийликтин көз жаздымында калды.**

Бүбүйра Кыдыралиева – кыргыз элинин каймактары, 1937-38-жылдардагы Сталиндик катаал репрессиянын курмандыгы болгон Жусуп Абдрахманов, Төрөкул Айтматов, Касым Тыныстанов жана Баялы Исакеев баштаган 137 кишинин сөөгү көмүлгөн "Ата-Бейиттин" сырын ачкан адам. Ал атасынын керээзин 52 жыл бою көкүрөгүндө сактап, 1990-жылы гана улуттук сырды шардана кылганда, кыргыздын чыгаан уулдарынын сөөгү ак кепинделип, кайра жерге берилген.

## "Ата-Бейит" жалгыз кемпирге гана керекпи?

Бишкекте жашаган **Бүбүйра апа** 90го таяп калса да, 7-ноябрда демилгелүү жаштар менен "Ата-Бейитке" барып, репрессия курмандыктарын эскерип келген. Ал бул күнү атайын барып куран окуганга жарабаган жогорку бийлик өкүлдөрүнө капа:

*– Эскерүү мен үчүн эмес, кыргыз элинин келечеги үчүн маанилүү. Өлгөндү эскермейин жакшылык болбойт. Ата-бабасына куран окутпаган*



Репрессия курмандыктарынын эстелиги. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*адамдан эмне жакшылык күтсө болот? Өткөндөрдү даңктамайын, жаш муун кайдан сабак алсын? Тарыхыбызды, өтмүшүбүздү биле жүргөнүбүз оң.*

Бүбүйра Кыдыралиевага "Ата-Бейит" сырын ачканы үчүн 2000-жылы "Эрдик" медалы берилген. Ошондон бери мамлекет эмгегимди баалабай жатат деп наразы болуп келет.

Куугунтукка кабылган жүздөн ашык кыргыз интеллигенттери Совет бийлиги тарабынан эл душманы, улутчул катары 1938-жылдын 5-7-8-ноябрында атылганы аныкталган.

8-ноябрь куугунтук курмандыктарын эскерүү күнү катары расмий жарыяланганы менен, ага жогорку деңгээлде маани берилбей келатканы айтылып, бийликтин бул күндү быйыл да эскербегени мисал келтирилүүдө.

2011-жылы Роза Отунбаева президент болуп турганда 8-ноябрга карата атайын "Ата-Бейитке" барып, куран окуткан экен.



**Ата бейит.** *"Азаттыктын" фотоархивинен.*



**Эрендер унутулбайт.** *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Былтыр болсо мурдагы биринчи вице-премьер-министр Тайырбек Сарпашев менен Бишкек мэри Кубанычбек Кулматов баштаган кызмат адамдары бул күндү утурлай атайын "Ата-Бейитке" барып, куугунтук курмандыктарын эскерген.

А быйыл жогорку бийлик адамдарынан "Ата-Бейитке" барганы болгон жок.

Журналист жана тарыхчы **Абдыбек Казиев** репрессия курмандыктары быйыл да унутта калганына кейийт. Анын айтымында, кыргыз бийлиги эскерүү күнүнө караганда журналисттердин майрамына өзгөчө маани бергендей:

*– Мамлекеттүүлүктү бекемдөө жылы деп расмий жарыяланганы менен соңку жылдары өлкөнү түптөөгө салым кошкон адамдар унутта калып келет. "Ата-Бейитке" аткаминерлерден бирөө да барган жок. Баягы эле студенттер, активисттер барышты. Бүбүйра апа мына 90го чыгып калды. Жазып-тайып көзү өтүп кетсе, жер чапкылап өкүнүп калабыз адатыбызча.*

Куугунтук курмандыктарын эскерүүгө карата мамлекеттик эч кандай иш-чара мерчемделген эмес. Кыргыз тарыхындагы орчундуу күндүн эмнеге унутта калганын президенттин да, өкмөттүн да аппараты түшүндүрүп бере алган жок.

## Курмандыктарды унуттурган ким?

Кыргыз бийлиги Кремлдин таасиринен улам репрессия курмандыктарын көз жаздымда калтырууда. Мындай пикирин

оппозициялык саясатчы Равшан Жээнбеков билдирди. Анын оюнча, Украина, Грузия, Молдова сыяктуу өлкөлөр авторитардык режимдин курмандыктарын сый-урмат менен эскеришет:

*– Демократиялык жолду тандаган өлкөлөр режим курмандыктарына абдан маани беришет. Саясий жактан жогору баалашат. Биз болсо бүгүнкү күндө Кремлдин көзүн караган өлкөбүз. Мүмкүн ушул себептен репрессия курмандыктарын бийлик эстебей жатат. Анткени Орусияда Сталинге позитивдүү баа берүү саясаты жүрүүдө. Биздин бийлик Кремлге жаман көрүнгүсү келбейт да.*

Анткен менен тарых илимдеринин доктору **Тынчтыкбек Чоротегин** репрессия курмандыктары унутта калды дегендерге кошулбайт. Анын пикиринде, кандуу жылдар боюнча мурдагыга караганда көп маалыматтар ачык айтыла баштады:

*– Бүгүнкү күндө куугунтук курмандыктары тууралуу китептерде ачык эле жазыла баштады. Тиешелүү кишилердин катышуусунда илимий конференциялар өтүп жатат. Келерки жылы улуттук боштондук күрөштүн 100 жылдыгы белгиленет. Мунун баарын жакшы саамалык катары карасак болот.*

Кыргыз интеллигенциясынын 1938-жылы атылган 137 өкүлүнүн сөөгү 1991-жылы Бишкектин тоо тарабындагы Чоң-Таш деген жерден табылып, кайра жерге берилген жана ал жерге “Ата-Бейит” деген ат ыйгарылган. Залкар жазуучу Чыңгыз Айтматовдун жана 2010-жылдын 7-апрелинде окко учкан азаматтардын сөөгү да ушул жерге коюлган.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# УЛУУ ЖЕҢИШТИН БӨКСӨРБӨГӨН БААСЫ

2016-жыл, 9-май.

**Президент Атамбаев өз сөзүндө согуш жылдарында чогуу тарткан азап-тозокту унутуп, кыргыз жарандарына кол салган Орусиядагы такыр баштарды азыркы фашисттер деп атады.**
**Көнөктөп жааган жаан Улуу Жеңиштин 71 жылдыгын майрамдоого тоскоол боло алган жок. Бишкектин Жеңиш аянтында өткөн митинг реквиемге өлкө башчысы Алмазбек Атамбаев баш болгон бийлик адамдары, согуш ардагерлери жана шаар тургундары катышты.**

Президент **Алмазбек Атамбаев** фашисттик Германияны жеңүүдө кыргызстандыктардын салымы ат көтөргүс болгонун баса белгилеп, согуштун жана ооруктун ардагерлерин куттуктады. Атамбаев өз сөзүндө согуш жылдарында чогуу тарткан азап-тозокту унутуп, кыргыз жарандарына кол салган Орусиядагы такыр баштарды азыркы фашисттер деп атады:

– *Согуш жылдарында жүз миңдеген качкындар Орусиянын шаарларынан эвакуацияланган. Карапайым кыргыз үй-бүлөлөрү алар менен акыркы кесим наны, кийими менен бөлүшкөн. Кийин алардын айрымдары Кыргызстанды түбөлүк мекендеп калышты. Мен бул тууралуу орус туугандарга бүгүн эстетким келет. Анткени Орусияда азыркы фашисттер-скинхеддер баш көтөрүп жатат.*



Сооронбай Жээнбеков жана башка жетекчилер парад башында.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Жоокерлер Түбөлүк отко гүл чамбар койгону келатат.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Мамлекет башчысынын мындай билдирүүсү эки кыргыз жаранын Москвада скинхеддер тарабынан токмоктолгон окуяга удаа айтылды.

91 жаштагы согуш ардагери **Садыр Мамбеткожоев** Улуу Ата Мекендик согуш адамдарды улутка бөлбөгөнүн, ынтымак гана жеңишке жеткиргенин айтат. Анын баамында, айрым гана жаштар жеңиштин баркын билбей жатканы болбосо, көпчүлүгү кан күйгөн согуштан кабары бар:

*- Жаштар Ата Мекендик согушту көрбөсө да, маалыматтары жетиштүү. Алар согуштагы азап-тозокту, ачкачылыкты, өлүмгө баш байлаган учурубузду жакшы сезишет. Азыркылар бизди алаканга салып сыйлап жатышат десем болот. Ар 9-Май сайын сый-урмат менен эскерип жатышат. Ай сайын мамлекет 17 миң сомдон стипендия берет. Кыскасы, ардагерлерге көрүлгөн камкордук кудайга шүгүр.*

Улуу Жеңишти эскерген расмий иш-чарага удаа "Өлбөс полк" акциясы да өттү. Ага шаардын он миңден ашык тургуну катышып, согуш отун кечкен аталарынын сүрөттөрүн көтөрүп, Бишкек көчөлөрүндө жөө жүрүш жасашты.

Тарыхчы **Айгерим Тургунбаева** мындай иш-чаралар жаш муунга согуштун маанисин жеткирүү жагынан чоң роль ойнойт деп эсептейт. Анын пикиринде кийинки жаштардын Улуу Ата Мекендик согуш тууралуу кабары аз:

*- 90-жылга чейин туулгандарда согуш тууралуу маалымат жетиштүү. Андан кийинкилерде маалымат аз. 9-май тууралуу гана*




Согушка катышкан аталардын сүрөтү да таберик.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*билишет. Анткени жыл сайын бул күн майрам катары белгиленет. Мындай карасаң 6-класстан баштап тарых китептерине кирген. Бирок, негедир кийинки жаштар согушка кайсы өлкөлөр катышканы, андагы Кыргызстандын ролу жөнүндө тереңирээк билишпейт. Балким бул мугалимдердин катасы.*

Ушундай эле эскерүү иш-чаралары өлкөнүн баардык аймактарында өттү. Улуу Ата Мекендик согушка Кыргызстандан 365 миң киши катышып, алардын 114 833ү кайтып келген эмес. Быйылкы Жеңиш майрамынын салтанаттарына 821 согуш ардагери күбө болду.

Экинчи Дүйнөлүк согушта (1939-1945) 50 миллиондон ашык адам каза тапкан. Анын 27 миллиону мурдагы СССРдин жарандары болгон.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# МОСКВАДАГЫ ӨРТ БИЙЛИККЕ СЫНДЫ КҮЧӨТТҮ

2016-жыл, 29-август.

**Кыргызстандык 14 кыз-келиндин өмүрүн алган Москвадагы өрттөн кийин бийлик дарегине ачуу сындар арбын айтыла баштады.**

Коомчулукта, интернеттеги социалдык түйүндөрдө Москвадагы каргаша үчүн түздөн-түз өлкөнүн жогорку бийлигин күнөөлөгөндөр басымдуу. Алардын бири саясат таануучу **Эдил Байсалов** Кыргызстан ЕАЭБдин толук кандуу мүчөсү болсо да, эмгек мигранттары үчүн шарттар түзүлбөй, коопсуздугу эске алынбай жатканына президент Атамбаев башында турган азыркы бийлик жоопту деп эсептейт:

– *Мигранттарыбыз мыйзамдуу иштейт, ошол үчүн керек болсо эгемендигибизди бергенге даярбыз деп азыркы бийлик Кыргызстанды ЕАЭБге кошкон. Ошондуктан буга Акаев да, Бакиев да эмес, түздөн-түз Атамбаев күнөөлүү. ЕАЭБге киргени канчалаган ишканалар атаандаштыкка туруштук бере албай жабылды. Мурда ошол ишканаларда, базарда иштегендердин баары Орусияга агылып жатат. Мен президенттен миграция маселесин чечүү боюнча бир да конкреттүү демилгесин уга элекмин. Жарандарыбызды өз өлкөсүндө иш менен камсыз кылуу боюнча сөз да жок.*



Жакынын жалын жалмаптыр… *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

## Кырсыктан ат жасагысы келгендер кимдер?

Байсалов өлкө башчысы каргаша үчүн кыргыз элине кайрылуу жолдогондун ордуна Баш мыйзамды өзгөртүү боюнча фракция лидерлери менен кеңешме өткөргөнүн да катуу сынга алды.

Анткен менен президенттик аппараттын маалымат саясаты бөлүмүнүн башчысы **Алмаз Үсөнов** айтылган сындарды каргашадан саясий упай топтоо аракети катары баалоодо. Анын айтымында, күтүлбөгөн кырсык үчүн президентти күнөөлөө туура эмес:

*– Бул ири кырсык, ар бирибиз ал үчүн моралдык жоопкерчиликти сезип жатабыз. Жакынынан айрылгандардын эмоциялуу ый-муңун туура түшүнөм. Бирок аны саясатташтырып, саясий упай топтоого өткөн жармач патриотторду деги түшүнө албадым. Бул Кудайга да жакпай турган жосунсуз жорук. Кыргызстан үчүн, эли үчүн чындап күйгөн патриоттор мындайга барышпайт эле. Бул өтө ыплас, жийиркеничтүү нерсе, айтканга да ооз барбайт. Кыргызстан үчүн жарытып эмгек өтөшпөсө да, трагедиялуу учурда унчукпай тынч отурушса болмок.*



Тирүү калса экен!..
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Аза расмисинен.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*Ушундай оор учурда саясатты жыйыштырып, маркумдарды жерге коёлу.*

**ЕАЭБ мигрант мүшкүлүн жеңилдеткен жок...**

Ал арада орусиялык эксперттер да эмгек мигранттарга убадаланган шарттар орус бийлиги тарабынан аткарылбай жатканын айтып чыгышты. Орусиядагы мигранттар федерациясынын вице-президенти **Каромат Шарипов** Борбор Азиядан иш издеп баргандарга жергиликтүү иш берүүчүлөр кул катары мамиле жасап жатканын "Дождь" телеканалына билдирди:

*– Эмне үчүн мигранттардын өмүрү кыйылып жатат? Менимче, бул кырсыктан Кыргызстандын бийлиги жыйынтык чыгарышы керек. Эмгек мигранттары дээрлик товарга, кулга айланып калды. Орусия өз жарандарынын коопсуздугун камсыз кылат да, эмне үчүн мигранттарга шарт түзбөйт? Кыргызстан Бажы биримдигинин мүчөсү да. Аларга шарт түзүлүшү керек болчу, ал да жасалган жок. Болгону патент деген пунктту алып салышты. Калганы ошол бойдон калды.*

Ушундай эле пикирге Орусиядагы "Мемориал" укук коргоо борборунун укук коргоочусу **Светлана Ганнушкина** да кошулат.

Деген менен кыргыз бийлиги өзүнө айтылган дооматтарды четке кагууда. Өкмөттүн алдындагы миграциялык кызматтын төрагасы **Бакытбек Адылов** Кыргызстан ЕАЭБге кошулгандан бери эмгек көчмөндөрү үчүн бир топ жеңилдиктер түзүлгөнүн айтууда:

*– ЕАЭБге кошулгандан бери бир катар тоскоолдуктар алынып салынды.*

*Мурда жети күндүк каттоо болсо азыр бир ай, миграциялык каттоо 30 күн болсо, азыр 90 күн. Ооба, айрым кемчиликтер бар. Бирок жакшы жактарын көрбөй бир тараптуу сындагандан алыс болушубуз керек. Биздин кызмат мигранттарга кеңеш берип, алардын Орусияда иш табуусуна көмөктөшүүнү уланта берет. Бул кырсык биздин миграциялык саясатты өзгөртпөйт.*

Мигранттар менен иш алып барган "Замандаш" ассоциациясынын координатору **Азамат Айтбаев** кыргыз бийлиги мигранттар тапкан акчаны гана эсептебестен, алардын коопсуздугун жеринде камсыз кылууга убакыт келгенин белгилейт:

*- Менимче, мигранттар көйгөйүн чечүүгө мезгил келди. Ооба, бул маселелер бүгүн эле пайда болгон жок. Бирок ЕАЭБге киргенден кийинки бир катар келишимдер аткарылбай жатат. Көп жеңилдиктер кагаз жүзүндө калууда. Бийлик мигранттардын акчасын гана санабай, жерине барып ал-абалын сурап, коопсуздугун камсыз кылып бериши керек.*

Расмий маалымат боюнча Орусияда ушу тапта эмгектенген кыргызстандыктар саны 570 миңден ашат. Мындан сырткары 540 миң адам Орусия жарандыгын алган. Алар мекенине жылына болжол менен 2-2,5 миллиард доллар которуп, өлкө экономикасына бараандуу салым кошуп келишет. Ошол эле учурда жыл сайын ар кандай себептерден улам жүздөгөн кыргызстандыктардын сөөгү мекенине жеткирилет. Байкоочулардын баамында, орус бийлиги ЕАЭБ алкагында кабыл алынган миграциялык келишимдерди так аткармайынча мындай кырсыктар токтобойт.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# КАРИМОВГО КЫРГЫЗ САЯСАТЧЫЛАРЫ БЕРГЕН БАА

2016-жыл, 30-август.

**Саламаттыгы тууралуу ар кандай маалыматтар айтылып жаткан Өзбекстандын президенти Ислам Каримовдун ишмердиги жөнүндө кыргызстандык саясий лидерлер эмне дешет?**
**Өзбек президентинин кичүү кызы Лола Каримованын акыркы маалыматына караганда, Каримов мээсине кан куюлуп, Ташкенттеги ооруканалардын биринде реанимацияда жатат. Абалы туруктуу экени айтылууда.**

### Коңшуларга кыр көрсөткөн Каримов...

Кандай болгон күндө да, Өзбекстанды чейрек кылымдан ашык кыңк эттирбей башкарып, "диктатор президент" атыккан Каримовдун буга чейинки ишмердигине берилген баалар Кыргызстанда бир кылка эмес. Маселен, "Ата Мекен" фракциясынын лидери **Өмүрбек Текебаев** Каримовду коңшуларга кошулбай, өз казанында кайнаган авторитардык президент деп баалайт:

*– Коңшу өлкөлөр менен дос эмес, же душман эмес, өзгөчө мамилелерди түздү. Чек ара же башка маселелер боюнча аймакта чыр-чатактар болуп келип, изоляциялык саясат жүргүздү десек да болот. Өзү менен*



Ислам Каримов жашыл базарда. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Ак-караны мезгил өзү таразалап, ажыратат. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*өзү болуп коңшулар менен алака түзгөн жок. Бул жагынан ал демилгени казак президенти Назарбаевге алдырып жиберди. Аны утулушу катары оор кабыл алып, жеке таарынычтан улам көп регионалдык процесстерге катышпай четте турду.*

Өзбек президенти канчалык диктатор болсо да, өлкө экономикасын оңдоп, 30 миллиондон ашык калкын солкулдатпай башкарган башчы деп баа бергендер да жок эмес. Алардын бири мурдагы өкмөт башчысы **Амангелди Муралиев**. Ал Каримов менен премьер-министр катары 1999-2000-жылдары иштешкен. Муралиев Каримовдун кыргыз президенттери менен болгон мамилеси эгемендиктин алгачкы беш жылдыгында эле жакшы болуп, калган учурда солгун болгонун белгилейт.

*- Акаевдин башкаруусунда алгачкы беш жылдыкта алака жакшы жүрүп, кийинки жылдары начарлап кетти. Кийинки эки президент да тил табыша алган жок. Анткени Каримов менен тил табышуу кыйын. Ал үчүн дипломатиялык жолдорун табыш керек эле. Негизинен ортодо көп маселелер болду: ГЭСтерди куруу, суу бөлүштүрүү жана чек ара. Булар саясий маселелер. Сүйлөшүү жолу менен чечсе болмок. Бирок биздин дипломатиябыз начар болуп калды.*

### Ырынан чыры көп кыргыз-өзбек мамилеси

Акыркы күндөрү талаштуу Үңкүр-Тоо маселеси боюнча кыргыз-өзбек чек арасындагы кырдаал кайрадан чыңалып турат.



Каримов жана бүгүнкү дүйнө. *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

Чек ара чатактары буга чейин да бир нече ирет кайталанып келген. Эгемендикти алгандан бери Ошто эки ирет улут аралык кагылыш болду. Мурдагы тышкы иштер министри **Аликбек Жекшенкулов** бул окуялар үчүн бир тараптуу Каримовду айыптоо туура эмес деп эсептейт:

– *Каримов бир гана Борбор Азияда эмес, КМШ өлкөлөрүндөгү таасирдүү президент. Аны өз улутунун кызыкчылыгын көздөгөн саясатчы катары баалайм. Каримовду тигил же бул маселелер үчүн бир тараптуу күнөөлөгөн туура эмес. Аны убакыт көргөзөт. Эл аралык мамиле эки тарапка тең көз каранды. Өзбекстан менен болгон алакада бизден кеткен учурлар да жок эмес.*

Кыргызстанда Ислам Каримовду бир гана Борбор Азияда эмес, АКШ, Кытай, Орусия сыяктуу ири державалар менен теңата саясат жүргүзгөн мамлекет башчысы катары сыпаттагандар да басымдуу.

Экс-депутат **Равшан Жээнбеков** эгер Каримовдун көзү өтүп, жаңы башчы келсе деле, Өзбекстандагы авторитардык режим

өзгөрбөй, демократия, сөз эркиндиги чектелген бойдон кала берет деп ойлойт:

*– Өзбекстан абдан жабык коом, жабык улут болуп саналат. Ошондуктан Каримовдон кийин башка лидер келсе, саясий система өзгөрөт деп айтуу кыйын. Анткени ал жерде жарандык коомдун мамлекеттик башкарууга кийлигишүүсү кыйын. Демократияга карай өзгөрүү болот деп айтуу мүмкүн эмес. Кайра эле Каримовдун айланасындагы же үй-бүлөсүнө жакын адам бийликке келет да, авторитардык режим улана берет деп ойлойм.*

Ал арада эл аралык маалымат каражаттары Каримовдун абалы начарлап кеткендигине байланыштуу Өзбекстандын эгемендигинин 25 жылдыгына арналган расмий иш-чаралар токтотулганын кабарлашты. Ислам Каримов учурда 78 жашта. Ал өлкөнү 25 жылдан ашык убакыт башкарып келет[16].

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

[16] Өзбекстанды 1989-жылдан бери башкарып келген Ислам Каримов оорудан улам каза болгону 2016-жылдын 2-сентябрь күнү кечинде расмий жарыяланган. 78 жаштагы Каримовдун сөөгү 3-сентябрда кичи мекени Самаркандда жерге берилген.

# ЫРДАЛБАЙ, СЫНДАЛГАН ЭГЕМЕНДИК

2016-жыл, 31-август.

**Эгемендиктин 25 жылдыгына арналган аскердик жүрүш президент Атамбаевдин Убактылуу өкмөткө айткан сыны менен коштолуп, экс-президент Роза Отунбаева салтанатты таштап кетүүгө аргасыз болду.**

Борбордук аянтта өткөн аскердик жүрүшкө 2 миңдей аскер адамы, 80ден ашык оор техника жана алты тик учак катышты. Акыркы жардыруулардан уламбы, айтор эгемендиктин 25 жылдыгына арналган салтанат 3 миңден ашуун тартип сакчысынын күчөтүлгөн тартиптеги кайтаруусу менен өттү. Мындан улам аянтка кире албай аскер жүрүшүн, президенттин куттуктоосун жанынан көрө албай калгандар да көп болду.

Өлкө башчысы **Алмазбек Атамбаев** алгач куттуктоосунун башында Кыргызстандын 25 жылда тапкан негизги байлыгы демократия, сөз эркиндиги, күчтүү жарандык коом экенин айтып жакшы эле баштаган:

– *Көз карандысыз маалымат каражаттары, абдан күчтүү жарандык коом түзүлдү. Алар бийликти туш тараптан көзөмөлдөп, коррупциялык былыктарды, чиновниктердин адепсиз жоруктарын ашкерелеп жатышат. Ошентип, бийликти бекем көзөмөлдөгөн жарандык коом бизде түзүлүп жатат. Бул биздин эң зор жетишкендигибиз.*



А. Атамбаев жана Р. Отунбаева. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Ала-Тоо аянтында парадга чыккан жоокерлер. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

Бирок ал андан аркы сөзүн убагында өзү катарында жүргөн Убактылуу өкмөттүн ишмердигин дээрлик жокко чыгаруу менен улады. Атамбаев ошол кездеги президент Роза Отунбаеванын шайлануусу, Баш мыйзамдын кабыл алынуусу мыйзамсыз болгонун айтып, Убактылуу өкмөттүн ар бир мүчөсүнө бул аракеттер үчүн мыйзам алдында жооп берчү күн келерин эскертип, сөөмөй кезеди. **Атамбаев** азыркы Конституцияны өзгөртүүгө каршы чыккандардын баарын эл душманы катары сыпаттады:

*– Кыңыр иштериңер эртели-кеч ачыкка чыгат. Акаев, Бакиевдей болуп силер да качып кетпегиле. Кыргыздын байлыгын, жерин ким сатканы баардыгы ачыкка чыгат. Ачыла баштады, мародерлук да ачылат. Банк уячаларын тономой да ачылат. Кадыржан Батыровду ким түрткүлөп, ким качырганы да ачыкка чыгат. Кудай турат, баары ачылат.*

Ушул сөздөн кийин Атамбаевдин аркасында бийлик өкүлдөрү менен турган экс-президент Роза Отунбаева салтанатты таштап, басып кетүүгө аргасыз болду. Мындан мурдараак Отунбаева баш болгон мурдагы Убактылуу өкмөттүн мүчөлөрү Баш мыйзамды өзгөртүү боюнча референдумга каршылыгын билдирип чыгышкан.

Ал арада саясий талдоочулар өлкө башчысы эмоцияга алдырып, бир кездеги үзөңгүлөштөрү менен ачык тирешкенин айтышууда. Алардын бири **Эмил Жураев** мындай деди:

*– Буга чейин президентибиз эмоцияга алдырганын өзү деле айтып жүрчү.*

*Бирок бүгүнкү сөзүнөн кийин президентибиз тереңирээк ойлонушу керек. Мындай ачууга алдырган сөздөрдү ушундай майрамдык аземде айтуу өлкө башчысына жарашпайт. Анткени айткан сөзү өзү отурган бутакты кескенге барабар болуп жатат. Менимче, ал эмоциясы менен эч кимге жаккан да жок, эл алдында аброюн да түшүрүп алды. Мындай сөздөрдүн такыр кереги жок болчу.*

Кандай болгон күндө да, Кыргызстандын бийлиги жана эли өткөнүн унутпай, көз карандысыздыктын кадырына жетиши керек. Мындай пикирин юридика илимдеринин доктору **Бекбосун Бөрүбашев** ортого салды:

*– Эркиндикти кандай гана кыйынчылыктар менен алдык. Ошондуктан анын баркын эл билет. Бирок эл башкарган саясий элита билеби – ал башка маселе. Бизде улут менен мамлекетте эгемендик бар. Бирок элде эгемендик болбой калды. Анткени мамлекетте карапайым элдин каалоосуна, кызыкчылыгына жооп бербеген иштер дале болуп жатат.*

Кыргызстан 1991-жылдын 31-августунда көз карандысыздык декларациясын кабыл алган. Андан бери эки ирет элдик ыңкылап аркылуу президенттер алмашты. Негизги мыйзам саналган Конституция онго жакын ирет өзгөрдү. 2020-жылга чейин алмашпайт делген Баш мыйзамды өзгөртүү боюнча азыркы бийликтин демилгеси Убактылуу өкмөт мүчөлөрү, оппозиция, жарандык коом тарабынан катуу сынга кабылып, талаштардын аягына чекит коюлбай келет[17].

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

[17] Кыргызстанда саясий күчтөр ортосундагы карама-каршылыкка себеп болгон Конституцияга өзгөртүү киргизүү боюнча референдум 2016-жылдын 11-декабрында өткөрүлдү.

# ЖАРАНДЫК КООМ СӨЗ ЭРКИНДИГИН КОРГОП ЧЫКТЫ

2017-жыл, 18-март.

**Бишкекте саясий укуктарды жана сөз эркиндигин коргогон тынчтык жүрүш болду.**

Саясий укуктар жана сөз эркиндиги үчүн деп аталган тынчтык жүрүш керней-сурнай тартылып, майрамдык шаң менен башталды. Жүрүшкө жүзгө жакын адам катышты. Алар бийликти сөз эркиндигин чектебөөгө үндөгөн жазууларды, шарларды жана желектерди кармап басышты.

Дайыр Асанов атындагы Жеңиш паркынан башталган жүрүш Байтик баатыр көчөсү менен ылдый уланып, Уркуя Салиеванын эстелигинин алдында жыйынтыкталды. Иш-чарага парламент депутаттары, саясатчылар, укук коргоочулар, журналисттер жана жарандык активисттер катышты.

## Милиция депутатты баш кылып кармады

Жүрүштүн катышуучулары Бөкөнбаев көчөсүнөн чоң жолго чыгууга аракет кылганда милиция кызматкерлери айрым активисттерди кармап кетти. Жүрүштүн уюштуруучусу, коомдук ишмер **Эдил Байсалов** иш-чара үчүн мэриядан уруксат алынганын, милициянын кармаганы мыйзамсыз экенин айтууда:




Сөз эркиндигин жактаган жүрүш. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*– Бөкөнбаев көчөсүнөн бизге милиция тарабынан кол салуу болду. Бизди бастырышкан жок. Биз жолду эч кандай тосмок эмеспиз. Керек болсо бир тилке менен басып, мерчемделген жерге он мүнөттө жетмекпиз. Алар атайын чагым кылып жүрүштүн катышуучуларын кармап кетти. Мени да кармаганга аракет кылышты. Мунун баары мыйзамсыз.*

Ошентип, үч автобус толгон милиция кызматкерлери жүрүштүн алдыңкы сабында келаткан "Эркин эл" саясий партиясынын лидери Мавлян Аскарбековду, ушул эле партиянын мүчөсү Айбек Мырзаны, энергетика боюнча эксперт Расул Умбеталиевди, экономист Азамат Аттокуровду кармап, милиция бөлүмүнө алып барды.

Милиция парламент депутаты Каныбек Иманалиевди, ББС радиосунун кабарчысы Абдыбек Казиевди да кармап, кайра коё берди.

Тынчтык жүрүшүнө "Ата Мекен" фракциясынын депутаттары Аида Салянова, Алмамбет Шыкмаматов, Наталья Никитенко жана КСДП фракциясынан Жанар Акаев жалгыз катышты. Акаев

жүрүшкө депутат катары эмес, сөз эркиндигине кайдыгер карабаган жаран катары катышканын айтты:

*– Мен КСДП партиясынын атынан чыкканым жок, жөн гана жаран катары катышып жатам. Анткени биздин коомго күчтүү журналистика керек. Журналисттер жемкор аткаминерлерди ооздуктап турат. Соңку соттошуулар журналисттерди өзүн-өзү чектөөгө алып келет. Алар соттон коркуп, оор темаларды, курч иликтөөлөрдү жасай албай калат. Тескерисинче, курч журналистика, сапаттуу кабарчылар коомдун тазаланышына, коррупциянын азайышына салым кошот, керек болсо бул багытта бийликке жардам берет.*

Ошол эле учурда Бишкектин айрым тургундары бул акция тууралуу кабарсыз экенин айтып, жүрүшкө таң калуу менен сырттан байкоо салып турушту. Алардын бири **Алмаз Зулпукаров** сөз эркиндигин колдоорун, бирок жоопкерчиликти унутпоо керектигин айтууда:

*– Мен бул жүрүш жөнүндө уккан эмесмин. Көрүп алып таң калып жатам. Негизи сөз эркиндигин колдойм. Бирок баардык нерсенин чеги болуш керек. Сөз эркиндиги деп эле бийликтегилерди жамандаган болбойт. Чектен ашпаш керек.*

## Жүрүш саясатташып кеттиби?

Жүрүшкө саясатчылар көбүрөөк катышкандыктан сөз эркиндиги менен кошо саясий ураандар да жаңырды. “Журналисттер” коомдук бирикмесинин мурдагы төрагасы Марат Токоев жүрүштүн саясатташып кеткенин жактырбайт. Ал сөз эркиндигин бийлик менен медиа мунаса жолу менен коргоп калышы керек деген ойдо:

*– Көз карандысыз журналисттер уюмунун мүчөлөрү көп чыккан жок. Анткени бул жүрүш саясатташып кетти. Ошондуктан көп журналисттер чочулап жатат. Мен болсо сөз эркиндигин коргоп чыктым. Анткени сөз эркиндиги медиага эле эмес, бийликке да керек. Эгер кысым улана берсе арты жакшы болбойт. Анткени чектөөлөр улана берсе маалымат элге толук жетпей калат. Мындайдын эч кимге кереги жок.*



Милиционерлер жана жүрүшкө чыккандар кайым айтышып турган чак.
*“Азаттыктын” фотоархивинен.*

Бирок Бишкек милициясы Байтик баатыр көчөсү менен жүрүш жасоого Октябрь райондук соту тыюу салганын, бул чечим башка шаардыктарга тоскоолдук жаратпоо максатында алынганын айтууда. Алардын ишендиришинче, жүрүш катышуучулары чоң жолго чыкпай, тротуар менен кеткенде кармоолор болмок эмес. Кармалган активисттерди Свердлов райсоту “бейбаштык”, “милицияга баш ийбөө” беренелери боюнча айыптап, беш суткага камоо тууралуу чечим чыгарганы маалым болду.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# ТЕКЕБАЕВ МЕНЕН ЧОТОНОВГО СОТ ӨКҮМҮ ЧЫКТЫ

2017-жыл, 17-август.

**Сот өкүмүнө ылайык, Өмүрбек Текебаев менен Дүйшөнкул Чотоновго сегиз жылдык күчөтүлгөн тартиптеги жаза мөөнөтү чектелди.**

Биринчи Май райондук сотунда "Ата Мекен" партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев менен экс-министр Дүйшөнкул Чотоновго сот өкүмү угузулду. Судья Айбек Эрнис уулунун чечимине ылайык, Текебаев да, Чотонов да сегиз жылга эркинен ажыратылды. Алардын үй-мүлкүн мамлекетке чегерип, жаза мөөнөтүн өтөп бүткөндөн кийин үч жыл мамлекеттик кызматка иштебесин деген **прокуратуранын өтүнүчү канааттандырылды**:

*– Текебаев Өмүрбек Чиркешович Кылмыш-жаза кодексинин 303-беренесинин 1-бөлүгүндө көрсөтүлгөн кылмышты жасоодо күнөөлүү деп табылып, мүлкүн конфискациялоо менен үч жылга мамлекеттик кызматты ээлөө укугунан ажыратуу менен сегиз жылга эркинен ажыратылсын. Жаза мөөнөтү күчөтүлгөн тартиптеги түзөтүү абагында белгиленсин. Жаза мөөнөтү 2017-жылдын 26-февралынан баштап эсептелсин.*

Сот ушундай эле өкүмдү Дүйшөнкул Чотоновго да чыгарды. Өкүмгө ылайык, Текебаев менен Чотоновдун жаза мөөнөтү

мунапыс боюнча үчтөн бирге кыскарат. Тергөө абагында алдын ала өтөгөн жаза мөөнөтү эки күндөн эсептелет. Ошентип, алардын кыскарган жаза мөөнөтү 4,5 жылды түзөт.

**Өмүрбек Текебаев** сот чечими мыйзамсыз экенин айтып, Айбек Эрнис уулу бийликтин буйругун аткарды деп билдирди:

*– Көрдүңөр, алсыз негизделген, эч кандай далили жок чечим. Жөн эле жазып койгон. Бул Атамбаевдин бийлигине берилген баа. Бул Атамбаевдин сот реформасынын жүзү. Туугандар, баардыгы жакшы болот.*

Мамлекеттик айыптоочулар буга чейин соттон Текебаевди 10, Чотоновду 8 жылга эркинен ажыратууну суранган болчу. Текебаевдин жактоочуларынын бири **Канат Хасанов** сот чечими далилсиз экенин айтып, жогорку инстанцияга даттанарын билдирди:

*– Сот бир эле Маевский менен Модиндин көрсөтмөсү боюнча өкүм чыгарып салды. Сот өзүнүн өкүмүн прокурорлордун айыптоо корутундусун эле туура деп окуп койду. Болбосо биз айыптоо келтирген баардык дооматтарды толугу менен жокко чыгарганбыз. Бул күлкүлүү. Биз мыйзамда каралган тартипте шаардык сотко даттанабыз.*

Анткен менен сот өкүмү акыйкат чыкты дегендер да жок эмес. Жогорку Кеңештеги КСДП фракциясынын депутаты **Анвар Артыков** айыпталуучулардын күнөөсү далилденбесе, сот 8 жылга кесмек эмес деген пикирде:

*– Саясатчылар бир нерсе болсо эле саясий куугунтук деп көнүп калышкан. Алардын күнөөсү далилденбесе, сот сегиз жылга эркинен ажыратпайт эле. Демек, алардын кылмышы ырасталган. Ошондуктан саясий куугунтук болуп жатат дегендерге кошулбайм.*

### Текебаев сотту адилет болууга чакырды

Өкүм чыкканга чейин Өмүрбек Текебаев акыркы сөзүндө 2010-жылдын апрелиндеги бийлик алмашуудан кийинки саясаттагы окуяларды эскерди. Ал парламенттик шайлоодон соң ошол кездеги экс-президент Роза Отунбаева парламентте көпчүлүк коалиция түзүү мандатын өзүнө тапшырганын, бийликтин баарын




Ө. Текебаев менен Д. Чотоновго боштондук талап кылган пикеттен.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

бөлүштүрүү милдетин да өзүнө жүктөгөнүн, бирок андан баш тартканын, эгер мыйзам бузайын деген ниети болсо, ошондо эле тиешелүү кызматтарга өз кишилерин коюп алмактыгын айткан.

Коалиция түзүүнү Өмүрбек Бабановго берүүнү Отунбаевага сунуштаганына токтолуп, Өмүрбек Текебаев укук коргоо органдары таккан айыптар далилденбегенин айтты:

*– Мына бизде тарыхый үлгү боло турган инсандар башка тармактарда бар. Соттун арасында акыркы 50 жылда же 20 жылда ушундай бирөө чыкты беле? Сот системасындагы калыптанып калган жаман адаттарга, салттарга, тартиптерге каршы болуп, "туугандар мындай болбойт, эл бизге ишенбей жатат, мыйзам, адилеттүүлүк бузулуп жатат, андай эмес мындай кылалы" деп чыгып, бийликке каяша айтып, жаман адатка каршы күрөшкөн бир судья болду беле? Мен 25 жылдан бери эл аралап жүрөм, андай судьяны укпаптырмын. Ошон үчүн сот системасы чирип, реформа жүрбөй жатат. Так ушундай адамдар, урматтуу Айбек мырза, сот системасынын ичинен чыгышы керек.*



Сот адилет чечеби? *“Азаттыктын” фотоархивинен.*

*Мына, сиздин кесиптештериңиз, бул жерде отурган адвокаттар бир ай мурун айтты эле. Айбек мырза жакшы судья элеңиз дешип, эсил кайран деп коштошкондой, жаназа окугандай айтты. Ошондо эле айткам, сот системасындагы реформаны силер жасайсыңар, эгер кысымга, мыйзамсыздыкка, адилетсиздикке жок деп айта алсаңар, ошондо жол көрсөткөн маяк болосуңар. Ошондо судьялардын жаңы мууну силердин артыңардан ээрчийт. 600 соттун ичинен жок дегенде он судья чыгыш керек да. Тарых сизге ошондой прецедент түзгөнгө мүмкүнчүлүк берип отурат. Сиздин кандай судья экениңизди ушул кезге чейин билген жокмун. Мен эле эмес, аялыңыз, балдарыңыз да билбейт болуш керек. Ушул жараяндан кийин аялыңыз, балдарыңыз, бүтүндөй Кыргызстан билет. Кандай пикирде калат, кандай баа берет – ал өзүңүзгө көз каранды. Мен аягында айтам. Бул иш бурмаланган. Жалган жалаа. Дүйшөн экөөбүз адвокаттардын жардамы менен прокуратура, УКМКнын жалааларынын баарын жокко чыгардык. Конституция боюнча биз өзүбүздүн ак экенибизди далилдебешибиз керек, аны сиз далилдешиңиз керек. Бирок ошого карабай аны биз далилдедик.*

Түшкө чейин Чотоновго акыркы сөз берилген. Ал кыска сүйлөп, сотко кайрылып бул чечим менен тарыхта каларын айтты жана акыйкат чечим чыгарууга чакырды. Айыпталуучулардын жактоочулары да жарыш сөздөрүн бүгүн аяктап, сотто эки саясатчыны актоону сураган болчу.

26-февралдан бери УКМКнын тергөө абагында камалып жаткан "Ата Мекен" партиясынын лидери Өмүрбек Текебаев менен экс-министр Дүйшөнкул Чотонов "Мегаком" компаниясына байланыштуу орус жараны Леонид Маевскийден 1 миллион доллар пара алган деп айыпталып жатат. Бул акча Чотоновдун айылдаш таанышы, кийин көзү өтүп кеткен Талант Маматкеримов аркылуу алынганы тергөөдө айтылган. Соттолуучулар бул кылмыш ишти саясий куугунтук деп атап келет.

## Текебаевдин шайлоого катышуу аракети

Өмүрбек Текебаев 15-октябрда өтө турган президенттик шайлоого УКМКнын тергөө абагында жатып талапкерлигин койгон. Бирок Боршайком 10-августтагы отурумунда Текебаевди тил сынагына киргизбөө чечимин кабыл алган.

Боршайкомдун 12 мүчөсүнүн үчөө (Атыр Абдрахматова, Гүлнара Журабаева жана Назарали Арипов) "Ата Мекен" партиясынын абакта убактылуу кармалып жаткан лидери, депутат Өмүрбек Текебаевдин президенттикке талапкер катары мамлекеттик тил сынагына катышуусуна шарт түзүп берүүнү колдошсо, тогузу ага каршы чыккан. Кыргыз мыйзамдарына ылайык, адамга сот өкүмү чыгып, ал күчүнө кирмейинче күнөөлүү деп эсептелбейт жана, тергөө абагында жатса да, президенттикке талапкер болуу укугу сакталат.

Быйыл 15-октябрда Кыргызстанда жаңы Баш мыйзам референдум аркылуу кабыл алынгандан кийинки алгачкы президенттик шайлоо өтөт. Шайлоо мыйзамдарына ылайык, президенттик шайлоого талапкер болуп катталам дегендер 30 миң кол топтоп, мамлекеттик тил сынагынан өткөнүн ырастаган сертификатын

тапшырып, күрөөгө 1 миллион сом коюшу керек. Бул талаптардын бирин эле аткарбагандар талапкер болуп каттала албайт.

"Ата Мекен" партиясынын лидери Өмүрбек Текебаевдин ишенимдүү өкүлдөрү 7-августта 50 миң жарандын кол тамгасын чогултуп, БШКга тапшырышты. Анын президенттикке талапкер болуп катталуу үчүн кыргыз тил боюнча тест тапшыруусуна уруксат берүүнү талап кылып, Бишкекте беш жана Базар-Коргондо беш адам бир жумага жакын саясий ачкачылык да кармашты[18].

**Авторлор: Уланбек Эгизбаев жана Эрнист Нурматов**

[18] 2017-жылдын 21-ноябрында Жогорку сот да Текебаев менен Чотоновго чыккан өкүмдү күчүндө калтырган. 2018-жылдын сентябрь айындагы маалыматка караганда, Өмүрбек Текебаев Бишкектеги ▯47 абакта, ал эми Дүйшөнкул Чотонов Молдовановкадагы абакта жаза мөөнөтүн өтөп жатат. Алар баардык айыптарды четке кагып, муну саясий куугунтук катары баалап келишет.

# СОТ РЕФОРМАСЫ БИЙЛИКТИН ЭРКИН СЫНАЙТ

2018-жыл, 17-май.

**"Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясында Президент Сооронбай Жээнбеков башында турган соттук реформа боюнча кеңештин жыйыны өттү.**

Жыйынга өлкө башчысы Сооронбай Жээнбеков сот адилеттигин орнотууда негизги деп эсептеген сегиз маселеге токтолду.

Ал 2012-жылдан бери сот реформасынын алкагында 17 кодекс жана бир катар мыйзамдар өзгөргөнүн, бирок аларды ишке киргизүүдө өкмөт чабал иштеп жатканын сынга алды.

Жээнбеков жарандардын кайрылууларынын 70 пайызы сотторго наразы экенин баса белгилеп, андыктан реформаларды тездетүүнү тапшырды.

Жыйында айтылган "супсак" баяндамалардын кереги жоктугун белгилеп, Жогорку Соттун алдындагы сот реформасы боюнча жумушчу топтун баяндамачысы Гүлжан Эсеналиевага "сөздөн ишке өткүлө" деп эскертүү берди. Президент сот реформасын аткарууга саясий эрки жетерин, каражат да табыларын белгиледи.

Жээнбеков андан ары судьялыкка кадрларды тандоо, пробация (абактан сырткары жаза) институту, тергөөчү судьялар, кылмыш иштеринин мөөнөтү, сот чечимдерин санариптештирүү жана сот отурумдарын видео-аудио каттоого алуу сыяктуу жаңы өзгөрүүлөр 2019-жылдын 1-январынан тарта ишке кирерин айтты.




Кыргыз Республикасынын президенти Сооронбай Жээнбеков жана Жогорку соттун төрайымы Айнаш Токбаева. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

**Өлкө башчысы** соттордон мурда жарандарга шарт түзүү, райондор аралык соттордун функцияларын жергиликтүү сотторго өткөрүп берүү маселесин көтөрдү:

*– Райондор аралык сот Жумгалдан 240 чакырым алыста. Чоң Алайдан Ош облусуна 300 чакырым жол жатат. Тогуз-Торону, Чаткалды алгыла. Биз сотторго эмес, элге ыңгайлуу шарт түзүшүбүз керек. Ошондуктан райондор аралык соттордун функциясын райондук сотторго өткөрүп берүүнү сунуштайм. Бул оңой менен ишке ашпайт, бирок аны тездетүү керек. Алыс жерден келгенде он күндө чечилсе бир жөн. Болбосо жылдап созулуп жатат. Ошондуктан элге шарт түзүү зарыл.*

Анткен менен Конституциялык соттун мурдагы судьясы **Клара Сооронкулова** президент Жээнбеков мурдатан айтылып келген сөздөрдү эле кайталап, жаңы эч нерсе сунуш кылган жок деп сындады. Ал соттордун бийликке көз карандылыгы боюнча сөз болбогонун, бул реформаны ишке ашырууда маанилүү фактор экенин эске салды:

*– Жаңы эч нерсе айтылган жок. Мен жаңы нерселерди күткөм. Кандайдыр бир өзүнүн көз карашын, буга чейин кылынбай келген деп кемчиликтерди айтабы дегем. Бирок андай нерсе айтылбады. Соттордун көз карандылыгы боюнча айтып эле келатабыз. Сотторго баардык укуктук-институционалдык шарттар түзүлгөн. Бирок көз карандысыз болбой жатат. Негизги маселе – сотторду тандоо жана алардын жоопкерчилиги. Соттордун жоопкерчилигин күчөтүү боюнча президент эмнегедир үн каткан жок.*

Сооронкулова мындан сырткары жаңы кодекстер 2019-жылдан баштап ишке киреерин, бирок ага даярдык өтө начар экенин кошумчалады.

Ал эми Сот тандоо кеңешинин төрагасы **Шамарал Майчиев** соттук реформаларды ишке ашыруунун мөөнөтү так жазылганына ишендирүүдө:

*– Баары эле реалдуу. Программада баардык мөөнөттөр так жазылган. Эң негизгиси судьяларга, адамдарга көз каранды. Анан каражат керек. Калганын жоопкерчиликти алып ишке ашырса болот.*

Кыргызстанда 2010-жылкы апрель ыңкылабынан бери сот тармагын реформалоо демилгеси айтылып келет. Экс-президент Алмазбек Атамбаев коомчулуктун сынына, нааразылыгына карабай сот реформасы ишке ашканын айтып келген, бирок Жээнбеков кызматка барганы бул тармакта көп иштер жасала электигин билдирген.

Сот реформасын толук ишке ашырууга 2022-жылга чейин 17 миллиард сом керектелет. Бул каражат бюджеттен жана эл аралык донорлордон алынат.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# ПАРЛАМЕНТ КОЛ ТИЙБЕСТИККЕ КАРШЫ ЧЫКТЫ

2018-жыл, 18-май.

**Жогорку Кеңеш "Президенттин ишмердигинин кепилдиги жөнүндө" мыйзамга өзгөртүү киргизүү демилгесин көпчүлүк добуш менен колдоду. Кол тийбестиктен ажыратуунун мыйзамдык жол-жобосу кандай?**

Жогорку Кеңеш 17-майда Бишкек ЖЭБин жаңылоодогу коррупциялык схемаларга тиешеси бар аткаминерлерге укуктук баа берүү боюнча токтом кабыл алып жатып, экс-президентти кол тийбестиктен ажыратуу демилгесин да колдоду.

"Өнүгүү-Прогресс" фракциясынын депутаты Исхак Масалиевдин мындай сунушун жыйынга катышкан 112 депутаттын 87си колдоп, 14ү каршы добуш берди. Мыйзамдык демилге кол тийбестиктен ажыратуунун жол-жоболорун иштеп чыгыш үчүн токтом түрүндө парламенттин тиешелүү комитеттерине тапшырылды. Азырынча демилге качан ишке ашары белгисиз. **Исхак Масалиев** өз сунушун мындайча чечмеледи:

*– Экс-президент деген кишиден абсолюттук кол тийбестикти алып салуу эмес, жоопко тартуу маселеси турат. Экс-президенттер мыйзам боюнча эч кандай жоопкерчиликке тартылбайт экен. Кылмыш кылса деле, киши өлтүрсө деле, уурдалса деле жоопко тартылбайт экен.*



Жогорку Кеңеш депутаттары сессиялык жыйында. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*Эгер таза иштесе анда эч нерсе болбойт. Ал эми уурулук кылса, башка оор кылмыш кылса, кантип жоопко тартылбайт? Бүгүнкү күндө ошол принцип бузулуп жатат. Бул эски мыйзам, өз мезгилинде "Аскар Акаев бийликке тырмышып кармалбасын" деп көптөгөн укуктар берилип калган.*

Кеп "Президенттин ишмердигинин кепилдиги жөнүндө" мыйзамдагы "экс-президенттин кол тийбестиги" тууралуу берене жөнүндө болуп жатат. Аталган мыйзамдын 12-беренесинде "экс-президенттер кылмыш жообуна тартылбайт, кармалбайт, камакка, тинтүүгө жана суракка алынбайт" деп жазылган.

Экс-президенттерди кол тийбестиктен ажыратуу демилгесине каршы добуш бергендердин бири – КСДП фракциясынын депутаты, экс-спикер **Чыныбай Турсунбеков**. Ал бул сунуштун "саясий боёгу" болгондуктан каршы добуш бергенин, саясий оюндарга азгырылып мыйзамга каршы иш кылуу туура эмес болорун айтууда:



Ак үйдүн ичи да акпы?
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*



Жыйын залында.
*"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*– Эгерде биз экс-президенттин кол тийбестиги тууралуу мыйзамга өзгөртүү киргизсек, анда ал мыйзам мындан кийинки президенттерге иштейт. Буга чейинки экс-президенттерге тиешеси болбойт. Анткени мыйзам артка иштебейт. Ошондуктан бул саясий оюндун кандайдыр бир көрүнүшү. Баарыбыз түшүнүп турабыз, бул Атамбаевге каршы жасалган аракет. Болбосо мыйзамды сыйлагандар, мыйзамдын кандай иштешин билгендер үчүн бул туура эмес.*

Турсунбеков айтмакчы, укуктук ченемдер боюнча мыйзам артка иштебейт. Демилге ЖЭБ чуусунан улам көтөрүлүп жаткандыктан "Экс-президент Атамбаевге кандай таасири болот?" деген суроо туулбай койбойт. Мурдагы юстиция министри, "Ата Мекен" фракциясынын лидери **Алмамбет Шыкмаматов** мыйзамдын өзүнө артка иштөө ченемин киргизсе болот деген ойдо:

*– Демилге башка мыйзамдарга өзгөртүү киргизгендей эле тартипте көтөрүлөт. Бирок "мыйзам артка иштебейт" деген нормага байланыштуу мыйзамга "ушул мыйзам артка иштейт" деп жазып койсок болот. Эгер мындай норма мыйзамдын өзүнө жазылса артка иштей берет.*

Жогорку соттун мурдагы төрагасы **Курманбек Осмонов** экс-президенттин макамы конституциялык мыйзам менен бекигендиктен, аны өзгөртүүгө да конституциялык мыйзам кабыл алуу керек экенин айтат. Бул болсо мыйзам парламенттин үчтөн экиси же кеминде 80 депутатынын демилгеси менен кабыл алынышы керек дегенди билдирет.

**Мыйзам алдында баары бирдей, бирок...**

Атамбаев президент болуп турганда анын ишмердигин кескин сынга алып келген коомдук ишмер **Эдил Байсалов** да кол тийбестиктен оңой-олтоң эле ажыратууга каршы. Ал бул үчүн 80 депутаттан тышкары Башкы прокуратуранын да макулдугу керек деп эсептейт:

*– Экс-президенттерди оңой эле соттоого мен каршымын. Анткени президенттин милдети, кызматы, жоопкерчилиги өтө оор. Президент кызматта турганда өтө көп душман күтөт. Эртең-бүрсүгүнү эле экс-президентти жоопко тарта турган болсок, мамлекеттүүлүккө да шек келет. Экс-президенттин кол тийбестигин алуу импичмент жарыялоо сыяктуу оор жараян болушу керек.*

“Президенттин ишмердигинин кепилдиги жөнүндө” мыйзамга ылайык, экс-президент макамын алгандарга өмүр бою кол тийбестик, мамлекеттик күзөт, турак-жай, пенсия сыяктуу бир катар артыкчылыктар берилет. Өлкөнүн алгачкы эки президенти Аскар Акаев менен Курманбек Бакиев бийликтен эл тарабынан кулатылгандыктан мындай макам алган эмес. “Экс-президент” статусу Роза Отунбаева менен Алмазбек Атамбаевде гана бар[19].

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

[19] Алмазбек Атамбаев 2011-жылдын 1-декабрынан 2017-жылдын 24-ноябрына чейин Кыргызстандын президенти болгон.

# ЖЭЭНБЕКОВДУН КАЙРЫЛУУСУ ТҮРДҮҮЧӨ БААЛАНДЫ

2018-жыл, 27-июнь.

**27-июнда президент Сооронбай Жээнбеков Жогорку Кеңеште кайрылуу жасап, ал 35 мүнөткө созулду. Кайрылууда өлкөнү өнүктүрүүнүн негизги багыттарын белгиледи жана буга чейинки кеткен кемчиликтерди атады. Мамлекет башчы Жогорку Кеңештеги кайрылуусунда коррупцияга каршы күрөштү, сот реформасын, адам укуктарын коргоону өлкөнүн артыкчылыктуу багыты катары белгиледи[20].**

## "Биздин бала" деген болбойт...

**Сооронбай Жээнбеков** Кыргызстанда коррупциянын айынан көп инвесторлор башка өлкөлөргө бурулуп кеткенин айтты. Бирок жемкорлукка каршы күрөшкө жамынып алып саясий атаандаштардан өч алууга жол берилбей турганын билдирди:

*- Баарына тегиз, адилет мамиле болмоюнча, антикоррупциялык күрөш ийгиликке жетпейт. Азыр кайсы коррупционерди кармаба, анын артынан депутаттын же кайсы бир саясий топтун "ушул адамды бо-*

[20] Кыргызстанда жемкорлукка байланыштуу мурдагы өкмөт башчылар жана бир канча аткаминер камакка алынды.



Президент С. Жээнбеков Жогорку Кеңеште сүйлөп жатат. *"Азаттыктын" фотоархивинен.*

*шотуп коюңуз" деген суранычы түшүп жатат. Бул күрөш коомдун, жарандардын колдоосуна, жигердүү позициясына муктаж. "Ууру болсо да биздин бала эле" деген ой менен бир айылдын баары кол топтоп, бошотуп коюу жөнүндө суранычын жиберип жатышат. Коррупционерлердин баарына бирдей мамиле кылбасак, күрөш жыйынтык бербейт.*

Сооронбай Жээнбеков мамлекеттик башкарууда, сот-прокуратура органдарында, экономика тармагында жасалчу реформалар кечеңдеп жатканын моюнга алып, аларды эл күткөндөй деңгээлде тез арада чечүү зарыл экенин белгиледи.

Мамлекет башчынын парламенттеги сөзү коомчулукта ар кандай бааланып жатат. Жогорку Кеңештин мурдагы төрагасы **Чыныбай Турсунбеков** Президенттин мурдагылардан айырмаланып, парламентке келиши эле чоң жаңылык деген пикирде:

*– Эң чоң, маанилүү, жаңы жагдай эл алдына чыгып кайрылганы болду. Кайрылуунун өзү жаңы нерсе. Анткени коом да, эл да президенттин позициясын ачык, так билгени жакшы. Коом бийлик башындагылардын позициясын канчалык билсе, ошончолук ишенет. Кайсы бир маселе боюнча "президент мындай пикирде экен" деп элде да ишеним күчөйт.*

### Сөз көп, иш качан?

Ошол эле учурда "Жээнбеков ант берүү аземинде, Коопсуздук кеңешинде айткан сөздөрүн кайталады, жаңы эч нерсе уккан жокпуз" дегендер да бар. Саясат талдоочу **Сейтек Качкынбай** Жээнбековдун кызматка киришкенине жети ай болсо да, планын сөз жүзүндө кайталаганын сынга алды. Ал куру сөздөн конкреттүү ишке өтүүгө убакыт келгенин айтууда:

*– Мурда эле айтылып жүргөн идеялар кайра кайталанды. Ошол эле улут маселеси, таза коом, санариптештирүү, коррупцияга каршы күрөш буга чейин деле айтылган. Биз системалуу кадамдарды күтүп жатканбыз. Биринчи кезекте сот реформасы кандайча жүрөт, коррупцияга каршы кандай системалуу иштер жүрөт – так айтылган жок. Баары эле "керек, зарыл, абзел" деген жалпы формада айтылды. "Качан, кантип жасалат?" деген суроолор жоопсуз калды. Эң башкысы – президент сөздөн ишке качан өтөрү белгисиз.*

Дагы бир саясат талдоочу **Эмилбек Жороев** коомчулук президенттен курч билдирүүнү күткөнүн айтып, иш жүзүндө президенттин командасы элдин үмүтүн актабады деп эсептейт. Анын пикиринде, Жээнбековдун кайрылуусу депутаттар аркылуу президенттин соңку саясий абал боюнча позициясын элге жеткирүүгө багытталган:

*– Президенттин максаты каникулга кетер алдында саясий маанилүү маселелер боюнча пикирин депутаттарга жеткирүү болду. Депутаттар анын позициясын каникулда элге жеткирет. Анткени соңку соттук*

*чуулгандуу иштер боюнча, камалгандарга байланыштуу коомчулукта суроолор көп. Эл ичинде "саясий куугунтук болуп жатат, коррупцияга каршы күрөш саясатташып кетти" деген сөздөр көп айтылууда.*

Президент Жээнбеков 24-ноябрда ант берип, кызматына киришкен. Ал экс-президент Алмазбек Атамбаевдин колдоосу менен бийликке келгени үчүн анын жолун улантуугa убада берген.

**Автор: Уланбек Эгизбаев**

# VI БӨЛҮМ

# УЛУТТУК БААТЫРДЫ ЭСКЕРҮҮ

# УЛАНБЕК ЭГИЗБАЕВ ДЕМОКРАТИЯ ЖАНА СӨЗ ЭРКИНДИГИ ҮЧҮН КҮРӨШТҮ

Жамы журтка таанылган чыгаан журналист Уланбек Эгизбаев 22-июлда Чолпон-Ата шаарында мезгилсиз дүйнөдөн кайтты. Ал болгону 28 гана жашта эле.

Уланбек Эгизбаев коомдогу курч маселелерди тайманбастан козгогон, Кыргызстандын коомчулугунун сүймөнчүгүнө айланган таланттуу иликтөөчү журналист болчу. Ал акыркы жылдары "Азаттык" радиосунун "Ыңгайсыз суроолор" сыналгы программасы үчүн коомдо зор талкуу жараткан бир катар орчундуу иликтөөлөрдү даярдап, обого алып чыкты.

Уланбек Эгизбаев 1990-жылы 12-февралда Кыргызстандын Нарын облусуна караштуу Кочкор районундагы Көк-Жар кыштагында туулган.

Ал 2013-жылы эл аралык Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин коммуникация факультетинде журналистика адистиги боюнча бакалавриатты, ал эми 2015-жылы Кусейин Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде саясат таануу багыты боюнча магистратураны аяктаган. Ал студент кезинде Түркиядагы журналистика жаатындагы бир катар сынактардын жеңүүчүсү болгон.

Уланбек Эгизбаев эмгек жолун 2012-жылы "Жаңы Агым" эркин гезитинде кабарчы болуп иштөөдөн баштаган.



Журналисттик таланты, мээнеткечтиги, ыкчамдыгы, көп тилдерди билгендиги эске алынып, 2013-жылы Уланбек "Азаттык" үналгысынын жергиликтүү бюросуна — "Азаттык Медиа" мекемесине жооптуу сыналгы журналисти кызматына кабыл алынган. Ошондон тартып өмүрүнүн соңуна чейин ал "Азаттык" үналгысында үзүрлүү иштеп келди.

Ал 2016-жылы Кыргызстандын эгемендигинин 25 жылдык маарекесине карата Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасын алган.

2016-жылы Уланбек Эгизбаевдин кочкорлук майып окуучу Нургазы тууралуу тарткан "Кыял" даректүү тасмасы дүйнөлүк Webby Awards же (Интернет-Оскар) сыйлыгын жеңип, Нургазы экөө Нью-Йоркко барып келишкен.

Ал эми журналисттин 25 жылдан бери Түп районундагы Долон кыштагынан Жылдыз айылына чейин атчан барып-келип иштеген карапайым мугалим Кеңешбек Шооруков тууралуу "Жол"

даректүү тасмасы эл аралык Нью-Йорк фестивалынын мыкты телеберүүлөр сынагынын күмүш медалына татыган. Тасманын каарманы Кеңешбек Шооруковго бул тасмадан кийин "Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген мугалими" наамы ыйгарылган. Уланбек Эгизбаев негизги журналисттик кесибинен тышкары, коомдогу актуалдуу маселелерге карата жарандык турумун Интернеттин коомдук тармактары аркылуу ар дайым ачык билдирип келгени менен айырмаланчу. Ал адилетсиздикке, мыйзамсыздыкка кайдыгер карап тура алчу эмес.

Анын соңку эле учурлардагы "Саясатташкан мумия", "Бажыдагы уурулук" жана "Көрүстөндөгү коррупция" сыяктуу сыналгы берүүлөрдө козгогон жемкорлукка каршы курч жана так далилдерге таянган материалдары Кыргызстандагы учурда жүрүп жаткан коррупцияга каршы күрөшкө "Азаттык Медиа" мекемеси кошкон ири салым гана болуп калбастан, өлкөдөгү тайманбас журналисттик иликтөөнүн өрнөгү да болуп калды.

Айрым учурларда ага телефондон коркутуп-үркүтүү болгону да, түшүнүксүз каттар келгени да маалым болгон.

Ал талбас эмгекчилдиги, курчтугу жана калыстыгы менен башкалардан айырмаланган өзгөчө жигит болчу. Уланбек Эгизбаев өз материалдарында көтөргөн көйгөйлөрдүн бир даары оң чечилип, ал эми анын даректүү тасмаларынын каармандарынын тагдырлары дурус нукка өзгөргөн учурлар арбын.

Уланбек Эгизбаев Кыргызстандын демократиялуу жана сөз эркиндиги толук камсыз болгон жаркын жана бакыбат келечекке карай адымдоосу үчүн жан-дили менен күрөшкөн өз Ата Журтунун чыныгы атуулу эле.

Кыргыздын чыгаан уулунан мезгилсиз айрылганыбызга кабыргабыз кайышып турат. Уланбек Эгизбаевдин ата-энесине, жубайына жана жакындарына терең кайгыруу менен көңүл айтабыз.

Анын элеси баарыбыздын эсибизде түбөлүк сакталат. Анын аткарып келген ишин мындан ары ырааттуу улантуу парызын Кыргызстандагы журналист кесиптештери татыктуу аткарат деп ишенебиз.

Топурагың торко, жаткан жериң жайлуу болсун, Болот Канат Жаш Туйгун! Биз сени эч качан унутпайбыз!

**Отунбаева Роза, Бакир уулу Мирлан, Өмүркулов Иса, Турсунбеков Чыныбай, Нурбаев Абдувахаб, Акаев Жанарбек, Бекешов Дастан, Касымалиева Аида, Каптагаев Эмилбек, Байболов Кубатбек, Жээнбеков Равшан, Жакупова Чолпон, Исмаилова Төлөйкан, Абдирасулова Азиза, Асия Сасыкбаева, Акун Турсунбек, Чубак ажы Жалилов, Үмөталиева Токтайым, Үмөталиев Эмил, Байсалов Эдил, Турдубекова Назгүл, Ошурахунова Динара, Рысбаев Бакыт, Токтонасыров Өндүрүш, Усенова Бегаим, Тынаев Азамат, Нарын Айып, Стамалиева Толгонай, Эсенгулов Чыңгыз, Мусаев Айбек, Усен уулу Жайнак, Карыпбеков Илим, Кыясов Эрнис, Жуматаева Венера, Касмалиева Айзада, Чоротегин Тынчтыкбек, Молдокасымов Кыяс, Жумагулов Султанбек, Каназаров Султанбек, Сарыгулова Бурулкан, Дүйшеев Шайлообек, Ибраимов Осмонакун, Досалиева Бүбүкан, Шамшиев Бекташ, Орунбеков Бакыт, Чекиров Кубат ж. б.**

2018-жыл, 24-июль.

# УЛАНБЕК – БИЗДИН ДАНКО

**Роза Отунбаева, Кыргызстандын экс-президенти**
2018-жыл, 26-июль.

Уланбектин сөөгү керилген кең Кочкордун Көк-Жар айылынын жанындагы мүрзөгө коюлду. Кыргыздын катардагы бир айылы, болгону ал жерде үч миңден ашуун киши жашайт. Уланбектин үйүнүн жанында эки кабат мектеби бар, ошонун жаңы имараты бүткөндөн кийин ал жерде төрт жыл окуган.

Уланбек 1990-жылы төрөлгөн, бу кезде калдайган коммунисттик империя урап, биздин республика жаңыдан каз-каз тура баштаган. Ал өзү эгемен өлкөбүз менен курбалдаш, Кыргызстандын өз алдынчалыгына канча жыл болсо, Уланбек ошончо жашта эле. Жаңы өлкөнүн кан-теринен жаралган муун өкүлү, XXI кылымдагы өлкөнүн тагдырын толугу менен колуна ала турган жаңы муундун өкүлү, анын ишеним арткан жүзү болчу. Уланбек менен кошо келаткан жаңы муундагы жаштар иш десе ишти билген, алдына чоң максаттарды койгон, техникага жакын, мекенчилдикти баарынан бийик баалаган азаматтар. Алар Кыргызстанды өзгөрткүсү келет, эркин, өнүккөн, өзү жана балдары, эли-журту менен жакшынакай жашоо шарты түзүлгөн өлкөдө жашагысы келет.

Мына ушул арыкчырай, тыкан, жаны тынбаган жаш улан студент кезиндеги, дипломдук ишин жасап жүргөндөгү кесиптик камылгасы мени таң калтырган. Мурда тартылган тасмасынын кыйласы жараксыз болуп калган экен, операторун ээрчитип менин кабинетиме дагы келишиптир. Куду CNN же "Аль-Жазиранын" чыгармачыл тобундай жарыгы менен камерасын ыкчам орнотуп, суроолорду берип, аны илгиртпей жазып алып, тынчымды алганы үчүн кечирим сурап, анан бир паста көтөрүп келген техникасын жыйыштырып офистен чыгып кетишти.

Жайлоо темасы анын жүрөгүнө жакын эле. Ал анын делебесин козгоп ийчү, себеби тоодо туулуп-өскөн бала. Быйыл июлда Ак-Сай менен Арпа жайлоолорундагы ал тартып келген видеону караңыздар. Биздин жайлоодогу бала бакчаларды, чабандар менен балдардын турмушун тартып келгени барган экен. Ал күлүк аттын оозун жыйбай, шамал менен жарышып баратат, тоолук жигитти ат үстүндө көрүп ал!

28 жаштагы ушул жигит бүтүн өлкөнү селт эттирди. 28 жашыңызда сиз эмнеге жетип, эмнелерди жасаганыңызды эстей аласызбы? Ал жанында ийиндешип келаткан кесиптештери менен кошо жемкорлукка, уурулукка, калпка каршы турган, адилеттик үчүн аянбай күрөшкөн, көжөлүп каршы турган, дили таза жаңы кыргыз журналистикасына жол салышты.

Иш дегенде ал өзүн аячу эмес, тыным албай иштечү, жетишип калсам деп шашып турчу, мамлекеттик масштабдагы канча курч маселелерди көтөрдү, ар дайым саясий окуялардын чордонунда жүрдү. Ысык-Көлдөгү акыркы сааттарынын биринде анын баамына момундай бир факт урунуптур: *"Ким беш мүнөтүнө 500 сом төлөп көл үстүндө скутер минип эс алат – бул 15 миң сом алган кишинин бир күндүк акысы го?"* Кийинки жылдары ал артынан жаңырыктарды жараткан темаларды канча козгоду?

Биздин күндүн көйгөйлүү көп темаларын тартынбай, коркпойүркпөй козгоп, сылап-сыйпабай ачык айтып, анан да аны угумдуу тилде унутпас кылып түшүндүрүп берген тайманбас журналистти



эстен чыгарбоонун эң мыкты жолу – ал баштаган ишти аягына жеткирүү, козгоп кеткендерин андан ары улап кетүү. Мына ушул темалардын кыйласын журналисттер мурда деле көтөрүшкөн, бир эмес, эки-үч жыл илгери деле жазышкан, бирок да аларга жооп жок болуп атпайбы. Бийлик проблемаларды басып койчу, журналисттер соттук териштирүүлөрдүн төө бастысында калышты, айрымдарын иштен кууп чыгышты, чет өлкөгө баш калкалап кеткендери болду. Коомчулук кыңыр иштердин кыйласын угуп, нааразылыгын айтып, ачуу үшкүрүнүп тим болот, анан бүттү, анан эч нерсе болбогондой тынчып калат. Ушинтип эле жашап келатабыз.

Президент С. Жээнбеков токтотпоого убада кылган коррупцияга каршы күрөш – оор, узакка созулчу, улам-улам чыга берчү татаал күрөш. Ага бир өлкөнү башкарган кубаттуу деген жалгыз кишинин күчү келбейт. Бул өзү командалык жумуш, оркестр менен иштөө сыяктуу биринчи скрипканы карап түздөнөр иш. Апыртпай айтканда деле, мына ушул биринчи скрипка Уланбек Эгизбаев бол-

чу! Муну Интернеттеги аяк-башы көрүнбөгөн көңүл айтуу агымы, анын кыска, бирок жаркын чыгармачыл өмүрүнө жакшы сөзүн арнагандардын пикирлери да ырастап турат.

Коррупция темасын көтөргөн эркин басма сөздө үнү ачык угулган башка азаматтар да бар экенин айтпай коё албайм. Баардык эле гезиттер, сайттар, телеканалдар, айрыкча өкмөттүк деп эсептелгендери, президенттин коррупцияга каршы күрөшүндө туу болуп турушу керек эле. Колунан келбейби? Күчү жетпейби? Каалашпайбы? Муну милдет катары эсептешпейби?

Азыркы оркестрде баары мамыр-жумур байланышкан, жиксиз кылып ширелген, оркестр менен негизги коштоочу музыкалык аспаптар бири экинчисин жакшы улай албаса, татаал музыканы чогуу-чаран аткарыш мүмкүн эмес. Коррупцияга каршы күрөшкө тартылган бул оркестрдеги журналисттердин ролу баа жеткис.

Уланбек өз партиясын келиштире ойноп берди, эми башкалар ал баштаган ишти ошондой бийиктикте уланта алабы? Ал таймանбас, принципте бекем турганы менен гана айырмаланбастан, фактыларга негизденип жемкорлордун ким экенин, кайсы жерде "иттин өлүгү" көмүлгөнүн жаңылбай көрсөтүп, айыптууну ачыкка чыгаргандыгы менен эсте калчу.

Көр саткандар тууралуу кийинки сюжетин эле алып көргүлө – кыйла жылдардан бери мүрзөлөрдөгү адам өлүмүнөн акча жасагандардын кыңыр иштери ачыкка чыкты, бул ишке аралашкандар билинип калды. Эми алардын атын атап, жоопкерчиликке тартуу гана калды. Антишкен жок, баары унчукпай отурушат. Маалымдоо каражаттарында ачыкка чыккан кыңыр иштерге эмнеге бийлик мамилесин билдирбей отурат?

Канткен менен бул өзү демократиялык коомдун негизги турмуштук мыйзамы го. Бийлик сөзсүз түрдө, мүмкүн болушунча эртерээк ЖМКнын билдирүүсүнө жооп бериши керек. Эмнеликтен бийлик жер саткандардын толгон-токой көз боёмочулуктарына алардын бир тобун Уланбек Эгизбаев да козгогон – мамилесин билдирбейт? Жалгыз эле бажы тармагында, темир жол же жол курулушунда миллиондорду кургуйга куюп ийчү аткаминерлер-

дин акча шыкалган "жем баштыгын" иликтөө менен чектелбеш керек. Качан биз "Ихласка" байланышкан иш кантип жана кандайча токтотулуп, Айтматов магистралын бойлой кеткен сонун жерлерге апачык эле үйлөр салынып жатканынын себебин биле алабыз? Кимге жана кандайча Түштүк магистралынан "Ала-Арча" мамлекеттик резиденциясына чейинки сонун жерлер сатылып кеткен? Кандайча темир жол вокзалынын жанындагы "Ала-Тоо" мейманканасынын тарыхый имараты сүрдүрүлүп, ордуна көп кабаттуу кымбат баалуу үй салынып жатат? Жеңиш аянтынын жанындагы "Нарын" ресторанын эмнеге сүрдүрүп салышты? Мунун жоопкерчилигин ким алат?

Качантан бери шаардын тарыхый борборун мэрия менен шаар архитектурасынын эч нерсени эске албаган маңкурттары башкарып калган? Шаар тарыхына тиешелүү ар кыл учурларда курулган үйлөр сүрдүрүлүп, алардын орду архитектуралык көркү жок бийик үйлөрдүн курулушуна сатылууда.

Эми биз Кыргызстандын тарыхый инсандарынын ысмы жана өмүрү менен тыгыз байланышкан Эркиндик гүлбагын сактап кала алабызбы? Алар жашаган, иштеген жерлер тартынбас "сыйлыгыштырууга" туш келип, айрым үй көпөстөрүнүн эски үйлөрдү сатып алып, анын жерин көп кабаттуу үй салчуларга сатып ийишин кантип токтото алабыз? Биз, шаардыктар, шаардын тарыхый борборун сактап калыш үчүн Бишкектин "алтын алкагын" түзүүнү талап кылабыз. Мындай мисалдар дүйнөдө толтура, алыс барбай эле жаныбыздагы Алматынын тажрыйбасын эске алалы!

Ачык айтыш керек, Уланбек Эгизбаев козгогон бир топ сюжеттер боюнча кылмыш иштери ачылган, коомдук наразылыктар чыккан, аларга Тарых музейинин реставрациясы, аягына чейин баасы берилбеген музейдеги баалуу мумия экспонаты сындуу маселелерди кошсо болот.

Турмуштан көптү көргөн улууларды жаштар көп нерсеге үйрөтө алат. Анын үстүнө азыркыдай ыкчам өзгөргөн, Интернет технологиялары турмуштун баардык тарабына таралып жаткан кезде бул өзү керек нерсе. Биз көп нерсени түшүнө албайбыз, бул жагынан

жаштарды эч качан кууп жете албайбыз. Экранга чыккан видео катары менен жашырылып-жабылып калар көп нерселерди ачып берип коёт. Ошон үчүн Уланбек дайым видеосюжеттер жанрында иштеген, кагаз жүзүндөгү иликтөөгө караганда мунун таасири күчтүү деп эсептеген. Бул болсо ой менен көрсөтүүнүн мамыр-жумур аралашуусун талап кылчу өнөр, техниканы мыкты билбесең, бул ишке киришүүнүн кереги жок.

Иликтөө журналистикасы жамы дүйнөдө мына ушул өнөрдүн туу башында келатат. Бул эң татаал, түйшүгү түмөн, убакты-саатты көп алган, кайра-кайра текшерүүнү, көп каражатты талап кылган жумуш. Анын натыйжасы да бараандуу. Азыркы мыкты журналисттер бүтүндөй өлкөнүн саясий, экономикалык, социалдык турмушундагы кемчиликтерди ашкерелеп келет. Мунун баары ар кыл пландагы эксперттердин биргелешкен аракетинин натыйжасында жаралат, кайсы бир жашырылып-жабылган көмүскө иштин учугун чубаш үчүн кээде көп кишилер иштешет.

Уланбек Эгизбаев биздин эң натыйжалуу иштеген тележурналисттерибиздин бири болчу. Мыкты телесюжеттер менен керемет кыска метраждуу тасмаларды тартып бергени, ал эмгектери дүйнөлүк белгилүү кино конкурстарда чоң сыйлыктарды алганы, Кыргызстандын атын дүйнөгө чыгарганы, биздин карапайым замандаштарыбызды даңктаганы үчүн биз ага карызбыз.

Анткен менен Уланбектин эң негизги эмгеги башка – ал телекөрсөтүү айдыңындагы иликтөө журналистикасын көз айкыткан бийиктикке көтөрө алды. Баарыбыздын алдыбызда мына ушул бийиктикти төмөн түшүрбөй, прогресс үчүн жемкорлукка каршы жамы коомчулуктун натыйжалуу күрөшүн бир багытка буруу милдети турат. Муну "азаттыкчылар" да жакшы түшүнөт, Уланбектин капыс каза болушунан кийин ал дагы айгине болду. Бул журналисттердин жалгыз эле ушул жамаатына тиешелүү эмес. Кеп жалпыбызга – шаарбы же айылбы, борбордобу же аймактардабы – баарыбызга тиешелүү.

Иликтөө журналистикасынын өнүгүү мезгили эми келди. Так ушул учур. Коррупцияга каршы күрөштө мунун мааниси алдыңкы

орунга чыгат. Ушундан улам Иликтөө журналистикасынын фондун түзүүнү сунуш кылам[21]. Фонддо акча каражаттары топтолот, ага бул багытта бийлик тарабынан кандай иштер жасалып жатканына кайдыгер карап турбаган, конкреттүү жардам берүүгө даяр, жазаласа деле болбой биздин көз алдыбызда кыңыр иштерин кылдат жасап аткандарды ачыкка чыгарууга жардам бергендер катыша алышат.

Фонддун иши ачык-айкын жүрүшү керек, аны башкаруу көз каранды эмес, эл арасында баркы бийик адамдардан, эксперттерден куралган кеңештин кароосундагы башкаруудан турушу керек. Фонддун уставы, уюштуруу документтери журналисттер арасында дагы кенен-кесири талкууланат, коомчулук тарабынан буга байланыштуу айтылган ыктуу идеялар менен сунуштар кубануу менен кабыл алынат. Фонддун ишин баштоого алгачкы төлөм катары менин пенсиямдан чогулткан миллион сомду кошом, ансыз да ал акча кыйладан бери ар кандай кеп болуп келатат. Кимде-ким өлкөдө чыныгы өзгөрүүлөр болушун каалаcа, туруктуу өнүгүүнүн жолуна түшүүнү жактырса Фонддун жыймасына салым кошсун деп кайдыгер эмес жарандарыбызга кайрылам!

Баарыбыз журналисттин коркунучтуу, оор жумушун колдошубуз керек. Домоктун кылычы ар кыл айла-амалдар менен качып кетишти ойлоп турган коррупционерлердин башында салаңдап илинип турушу зарыл. Биздин үй нымдан көгөрүп кетти, баткакка батып калды, акыр-чикири үйүлүп булганып кетти, аны колу туткак адамдар пайдаланууда. Биз бул жакта курулуш менен алектенип атсак, башкалары элдик байлыкты уурдап, кымырып-кымтып кетип жатышат. Жерибиз, үйүбүз жакшылап тазалоону, жууп-чаюуну эңсеп турат.

Коррупцияны журналисттер гана баарынан мыкты ашкерелей алышат. Бул иш жарандардын моралдык жана каржылык колдоосун талап кылат. Бийлик болсо майтарылгыс саясий эркти көрсөтүп, такай колдоп, анан да баштоочу болуп бериши керек.

21. Кыргызстанда Уланбек Эгизбаев атындагы Журналисттик иликтөө фонду 2018-жылы 14-сентябрда бет ачары өткөрүлүп, иштей баштады.

Уланбекти акыркы сапарга узатып жатып, биз баарыбыз мына ушул киши көңүлүн оорутпаган, керек кезде зыңгырап бекем турган, акылдуу, таланттуу жаш жигит менен болгон кездешкен, аңгемелешкен учурларыбызды эстедик. Биздин балабыздай болгон жаш жигит. Бирок да 28 жаштагы Уланбек көп нерселерди жасоого үлгүрүп кетти. Ал – биздин Данко! Кыргыз журналистикасынын бийиктиги менен күчүн көрсөткөн азамат. Ал таза, калыс Чындыктын өзү болчу.

"Азаттык" радиосунун жамааты Уланбектин айылындагы Көк-Жар орто мектебиндеги кыргыз тили жана адабияты сабагынан кыргыз тилинде эң мыкты дилбаян жазган бүтүрүүчүгө жыл сайын Уланбек Эгизбаев атындагы 500 доллар стипендия берилерин жарыя кылды. Журналисттер үчүн Уланбек Эгизбаев атындагы сыйлыктарды, конкурстарды жыл сайын уюштуруп туруу жөнүндө сунуштар айтылды. Анын пландары менен идеялары көп болчу. Ошолордун көбү аягына чыкпай үстөлү менен компьютеринде калды. Мекенге кызмат кылуунун үлгүсүн көрсөтүп, өлкөнү өзгөртүү үчүн Уланбек Эгизбаев жанын аябай катуу иштеди. "Азаттыктын", жалпы эле кыргыз журналистикасынын артка кайтпай турган, өйдө карай тынбай токтолбой чыга берчү бийик чокусу, узак жолу бар.

# ЭМИ ЖЕМКОР – КОРРУПЦИОНЕРЛЕР ТЫНЧ УКТАЙТ...

**Амирбек Азам уулу, журналист**
2018-жыл, 23-июль.

Жараткан бар болсоң, эмнеге ушул баланын өмүрүн кыргыздын бактысы үчүн сактап калбадың?! Уланбектин учуп кеткенин угуп, мээме биринчи келген ой ушул болду.

Уланбек "Азаттыкта" даярдаган алгачкы берүүлөрүн уккандан кийин: "Бет алганынан кайтпаган өжөр жигит экен. Болочокто CNN телеканалынын бизнес-корреспонденти Ричард Квест сыяктуу теманы өзөгүнө жеткире терең талдап, мазмунун ар бир адам дапдаана түшүнгөндөй кылып ачып берген эл аралык деңгээлдеги импровизатор-журналист болот", - деп түкшүмөлдөп койгом. Бул оюмду Уланбекке телефондон баарлашканда айтсам, "ээ, байке" деп каткырып койгон.

Уланбектин эл аралык деңгээлде иштеши үчүн "Азаттык" радиосу сонун платформа болду. Анын насилинде катылган журналисттик, изилдөөчүлүк дараметинин ачылышына чоң мүмкүнчүлүк берди. Өлкө ичиндеги беделдүү деген башка маалымат каражаттары Уланбектин бийлик чөйрөсүндөгү былыктарды "ашказанды богу-жини менен ачып көрсөтүүсүнө" макул дейт беле?! Даап барган учурда да, алардын үнү жамы журтка жетет беле?!



Уланбек даярдаган видеоберүүлөрдөн казынанын “канын” сүлүктөй соргон коррупционер-жемкорлор менен сүйлөшкөндө, үнү болк этпей, суроолорду казык каккандай бергенин баарыбыз көргөнбүз. Бул анын өз чөнтөгүн акчага толтурууда напсисин араандай ачкан кызмат адамдары Кыргызстандын бүгүнкү абалы үчүн жооптуу экенин терең түшүнүп, алардын “сук дүйнөсүн” тайманбай ачууга бекем бел байлаганынан болсо керек... А телефондон баарлашканда, үнү камкор жана мээрман сезилер эле. Минтип жазган себебим, мурда-кийин Улан менен жүзмө-жүз олтуруп, баарлашкан эмеспиз. Бирок телефондон маал-маал пикир алмашып турчубуз. Ал алгач 2015-жылы “Азаттык” радиосунун Прагадагы баш кеңсесине келип, тренингде эки жумадай жүргөндө, бир күнү опур-топур жолугуп: “Уланбек, Эгизбай деген сөздүн маанисин билесиңби?”- деп сурасам, “Байке, эгиз, түгөй деген го?” - деди. “Эгиз – бул бийик деген. Сенин фамилияң бийик адам деген,” - десем, жүзү жайнап калган болчу.

Былтыр Улан Прагага келгенде, мен Балтимордо болчумун. Кийин Бишкектен: “Келген турбайсызбы? Өткөндө сиз жок экенсиз, жүздөшүп сүйлөшө албай калбадыкпы, байке? Бишкекке качан келесиз?” - деп телефон чалганы жадымда.

Өткөн айдагы “Көрүстөндөгү коррупция” берүүсүнөн кийин Уланбекке телефон чалып: “Кабылан, этият болуп жүр”, - десем: “Макул, байке”, - деп күлүп койгон.

Ал эми “Саясатташкан мумия” даярдалып жатканда эки мертебе сүйлөшкөнүбүздө Баткенге кайын журтуна барып келгенин, дубанда келерки жолу көңүл бурчу кандай жерлер бар экени тууралуу сураган эле. Сөздөн сөз чыгып отуруп, медреселер маселесине жакын арадагы бир берүүсүн “сөзсүз арнайм” деген болчу. Мунун баары Уланбектин коомдогу көйгөйлүү маселелерден кыйгап өтө албаган мүнөзүн, элибизди өсүүдөн өксүткөн проблемаларды чечкенге өз салымымды кошоюн деген мекенчил табиятын көрсөтүп турат.

Уланбектей чоң жана таланттуу журналист өлкөбүздө коррупцияга каршы жүрүп жаткан күрөштө чоң күч болмок. Уланбек даярдаган берүүлөр эл арасында казынакор-коррупционерлердин тамырын кыркуу мүмкүн, ушинтип коомубузду, өлкөбүздү жаңылайбыз деген ишенимди жаратканын “Азаттыктын” окурмандары менен “фейсбукчулар” жазган пикирлер тастыктайт.

Бирок да өмүрүң жылт эткен жылдыздай кыска экен, Уланбек... Журтташтарыңдын көбүн чыркыратып, түбөлүк сапарга кете бердиң...

Эми өлкөнү чөөдөй талап-тоногон жемкорлор төшөктө аркытерки ойдолоктобой, тынч укташат экен...

# УЛАНБЕКТЕР, ЭМИ ДЕҢИЗДЕЙ ТОЛКУГУЛА!

**Тынчтыкбек Чоротегин, журналист, тарыхчы**

2018-жыл, 25-июль.

Кайгылуу сааттардагы, кайгылуу күндөрдөгү маанай улам мезгил өткөн сайын жазмыштуу окуяга сергек мамиле кылган жаратман маанайга орун берет эмеспи.

Кыргыздын жаш болсо да чыгаан экенин тастыктаган журналисти Уланбек Токтосун уулу Эгизбаевди соңку сапарга узатуу маалы, анын тажиясы, андагы аза сөздөрү айтылган учур акырындап мезгил закымына бүктөлүп артта кала берет.

Эми Уланбекти эч ким тирилте албайт. Бирок, залкар акын атабыз Эсенгул Ибраев бир кезде жазгандай:

*"Бул жашоодо чындык бар да, төгүн бар,*
*Жанган от бар жана өчкөн көмүр бар,*
*"Өлдү, бүттү" дегендерге кошулбайм,*
*Өлүп, бирок жашай берчү өмүр бар!..."*

Уланбекти калайык кабыргасы кайышып узатты. Далай кошок сөздөрү болду. Интернеттин коомдук тармактарында далай посттор жазылды. Ошондо бул балабыздын өзүнүн чыгармачыл багыты каршы чыккан айрым эки жүздүүлөр да аппак киши болуп каадаланып, пикир билдирип да жатышты дешет. *"Коом деген мурда да баррикаданын бери жагына жылт этип өткөн эки жүздүүлөр учураган*

*ушундай көрүнүштөргө бай болгон, азыр деле мындайдан куру калбаптыр"*, - деп жөндүү кейип-кепчигендердин пикирлерин да уктук.

Мен бул чакан күндөлүгүмдө эки башкы нерсени айта кетүүнү эп көрдүм.

## Ал — жалгыз эмес

Биринчиден, ыраматылык Уланбек жалгыз күрөшкер эмес болчу. Айрымдар маркум Уланбек гана коррупцияга каршы күрөшүп, калганы четте карап тургансыгандай жазышты. Ал түгүл: *"Мына, эми коррупционерлер чалчактай бергиле, негизги күрөшүүчү эми жок!"* - деген маанайда жазылган пикирлер да болду.

*"Эми кантебиз, эми кантип жемкорлукка каршы күрөш жүрөт?"* - деп каңырыгы түтөгөндөр да арбын болду.

Минтип кол көтөрүп багынган турум — туура эмес.

"Азаттык" үналгысынын өзүн эле алалык.

*- Бүгүн өндүрүштүк жыйынды Уланбексиз өткөрдүк, ага жаңы редакциялык тапшырма берели деп жатпадык беле!* – деп "Азаттык Медиа" мекемесинин жетекчилеринин бири 25-июлда буркурап ыйлап жазды.

Демек, өндүрүштүк тапшырма алып, аны эң мыкты аткарып келген маркум Уланбек — жалгыз эмес экен да!

Ооба, Уланбек маалымат эркиндигин камсыз кылуу жаатындагы коомдук милдетин 1953-жылдан бери эң мыкты аткарып жаткан, эл аралык журналистикалык мектеп катары бай салты бар, бай тарыхы бар маалымат каражатына туш келгени да анын бактысы болду деп санайм. Ал Азамат Алтай чапкан жолдун улантуучусу болду.

Уланбектен мурдараак иштеген айрым "азаттыкчылардын" айырмалуу иштерин жогорку пафосу жок сөздөр менен эле эскере кетсек.

Мурдагы президент Аскар Акаевдин авторитардык режиминин убагында абакка жазыксыз түшкөн оппозициячыл саясатчы Топчубек Тургуналиевдин абагына барып, аны менен абакта отурган же-



ринен маек курууга жетишкен Жаркын Темирбаева эженин журналисттик эмгеги "Эркин Европа/Азаттык" үналгысынын жалпы жамаатын да таң калтырган. (Бул жерде ошого мүмкүнчүлүк бергенге батынган түрмө кызматкерлеринин эрдигине да маашырлана алабыз. Азыркы коомдо жалгыз гана баатыр чыгышы мүмкүн эмес).

Жаркын эженин жолун жолдоп, анын сиңдилери Азиза Турдуева менен Жаңыл Жусупжан абакта жаткан Феликс Кулов менен абакта кезинде маек куруп, коомчулук бир козголгон.

2002-жылы 17-18-марттагы Аксы аймагындагы окуяларды мээнеткечтик менен чагылдырган "азаттыкчы" журналист Ырысбай Абдыраимов авторитардык режимдин "үгүт машинесинин" — ал кездеги "кара жашиктин" жалган маалыматтарынын "белин сындырган".

Ырысбай агай нагыз калыс журналист. Эсимде, кээде аны өкмөтчүл кишилер, коопсуздук кызматтарынын же полициянын

өкүлдөрү эле эмес, оппозициячыл тараптардын да айрым чала сабат өкүлдөрү: *"Микрофонуңду ары тарт!"* – деп жулмалаган учурлар да болгон.

Аманбек Дилденбай уулу Жапаров, Бүбүкан Досалиева, Бурулкан Сарыгулова, Кабыл Макешов, Шейшекан Жаналиева, Съезбек Бекжанов жана башка "азаттыкчылар" 2005-жылдагы ыңкылап маалында өз керт башын ойлобостон, калк арасында тынымсыз иштешти.

Эсимде, 2005-жылы 24-мартта таңга маал Бүбүкан Досалиева: *"Чүй көчөсү менен Ак үйдү көздөй 5 миңдей киши келе жатат"*, – деп кабарлады. Аны англисчеге которуп жалпы жаңылыктар бөлүмүнө берсек, андагылар: "Башка булагыбыз "миң эле киши топтолуптур" деди го", – деп ишениңкиребей мамиле кылышты. Алардын дагы баары-жокту ар кыл булак менен тастыктоо милдети бар эмеспи.

Бүбүканга кайрылып: *"Эмнеге алардын статистикасы менен биздики дал келбей жатат?"* – деп сурадым. Көрсө, берки чет элдик кабарчы дарыгер Назаралиевдин борборунун жанына бир миңдей киши чогулганда эле алар тууралуу жазыш үчүн мейманканага кеткен экен.

– *Эми болсо калайык он миңге чамалап калды!* – деп Бүбүкандын айтканы эсте.

2005-жылы 24-мартта Ак үй алынганда, андагы айрым жазыксыз карапайым кызматкерлерди коопсуз жайга чыгарууга да "азаттыкчы" кабарчылар көмөк кылганын кийинчерээк бул кызматкерлер айтып жүрүштү (маселен, Роза Даутова эженин ыраазылык менен айтканы эсте).

Ысык-Көл, Нарын, Талас, Ош, Баткен, Жалал-Абад аймактарынын башка жергиликтүү кабарчылары да коомдук наразылык чараларын жеринен чагылдырыш үчүн аттап-жөөлөп жана күндөптүндөп ошол коогаландуу жерлерде болушту.

"Азаттыкчылар" 2005-жылдан кийинки ири жыйындарга байланыштуу опурталдуу учурларда ар дайым эл арасында жүрүштү. Аманбек Дилденбай уулу президент Курманбек Бакиевдин бийли-

гинин тушунда оппозициячыл митингди таркатыш үчүн атылган көздөн жаш агызчу газга кабылганда да репортажын улантканды гы кантип эстен чыксын!

Кээде оппозициялык топтордун арасынан да айрым чагымдар айтылчу. 2006-жылы наразылык митингин таркатуу маалында "*Баланчаны өлтүрүп салышыптыр!*" деген кабарды оппозиция лидерлеринин бири (кийин көзү өтүп кетти) жайды эле, биздин кабарчыбыз: *"Жок, мен анын жанында турам, ал тирүү"*, – деп тастыктаган. Ошол эки кабар тең "Азаттыктын" бир эле кечки обого түз чыккан берүүсүндө жаңырып, эл чындыкты бейтарап кабарчылардын оозунан уккан.

Ушундай эле кабарлардын биринде: "*... ички иштер министри Молдомуса Конгантиев 2010-жылы 6-апрелде Таласта өлтүрүлдү*", – деп айтылды. Бул кабар Интернет аркылуу желдей таркады. Биздин Таластагы окуянын чордонунда жүргөн кабарчыларыбыз Жанар Акаев менен Замира Кожобаева дароо эле бул жалган сөздү четке кагышып, бирок Конгантиев аёосуз токмоктолуп жатканын айтышкан.

Ошол күнү оболу милиция күчтөрү Таластагы калайыкка орой мамиле кылып, андан соң эл толкуп, айрым милиция кызматкерлери калайыктын таман астында калып жабыр тартып жаткан маалда, аз жерден тепкиге калып өлүп кала жаздаган бир милиция кызматкерине өзүнүн жеңи кыска көйнөгүн бере коюп, Жанар Акаев анын өмүрүн сактап калганын кийин уктук.

2010-жылы 7-апрелде Ак үйдөн аткылагандардын огунун бири "азаттыкчыларды" аянт менен бюронун ортосунда ары-бери ташыган автоунаалардын бирине тийген. Өз өмүрү жөнүндө эмес, журналисттик милдети жөнүндө ойлогон "азаттыкчылар" окуянын ар бир мүнөтүндөгү өзгөрүүлөрдү Кыргызстандын калкына жана дүйнө жүзүнө ыкчам маалымдап турушту.

Ал эми 2010-жылы июндагы коогалаң учурунда Аида Касымалиева баштаган "Азаттык плюс" чыгармачылык тобу Оштон кайта албай калып, Баткенге карай жөнөп, ал жакта жол торолгонун угуп, кайра чыгышка бет алып, Сузактын каргашалуу окуялар

болгон айтылуу Санпа жергесинде атышуу болуп жаткан чакта аман-эсен өтүп кеткени да маалым. Жарым атеист болсом да жаза кетейин: ошондо аларды Кудай сактаган экен!..

Мурдагы бюро башчылары Кыяс Молдокасымов, Кубат Оторбаев, Султан Жумагулов, Султан Каназаров сыяктуу жетекчилердин ишин Бурулкан Сарыгулова, Айзада Касмалиева, сыналгы продюсери Бүбүкан Досалиева иштиктүү улантып жатышат. Мындай жетекчилер адатта көлөкөдө калат, бирок алар уюштуруучу катары жергиликтүү ар бир журналисттин ийгилигине огожо болушту жана алардын кемчилиги үчүн бирдей жооп берип келишти.

Айрым журналисттер "Азаттыкка" ишке кире электе эле калайыкка журналист катары таанылган болчу. Алардын арасында кайдыгерликке каршы ырлары менен атыккан эл акыны Шайлообек Дүйшеев, музыка таануучу Балбай Алагушев, жазуучулар Муса Мураталиев, Көчкөн Сактанов, журналисттер Эсенбай Нурушев, Нарын Айып, Амирбек Азам уулу, Надыр Момунов, Чыныбай Турсунбеков, Кожогелди Култегин, Машакбай Рахманкулов, Султан Раев, Султан Абдыракманов, Аскар Медетов, Фатима Абдалова, Айданбек Акматов, Кубат Чекиров, Шайырбек Эркин уулу ж. б. болду. "Азаттыкта" журналист катары тушоосу кесилгендердин арасында Баян Жумагулова, Жаңыл Жусупжан, Муратбек Кожобеков, Арслан Капай уулу, Бакыт Аманбаев, Рита Борбукеева, ж. б. болду.

Мен деректирлик кылып турган учурда "Азаттык плюсту" багыттап, жаштар берүүсүн жетектөөнү Венера Сагындык кызына тапшырган элем. Ал 2004-жылдын соңунан тартып таланттуу жаш кабарчыларды топтоп, бейтарап журналистика тармагына жаңыдан өткөн далай улан-кыздын тушоосун кести. 2010-жылдын октябрынан тартып ал "Азаттык" үналгысын деректир катары жетектеп калды. "Азаттыктын" жаштар берүүсүндө такшалгандардын арасында Жазгүл Жамангулова, Айжан Шаботоева, Элеонора Куленбекова, Мээрим Орозобекова, Бермет Эгембердиева, Акан Иманов, ж. б. бар.

Венера Сагындык кызы маркум Уланбек Эгизбаевдин да талантын учурунда баамдап, аны "Азаттыкка" кызматка чакырган. Уланбек "Азаттыктагы" беш жылдай эмгек жолунда журналистик мыкты тренингдерге катышып, Прага, Киев, Вашингтон, Чикаго, Стокгольм, Стамбул, Берлинди кыдырып келди.

Бекташ Шамшиев, Айнура Жекше кызы, Улан Алымкул уулу, Зайыр Ажыматов, Заирбек Бактыбаев, Элеонора Бейшенбек кызы, Гүлайым Ашакеева, Сабыр Абдымомунов, Бакыт Орунбеков, Жыргалбек Касаболотов, Кубанычбек Жолдошов, Санжи Туйтунова, Канымгүл Элкеева, Жеңиш Айдаров, Али Токтакунов, Элиза Кененбаева, Токтосун Шамбетов, Жанарбек Жолдошбаев, Эрнис Нурматов, Мирлан Токталиев, Бакыт Асанов, Алия Суранова, Рахат Кеңешова, Каарманбек Кулуев, Касым Рахманкулов, Жылдыз Ороспакова, Зейнеп Мартбек кызы, Ыдырыс Исаков, Улан Асаналиев, Кубат Касымбеков, Руслан Калматов ж. б. таланттуу журналисттер, Жанарбек Жолдошбаев, Бексултан Абубакир уулу, Бектур Стамкулов, Айбек Кулчуманов ж. б. иштерман операторлор курамында болгон азыркы чыгармачыл жамаат да ("Азаттыктагылардын" баардыгынын ысымдарын жазууга мүмкүндүк болгон жок) мындан кийин деле нечендеген тоолорду томкороору шексиз.

### "Азаттык" жалгыз болбосун!

Эми бир саамга элестетип көрөлүк. Маркум Уланбек Эгизбаевдин чыркыраган чындыкты чагылдырган материалдары, эгерде ал азыркы КТРКда же ЭлТРде иштесе, алардын жетекчилиги тарабынан обого чыгарылат беле?

Бул сүйлөмдү айрым замандаштарыбыз "провокациячыл", "чагымчыл" деп аташы да мүмкүн. А мен болсом бул жерде таптакыр башка көйгөйдү айткым келет.

Коомубуздун турмушундагы өзгөчө көйгөйлүү маселелер жаатындагы орчун материалдарды Уланбек сыяктуу эле даярдоого дилгир жана даяр кабарчылар КТРКда жана ЭлТРде дагы БАР! Ооба, БАР!

Коомубузда Өндүрүш Токтонасыровдой көкжалдарыбыз, ар дубанда иштеген укук коргоочуларыбыз, жүздөгөн эркин журналисттерибиз, демилгелүү жана эр көкүрөк атуулдарыбыз да арбын. Би-Би-Си Кыргыз кызматы сыяктуу "Азаттыктын" өнөктөштөрү да бар.

Бир жолу интернеттеги коомдук тармактардан бир кызыктуу суроо салган куш тилиндей катты (постту) окудум.

*"Достор, сиздер азыркы турушуңуздар менен эле заңкайган Алпы тоолорун этектеген Швейцарияда жана Жапониядагы ажайып Фудзиянын жакасында жашагыңар келеби? Анда оболу тегерегиңерге акыр-чикир таштабагыла, чемичке, чылымдын калдыгын туура жайга ыргыткыла, зыяндуу түтүн чыгарган унааны айдабагыла, велосипедге көчкүлө, тааныбаган кишилер менен да көчөдө сылык амандашкыла, коомдук жайлар жаатындагы эрежени кыйшаюусуз сактагыла, жемкорлукка каршы тургула, добуш бергенде кишинин капчыгына, талапкердин туугандыгына эмес, улуттук кызыкчылыкка карап добуш бергиле, жол эрежесин немистен кем эмес сактагыла, сапатты оболу өзүңөрдөн талап кылгыла... Дал ошондо байкасаңар, силер Ала-Тоодо жүрүп эле Швейцария менен Жапониядан кем эмес жашап калганыңарды түшүнөсүңөр".*

Бул жарыянын сыңарындай эле, Уланбектер ачык иш-аракет кылышы үчүн КТРК менен ЭлТРди да чыныгы коомдук маалымат каражатына айландырышыбыз керек. Азырынча алардын аталышын гана жакшырттык, бирине "коомдук" макам бердик, экинчисин "элдик" деп атап койдук.

Азыркы кырдаалдан чыгуу үчүн КТРК менен ЭлТРди жана облустук сыналгы компанияларын толук бойдон коомдук канал кылуу зарыл. КТРКнын азыркы Байкоочу кеңешинде үмүт деле жок.

Балким, бүжөттөн колдоо тапкан жана аткаруу бийлигине көбүрөөк ыктаган бул баардык сыналгы жана үналгы компанияларын көзөмөлдөгөн Бирдиктүү Коомдук Башкаруу кеңеши деген көзөмөлдөө органын жаңыдан түзүп, ага жетекчини аныктоону сөзсүз түрдө Жогорку Кеңештин оппозициядагы блокторуна жана бейөкмөт уюмдарга ыйгарып, айтор, чоң шыпыргы жаратуу керек болуп калды.

Азыркы тапта президент жемкорлукка каршы демилгелерди колдоого алып жаткан чагында андан өтүнүчүбүз — КТРК сыяктуулардын жетекчилери улам Ак үйдөгү президенттик аппаратка же Көк үйгө кылчактап, "баарыңарга эле жагайын деп жүрөм" дегендей жаңы мыйзамдык жана каржылык кырдаалды түзүүгө кол кабыш кылса дурус болоор эле.

Эгерде бийлик дурус түшүнсө, эл-журт маркум Уланбекти эскерүү чараларына жандуу катышуу жана анын мезгилсиз өлүмүнө жаны ачыгандыгын билдирүү аркылуу коомдогу эки жүздүүлүккө, маселелерди көмүскө чечүү тажрыйбаларына, адилетсиздикке эчак тойгондугун, жапатырмак жаңылануунү, тазаланууну көксөп жаткандыгын тастыктоодо. Ошондуктан "Уланбектин өлүмү жемкорлордун айынан болду го" деген мыйзам ченемдүү санааркоолорун алардын бир даары байма-бай айтууда.

Уланбек өзү сууда тумчугуп өлгөндүгү аныкталган чакта да бир акыйкаттык абада калкып тура берээри бышык: өлкөбүздө мындан ары жемкорлук кырдаалында жашоого мүмкүн болбой калгандыгын Эгизбаев жана анын шериктери жетиштүү айта алышты.

Менин ишеничим жана үмүтүм — жаңы муундан дагы далай Уланбек Эгизбаевдер чыгат. Биз "маркумга Баатыр наамын берели" деген сыяктуу ураандарды жеңил-желпи көтөрүүдөн мурда, демократияга умтулган мамлекетибизде ***"Уланбектер сейрек эмес, көбүрөөк чыксын үчүн коомдук шарттарды жараталы, басма сөздүн чыныгы эркиндигин камсыз кылалы!"*** деген ураанды көтөрсөк алда канча алгылыктуу болоор эле.

Ылайым миңдеген жаңы Уланбектер толкуп чыксын!

# УЛАНБЕК – ЧЫНДЫКТЫН, АБИЙИРДИН СИМВОЛУ

**Олжобай Шакир, жазуучу**

2018-жыл, 25-июль.

Ие, кайран баатыр, баарыбыз сага карап түзөнөр болдук мындан кийин! Тилин тишине катып жүргөндөр көп бүгүн. Сенин өлүмүң ошолордун абийирин козгоор өлүм болду.

Сени өлдү деген суук кабар элди аралап, жүрөгүн ойготту. Баатырдын өлүмү гана элди ушинтип термелтмек. Манастын чыныгы урпагы белемсиң, Уланбек! Сенин өлүмүң канчалардын уятын козгоп туру бүгүн!

Заман өз баатырын[22] ушинтип жаратып келген, жарата берет. Жараткандын кудурети элибизди эсиңе кел деп, сенин өлүмүң аркылуу эскертүү бергениби бул?! Мамлекеттик машинеге сенчелик каршы чыгып, сенчелик тобокелчиликке баш байлаган эразаматтар табылгыс бүгүн. Элиңди мүнкүрөтүп, эчкиртип ыйлатып кеткениң ошол.

Чагылгандай өмүрүң жалп өчөрдөн бир аз күн мурун эле коррупция боюнча көрсөтүүлөрүңдү колуктум экөөбүз тиктеп отуруп, жеңеңдин оозуна сала бергендей болуп жакасын уучтаган: “Ушул жигитти өлтүрүп кетишпесе экен”, - деп. Көрсө сенин өмүрүңдөн менин келинчегим эле эмес, далай кесиптешиң кооптонуп келген

22 Улан Баатыр наамына татыктуу деген замандаштар көп. Курч иликтөөлөрдүн автору Уланбек Эгизбаевге Кыргыз Республикасынын Президенти Сооронбай Жээнбековдун 2018-жылы 30-августта “Эрдик” медалын ыйгарды. Ал эми 18-октябрь күнү интеллектуалдар альянсынан куралган “Чеч-Дөбө” кеңешинин чечими менен Улан Эгизбаевге “Улут абийири” сыйлыгы ыйгарылды.



экен. Ал эмес, “Азаттыктын” жетекчилиги да сенин журналисттик ишмердигиңден чочулап жүрүшкөнүн коомчулукка өздөрү айтты. Керек болсо эң айбаттуу маалымат булагы саналган “Азаттыктагы” кесиптештериң деле “арыдан бериге” көнбөгөн журналисттик ишмердигиңден чочулашчу турбайбы... Демек, сен чыныгы кесипкөйлүктүн да чегинен ашып, журналисттик рамкага сыйбай калган баатыр экенсиң! Сендей баатырдын жүрөгү батыл болгон үчүн башкаларыбыз сенин өмүрүңдөн коопточу турбайбызбы көрсө...

Ооба, коррупционерлерге азыр кимибиз гана тиш кайрап отурганыбыз жок. Элдешкис кас душманыбызды жек көргөндөй коррупционерлерге болгон жек көрүү сезимибизди сенчелик ачыкка чыгара албай отурабыз бүгүн. Агер тилиңди тишиңе катсаң, сен деле бүгүн баарыбыздын катарыбызда аман жүрмөктүрсүң, бүгүн... Бирок сен тобокелдүү өмүр жолун тандапсың, жубарымбек! Тилин тишине катпаган сендей баатырлар саналуу бүгүн. Сендей баатырлар, сендей жубарымбектер, сендей жашабагырлар

жалгыз-жалкыдан туулат экен өмүрдө! Алгыр куштун тукуму аз туулат экен, жарыкка…

Кайран шумкар, кайран баатыр! Жашабагыр Уланбек иним, кош бол! Жаның көккө учуп кеткени менен сен да Манас баатырдай өлбөс, өчпөс ысымга айланасың! Кара жерге сенин денең көмүлгөнү менен жүрөгүң элге өтүп кетти. Сенин жүрөгүң – абийирдин, чындыктын символу болуп калды кыргызда! Элдин намыс-ары болсо, мындан кийин сенин арбагың үчүн коррупция менен жапатырмак күрөшөр болсо кана! “Эл баатыры” болуп жүргөн аксакалдар да сендей жашабагырдын өмүрүнөн өрнөк алаар болсо кана! Болгону 28 жашында жайраганың менен, бирок сен 82 жаш өмүр сүргөн карыядан да таасирдүү өрнөк калтырып кеттиң элиңе!

Башкалар жөн эле жүрүп өлсө, сен жөн өлгөнүң жок! Сен адамдык бийик сапатың менен чыныгы мекенчил, чыныгы атуулдук озуйпаңды орундата алдың. Көрсө, пенде баласы кыска өмүр сүрөбү, узак өмүр сүрөбү, кеп анда эмес тура. Сен ошо кыска өмүрүңдө да кыргыздын кыйырына тараган эмгегиң менен элдин уулу болуп калганыңды; сага топурап келип топурак салып өксүгөн топтун аягы үзүлбөгөнү көрсөттү го…

Сенин күрөшчүл өмүрүң улууга да, кичүүгө да сабак. Себеби, жүрөгү сенек болуп катып калган көптөрдүн жүрөгүн ойготуш үчүн өлгөндөйсүң…

Канчалаган жемкорлор көрдүйнөгө көмүлүп өлүп кетти?! Канчалары намыс-арга чөмүп өлүп кетти?! А сен касиеттүү көлгө чөгүп өлдүң. Тунук сууга, касиеттүү Ысык-Көлгө! Суудан таза, суудан ыйык не бар. Сен кара жердин алдына кыпындай да ыпыластыкты алып кеткениң жок. Тунук суудай таза кеттиң. Артыңда суудай өлбөс ысымың калды, а сен баатыр, чым жаздандың. Манас атабыз элин жоодон коргоп өлсө, а сен коррупциядан коргойм деп жүрүп өлдүң! Адамдык улуу сапаттын өрнөгүн калтырып кеттиң бизге.

Эми мекенчилдик сезимибизге тамызгың калгай экен, баатыр…

# КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫ УУЛУНАН АЙРЫЛДЫ

**Сарвар Усмон, "Азаттыктын" өзбек кызматынын журналисти**

2018-жыл, 24-июль.

Жекшемби күнү Бишкектен Уланбек Эгизбаевдин каза тапканы тууралуу кабар келди. Анча-мынчага жашыбаган менин да көзүмө жаш толду.

Эки жума мурунку жекшембиде Бишкекке баргам. Ошол жердеги кесиптештерим – Элмурод, Хондамир менен күнү бою ар нерсени сүйлөштүк. Сөз айланып отуруп, "Азаттыкчылар" жасаган иштерди талкуулай баштадык. Уланды мактадым. "Мыкты жигит, иштин майын чыгарып атат" дедим.

Бирөөлөр жанын сураса "жок" дей албай, өз жанын берип койгонго кайыл, бирок башкаларды орунсуз мактабаган "кызганчаак" кесиптештерим пикиримди колдошту. Уланды макташты.

Коштошуп атып Бишкектеги бюродо иштеген айрым кесиптештериме салам айтууну сурадым. Бирок "Уланга да салам айткыла" дебептирмин. Эми өкүнүп отурам. Жаманды "жаман" дешке шашабыз, бирок жакшыны дайыма эле "жакшы" дей бербейбиз.

Улан менен жеке тааныш эмесмин. Мен болгону анын күйөрманы, окурманы элем. "Азаттыкчылардын" жаңы муунунун



өкүлү болгон бул жигит өтө тез көзгө көрүнүп, тилге алынды. Таймanбастыгы, өз ишине жоопкерчиликтүү мамиле кылганы менен таанылды.

Коррупция жана жемкорлор тууралуу көрсөтүүлөрдү даярдады.

Эмне дейсиз, сөз эркиндигинин деңгээли коңшуларынын түшүнө да кирбеген Кыргызстанда башкалар коррупция жана коррупционерлер тууралуу жазбадыбы? Жазгандарды санаганга караганда, жазбагандарды табуу оңой.

Бирок башкалардын жазгандарынан имиш-имиш жыттанып, буюртманын кулагы көрүнүп калчу. Уландыкы болсо илимий иш сыяктуу кемтиксиз болду.

Улан өз эмгектерин фактыларга, фактыларга жана фактыларга таянып жасады.

Улан иликтеп жаткан темасы боюнча топтогон материалдардын маңызын таба билди. Ошол маңызды шурудай бир жипке тизе билди. Улан ошол шурудан жасалган баянын карапайым ча-

банга, академикке да бирдей түшүнүктүү, жалпак тилде айтып бере алды.

Улан журналисттик иши менен мыйзамсыз аракеттерди ачыкка чыгарып жаткан аткаминерлердин жеке намысына тийбеди, мазактабады, алардын үстүнөн күлбөдү.

Уландын көрсөтүүлөрүн көрүп отуруп, "курсагыңыз тоёт" – кошумча суроолор калбайт. Калса дагы Улан ал суроолорго жооп берүүнү каалабаганынан эмес, балким, теманы казып, жеткен жеринен нары өтө албай калганы, нары өтүүнүн айласын таппаганы себеп.

Улан өзүнүн журналистикасы менен кыргыз журналистикасын, коомду тазарта баштады. Жок дегенде ушундай үмүт бере алды.

Уландын журналистикасы САПАТТУУ журналистика болду. Бул баа эмес, бул аталыш.

Уландын канча жашта экени тууралуу чынында такыр ойлогон эмес экенмин. Кечээ ал каза тапканы тууралуу кабарды окуп, эми эле 28ге киргенин билдим. Кичүү балам менен тең экен. Ыйладым...

*Улан* деген ысымдын өзбекче айтылышы *Уул* болот. Кыргыз журналистикасы Уулунан ажырады. Мен муну эч кандай пафосу жок, толук ишеним менен айтып жатам.

Уландын үй-бүлөсүнө, "Азаттыктагы" кесиптештеримдин кайгысына шерикмин.

# ЧЫНДЫККА РЕКВИЕМ

**Венера Акматова, доцент**
2018-жыл, 1-август.

Уланбек Эгизбаев чындыкты мен үчүн, сиз үчүн, баардыгыбыз үчүн айтты. Чындыкты угуу жеңил, айтуу абдан оор, татаал. Чындыкты айтуу – инсандык эрдик!

Өзүңүзгө суроо берип көрүңүзчү – качандыр бир кезде, өмүрүңүздө бир жолу чындыкты жалтанбай айтып, күрөшүп көрдүңүз беле?! Чындыктын тузу оор, көп учурда сынат (кара жемсөөлөр сындырышат). Чындыкты айтуу ар кимдин эле колунан келе бербейт. Руху жетпейт!

Мен Уланды теледен гана көрчүмүн, таанышып, сүйлөшүп көргөн эмесмин. Бирок анын ар бир берүүсүндөгү кара жемсөөлөрдүн бетин сыйрыган курчтугунун артында канча бир кайрат-күч, эрк, чымыркануу, жалтанбаган эр жүрөктүк жатканын көрчүмүн! Ар бир берүүсүнөн кийин канча бир жек көргөндөрү көбөйүп, душман арттырып атканын өзү да билчү, бирок ал жалтанган жок. Анын жан дилинин түпкүрүндө В. Шукшиндин "Кызыл чие" ("Калина красная") чыгармасынын каарманы айткандай "биз болбосок, кара жемсөөлөр бул жашоону ашап койбойбу" деген принцип туруп, кыргыз коомунун канабайрамын чыгара тебелеп-тепсеп, бөртүп-бөртүп таратып, талатып жиберип аткандар өтө көбөйүп, орун-



очок алып, төргө өтүп кеткенин көрүп көөнү тынбады, каршы күрөштү. Тек гана пассивдүү байкоочу боло алган жок.

Эмне үчүн чындыкты айтуу ушунчалык оор? Айрыкча азыр оор. Анткени кылтыйтып арамзаланып, артыңдан келип бычак сайган эки жүздүү, принциби жокторду – "акылдуу, кылдат, сезимтал" деп, элдин, мамлекеттин байлыгын уурдап байыгандарды – "эпчил, турмушка жөндөмдүү" деп, кошоматчы, саткындарды – "кыйынчылыктан жол таап кеткен көрөгөч, билерман, ошон үчүн кызматынан кол жуубай келе жатат, чоңоюп-өсүп атат" деп сыйлап төргө өткөрүп, той-ашта ошолорго биринчи сөз берип ("Оозу кыйшык болсо да, байдын уулу сүйлөсүн"), балдарыбызга ошолордун батасын алып берип жүргөнүбүз жалганбы? Ырыс кесер, саткын, кошоматчы мителер кыргыз коомунун канын билдирбей соруп атса да, аларды биз өзүбүз "жакшыларга" кошуп атканыбыз жалганбы? Чындыкты чыркырап айтып, таза, бирок жупуну жашаган адамдарды колунан келбеген, акыл-эси ордунда

эмес, жашаганды билбеген бир байкуш катары санаганыбыз чын да!

Дагы жакшы, арабызда ушундай адамдар бар экенине каниет кылалы (аттиң, эрте өтүп кеткенин карачы)! "Кыргыз жигиттери жалтанбаган эр жүрөк" деген сөздү иш жүзүндө далилдеди. Канча бир саясатчынын "эл үчүн иштейли", "элди ойлойлу", "тарых кечирбейт", "кыргыз эли кечирбейт" деген пафостук сөздөрүн жогорку трибунадан угуп эле жүрөбүз. Уга берип бул сөздөр кадыресе сөздөргө айланып деле кетти. Ушинтип айткан адамдардын көбү элдин ырысын жеген ууру экени да айгине болуп атат. Жылтылдап эл астында башканы сүйлөп, билгизбей элдин ырысын уурдап атышканы канча?

Менин түшүнүгүмдө коррупция, кыргызча айтканда жемкорлук – бул Мекенди сатуу менен барабар. Мекенди тыштан душман келгенде эле коргобойт, анын ичинен иритип-чиритип кертип жеп аткандарга каршы күрөш андан оор, андан татаал. Мекенди ички душмандардан коргош керек! Анткени өзүң аралашып, таанышып, чогуу жашаган адамдар менен күрөшүү, аларга каршы чыгуу Одиссейдин жазмышынан да оор.

Жаш болсо да ушунчалык жүктү көтөрө алган Уланбек чынында азамат экен! Кыргыз коомунда Уланбек сыяктуу чындык үчүн күрөшүп, сынбаган, анын айынан темир тор артында отурган адамдардын бири – Өмүрбек Текебаев. Мен бул адамдын жакыны, таанышы, партиялашы эмесмин, жердешчилик оюм андан бетер жок. Коом өзү чайпалып, ала салып турганда инсан кемчилик кетирбей коймок беле? Анын кемчилиги тууралуу айтып-жазып эле келе жатышат. Бирок анын 20 жылдан ашык убакыт айтып келе жаткан чындыгы үчүн ыраазы болушубуз керек!

Анткени Улан, Өмүрбек сыяктуу жеке тынчтыгын, бакубат турмушун баталгага коюп, жемкорлордун, ырыс кесерлердин бетин ачуу – чыныгы инсандык эрдик! Мындай адамдарды баалап-барктаганына жараша эл эл экендигин, журт экендигин көрсөтөт.

Наркы канча экендигин, карманар-тутунар баалуулугу-ыйык-

тыгы кандай экенин, келечеги барбы-жокпу, ошону көрсөтөт.

Мелис Эшимкановдун "Асабасындагы" Алым Токтомушевдин, дагы башка журналисттердин макалаларын окуганда шыпшынып, туура айтып атканына ыраазы болчубуз. Анан калса алардын даярдаган макалалары 90-жылдары коомчулуктун бүйүрүн кызытып, ал тургай саясий атмосферага таасир этчү. Андан бери Уланбек Эгизбаевдин журналисттик иликтөөлөрүндөй жогорку кесипкөйлүк менен даярдалган, ашмалтайы чыгып бүткөн кыргыз коомунун бетин сыйрыган берүүлөрдү, макалаларды окубай рухий дүлөй, дудук боло баштаган элек. Кыргыз интеллектуалдары көр тириликке биротоло жеңилип, кара курсактын кулуна айланып калгандай таасир калтырчу. (Дастан Сарыгулов бир кезде айткандай, "Кыргыз интеллигенциясы өлүү болуп көрдө жок, тирүү болуп жерде жок", же Салижан Жигитов айткандай, "Кыргыз интеллигенциясынын көзү желкесине бүтүп калгандай").

Тиги же бул саясатчынын жоруктарын ашкерелеген айрым курч берүүлөр, макалалар даярдалып атты деңизчи, бирок атайын буйрутма менен аткарылганы билинип калчу. Ошондуктанбы, анын артынан сая түшкөн мамлекеттик орган деле болчу эмес. Айтылып, ошол бойдон унутта калып кетчү. Уландын акыркы айларда даярдаган берүүлөрү, менин көз карашымда, бүтүндөй бир парламенттин, коопсуздук органдарынын ишине тете болду. Кыргыз мамлекетинин коррупция деген жети баштуу желмогуз менен күрөшүндөгү эң курч, эң натыйжалуу баскычы болуп калды. Саясий куугунтуктардан жалтанып калган кыргыз журналисттерине дем берип, шыктандырды.

Кыргыз коомунда так ушул интеллигенция (жарандык коом эмес) инфантилдүү болуп калганын Өмүрбек Текебаевге каршы ар кандай "гейттердин" уюштурулушуна карата реакциясынан, Уландын азасынан ачык көрүндү. Эл алдына чыгып жүргөн айрым адамдардан гана сөзү, каза азасы байкалбаса, көпчүлүгү дымып калды. Демек, колу таза эмес, элдин ырысына кол салгандар арабызда абдан көп экен!

Андай куйтулар Манас өлгөндө деле ыйлашкан эмес. "Той бе-

рип, аш таратып атыптыр" десе же "бир шоумен келиптир" десе күргүштөп жетип баргандар "Азаттыктын" кеңсесинин астындагы, туулган айылындагы аза тажиясына келген жок. Кана, элдин жакшылары? Көп адамдар (саясатчылар, депутаттар, коомдук ишмерлер ж. б.) барса болмок. "Барган-барбаганына эмне анча күйгүлтүккө түшүп атасың?" дегендер чыгаар. Бирок аны карап турган жаш муунга, "өз көмөчүнө күл тартпай эл үчүн жан үрөө, котур ташын койнуна катып, мүлтүлдөбөй чындыкты жалтанбай айтуу, башканын акысын жебей таза жашоо – мыкты сапат экен, үлгү ала турган сапат экен, ушундай болсоң элдин алкышына ээ болот экенсиң, элге кызмат кылып, элге-жерге жагат экенсиң" деген сезим кийинки жаш муундардын жан сезимине уялаар беле деген эле ой. Чындыкка багышталган реквиемимди, калп пафос эмес, дилимдин түпкүрүнөн чыккан сөздөр менен аяктагым келет: Мекенге кызмат кылуу деген ушундай болот! Элге-жерге өрнөк болуу деген ушул! Аз болсо да жарык өмүр сүрдү, көптүн бири болбоду. Ушундай уул тапкан ата-энесине, мектебине, айылына, Кочкор аймагына, мүлдө кыргыз элине рахмат!

# ЖҮЗ ЖЫЛДА БИР ЖАРАЛЧУ БААТЫР ЭЛЕ...

**Аким Кожоев, жазуучу**
2018-жыл, 4-август.

**Күн өткөн сайын кандай адамдан айрылганыбызды, улуттун, мамлекеттин тарыхында, тагдырында бир кылымда бир жолу жарала турган инсандан ажыраганыбызды кабыргабыз кайышып сезип жатабыз.**

*Тоо ураса болбойбу да,*
*Көл төгүлсө болбойбу?*
*Ч. Айтматов. ("Саманчынын жолу" повестинен)*

Ал болгону жыйырма сегиз жыл жашаса да, өзүнүн аз күнчүлүк өмүрүндө тек жамы журттун жүгүн аркалабастан, бүтүндөй улуттун сыймыгына айланып кетти. Анын аты, жасаган иштери, өмүр жолу чындыктын, ар-намыстын, абийирдин символу катары тарыхыбызга түбөлүк жазылып калды. Эгер орустун улуу акыны М. Ю. Лермонтов жыйырма жети жашында дүйнөлүк поэзияда түбөлүк из калтырса, ага жашташ биздин жердешибиз Улан Эгизбаев улуттук, эл аралык журналистикада андан кем эмес бийиктикке көтөрүлдү.

Эң башкысы – ал баарыбыздын абийир-намысыбызды, ариетибизди ойготту. Анын капилет өлүмү биздин



ынтымагыбызды бекемдеди, кайдыгерликтен, өзүмчүлдүктөн арылып, жалпы элдин, мамлекеттин, андан ары текши адамзаттын тагдыры тууралуу ойлонууга түрттү. Кандай жагдай болбосун, башыбызга кандай күн түшпөсүн, чындыктан тайбоого, дайыма адилдикти, адилеттүүлүктү туу тутууга чакырды. Бул жагынан алганда Уландын өмүр таржымалы доордон доорго, муундан муунга өрнөк, үлгү болуп кала берери анык.

Бүгүнкүдөй алдым-жуттумдуктун арааны болуп көрбөгөндөй ачылып, көпчүлүк өзү үчүн гана кара жанын карч урган, атүгүл айрымдар керт башынын пайдасы үчүн башкасын мындай кой, мамлекетти да сатып жиберүүдөн кайра тартпаган заманда Уландай азаматтын арабызда жашап калышы таң калтырбай койбойт. Анын айкөлдүгү, адамгерчилиги, мекенчилдиги, жанда жок чынчылдыгы жана кайрат-эрки адамзаттын келечеги үчүн курмандыкка барышкан (пайгамбарларды айтпаганда) Сократ, Бруно, Галилео Галилей, Жанна д'Арк ж. б. өңдүү улуу инсандарды эске

салат. Чындык үчүн өлүмдөн да кайра тартпаган бул инсандардын ишмердиги, өмүр жолу кайсы заман болбосун адамзаттын абийирин козгоп, адамдык чыныгы вазийпасын унутпоого, залкар Чыңгыз айткандай, "күн сайын адам болууга" үндөйт. Жер шарында мындай адамдар жашап өтпөгөндө, адам баласынын келечеги кандай болор эле – болжоо кыйын.

Замандаштар каңырыгы түтөп айткандай, Улан чындык деп жүрүп күйүп кетти! Балким, Улан чын эле ошол күндөрү өзөгү өрттөнүп күйүп жүргөндүр, бекеринен Ысык-Көлгө шашпагандыр, кайта жөнөп жатып да дагы бир жолу көлгө түшүп калгысы келгени жөн жеринен эместир. Кадам сайын адилетсиздикке жолугуп, жүрөгү түтпөй, Султан Раев таасын салыштыргандай, чын эле арууluктун дүйнөсү болгон Ак Кемеге сүзүп кеткендир. Мүмкүн, анын наристеникиндей таза ниетин, ууз кыялдарын, изги тилектерин Ысык-Көл гана түшүнгөндүр, анын эч кимге айтылбаган арыз-армандарын Ысык-Көл гана тең бөлүшкөндүр... Анын тереңдиги менен бийиктигине Ысык-Көл гана тең келгендир, ошондуктан көлгө боюн ургандыр...

Уландын кайгылуу өлүмү көпчүлүгүбүздүн көзүбүздү ачты, чындыктын куну канчалык кымбатка турарын дагы бир жолу эсибизге салды. Эгемендиктин оош-кыйыш жылдарында улуттун, өлкөнүн келечеги үчүн чыркырап жүрүп жан берген Насирдин Исанов, Сатыбалды Жээнбеков, Дооронбек Садырбаев, Шералы Назаркулов ж. б. сыяктуу чыныгы баатырларды дагы бир жолу эскертти. Уланбек эңсеп жүрүп өтүп кеткен адилет коомду куруу канчалык кыйынга турарын, акыйкатка жетүү оңой эмес экенин дагы бир жолу түшүнгөндөй болдук.

Албетте, өлкөнү ичтен чиритип жаткан мителерге каршы Улан Эгизбаев баштаган аёосуз күрөш мындан ары да улана берет. Бирок биз баарыбыз бир муштумдай болуп ынтымакка келгенде гана, мамлекетибиз үчүн өз жаныбызга күйгөндөй күйүп, өзүбүзгө кам көргөндөй кам көргөндө гана жеңишке жетерибизди унутпайлы.

Уланга Эл Баатыры деген расмий наам берилеби, берилбейби – аны жогору жактагылардын абийирине коёлу. Бирок Пушкин өзү

тууралуу жазгандай, Уланбек ансыз дале өзүнө түбөлүк өлбөй-өчпөй турган эстелик тургузуп кетти.

Кыргыздын чыгаан уулу Улан Эгизбаевге арналган чакан эссемди төмөнкү саптар менен аяктоону туура көрдүм:

Билбегенге катардагы Улан өлдү.
Билгенге Чындыктын шаары кулап,
Ар-намыстын бүтүндөй бир дубаны өлдү.
Адамдын асылы эле,
Карыптын, кароосуздун жакыны эле.
Элим деп күйүп-жанган,
Өмүрүн мекен үчүн сайып койчу
Жүз жылда бир жаралчу баатыр эле.

# КЫРГЫЗ ЭЛИ ЧЫГААН УУЛУ МЕНЕН КОШТОШТУ

2018-жыл, 24-июль.

**“Азаттыктын” чыгаан журналисти Уланбек Эгизбаевдин сөөгү 24-июлда өзү туулуп-өскөн Кочкор районунун Көк-Жар айылына коюлду. Уланбек Эгизбаев коомдогу курч маселелерди тайманбастан козгогон, Кыргызстандын коомчулугунун сүйүмөнчүгүнө айланган таланттуу иликтөөчү журналист болчу. Ал 22-июлда 28 жашында көз жумду.**
**Маркумду акыркы сапарга узатуу зыйнатына Кыргызстандын экс-президенти Роза Отунбаева баштаган саясатчылар, укук коргоочулар, активисттер, Уланбек Эгизбаевди урматтаган замандаштары катышты.**

**Роза Отунбаева: “Акыркы кездеги эң баатыр жигит Уланбек Эгизбаев болду”**

– Баарыңар ойлоп көрсөңөр, 28 жашыңарда эмнени жасап бүтүрдүңөр эле? Уланбек Эгизбаев 28 жашында биздин республиканы титиретип, өзү жазган окуялар менен дүңгүрөтүп, планетанын төрт бурчуна чейин жетип жатты. Нью-Йоркко барды, башка жактарга барды, Кыргызстандын атын даңазалап жүрдү. Мен азыр келип “бул эмне деген айыл”, “бул баланы кайсы мектепте

окуттуңар эле", "кандай мугалимдер сабак берген", "кандай балдар жанаша жүрдү эле" деп кызыгып сурап жатам. Акылы курч, сөзү тунук, көтөргөн темалары болсо абдан маанилүү эле. Мен ойлойм, акыркы кездеги эң баатыр жигит Уланбек Эгизбаев болду. Сөзү менен, өзүнүн калеми менен Кыргызстандагы коррупцияга каршы күрөштү. Канча иштерди көтөрүп чыкты. Азыр журналисттен көп неме жок. Бирок андай темаларды ар бири эле көтөрө албайт, ар бири эле жаза албайт, ар бири эле ошондой кайратман эмес, жүрөктөрү жок. Ошолордун ичинен 28 жаштагы бала баарына үлгү болуп кетти.

**Өндүрүш Токтонасыров: "Адамдарды жетимсиретип кеттиң"**

Жарандык активист, Уланбек Эгизбаевди журналист катары өтө урматтаган **Өндүрүш Токтонасыров** "карапайым элдин үнүн эми ким угат?" деп кейиди:

– Бүгүн сен өзүң туулуп өскөн айылың гана эмес, бүтүндөй Кыргызстан, жети дубандын эли, угармандар, көрөрмандар, жаш-карысы ишенип-ишенбей, ыйлап-сыздап отурушат. Мындай мамилеге ар бир эле адам татыктуу боло бербейт. А сен ошого татыктуусуң, жылдыз болуп жанган адам болчусуң. Бул жарыкчылыкта ар кандай шартта, ар кандай деңгээлде жашаган адамдар болот. Эми сен кетип калдың. "Сенин боорукер жүрөгүңө муктаж, сенден жардам алсак деген, сени менен сүйлөшсөк, биздин укугубузду коргоп берсе" деген канчалаган адамдарды жетимсиретип кете бердиң.

**Темир Сариев: "Уланбек элдин уулу болду"**

Кыргызстандын мурдагы өкмөт башчысы, коомдук ишмер **Темир Сариевдин** көз карашында, Уланбек Эгизбаев аз өмүрүндө мамлекет жана эл үчүн күйгөн инсан катары жашап өттү:

– Мен Уланбектин ата-энесине айткым келет: Уланбек элдин баласы болду. Баарына тик караган, курч, эч нерседен тайманбаган,

мамлекет жана эл үчүн күйгөн, чындыкты чыркыратып айткан жигит эле. Азыр Интернетте элдин баары Уланбек тууралуу жазып жатат. Азыр адамдар сүйлөгөндө, аял эмес, эркек да ыйлады, баарыбыздын көзүбүзгө жаш келди. Жакшы адам ушинтип баарын ыйлатып кетет. Уланбек өлгөн жок. Анын жазган жазмалары, тарткан тасмалары калың элдин жүрөгүндө калды. Ар бир кыргыздын жүрөгүнө жетти.

**Рыскелди Момбеков: "Уланбектин жасаган иштери – эрдик"**

Жогорку Кеңештин депутаты, мурдагы журналист **Рыскелди Момбеков** "Уланбек Эгизбаев бүт өмүрүн Кыргызстандын, карапайым элдин жашоосун жеңилдеткенге арнады" деди:

– Уланбек ким эле? Уланбек – чыгаан журналист, Уланбек – коомдук-мамлекеттик ишмер. 28 жашында ушундай даражага жеткен эч ким болбосо керек. Ушул жерде турган туугандарына айтаарым, Уланбек сиздерди уят кылган жок. Уланбек улуу иш жасады. Ал коррупцияга каршы күрөштү. Ал ары жооптуу, ары кооптуу иштерди аткарды. Жүрөгү ак экенин, кызматы так экенин далилдеди. Уланбек кыргыз журналистикасын бир тепкичке көтөрүп, өзүнчө жаңы нук сала алды. Уланбек эрдик жасады. Мамлекетти каптап кеткен коррупция менен күрөшүү бул – эрдик. Уланбек жер саткан жемкорлор менен, көр саткан көпөстөр менен күрөштү. Бүт өмүрүн Кыргызстандын, карапайым элдин жашоосун жеңилдеткенге арнады. Уланбектин даярдаган материалдары боюнча бир да чиновник, бир да мамлекеттик орган намысымды тебеледиң деп сотко бере алган жок. Анткени Уланбек касапчы этти жиликтегендей эле, коррупцияны ушундай иликтеген жигит болгон. Уланбектей журналист дагы чыгарына мен көпкө ишенбей турам.

**Каныбек Иманалиев: "Уланбек эми дастанга айланат"**

Жогорку Кеңештин депутаты **Каныбек Иманалиев** "чындык жетимсиреп турат" деп белгиледи:

– Жайдын эң ысык күнүндө эң суук кабарды угуп, ишене алган жокпуз. Азыр жүрөк да, жан дүйнө да, чындык да ыйлап турат. Уланбек бүгүнкү күндүн эң мыкты күлүгү эле, ошол күлүктөн ажырап отурабыз. Уланбек бүгүнкү күндүн эр жүрөк азаматы эле, ошол эр жүрөк азаматтан ажырап отурабыз. Уланбек бүгүнкү күндүн эч нерседен тайманбас, бийиктикти, тазалыкты, арууулукту гана эңсеп жашаган ак шумкар эле, ошол ак шумкардан ажырап отурабыз. Мына, бул улуу тоолор эми ак шумкары жок калды. Уланбек 28 жашында бир кылым жашагандай кадыр-барк, абийир топтоду. Уланбек аз жашады, бирок нускалуу жашады. Уланбек эч кимден жеңилген жок. Кечээтен бери эң мыкты акындар Уланбекке ырларын арнап жазды, бүгүнтөн баштап ага обондорун арнап жазып жатышат. Уланбектин жер үстүндөгү сапары карыды, бирок түбөлүк сапары арыбайт. Эми ал ырга айланат, эми ал дастанга айланат, эми ал арманга айланат, эми ал обонго айланат. Эртедиркечтир кайсы бир жерде бир сөз жетпей калса, бир чындык жетпей калса, ошондо арман кылып, ушуну Уланбек айтмак эле, ушуну Уланбек кылмак эле деп эстээрбиз…

**Жанар Акаев: "Уланбек Эгизбаев чындыктын символу болчу"**

"Уланбек Эгизбаев чындыктын символу болчу, ал келе жатканда саясатчылар качып турчу" деп билдирди Жогорку Кеңештин депутаты **Жанар Акаев** Кочкордо маркумду акыркы сапарга узатуу учурунда:

– Улан дагы жашаганда коомду тазартмак. Адилеттүү, таза коом түзүш үчүн Уландай адам керек эле. Улан микрофонун көтөрүп Ак үйгө киргенде саясатчылар залдан качып жөнөшчү. Туш келди кабинетке кирип, ага үч мүнөттүк интервью берүүдөн качып турушчу. Анткени Улан чындыктын, акыйкаттыктын, адилеттүүлүктүн символу болчу.

**Президент: "Эгизбаев коррупцияга каршы күрөштө чоң колдоо көрсөттү"**

Президент **Сооронбай Жээнбеков** чыгаан журналист Уланбек Эгизбаевдин дүйнөдөн мезгилсиз кайтканына байланыштуу көңүл айтты. Анын көңүл айтуу катын "Азаттык" радиосунун Бишкектеги кеңсесиндеги эскерүүдө Президенттик аппараттын жетекчисинин биринчи орун басары Досалы Эсеналиев окуп берди:

"Таланттуу журналист Уланбек Эгизбаевдин күтүлбөгөн жерден кайтыш болгону тууралуу суук кабарды терең кайгыруу менен кабыл алдым. Маркум Уланбек Эгизбаев жаштыгына карабастан, мааниси терең, далилдүү фактыларга таянган журналисттик иликтөөлөрүндө коомдогу курч маселелерди көтөрүп, өлкөнү мите курттай соруп келе жаткан коррупцияга каршы күрөштө мамлекетибизге чоң колдоо көрсөтүп келди. Ал өз материалдарынын социалдык, моралдык жана саясий натыйжалары үчүн жоопкерчиликти өзүнө ала билген кесипкөй калемгер болчу", - деп айтылат мамлекет башчынын көңүл айтуу катында.

"Уланбек Эгизбаевдин ысымы кыргыз журналистикасынын тарыхында сакталып калат. Анын активдүү жарандык позициясы жана бийик кесипкөйлүгү жаш муундар үчүн үлгү болот", - деп кошумчалаган президент.

**КСДП: "Эгизбаев Кыргызстандын чыныгы патриоту эле"**

Экс-президент Алмазбек Атамбаев жетектеген Кыргызстан социал-демократтар партиясы (**КСДП**) да Уланбек Эгизбаевдин мезгилсиз каза тапкандыгына байланыштуу көңүл айтуу катын жөнөттү:

- Биз Улан Эгизбаевди таланттуу кесипкөй жана Кыргызстандын чыныгы патриоту катары билчүбүз. Адилеттүүлүгү жана принципиалдуулугу үчүн баалачубуз. Мекенге болгон сүйүү жана жакшылыкка, жаркын нерселерге умтулуу анын эң эле курч макалаларында да башкы нерсе эле. Бул баарыбыз үчүн оор жоготуу болду. Ал кайраты ашып-ташкан жаш куракта эле. Терең кайгыруу менен Улан Эгизбаевдин жакындарына жана туугандарына,

ошондой эле "Азаттык" радиосунун жамаатына көңүл айтабыз. Ал жашоодо жарык из калтырды, анын жаркын элеси биздин жүрөгүбүздө түбөлүккө сакталып калат, – деп айтылат көңүл айтуу билдирүүсүндө.

**Спикер: "Уланбектин иликтөөлөрү дайыма коомчулуктун көңүлүн бурчу"**

Жогорку Кеңештин төрагасы **Дастанбек Жумабеков** маркум журналист Уланбек Эгизбаевдин үй-бүлөсүнө көңүл айтып, анын каза болгондугу жалпы кыргызстандыктарды кайгыга салды деп белгиледи:

– Уланбек Эгизбаевдин мезгилсиз дүйнөдөн кайткандыгы тууралуу кабарды терең кайгыруу менен кабыл алдым. Ал таланттуу, жаркын адам эле. Журналистикалык иликтөөлөрү дайыма коомчулуктун көңүлүн бурчу. Жаштыгына карабай көпчүлүк кесиптештерине үлгү болчу. Жалпы элге каleminин курчтугу, кайраттуулугу жана эмгекчилдиги менен таанылган. Албетте, Уланбек тууралуу өткөн чакта жазуу өтө оор. Уланбек Эгизбаевдин каза болушу жакындарынын гана жүрөгүн оорутпастан, жалпы кыргызстандыктарды кайгыга салды. Биз Уланбекти түбөлүк эскеребиз. Үй-бүлөсүнүн жана жакындарынын аза кайгысын тең бөлүшүп, аларга кайрат айтам.

**Өкмөт башчы: "Уланбек Эгизбаев чынчыл журналисттердин бири эле"**

Ал эми премьер-министр **Мухаммедкалый Абылгазиев** Уланбек Эгизбаев "ташка тамга баскандай мыкты эмгектери менен артында келаткан кесиптештерине өрнөк калтырып кетти" деп белгиледи:

– Уланбек Эгизбаев коомдогу коррупциялык көрүнүштөрдүн жүзүн аёосуз ашкерелеген, чынчыл, калеми курч сейрек журналисттердин бири болчу. Дал Уланбек сыяктуу журналисттер коомду терс көрүнүштөрдөн тазалаган, жарандык ачык позициясы бар, нукура мекенчил уул деп аталууга акылуу. Эгизбаев

"Азаттык" радиосунун үнү да, жүзү да десек ашыкча болбойт. Ал эл ичинде билинбей жүргөн карапайым каармандарды таап чыгып, кеңири журтчулукка атын чыгарган. Уланбектин "Азыркынын Дүйшөнү" аттуу тасмасы Нью-Йорк фестивалынын мыкты телеберүүлөр сынагынын күмүш медалын жеңип келген. Жаштыгына карабай улуттук журналистиканын өсүп-өнүгүшүнө салымын кошту.

**Равшан Жээнбеков: "Уланбек Эгизбаев өз заманынын лидери болчу"**

Коомдук ишмер, мурдагы депутат **Равшан Жээнбековдун** пикиринде, Уланбек Эгизбаев өз заманынын лидери болчу:

– Мен Уланбек менен жакын саясатчы, көп иштерине кеңеш берген адам катарында аны менен сыймыктанам. Эмнегедир ага "ушунчалык бир нерсени бат кылып жатасың, токтонсоң болот эле" дегим келген. Бирок айткан жок элем. Тилекке каршы, ошол жасай албай, айта албай кала турган нерселерин бат кылайын, жетишейин деп аракет кылып бараткан экен. Улан жалаң эле журналист эмес, ал Кыргызстандагы көрүнүктүү лидерлердин бири болчу. Ал көрүнүктүү патриот, өз заманынын лидери болчу. Улан жаштарга чоң үлгү болду, жакшы жолду көрсөтүп кетти. Улан аз жашаса да, чоң из калтырды. Жалаң эле жаштарга эмес, баардыгыбызга үлгү боло турган жигит, өрнөктүү лидер эле.

**Чыныбай Турсунбеков: "Уланбек мамлекет үчүн эч нерседен тартынбаган азамат эле"**

Жогорку Кеңештин депутаты, мурдагы спикер **Чыныбай Турсунбеков** Эгизбаевди мамлекеттин кызыкчылыгы үчүн оттон, суудан тартынбаган азамат эле деп эскерди:

– Уланбек менен акыркы жолугушуп, бетме-бет сүйлөшүп отурган мен, менин үй-бүлөм болуш керек. Эки күн мурда жолугушуп, социалдык маселелерди, жокчулукту, андан барып коррупцияны кеп кылдык эле. Ал көп нерсени биле турганына мен ошол жерде күбө болдум эле. Ал мага Кыргызстанда кайсы жеринде кандай

коррупция бар экенин изилдегенин, изилдөөнүн натыйжасында эмнелерди тапканын айтып берди эле. Өзгөчө бүгүнкү күндө жемкорлуктун символу ким экенин, аны жоготмоюнча Кыргызстанда коррупция жок болбой тургандыгын да ишенимдүү айткан эле. Арабыздан шум ажал алып кетти. Бирок мен бир нерсени жакшы билем. Уланбек өзүнүн жеке кызыкчылыгына келгенде жулунбаган, өтө уяң, тартынчаак жигит болсо, жалпы элдин, мамлекеттин кызыкчылыгына келгенде оттон, суудан тартынбаган азамат эле. Дал ошондой мүнөзү бар эле. Буга чейин айтылгандай, адамдарды тирүү кезинде баалай албайт экенбиз. Эгерде бааласак Уланбектин иш-аракетине дем-күч бере турган биз элек, ушундай азаматтарыбыздын көп болушу үчүн кол-кабыш кылып, жардам бере турган биз элек. Тилекке каршы, ал жагынан бизден кемчилик кетти.

**Төлөйкан Исмаилова: "Уланбек чоң коррупциянын түбүн ачкан"**

Укук коргоочу, "Бир дүйнө – Кыргызстан" укук коргоо кыймылынын жетекчиси **Төлөйкан Исмаилова** Уланбек Эгизбаев даректүү жана социалдык видеобаяндары аркылуу ондогон адамдардын сообуна калганын айтты:

– Ал абдан чоң коррупциянын түбүн ачкан. Социалдык тармактарда "мага ачык, бош каттар келди" деп жазып жатпадыбы. Бул мафиянын белгиси болчу да. Ошондуктан журналисттин коопсуздугу Кыргызстанда камсыздалбаптыр деп айтат элем. Журналист өзүнүн оюн, профессионалдык ишин жүргүзгөн учурда да аларды коргоочу куралдар жок экенине күбө болуп жатам. Уланбек даректүү тасмалар менен миңдеген балдардын сообуна калган. "Пандустар жок, Кочкордо Нургазынын тагдыры эмне болуп жатат?" - деп дүйнөгө жар салган. Өткөн жумада эле аялдардын тагдырын чагылдырган Уландын "Башка өмүр" деген даректүү тасмасы өттү. Жарк этип кеңсеге да келип, бизге да чалып турчу. Ушундай кыргыздын таланттуу, уюткусу таза адам кеткени өтө өкүнүчтүү. Бирок Уландын артынан миңдеген жаштар анын жо-

лун жолдойт деп ишенем. Биз дагы акылдашабыз, быйыл ноябрда даректүү фильмдер фестивалынын эң ыйык булагы – Улан Эгизбаевдин эмгектери деп баштайбыз.

**Чубак Жалилов: "Эгизбаев чындык үчүн чыркырап күйгөн журналист эле"**

Кыргызстандын мусулмандар дин башкармалыгынын мурдагы башчысы **Чубак Жалилов** Эгизбаев тууралуу "Фейсбуктагы" баракчасында билдирүү жазып, журналистти акыйкат үчүн күйүп-жанган инсан катары баалады:

– Оттой жанган, чындык үчүн чыркырап күйгөн, таарынышкандарды жараштырганга далалат кылган, жашоосу сааттай чыкылдап өткөн, жигиттин гүлү Улан мырзанын дүйнө салуусу кабыргамды кайыштырды. Үйлөнөрүндө келинчеги Сапаргүл экөө келип, мусулман пендеси молдодон угаар акыл-насаат сурап, айткан сөзгө муюп, кулак салганын бир эстесем, досуна күйөө жолдош болуп нике кыйдыртып кеткенин бир эстейм. Агалык кылып кээде урушуп койсом, ашыкча сөз айтпай угуп, "Макул, ажыкем!" дегени көз алдымда дале турат. Менден алган акыркы маегиң "Кабырстан коррупциясы" жөнүндө болгон эле. Маектин акырында сени алып калып, башыңды кармап, дем салып берип, көз тийгенден сактаган дубаны жазып, колуңа карматып, "ушуну дамамат окуп жүр, жамандардын көзүнөн, өзүнөн Кудайым сактасын, улуу жолдосуң, акыйкаттын ташы оор, этият бол" деп айтып узаткан элем.

**Азамат Тынаев: "Уланбек Эгизбаев бай журналисттик мурас калтырып кетти"**

"Журналисттер" коомдук бирикмесинин төрагасы **Азамат Тынаев** Уланбек Эгизбаев аз өмүр сүргөнүнө карабастан, бай мурас калтырып кетти деп эсептейт:

– Кечээ өтө кайгылуу күн болгонуна социалык тармактарда баардыгыбыз күбө болдук. Уланбекти жеке таанылбаган адамдар да анын өлүмүн өздөрүнүн жеке жоготуусу катары кабыл алышты. Бул жөн жерден эмес. Уланбек өзүнүн журналисттик эмгеги

менен бул кесипке жан киргизди. Ал биздин баардыгыбызга күч колдонуп революция кылбай эле, өзүндө болгон мүмкүнчүлүк менен көп нерсени өзгөртсө, мыйзамсыздыкка каршы күрөшсө боло турганын көрсөттү, ошого үмүт берди. Бул – анын үнү. Ал аз, бирок жаркын өмүр сүрдү. Биз азыр Эгизбаевдин мурасы тууралуу айтсак болот. Анын баардык иштери изилдеп чыгууга, келечектеги чынчыл, мекенчил, тайманбас жана керт башын ойлобогон журналисттерди тарбиялап, аларга үлгү кылып көрсөтүүгө татыктуу.

**Эскерүүлөрдү даярдагандар: Заирбек Бактыбаев менен Канымгүл Элкеева**

Улан Эгизбаевдин жарыяланган тасмаларын жана макалаларын төмөнкү жалпы рубрика аркылуу таап көрүңүздөр, угуңуздар жана окуңуздар:

*https://www.azattyk.org/ulanbek-egizbaev*

# МАЗМУНУ

ЧЫНЧЫЛ ЖУРНАЛИСТИКАНЫН СИМВОЛУ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 7
УЛАНБЕКТЕН УҢГУЛУУ САБАК . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 10

## I. ДИЛГИРЛИК

КЕЛЕЧЕК КОЛУБУЗДА... . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 18
“КЫПКЫРГЫЗЧАНЫН” КАТУУ ТАСКАГЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 23
КЫРГЫЗ ТИЛИ GOOGLE КОТОРМОГО КИРДИ . . . . . . . . . . . . . . . . 27
КЫРГЫЗСТАНДА АЯЛДЫН УКУГУ ДА, АЙЛЫГЫ ДА АЗ . . . . . . . . . 30
ДҮЙНӨ АЙТМАТОВДУ ЭСКЕРҮҮДӨ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 33
НУРГАЗЫНЫН КЫЯЛЫ ОРУНДАЛДЫ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 36
КЫЯЛДАГЫ АМЕРИКА . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 39
“АТА-БЕЙИТТИ” АЧКАН БУБҮЙРА АПАНЫН АРМАНЫ . . . . . . . . . 42
МУКТАЖДЫК БОЛБОСО, ТИЛ ӨНҮКПӨЙТ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 47
АТАЙ НЕМИСТЕРДИ ЫЙЛАТТЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 50
БОСТОНДОГУ “ТАЙТОРУНУН” ЭЭСИ АДИЛЕТ . . . . . . . . . . . . . . . 54
САМАТ – КЫРГЫЗДЫН НИК ВУЙЧИЧИ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 57
БИР КОЙГО САТЫЛГАН АЗАМАТ... . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 60
ДЕМОКРАТ ӨНДҮРҮШ... . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 67
АЗЫРКЫНЫН ДҮЙШӨНҮ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 72
КАРАҢГЫДАН ЖОЛ ТАПКАН НАЗГҮЛ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 76
МЕКЕН ЧЕГИНДЕГИ БААТЫР ЭНЕ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 81

## II. ИЛИКТӨӨ ИЗИ

УЛАНБЕК ЭГИЗБАЕВ – ИЛИКТӨӨЧҮ ЖУРНАЛИСТ . . . . . . . . . . . . . . . . 86
КАРЫЗДАР КАЙДА КОРОДУ? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 90
БАЖЫДАГЫ МИЛЛИОНДОР . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 101
ИШТЕЙМ ДЕП БАРЫП, АБАККА ТҮШКӨНДӨР . . . . . . . . . . . . . . . . 117
386 МИЛЛИОН ДОЛЛАР КАЙДА КОРОДУ? . . . . . . . . . . . . . . . . . . .120
МАЙЛУУ-СУУ: КӨРҮНБӨГӨН КОРКУНУЧ . . . . . . . . . . . . . . . . . . .136
КАНДУУ ЖҮК КИМДИКИ? . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .147
БАКИЕВДИН "БАЙЛЫГЫ": КИМДЕН КИМГЕ? . . . . . . . . . . . . . . . . . .163
САЯСАТТАШКАН САУНАЛАР . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .176
КӨРҮСТӨНДӨГҮ КОРРУПЦИЯ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .192
САЯСАТТАШКАН МУМИЯ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .209
РАДИОТҮЙҮНГӨ АЛДАНГАН СТУДЕНТ. . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .224
СИРИЯДАН "БЕЙИШ" ИЗДЕГЕНДЕР... . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .227
СИРИЯГА КЕТКЕН 29 ТОҢДУКТУН КИЙИНКИ ТАГДЫРЫ . . . . . . . . . . .230
ИЗДӨӨДӨГҮ 66 ЖАРАН ТЕРРОРИСТ ДЕП ЖАРЫЯЛАНДЫ . . . . . . . . . . .234

**III. ЧАГЫЛГАНДАЙ ЖАРКЫП ӨТКӨН ӨМҮРДӨН ЭЛЕСТЕР . . . . 237**

**IV. УЛАНБЕКТИН СҮРӨТ БАЯНДАРЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . 255**

## V. КҮРӨӨ ТАМЫР: ДООР ЖАНА БИЗ

ТАРЫХТАН САБАК АЛЫНБАСА, ЫҢКЫЛАПТАР ТОКТОБОЙТ . . . . . . . . .272
УНУТТА КАЛГАН РЕПРЕССИЯ КУРМАНДЫКТАРЫ . . . . . . . . . . . . . . . .275

УЛУУ ЖЕҢИШТИН БӨКСӨРБӨГӨН БААСЫ . . . . . . . . . . . . . . . . . . .279
МОСКВАДАГЫ ӨРТ БИЙЛИККЕ СЫНДЫ КҮЧӨТТҮ . . . . . . . . . . . . . . . . .282
КАРИМОВГО КЫРГЫЗ САЯСАТЧЫЛАРЫ БЕРГЕН БАА . . . . . . . . . . . . .286
ЫРДАЛБАЙ, СЫНДАЛГАН ЭГЕМЕНДИК . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .290
ЖАРАНДЫК КООМ СӨЗ ЭРКИНДИГИН КОРГОП ЧЫКТЫ . . . . . . . . . . . . .293
ТЕКЕБАЕВ МЕНЕН ЧОТОНОВГО СОТ ӨКҮМҮ ЧЫКТЫ . . . . . . . . . . . . . .297
СОТ РЕФОРМАСЫ БИЙЛИКТИН ЭРКИН СЫНАЙТ . . . . . . . . . . . . . . . .303
ПАРЛАМЕНТ КОЛ ТИЙБЕСТИККЕ КАРШЫ ЧЫКТЫ . . . . . . . . . . . . . . .306
ЖЭЭНБЕКОВДУН КАЙРЫЛУУСУ ТҮРДҮҮЧӨ БААЛАНДЫ . . . . . . . . . . . . 310

## VI. УЛУТТУК БААТЫРДЫ ЭСКЕРҮҮ

УЛАНБЕК ЭГИЗБАЕВ ДЕМОКРАТИЯ ЖАНА
СӨЗ ЭРКИНДИГИ ҮЧҮН КҮРӨШТҮ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 316
УЛАНБЕК – БИЗДИН ДАНКО . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .320
ЭМИ ЖЕМКОР – КОРРУПЦИОНЕРЛЕР ТЫНЧ УКТАЙТ… . . . . . . . . . . . . .328
УЛАНБЕКТЕР, ЭМИ ДЕҢИЗДЕЙ ТОЛКУГУЛА!. . . . . . . . . . . . . . . . . . 331
УЛАНБЕК – ЧЫНДЫКТЫН, АБИЙИРДИН СИМВОЛУ . . . . . . . . . . . . . . .340
КЫРГЫЗ ЖУРНАЛИСТИКАСЫ УУЛУНАН АЙРЫЛДЫ . . . . . . . . . . . . . . .343
ЧЫНДЫККА РЕКВИЕМ . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . .346
ЖҮЗ ЖЫЛДА БИР ЖАРАЛЧУ БААТЫР ЭЛЕ… . . . . . . . . . . . . . . . . . . 351
КЫРГЫЗ ЭЛИ ЧЫГААН УУЛУ МЕНЕН КОШТОШТУ . . . . . . . . . . . . . . . .355

«Триада Принт» басмаканасында басылды.
Офсет кагазы. Кагаздын форматы: 460х640 1/8
Тиражы 500 д. № 620 заказ.

Уланбек Эгизбаев
1990-жылы 12-февралда Нарын облусуна караштуу Кочкор районундагы Көк-Жар кыштагында туулган.

2008-жылы Көк-Жар орто мектебин, 2013-жылы эл аралык Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин коммуникация факультетин журналистика адистиги боюнча, 2015-жылы Кусейин Карасаев атындагы Бишкек гуманитардык университетинде саясат таануу багыты боюнча магистратураны окуп бүтүргөн.
2012-2013-жылдары "Жаңы Агым" гезитинде кабарчы болуп, 2013-жылдан тартып "Азаттык-Медиа" мекемесинде (Эркин Европа/Азаттык радиосунун кыргыз кызматында) иштеди.
2013-2018-жылдары "Азаттык Плюс" жаштар телеберүүсүн алып баруудан баштап, радио кабарчы болуп, "Ыңгайсыз суроолор" телепрограммасы үчүн ондогон иликтөөлөрдү, адам тагдырына арналган даректүү тасмаларды даярдады. Күн сайын көйгөйлүү темаларга макала жазып, актуалдуу интервьюларды алып барды. Уланбек "Азаттыкта" иштеп турганда Киевге, Прагага, Берлинге, Стокгольмго, Нью-Йоркко, Чикагого барып, кесиптик даярдыгын өркүндөттү.

Сыйлыктары:

2016-жылы Кыргызстандын эгемендигинин 25 жылдык маарекесине карата Кыргыз Республикасынын Президентинин Ардак грамотасына татыктуу болгон.
2016-жылы кочкордук майып окуучу Нургазы тууралуу тарткан "Кыял" даректүү тасмасы үчүн дүйнөлүк Webby People's Voice Award же Интернет-Оскар сыйлыгын Нью-Йоркто алган.
2017-жылы Түп районундагы карапайым мугалим Кеңешбек Шоруков тууралуу тарткан "Жол" даректүү тасмасы эл аралык Нью-Йорк фестивалында күмүш медаль менен сыйланган.
2018-жылдын 30-августунда (каза болгондон кийин) президенттин жардыгы менен Кыргызстанда коррупцияга каршы күрөшүү боюнча мамлекеттик саясатты жүргүзүүгө олуттуу колдоо көрсөткөндүгү, мамлекеттүүлүктү бекемдөөгө кошкон орчундуу салымы жана активдүү жарандык позициясы үчүн " Эрдик" медалы менен сыйланган. Ал эми 18-октябрь күнү интеллектуалдар альянсынан куралган "Чеч-Дөбө" кеңешинин чечими менен Улан Эгизбаевге "Улут абийири" сыйлыгы ыйгарылды.

Уланбек Эгизбаев 2018-жылы 22-июлда 28 жашында мезгилсиз дүйнөдөн кайткан.

Азаттык Үналгысы

25 жыл·years·лет

soros.kg